МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. Ж.БАЛАСАГЫНА




# МАТЕРИАЛЫ
# IV-ой Международной научно-практической конференции «Актуальные проблемы теории и практики подготовки педагогических кадров»

Бишкек - 2019

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТ

педагогика факультетинин уюштурулганынын 10-жылдыгы жана п.и.д., МАНПОнун корр.-мүчөсү, профессор Н.О. Мааткеримовдун 70 жылдыгына арналган «Педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасынын актуалдуу маселелери» аттуу IV Эл аралык илимий-практикалык конференциянын макалалар

# ЖЫЙНАГЫ

Бишкек - 2019

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМ. Ж.БАЛАСАГЫНА

ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ ФАКУЛЬТЕТ

# МАТЕРИАЛЫ

IV-ой Международной научно-практической конференции «Актуальные проблемы теории и практики подготовки педагогических кадров», посвященной 10-летию организации педагогического факультета и 70-летию д.п.н., чл.-корр. МАНПО, профессора Н.О. Мааткеримова

Бишкек - 2019

**Редакционная коллегия:**

Мамбетакунов Э. – член-корр. НАН КР, доктор педагогических наук, профессор

Мааткеримов Н.О. – доктор педагогических наук, профессор

Сулайманова Р.Т. – кандидат педагогических наук, профессор

Бабаев Д.Б. – доктор педагогических наук, профессор

Адылбек кызы Г. – кандидат педагогических наук, профессор

Качкын уулу А. – старший преподаватель

В настоящем сборнике представлены материалы IV-ой Международной научно-практической конференции «Актуальные проблемы теории и практики подготовки педагогических кадров», посвященной 10-летию организации педагогического факультета и 70-летию д.п.н., член-корреспондента МАНПО, профессора Н.О. Мааткеримова. Авторы в статьях рассматривают теоретические и практические аспекты подготовки педагогических кадров. Сборник предназначен для широкого круга читателей.

## МАЗМУНУ / СОДЕРЖАНИЕ

Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КУУНУН РЕКТОРУ К.Ж. САДЫКОВДУН КУТТУКТОО СӨЗҮ ........................................7

"АРДАКТУУ КОНОКТОР КИТЕБИНЕН" АЛЫНГАН КААЛОО-ТИЛЕКТЕР ........................................9

Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ТУУРАЛУУ .....12

**I СЕКЦИЯ**

**ЖАЛПЫ ЖАНА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ**

**СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБЩЕЙ И ЭТНОПЕДАГОГИКИ**

**Аалиева Ш.К.**
«МАНАС» ЭПОСУНДА ТУЮНТУЛГАН «БААТЫР», «ЛИДЕР» ЖАНА «ХАРИЗМА» ТҮШҮНҮКТӨРҮН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ........................................ 19

**Абдыбалиева К.**
ЭЛДИК МЕДИЦИНА "МАНАС" ЭПОСУНДА ........................................ 23

**Абыласынова Г.И., Кадыркулова У.К.**
ВОПРОС ПОЛИКУЛЬТУРНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ ........................................ 26

**Акматов Н.А.**
ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ АСКЕРГЕ ЧЕЙИНКИ ДАЯРДОО МУГАЛИМДЕРИНИН ИШБИЛГИЛИК АБАЛЫ ........................................ 31

**Алимбеков А.А.**
МАХМУД КАШГАРИНИН "ДИВАНИ ЛУГАТ АТ-ТҮРК" СӨЗДҮГҮНӨ КИРГЕН ҮГҮТ НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНЫН ТААНЫМДЫК ЖАНА ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ ........................................ 33

**Алымбаева Б.Б., Жумабаева Г.А.**
ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ БАЛДАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨДӨ ТАРБИЯЛОО ........................................ 36

**Асаналиева Ч.Н.**
ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ЖҮРҮШҮНДӨ БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ИЗИЛДӨӨ МЕТОДДОРУ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ ........................................ 38

**Асипова Н.А.**
СОВРЕМЕННЫЕ ТЕНДЕНЦИИ В ПОДГОТОВКЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ ........................................ 41

**Ахметова А.Қ.**
ҰСТАЗДАРДЫҢ ҰСТАЗЫ ........................................ 44

**Бабаев Д.Б., Божонов З.С.**
КУРАТОРЛОРДУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА АНЫН СТУДЕНТТЕРДИ ИНСАНДЫК ЖАКТАН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ РОЛУ ........................................ 46

**Бабаев Д.Б., Син Е.Е.**
САМООБРАЗОВАНИЕ СТУДЕНТА КАК НЕОТЪЕМЛЕМЫЙ ЭЛЕМЕНТ ПРОФЕССИОНАЛИЗМА ........................................ 51

**Бабаев Д., Айдарбекова А.А.**
ЖОҒАРҒЫ ОҚУ ОРЫНДАРЫНДА СТУДЕНТТЕРДІҢ ӨЗІНДІК ЖҰМЫСТАРЫН ҰЙЫМДАСТЫРУДЫҢ ТИІМДІЛІГІ ........................................ 53

**Байназарова Т.Б., Аманжолова А.Н.**
ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ СОПРОВОЖДЕНИЕ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА ........................................ 55

**Болджурова И.С.**
ВЫЗОВЫ СОВРЕМЕННОСТИ И ПРОБЛЕМЫ ПЕДАГОГА ........................................ 58

**Добаев К.Д., Супатаева Э.А.**
О ПРОФИЛЬНОМ ОБУЧЕНИИ В ШКОЛАХ КЫРГЫЗСТАНА В 21 ВЕКЕ ........................................ 61

**Жуматаева А.С.**
ӨСПҮРҮМДӨРДҮ УЛУУЛАРДЫ УРМАТТООГО ТАРБИЯЛОО ПРОБЛЕМАСЫ ........................................ 65

**Казиева Г. К., Узакова М.К.**
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ........................................ 66

**Калдыбаев С.К., Эсеналиева Г.А.**
АНАЛИЗ СУЩНОСТИ ПОНЯТИЯ "ТЕСТ" ........................................ 68

**Карагозуева Г.Ж.**
ААЛАМДАШУУ ДООРУНДАГЫ ЭТНОМАДАНИЯТ ........................................ 72

**КушербаеваМ.Р.**
ABOUT FOUNDATIONS MODERNIZED EDUCATION SYSTEM ........................................ 74

**Мамбетакунов Э.**
МУГАЛИМДИК КЕСИПКЕ ДАЯРДООНУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ........................................ 76

**Рысбаев С.К.**
КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨТҮҮДӨ ОКУУ КИТЕПТЕРИНЕ КОЮЛУУЧУ ДИДАКТИКАЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ТАЛАПТАР ........................................ 80

**Сманов Б.**
КЫРГЫЗДЫН «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА АНЫН КАЗАК ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨРҮ ........................................ 85

**Сулайманова Р.Т., Казакбаева З.Т.**
БОЛОЧОКТОГУ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН МУГАЛИМДЕРИНИН ЭМОЦИОНАЛДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ ........ 88

**Сулайманова Р.Т., Калдиева У.Н.**
АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ........ 90

**Чонмурунова Н.Ж.**
КОНЦЕПТОСФЕРА АЯЛЗАТ В КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОКУЛЬТУРЕ ........ 92

**Шаханова Р.А., Беккожанова Г.К.**
ПСИХОЛОГО–ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ФОРМИРОВАНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ И СПЕЦИАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ .... 94

## II СЕКЦИЯ

## ТАБИГЫЙ ИЛИМИЙ ЖАНА МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮҮ ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

## ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ ЕСТЕСТВЕННО-НАУЧНОГО И МАТЕМАТИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

**Аблабекова Ч.А.**
О ПЕРИСТЫХ РАВНОМЕРНЫХ ПРОСТРАНСТВАХ КАНАТЧАЛУУЛАР ........ 98

**Аденова Б.Т., Шабданбаева А.**
ИНТЕГРАЦИЯ ЗНАНИЙ УЧАЩИХСЯ ПРИ ОБУЧЕНИИ ФИЗИКЕ ........ 101

**Алиев Ш.**
ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНЦИЯНЫН СИСТЕМАСЫНДА КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ........ 104

**Алиев Ш.А., Атабаев С.К.**
ЭКОНОМИКА БАГЫТЫНЫН СТУДЕНТТЕРИ ҮЧҮН КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА КУРСУН КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ ........ 106

**Бекалай Н.К., Усенбекова А.Е.**
СИНЕРГЕТИЧЕСКИЙ ПОДХОД В ТЕХНИЧЕСКОМ ОБРАЗОВАНИИ В РЕСПУБЛИКЕ КАЗАХСТАН ........ 109

**Бердибекова С.К., Сияев Т.М.**
ОКУУЧУЛАРДЫН МЕЙКИНДИКТЕГИ ЭЛЕСТЕТҮҮЛӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ МЕНЕН ЭЛЕКТРОДИНАМИКА БӨЛҮМҮН ОКУТУУ ........ 113

**Жайнаков А. Ж., Мааткеримов Н.О.**
СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЯ ФИЗИКЕ НА ОСНОВЕ МОДЕЛИРОВАНИЯ ........ 115

**Жусипбекова Ш. Е.**
ФАРМАЦЕВТ-ТЕХНОЛОГ МАМАНДЫҒЫНЫҢ СТУДЕНТТЕРІНЕ ЭЛЕКТРОТЕХНИКА ЖӘНЕ ЭЛЕКТРОНИКА НЕГІЗДЕРІ ПӘНІҢ ОҚЫТУ ӘДІСТЕМЕСІНЕ ШОЛУ ........ 118

**Зулпукарова Д.И., Абдималик кызы Н., Абдрахманова А.М.**
КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ БАГЫТТАЛГАН ТАПШЫРМАЛАР ОКУУЧУЛАРДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК САБАТТУУЛУГУНУН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ ........ 121

**Исаева Р.У.**
ФИЗИКА МУГАЛИМДЕРИНИН ОКУУЧУЛАРДЫН ФИЗИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮ ........ 123

**Исаева Р.У., Тынчылыкова К.О.**
ФИЗИКА МУГАЛИМДЕРДИН КЕСИПТИК-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮНҮН КУРАМЫ

**Кабылова С.А., Киязова С.Б.**
МАТЕМАТИКА БОЮНЧА ЖАҢЫ МАТЕРИАЛДЫ ТҮШҮНДҮРҮҮНҮН ДИАГРАММАЛЫК СТРУКТУРАСЫ ........ 130

**Казиева Г.К., Узакова М.К.**
СТУДЕНТТЕРДИН МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМДЕРИН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ПРОБЛЕМАЛАРЫ ........ 134

**Калабергенова Г., Асаналиев М.К.**
НЕКОТОРЫЕ ВОЗМОЖНОСТИ ФОРМИРОВАНИЯ КОНСТРУКТОРСКО-ТЕХНОЛОГИЧЕСКИХ КОМПЕТЕНЦИЙ У БУДУЩИХ МОДЕЛЬЕР-КОНСТРУКТОРОВ В КОЛЛЕДЖЕ ........ 136

**Кидибаев М.М., Шаршеев К.Ш.**
ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ПОДХОДЫ К ПРОЕКТИРОВАНИЮ СОДЕРЖАНИЯ ЕСТЕСТВЕННОНАУЧНОГО ОБРАЗОВАНИЯ ПРИ ПРОФИЛЬНОМ ОБУЧЕНИИ ........ 140

**ҚозыбайА.Қ., КошеровТ.С., Жанбекова Г.И.**
МЕТОДИКА ЧТЕНИЯ ЛЕКЦИИ ПО ДИСЦИПЛИНЕ «ФИЗИКА» В ТЕХНИЧЕСКИХ ВУЗАХ ........ 144

**Машанова А. С.**
ПОВЫШЕНИЕ ИНТЕРЕСА СТУДЕНТОВ К ИЗУЧЕНИЮ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ДИСЦИПЛИН ........ 149

**Мурзабаев К.К.**
МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН САБАКТЫН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ ........ 151

**Папиев М., Папиева Т.М.**
ФИЗИКА БОЮНЧА ОКУУ КИТЕПТЕРИН ЖАЗУУДА ПСИХОЛОГИЯДАГЫ ТЕОРИЯЛЫК ЖАЛПЫЛООЛОР ПРИНЦИБИНИН ТАЛАПТАРЫН ЭСКЕ АЛУУНУН МААНИСИ ЖӨНҮНДӨ ........ 155

**Темирбаев М.М.**
ӨНҮКТҮРҮП ОКУТУУ ИДЕЯСЫНЫН НЕГИЗИНДЕ КВАНТТЫК ФИЗИКАНЫ ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ ........ 158

**Тынчылыкова К.Ө.**
БОЛОЧОК ФИЗИКА МУГАЛИМИНИН УСУЛДУК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ ........ 161

**Сейталиев М.Е.**
ИЗУЧЕНИЕ ГЕОГРАФИИ НА ОСНОВЕ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ........ 164

**Султаналиева Р. М., Байболотова Б.Б., Тельтаева А.К., Керменбаева Н.С.**
ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ВОЗМОЖНОСТИ ШКОЛЬНЫХ ОЛИМПИАД ПО ФИЗИКЕ ........ 166

**Эсенгулов У.А., Жумадил уулу Аман**
КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА КУРСУН БОЛОЧОК КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУНУН ЖАНЫ ТЕХНОЛОГИЯСЫ ........ 169

**Эсенканова А.К.**
МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН
ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ ........ 171

**Шабданбаева А. К., Аденова Б.Т.**
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МЕТОДОВ ФИЗИЧЕСКОЙ НАУКИ ПРИ ОБУЧЕНИИ ФИЗИКЕ ........ 173

**Файзуллаев Н. Ш.**
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН КАЛКЫН ОКУТУУ ........ 176

## III СЕКЦИЯ

## ГУМАНИТАРДЫК ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫ ОКУТУУНУН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

## АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ГУМАНИТАРНЫХ ДИСЦИПЛИН

**Абдымомунова Г.А.**
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИНСАН АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ МАМИЛЕСИ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШИ ........ 181

**Абдуллаев С. Н., Акбембетова А. Е., Гиляузизова Н. М.**
О СТРАТЕГИЯХ УСВОЕНИЯ РУССКОГО ЯЗЫКА КАК ИНОСТРАННОГО ........ 183

**Абдырасулова Э.К.**
КЫРГЫЗ ТИЛИН ӨТҮҮДӨГҮ ЛЕКСИКАЛЫК КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕР ........ 186

**Адылбек кызы Г., Абасбекова З.**
КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН МЕКТЕПКЕ ОКУУСУНА АДАПТАЦИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ ........ 188

**Адылбек кызы Г., Сулайманова Р.**
КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ........ 191

**Айдралиева А. А.**
ПОЗДРАВЛЕНИЯ И ПОЖЕЛАНИЯ, КАК КОНЦЕПТЫ В КЫРГЫЗСКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ ........ 194

**Айдралиева А.А., Асемханова З.Ш., Ахметова А.Қ.**
ҚАЗАҚ ЖӘНЕ АҒЫЛШЫН ТІЛДЕРІНДЕГІ «ҚАРА» КОНЦЕПТІСІНІҢ ЛИНГВОТАНЫМДЫҚ ЕРЕКШЕЛІКТЕРІ ........ 199

**Бабаева А.Д., Абдулазимов У.А.**
БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН УКУКТУК КОМПЕТЕНТҮҮЛҮГҮН ИШМЕРДИК ЧӨЙРӨСҮНДӨ КАЛЫПТАНДЫРУУ ........ 202

**ГудимоваА.Н., Усеналы кызы А.**
ПРИЁМЫ И МЕТОДЫ ОЦЕНКИ ДОСТИЖЕНИЙ УЧЕНИКОВ МЛАДШИХ КЛАССОВ ........ 204

**Жолдошева Р.Т.**
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН “ТООЛОР КУЛАГАНДА” РОМАНЫН ОРТО МЕКТЕПТЕ ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ........ 207

**Исраилова Д.А.**
АНТОНИМДЕРДИ ОКУТУУДАГЫ КЫРГЫЗ МАКАЛДАРЫНЫН ОРДУ ........ 210

**Кудайбергенова З.С., Назарбекова Б.**
КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПАЙДА БОЛУУ ТАРЫХЫНАН ........ 212

**Кулуева С.С., Гудимова А.Н., Кубатова Б.**
ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ – ОДИН ИЗ ФАКТОРОВ РАЗВИТИЯ МОТИВАЦИИ УЧЕНИЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ ........ 214

**Олжабаева Ш.К.**
МУЗЫКА МҰҒАЛІМІ – ҚОҒАМНЫҢ КӨРКЕМ МӘДЕНИЕТІН ҚАЛЫПТАСТЫРУШЫ ........ 217

**Раджапов А.У.**
СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКАЯ СИТУАЦИЯ В КАЗАХСТАНЕ - ПРЕДПОСЫЛКИ БОРЬБЫ ЗА НЕЗАВИСИМОСТЬ ........ 219

**Токсонбаев Р.Н., Балтабаев О.С., Акбар уулу Д.**
ВОСПИТАНИЕ СИЛОВЫХ СПОСОБНОСТЕЙ В СТАНОВОЙ ТЯГЕ У ЮНОШЕЙ 15-16 ЛЕТ
(на примере силового троеборья) ........ 222

**Токсонбаев Р.Н., Доронбаева Н.О.**
ФОРМИРОВАНИЕ ЗНАНИЙ И ИНТЕРЕСОВ КЫРГЫЗСКИХ НАРОДНЫХ ПОДВИЖНЫХ ИГР У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ
КЛАССОВ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ (на примере уроков физической культуры 3-4 классы) ........ 225

**Сулайманов С.Э.**
БОЛОЧОК ДЕНЕ ТАРБИЯ МУГАЛИМИНИН РЕФЛЕКСИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ ........ 227

**Сураналиева К.К.**
КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭНЕ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ЖАЛПЫ МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ........ 230

**Сыргабаева А.М.**
АНГЛИС, ОРУС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ МЕТАФОРАЛАРДЫН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ ........ 232

**ЮсуповаА.М.**
АНАЛИЗ И ОПИСАНИЕ ЛЕКСИЧЕСКОЙ СИНОНИМИИ РУССКОГО И КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКОВ НА МАТЕРИАЛЕ
ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч. АЙТМАТОВА В УЧЕБНЫХ ЦЕЛЯХ ........ 234

## IV СЕКЦИЯ

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИННОВАЦИЯЛЫК, МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

## ИННОВАЦИОННЫЕ, ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ ОБРАЗОВАНИЯ

**Абдуманапова З.З., Абыласынова Г.И.**
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ВИРТУАЛЬНОЙ УЧЕБНОЙ СРЕДЫ MOODLE В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ СТУДЕНТОВ ДНЕВНОЙ ФОРМЫ ОБУЧЕНИЯ ........ 238

**Аблабекова Ч.А., Алтымышева Ж. А., Сыдыкова А. Ж.**
НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ПРЕПОДАВАНИЯ МАТЕМАТИКИ В ВЫСШЕМ УЧЕБНОМ ЗАВЕДЕНИИ ........ 241

**Алыбаева К.**
АНГЛИС, КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИН ОКУТУУДА ТРАДИЦИЯЛУУ ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАР ........ 243

**Amanova R.T., Zhumabekova R.R.**
TEACHING BIOPHYSICS BY USING INNOVATIVE TEACHNOLOGIES ........ 246

**Боранбекова А.М.**
МАТЕМАТИКАЛЫҚ МОДЕЛДЕУ ЖӘНЕ ОНЫ ҚОЛДАНУ ӘДІСТЕРІ ........ 249

**Джунушалиева Б. А.**
ИНФОРМАЦИОННОЕ МОДЕЛИРОВАНИЕ ОСНОВНЫХ СРЕДСТВ WEB-ПРИЛОЖЕНИЙ ........ 254

**Дөөлөталиева А.С., Толбаева Г.К., Юсупова А.А.**
НЕГИЗГИ МЕКТЕПТИН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК БИЛГИЧТИКТЕРИН ҮЙДҮК ФИЗИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИК КАРАЖАТТАР МЕНЕН КАЛЫПТАНДЫРУУ ........ 257

**Жамангулова Н. А., Мамбеталиева Н. Ж.**
СОЗДАНИЕ КНОПОК С ПОМОЩЬЮ МАКРОСА В MICROSOFT ACCESS ........ 261

**Жумакунова А. Ж., Толубаева А.Т.**
ВЛИЯНИЕ СМИ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТИ ПОДРОСТКОВ КАК ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА ........ 263

**Кабылбеков К.А., Сыдыкова Ж.К., Арысбаева А.С.**
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ СИСТЕМЫ MATLAB ДЛЯ ПОВЫШЕНИЯ ИНТЕРЕСА УЧАЩИХСЯ ПРИ РЕШЕНИИ ЗАДАЧ ФИЗИКИ ........ 265

**Кабылова С.А.**
СТУДЕНТТЕРГЕ ЗАМАНБАП КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУНУН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ ........ 268

**Калдыбаева Ж. Т.**
ЭФФЕКТИВНОСТЬ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ МУЛЬТИМЕДИЙНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ОБУЧЕНИИ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА ........ 271

**Каниметов Ж.К.**
ПЕДАГОГИКА ИЛИМИНИН ФИЗИКАНЫ ОКУТУУ БОЮНЧА БЕЛГИЛҮҮ ОКУМУШТУУ НУРСАПАР МААТКЕРИМОВ ........ 274

**Карабасова Г. Б.**
ПОВЫШЕНИЕ ЭФФЕКТИВНОСТИ ОБУЧЕНИЯ ФИЗИКЕ ПУТЕМ КОМПЛЕКСНОГО ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ДИДАКТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ С ПРИМЕНЕНИЕМ ИКТ ........ 276

**Карасартова Ж.Б., Сагимбекова Д.С., Анарбекова Н.А.**
БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ ........ 279

**Куатбаева Д.Е., Акитай Б.Е., Канапьянова З.Н.**
БҮГІНГІ КҮНІ STEM ........ 281

**Кутманалиев А.А.**
АКТУАЛЬНОСТЬ АРХИВНОГО ХРАНЕНИЯ ЭЛЕКТРОННЫХ ДОКУМЕНТОВ ........ 283

**Maatkerimov N.O., Musaev K.M., Mamyrov J.**
MODERNIZATION OF METHODOLOGICAL FUNCTIONS OF THE EDUCATIONAL PROCESS' RATIONING IN THE PROFESSIONAL TRAINING TEACHERS ........ 286

**Мырзакулова К.М.**
МЕТОДИКА ОБУЧЕНИЯ ТЕМЫ «РЕШЕНИЕ УРАВНЕНИЙ В ЭЛЕКТРОННОЙ ТАБЛИЦЕ EXCEL» ........ 289

**Нысан Гүлшат Мұханқызы, Қозыбай Анарбек Қозыбайұлы**
ЖАҢАРТЫЛҒАН БІЛІМ БЕРУ МАЗМҰНЫ АЯСЫНДАҒЫ МҰҒАЛІМНІҢ РӨЛІ ........ 292

**Райым кызы Альбина**
УЛУТТУН ТИЛИ – УЛУУ ТИЛ ........ 294

**Саякбаева Ж.Б., Сонколова К.А., Дыканалиев К.М.**
КЕСИПТИК ОКУТУУ СИСТЕМАСЫНДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ ........ 297

**Сманов Б.У.**
ПЕДАГОГ МАМАНДАР ДАЯРЛАУ САПАТЫН АРТТЫРУДАҒЫ ИННОВАЦИЯЛЫҚ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫҢ ОРНЫ ........ 300

**Токсонбаев Р.Н., Назарматова Г.А.**
ОСОБЕННОСТИ РАЗВИТИЯ И СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ ЦИФРОВОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ ПРОЦЕССЕ ........ 303

**Чекирова Г.К.**
СОВРЕМЕННЫЕ УРОКИ С ПРИМЕНЕНИЕМ ИНТЕРАКТИВНОЙ ДОСКИ ........ 305

**Торогельдиева К.М., Дыйкамбаева В.У., Кочорбаева Б.Э.**
ТЕХНОЛОГИЯ РАЗНОУРОВНЕВОГО ОБУЧЕНИЯ АЛГЕБРЫ 7 КЛАССА ........ 307

**Анарбекова М.А., Карасартова Н.А.**
БОЛОЧОКТОГУ ФИЗИКА, БИОЛОГИЯ МУГАЛИМДЕРИНИН ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА КЕСИПКЕ БАГЫТТАЛГАН КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРИНДИН МААНИСИ ........ 311.

НАШИ АВТОРЫ ........ 316

# Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КУУНУН РЕКТОРУ К.Ж. САДЫКОВДУН КУТТУКТОО СӨЗҮ

Урматуу **“Педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясынын жана практикасынын актуалдуу маселелери”** аттуу Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультетинин 10 жылдыгына жана п.и.д., профессор Н.О. Мааткеримовдун 70 жылдыгына арналган IV эл аралык илимий-практикалык конференциянын катышуучулары!

Сиздерди Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын көч башы болгон Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде ардактуу конок катары тосуп жатканыбызга абдан кубанычтабыз!

Аталган конференциянын биздин окуу жайда өтүп жатышы дагы бекеринен эмес деп айтмакчыбыз. Себеби, Улуттук университет өлкөбүздүн ар тармагына жогорку квалификациялуу адистерди даярдоонун чеберканасы болсо, ал эми билим берүү жаатына педагог адистерди даярдоонун башаты болуп саналат.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында массалык түрдө сабатсыздыкты жоюу үчүн алгачкы мугалимдерди даярдоо ишин колго алууга карата ачылган окуу жай дагы Улуттук университет экендигине тарых барактары күбө. Азыркы күндө Президентибиз Сооронбай Шарипович Жээнбековдун мугалимдерди даярдоого, алардын сапатын, социалдык абалын, айлык маяналарын кыйла бийик көтөрүүгө карата өзгөчө көңүл буруп, маани берип, ар тараптан колдоп жаткан мезгилде педагогикалык факультетинин Улуттук университетте ачылгандыгы эң туура кадам болгондугун айгинелейт.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин курамындагы Педагогикалык факультет (мурдагы Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту) 2009-жылы университеттин мурдагы ректорлорунун бири, п.и.д., профессор И.Ч. Исамидиновдун демилгеси менен замандын талабына ылайык түзүлгөн. Анын жаралышы дагы дал мына ошол эски салтты улантуу менен, орто жана жогорку кесиптик билим берүү баскычтарында республиканын мектептерине, мектепке чейинки мекемелерине мугалим адистерди даярдоонун бирден бир жаңыча талаптарды ишке ашырууга багытталган борборунун калыптанышына жол салды. Педагогикалык факультет азыркы мезгилдеги шаар жана айыл мектептериндеги мугалимдердин саны жана сапаты жагынан келип чыккан бөксөнү толтуруу максатында ачылгандыгын айта кетүү оң.

Аталган конференция Педагогикалык факультеттин түзүлгөндүгүнүн 10 жылдык жана анда эмгектенип жаткан педагогика илимдеринин доктору, профессор Мааткеримов Нурсапар Оролбековичтин 70 жылдык маарекесине арналып уюштурулду. Конференция факультеттин ишмердүүлүгүндө салттуу түрдө төртүнчү ирет өткөрүлүп, ага Кыргызстандын гана эмес, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын ж.б. өлкөлөрдүн көрүнүктүү педагог-окумуштуулары катышып, өздөрүнүн салмактуу жана жаңычыл педагогикалык теория жана практика үчүн зарыл деп эсептелген ой корутундулары, иликтөөлөрү, талдоолору менен бөлүшүп келүүдө. Дал мына ушул тенденция дагы педагогикалык факультеттин болочок мугалимдерди даярдоодогу илимий-педагогикалык борборго айланып бараткандыгынан кабар берип турат.

Педагогикалык факультет (мурдагы Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту) тарабынан Кыргызстандын тарыхында алгачкы жолу педагогдорго арналган “Мугалим” илимий-педагогикалык журналынын негизделип, учурда мугалимдердин сүйүктүү басылмасына айлангандыгын дагы белгилеп кетүүбүз абзел.

Бүгүнкү күндө Педагогикалык факультетте 700гө жакын студент билим алса, анда 50дөн ашык окутуучу-профессорлор эмгектенет. Аталган окуу түзүмү окуу жайыбыздагы алдыңкы факультеттердин катарында турат деп айта алабыз. Факультеттин кыска тарыхында 4 президенттик стипендиант, эл аралык коомдордун стипендиданттары, дүйнөлүк студенттик универсиадалардын, эл аралык студенттик олимпиадалардын жеңүүчүлөрү даярдалып чыкты. Факультеттин бүтүрүүчүлөрү бүгүнкү күндө Кыргызстандын булуң-бурчунда мугалимдик кесипти аркалап келишет. Алардын айрымдары мектептин директору, завучтары, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн башкы адиси кызматтарында үзүрлүү эмгектенип жатышат. Учурда болочок педагог адистерди даярдап жаткан факультеттин кадрдык курамынын сапаттык катышы дагы жогору. Педагогикалык факультеттин мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүү технологиялары кафедрасы 2018-жылдагы университет тарабынан аныкталган рейтинг боюнча 1-орунга чыккан. Мындай жыйынтыкты дагы аталган факультеттин ишиндеги жетишкендик катары көрсөтүүгө болот. Факультеттин мындан ары дагы дагы өнүктүрүүгө жалпы университет тарабынан олуттуу аракеттер көрүлөт.

Ардактуу коноктор, конференциянын урматуу катышуучулары жана анын уюштуруучулары, илимий иш-чаранын ишине ийгиликтерди каалайм! Сиздер алып чыккан маселелер кызуу талкууга алынып, ал эми анын жыйынтыктары менен берилген сунуштар педагогикалык адистерди даярдоонун теориясы жана практикасын жакшыртууга чоң салым кошот деген ишеничтемин.

**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**ректору, профессор** **К.Ж. Садыков**

# “АРДАКТУУ КОНОКТОР КИТЕБИНЕН” АЛЫНГАН КААЛОО-ТИЛЕКТЕР

“Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Мугалимдерди максаттуу даярдоо институтунун иштери республикага гана эмес СНГ тармагындагы башка мамлекеттердин билим берүүчүлөрүнө да мактоого татыктуу, анткени бул институтта болуп жаткан алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча дайыма илимий-педагогикалык жыйындарды даярдап өткөрүүсү бизди өтө сыймыктантат. Бул жыйындар дайыма уюштуруучулук жагынан эң жогорку деңгээлде, башкаларга үлгү болгондой деңгээлде өткөрүлөт. Мында түптөөчүсү Искендер Чоңмуруновичтин жана анын азыркы директору Рахат Сулаймpraванын ишти уюштуруучулук жана коллективге жетекчилик кылып, аны эффективдүү башкаруучулук жөндөмдүүлүктөрүнүн жогорку деңгээлде экендигинен кабар берет. Ишиңерге ийгилик, өзүңөргө чын ден-соолук каалаймын.”

**Кыргыз Республикасынын Эл мугалими п.и.д., профессор И. Бекбоев. 25.04.2013**

“Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту учурдун талабына ылайык мугалимдерди даярдап жатат. Бул институттун иштери бийлик органдары тарабынан колдоого алынууда. Анткени республикада биринчилерден болуп, жергиликтүү бийликтердин заявкасы менен мугалимдерди даярдап жатышы - бул жаңылык. Институтка жаңы башталган иштери ийгиликтүү болушун каалайбыз.”

**Кыргыз Республикасынын Эл мугалимдери: М. Базаркулов, Ө. Шаршекеев 25.04.1013**

“Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу мугалимдерди максаттуу даярдоо институтунун элге билим берүү тармагынын жаш мугалим адистерди даярдоодо жүргүзүп жаткан иштери албетте мактоого, үлгү алууга татыктуу. Азыркы учур элге билим берүү тармагы мугалим кадрларын чыгарууда кризиске учурап жаткан маалда улуттук университеттин ректору Искендер Исамидинов Чоңмуруновичтин кийгилишүүсү менен ушул институттун ачылышы учурдун талабына шайкеш келгендей пикир калтырат.

Мен институттун жетекчилигинин чакыруусу боюнча бир нече жолу келип семинарга катыштым. Мага ушул коллектив жакшы таасир калтырды. Бардык жасаган иштери тыкан жана жыйынтыктуу. Эми элге билим берүү тармагы мыкты, өз кесибин билген жаш мугалимлер менен сөзсүз толукталат деп ойлоймун.

Өркүндөп өсүп, ынтымакты туу тутуп, кыргыз өлкөсү үчүн талыкпай иштей бергиле. Жаңылыктын жарчысы болуп, мектептер үчүн татыктуу кадрларды даярдап, ишиңерде ийгилик болуп, жалпы жаамат мекениңер үчүн албан албан иштерди жараткыла. Дениңер сак, кайратман эмгек жараткыла. Ушул жолуңардан жазбай эмгектене бергиле, институттун коллективи силерге ак жол каалап”.

**Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, Мамлекеттик Гимндин текститинин авторлорунун бири, Маданиятка эмгеги сиңген ишмер Кулуев Шабданбек. 25-апрель. 2013-жыл.**

“Кыргыз улуттук университети окумуштуулардын уюткусу ыйык жери. Бул университеттен канчалаган эң улуу педагогдорду уядан учуруп келген. Алар ар кайсыл жерде эмгектенип төбөсү көрүнгөн инсандар. Мен ушундай университетте окубасам да, алар уюштурган семинарлардын катышуучу болуп келе жатам. Бул институттун жетекчилигине жана андагы иштеген педагогдоруна чоң ыраазычылыгымды билдирүү менен Сиздерге чын ден-соолук, узун өмүр, иштердеги чоң-чоң ийгиликтерди каалайм!!! Эл керегине жараган жаш педагогдорду талыкпай тарбиялай бериңиздер!" - деп

**Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Абдрахманова Симила Бактыгуловна. Бишкек 25.04.2013- жыл.**

“Урматтуу Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун баштоочусу жана жетекчиси профессор И.Исамидиновго жана азыркы директору Рахат Сулаймановага чыгармачылык ийгилик каалап, жасап жаткан изги иштериңерге терең ыраазычылык билдирем!

Сиздер менен мүмкүн болушунча тыгыз, биргеликте иштешүүгө дайым даярмын жана педагогдорду даярдоодогу ишиңерге ак жол каалайм!”

**КРУИАнын корреспондент-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамбетакунов Эсенбек. 24.04.2013.**

“Азыр эмне көп билим берүү мекеме көп. Бирок алардын ичине тыкыр ойлонуштурулуп ачылгандары аз. Ушул ыңгайдан алып караганда, педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту абдан туура ойлонуштурулуп ачылган, реалдуу талаптарга шайкеш окуу жай деп эсептейм.

Мен билгенден институтта мугалимдерди даярдоо маселелери 2-3 ирет конференция формасында талкууланды. Демек, институт педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча акыл-ой ордосу болуп калды...

Институттун ишин дайым ийгиликтер коштоп жүрсүн.”

**Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин педагогика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор Акматалы Алимбеков 25.04.13.**

“Кыргызстандын келечек-тагдыры мугалимдин колунда, анын эмгектениш акыбетинде. Дал ошол мугалимдерди максаттуу даярдап жаткан институт өтөлгөлүү өмүрүн улуу ишке жумшап, эл журтубуздун уңгулуу келечегин түптөп жаткандыгы өтө кубанычтуу көрүнүш. Биздин доордо, биздин күндөрдө мугалимдин кадыр-баркы түшүп, зоболосу жоголуп жаткан шартта бул институттун жашап турушу ал жерде иштегендердин мекен алдындагы милдетин түшүнүүсү деп сеземин.

Интситуттун жамааты ынтымактуу, аракетчил, дымагы жогору. Булардын колунан билим алгандар Кыргызстанды жакшы жагына өзгөртө алат деп ишенем.”

**Кесиптештик ыкласым менен, педагогика илимдеринин доктору, профессор Абдыкерим Муратов. 25.04.2013**

“Урматтуу кесиптештерим! Кыргызстанда мага жакын жан дүйнөмө жакындаш, тааныш кайсы окуу жай - дегенде, көз алдыда силердин мугалимдерди максаттуу даярдоо институту - дээр элем. Анын себеби биринчиден, өзүмдүн педагог экендигим, экинчиден, кесиптеш мыкты адистер бар экендиги.

Дагы бир айтаар оюм – республикабызда педагогдорду даярдоочу бирден бир окуу жай ушул силердики. Педагог жаңыланып турбаса, адамзатта жаңылануу болбойт. Мына ошол кызматты жонуңарга көтөрүп, талпынып, учуп баратасыңар.

Ошол багытта талыкпай алга бара бериңиздер!

Силердеги келечектүү чоң күч - кызматчыларыңыздар, мугалимдер жалаң жаштар. Жаштарды эмитен туура жолго салса, келечекте мыкты илимпоздор болуп чыга келет. Ошолорду баарылап өстүрөлү. Илимпоздор илгерилей берсин, элге кызмат кылып, эл ичинде эсен-аман болуңуздар!”

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор Сулайман Рыспаев. 27.04.2013.**

“Наристенин тилегиндей асыл максаттуу бул институт эл үчүн нар көтөргүс эмгек жасап, карапайым калк ичинде мүмкүнчүлүгү чоң окуу акысын төлөй албаган балдарды окууга тартып жатканы эле билген кишиге чоң эрдик. Болгондо да алмустактан бери элдин агартуучусу болуп келген мугалимдик кесиптин кадырын көтөрүүгө кошуп жаткан салымы чоң. Мезгил баарына тараза. Буйруса, бул институттун мезгил сыноосунан татыктуу өтүп тархтан өз ордун табаарына ишеним чоң. Асыл максаттар орундалсын, эл ичинде арымыңар узакка барсын.”

**Филология илимдеринин доктору, профессор Култаева Үмүт Баймуратовна. 11.06.2013**

Педагогикалык кадрларды максаттуу институту бүгүнкү күндүн талабына жооп берет. Коллектив ийгиликтүү иштеп жатат. Институт зор ийгиликтерге жетишкен. Студенттердин саны талапка жооп берет. Керектүү адистер боюнча даярдалып жатат. Ишиңерге ийгиликтерди каалаймын.

**Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, академик А.Ж.Жайнаков 10.06.2014**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институттун иши келечек пландары, “Мугалим” журналынын жарык көрүшү коомчулукту өтө кызыктуу ой пикир жаратты. Жарым кылым мурун республикада эң барктуу, эң билимдүү кесип бул “мугалим” эле. Бүгүн андай эмес. Ошон үчүн мугалимдин ролун, ордун жогорулатуу бул бүт билим берүү системасынын, коомчулуктун негизги милдети. Билим берүүнүн ролу XXI кылымда эң алдыңкы орунга чыккандыгына байланыштуу бул институтта жакшы иштер жүрүп жатыптыр. Институттун ишине ийгилик каалап, мугалимдин ролу көтөрүлүшүнө тилектешмин.

**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, п.и.д., профессор Жангороз Каниметов. 16.06.2014**

Мен бүгүн 2019-жылдын 21-майында Ж.Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультетинде болдум. Факультеттин деканы профессор Рахат сулайманова менен бирге аңгемелештим. Факультеттин ички жана тышкы тартиби менен мени тааныштырды. Окуу процесси жакшы деңгээлде жүргузүлөт экен. "Мугалим" деген илимий-педагогикалык журнал кварталына бир жолу чыгат экен. Өтө мазмуундуу чыгат экен. Педагогикалык кесипке татыктуу факультет экени көрунүп турат. Ишиңерге ийгилик каалайм.

**Профессор Шаршеев Н.Т.**

КУУнун курамында педагогикалык факультетинин ачылышы өзүнчө бир өлкөбүз үчүн чоң саамалык болду. Бүгүнкү күндө факультет өнүп өркүндөө жолунда. Факультеттин бутуна туруп, өнүгүүнүн даңгыр жолуна чыгышында кыргыздын чыныгы кызы билим берүүнүн педагогиканын лидеринин бири Рахат Сулаймановanын эмгеги зор. Факультетте билим берүүнүн сапаты мыкты. Окутуучулар курамы күчтүү, активдүү. Факультет инновацияларга бай, "Мугалим" журналы факультетте гана эмес, жалпы республиканын окуу-тарбия процессине жагымдуу таасирин тийгизүүдө. Ушул ийгиликтердин башында турган декан Рахат Сулаймановага жана окутуучулар жамаатына ыраазычылык билдирип, мындан аркы ийгиликтерди каалайбыз!

**Советбек Байгазиев. Ф.и.д., профессор. 16.09.2019.**

# Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ТУУРАЛУУ

Урматуу **“Педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясынын жана практикасынын актуалдуу маселелери”** аттуу Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультетинин 10 жылдыгына жана п.и.д., профессор Н.О. Мааткеримовдун 70 жылдыгына арналган IV эл аралык илимий-практикалык конференциянын катышуучулары!

Биздин Ж. Баласагын атындагы КУУнун курамындагы педагогикалык факультети үчүн 2019-жыл өзгөчө жылдардан болду. Анткени факультетибиз 10 жылдык маарекесин эмгек жамааты, дасыккан окутуучулары менен бүтүрүүчүлөрүнүн, студенттеринин сүйүнүчүнө бөлөнүп, мекенге жар салып, эгемен мамлекетибиздин учурдагы тарых барагында өтүп жаткан Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбековдун жарлыгы менен аныкталган “Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү” жылына жана улут сыймыгы, мамлекеттик жана коомдук ишмер Турдакун Усубалиевдин 100 жылдыгына дал келип тосуп олтурат. Факультеттин майрамынын тарыхый окуяларга чектеш келип жаткандыгы, анын дагы кези келгенде кыгыз билим берүү системасынын тарыхындаөз ордун таба аларына жакшы төлгө сымал чоң ишеним арттырат. Окуу түзүмүбүздүн 10 жылдык маарекесине кадырлуу кесиптешибиз, белгилүү педагог-окумуштуу Нурсапар Оролбекович Мааткеримов агайыбыздын дагы 70 жаш кутман курагы тушташ келип турганы кубанычтуу окуя болуп жатат. Факультетибиздин жалпы жамааты мындай улуу педагог менен бирге иштешип жаткандыгына сыймыктанат.

Куттуу билим уябыз 10 жыл ичинде республикабыз үчүн мугалим адистерди даярдап, мамлекетибиздин билим берүү тармагына аздыр-көптүр салымын кошуу аракти көрүп келүүдө. Ал эми анын иш-аракетинин дурус жана буруш жактарын мезгил өзү аныктап, жалпы коомчулук иргеп көрсөтөр. Дал мына ошол берилген сунуш-пикир, кеп-кеңештер мугалим адистерди даярдап жаткан факультетибиздин андан аркы ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө өзүнүн опол тоодой салымын кошот деген ойдобуз.

Мына ушундай телчигүү мезгилинде чыканактан сүйөп, ак жол көрсөткөн, бараар багытыбызды аныктоого өздөрүнүн олуттуу салымын кошкон алдыга салса ак жолтой, аркада жүрсө сан колдой болгон Бакайдай, Курманжан Даткадай элибиздин билим берүү тармагынын кеменгерлери, кайратмандары, баатырлары, чолпон жылдыздары болгон Кыргыз Республикасынын Эл мугалимдерине, залкар педагог окумуштууларына, билим берүү системасындагы белгилүү инсандарга, биз менен биргеликте иштөөгө бел байлаган жергиликтүү айыл өкмөттөргө, билим берүү башкармалыктарына, мектеп директорлоруна, жалпы педагогикалык журтчулукка ыраазычылыгыбызды бирдиребиз!

Педагогикалык факультет өз тагдырынын 10 жылын гана баштан кечирип отурат. Анын билим берүү тармагы үчүн мындан аркы аткара турган иши арбын. Ал эми бүгүн сиздерди педагогикалык факультеттин акыркы жылдардагы ишмердүүлүгү жана анын кийинки өнүгүү пландары тууралуу азын-оолак тааныштырып өтүүнү туура көрдүк.

## 1. ФАКУЛЬТЕТТИН ТҮЗҮЛҮШ ТАРЫХЫ

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Педагогикалык факультети 2009-жылы, университеттин тарыхында ректорлук кызматка чейин аркалап, анын курамында 2 институт ачууга жетишкен, педагогика илимдеринин доктору, профессор И.Ч.Исамидиновдун уюштуруусу менен республикадагы мугалимдердин жетишсиздигин жоюу максатында Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту болуп түзүлгөн.

Институтту түзүү үчүн Чүй облусунун администрациясынын жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун ортосунда 2009-жылдын 19-мартында келишим түзүлүп, ага ылайык, университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2009-жылдын 19-июнундагы чечими жана университеттин ректорунун 2009-жылдын 20-июнундагы №220 буйругу чыккан. Институт түзүлгөн күндөн тарта Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген лицензиянын негизинде 12 адистик боюнча жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча мугалимдерди даярдап келген. Анын башка структуралык түзүмдөрүнөн айырмаланганы (айыл өкмөт - окуу жай - абитуриент) үч тараптуу келишимге ылайык педагог адистерди максаттуу даярдоо менен мүнөздөлгөн.

2015-жылы, университеттеги оптимизациялоо саясатына ылайык курамдык кайра түзүүдө аталган институт ректордун 7-сентябрындагы №182 буйругунун негизинде Педагогикалык факультет болуп өзгөргөн.

Факультет түзүлгөн күндөн тарта Кыргыз Республикасынын Эл мугалимдери И. Бекбоев, М. Базаркулов, А. Жайнаков, Б. Исаков, Ө. Шаршекеев, С. Мамбеткалиев, С.Арыстанова, Ш. Кулуев, К. Исаев, С. Абдрахманова, Ж.Өзүбекова, ошондой эле Кыргызстандагы көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор, кыргыз билим берүүсүнө эмгеги сиңген ишмерлер Э. Мамбетакунов, Н. Асипова, С. Байгазиев, Ж. Каниметов, А. Мамытов, А. Муратов, А. Калдыбаева, А. Алимбеков, С. Калдыбаев, К. Добаев, Ш. Алиев, С. Рысбаев ж.б. инсандар менен терең байланышта болуп, алардын маанилүү кеңештерин, насаатчылык жардамын алуу менен мугалим адистерди даярдоого карата багыт алган.

**2. ФАКУЛЬТЕТТИН МИССИЯСЫ -** өсүп келе жаткан муундардын инсандык өнүгүүсүнө өбөлгө түзө алган жогорку квалификациялуу педагогикалык кадрларды калыптандырууга негизделип, жаңы технологияларды өздөштүрүү менен уюштурулган окутуу жана тарбиялоо процессин жүргүзүү аркылуу өлкөнүн билим берүү тармагына мекенчил, ар тараптуу, көп кырдуу, жигердүү, креативдүү, жарандык көз карашы туруктуу жана мугалимдик ишмердүүлүккө ынтызар адистерди даярдап чыгаруу.

**3. ФАКУЛЬТЕТТИН СТРУКТУРАСЫ**

Факультеттин курамында 2019-жылдын август айына чейин 2 кафедра, 1 колледж иш жүргүзгөн. Алар:

- ***Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасы***
- ***Филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасы***
- ***Кесиптик-педагогикалык колледжи***

**Учурда кесиптик-педагогикалык колледж факультеттин курамынан бөлүнүп, жогорудагы 2 кафедра иш жүргүзүүдө.**

**4. ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ:**

Учурда Педагогикалык факультет Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2017-жылы берилген №LD170000260 каттоо номериндеги 17/0122 лицензия боюнча төмөнкү 4 багыт боюнча мугалимдерди даярдайт:

- 550700 - Педагогика
- 550200 - Физика-математикалык билим берүү
- 550300 - Филологиялык билим берүү
- 550100 - Табигый-илимий билим берүү -

Ошондой эле факультетте 2017-2018-окуу жылынан тартып

- 550700 “Педагогика” багытында магистранттар кабыл алынып, билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлүүдө.

**5. 2018-2019-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ФАКУЛЬТЕТТЕ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН КОНТИНГЕНТИ**

2018-2019-окуу жылынын 1-сентябрында факультетте жалпы **1065** студент болгон.

Алардын **575**и факультеттин, **490**у кесиптик-педагогикалык колледждин студенттери.

Бүгүнкү күндө факультеттеги студенттердин жалпы саны - **673**.

**6. ФАКУЛЬТЕТТИН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫНЫН САПАТТЫК КӨРСӨТКҮЧҮ:**

**2018-2019-окуу жылында** Педагогикалык факультетте бардыгы болуп 50 окутуучу эмгектенүүдө. Алардын ичинен: 41 окутуучу штатта, 5 окутуучу ички кошумча, ал эми 4 окутуучу сырткы айкалыштыруу менен эмгектеништи. Факультетте 3 илимдин доктору, 20 илимдин кандидаты, 21 ага окутуучу, 6 окутуучу бар. Сапаттык курам **46%** түзөт.

**7. ФАКУЛЬТЕТТИН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ИШТЕРИ**

**7.1. Педагогикалык факультеттин илимий-изилдөө темасы**

**“Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы”** деп аталып, педагогика илиминин төмөнкү тармактарын камтыйт:

-13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

-13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы

Жалпы теманын алкагында кафедралар төмөнкү темаларда иш алып барышат:

**1)** Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасы **“Компетенттүүлүктүн негизинде республиканын мектептери үчүн педагогикалык кадрларды даярдоо системасын өркүндөтүү”**

**2)** Филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасы **«Гуманитардык багытта окутууда инновациялык технологияларды колдонуу аркылуу студенттердин билим деңгээлин жогорулатуу»** илимий-изилдөө темалары боюнча иштешүүдө.

**7.2. Акыркы 3 жылда жарык көргөн илимий-методикалык эмгектер:**

**Монография:**

1) Сураналиева К.К. «Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгын окутуунун жолдору», -Б. 2016, 172 б.

2) Кудайбергенова З.С. «Аман Саспаевдин прозачылык изденүүлөрү», Типография КНУ «Университет», -Б. 2016-жыл, 157 б.

3) Абдымомунова Г.А. «Жаштарды патриоттулукка тарбиялоодо “Манас” эпосунун этнопедагогикалык мааниси», Ж. Баласагын атындагы КУУнун «Мартснаб» Ж.Ч.К. басмаканасы -Б. 2016-ж.

4) Урусова И.Р. «Численное моделирование электрической дуги во внешнем магнитном поле», LAP LAMBERT Academic Publishing, -Б. 2017, 121 с.

5) Бактыбекова А.Б. «Коррупция - коомдук кубулуш катары». -Б: Айат, 2017-ж. 105 б.

6) Абдимомунова А.О. «Синтаксическая номинация в английском и кыргызском языках»: Парадигматический и синтагматический аспект. -Б. КНУ, 2018

**КРнын ББжИ министрлигинин грифи менен чыккан окуу-усулдук колдонмолор:**

1) Абдимомунова А.О. «Методическое указания по прохождению учебной практики для студентов по направлению "лингвистика"», -Б. Кыргызско-Казакский университет -Б. 2016 г., 25 с.

2) Оторбекова А.М. «Көркөм өнөр - 5 класс. Мугалимдер үчүн колдонмо», -Б. 2017-ж., 80 б.

3) Оторбекова А.М. «Изобразительно-художественное творчество - 5 класс» руководство для учителей, -Б. 2017 г., 80 с.

4) Мааткеримов Н.О., Султаналиева Р.М. «Физикалык терминдердин сөздүгү», -Б: И.Раззаков ат. КТУ, КР 2019-ж, 245 б.

**Окуу-усулдук колдонмолор ж.б. эмгектер:**

1) Сулайманова Р.Т., Сураналиева К.К., Балтабаева С.Н. ж.б. Билим башаты – мектеп / Окуу-усулдук колдонмо. –Б., 2016.

1) Сулайманова Р.Т., Асипова Н.А. «Путь к успеху», Био-библиографический очерк / -Б: Фаст принт. 2016 г., 191 с.

2) Токсонбаев Р.Н., Сулайманова Р.Т., Кулболдиева К.М., Сураналиева К.К., Балтабаева С.Н. «Социалдык педагог үчүн жардам». Окуу-методикалык колдонмо / -Б: 2016., 104 б.

3) Кудайбергенова З.С., Сураналиева К.К. «Кыргыз адабияты сабагын интерактивдүү ыкмалар менен окутуу» -Б. 2016, 133 б.

4) Кудайбергенова З.С. «Кыргыз адабияты сабагын окутуунун инновациялык технологиялары» -Б. КУУнун «Университет» басмаканасы, 2016, 106 б.

5) Мааткеримов Н.О., Шабданбаева А.К. «Элементардык физика боюнча татаал маселелерди чыгаруунун усулдугу». Каракол, 2016, 92 б.

6) Токсонбаев Р.Н. «Социальная педагогика». -Б. 2016 г., 112 с.

7) Сураналиева К.К. «Кыргыз адабияты» (колледждин 1-курсунун студенттери үчүн окуу куралы), -Б. 2017, 197 б.

8) Мааткеримов Н.О. «Методика профессионального обучения», -Б: КТУ им. И.Раззакова, 2017, 164 с.

9) Урусова И.Р. «PowerPoint 2016» (методическое пособие для студентов и преподавателей), -Б., 2018, 74 с.

10) Абдимомунова А.О. «Материалы по спецкурсу «Сопоставительный синтаксис английского и кыргызского языков)» -Б. КНУ, 2018, 58 с.

11) Архипова Т.В. «Методическое пособие для учителей начальных классов по Родионоведению», -Б. 2018, 73 стр.

12) Кудайбергенова З.С., Кутманалиев А.А. «Кыргыз тили жана адабияты (информатика-математика адистигинде окуган студенттер үчүн мамлекеттик тил боюнча окуу куралы, -Б. ОсОО “Общество инвалидов Ырыс принт”. 2018, 172 б.

13) Кулуева С.С. «История Кыргызстана (учебное пособие для вузов)», -Б: ОсОО «Аракет-принт», 2019.

14) Абдымомунова Г.А. «Манас эпосу - мекенчилдикке тарбиялоонун мектеби» -Б: ОсОО «МАРТНАБ» 2019, 110 б.

15) Юсупова А.М. Рабочая тетрадь «Русское слово» для пятого класса школ с кыргызским языком обучения часть первая. -Б. 2017, 74 б.

16) Абдимомунова А.О. Программа итогового государственного междисциплинарного экзамена «Теоретический и практический курс английского языка». -Б. 2017.

**7.3. Факультеттин жалпы ишмердүүлүгүндө профессордук-окутуучулар курамы тарабынан жалпысынан 8 кандидаттык диссертациялык иш корголгон:**

1. Кыдырова Позилетхан Маматкуловна 2011-жылы 15-июнда 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча «Жазуучу Сагындык Өмүрбаевдин чыгармачылык изденүүлөрү» деген темада ф.и.д., профессор К.Артыкбаевдин жетекчилиги менен
2. Сулайманкулова Жамила Калыбаевна 2012-жылы мартта 13.00.02 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Башталгыч класстын окуучуларын адепке тарбиялоодо болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо» деген темада п.и.д., профессор А.Т.Калдыбаеванын жетекчилиги менен
3. Укелеева Астра Зарылбековна 2012-жылы 28-июнда 02.00.01 - органикалык эмес химия адистиги боюнча «Извлечения соединений сурмы и мышьяка из сурмы содержающих материалов с последующим их разделением» деген темада х.и.д., профессор, КР КИАнын корр. мүчөсү М.У.Усубакуновдун жетекчилиги менен
4. Кудайбергенова Зейнеп Совхозбаевна 2013-жылы 14-июнда 10.01.01 - Кыргыз адабияты адистиги боюнча «Аман Саспаевдин чыгармачылык жекечелиги» деген темада ф.и.д., профессор К.Б.Байжигитовдун жетекчилиги менен
5. Сураналиева Канымгул Калыбековна 2014-жылы 21-ноябрда 13.00.02 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Кыргыз орто мектептеринде Т.Сатылгановдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун негиздери» деген темада п.и.д., профессор Н.И.Ишекеевдин жетекчилиги менен
6. Урусова Индира Руслановна 2015-жылы 27-февралда 01.04.14 - Жылуулук физикасы жана теориялык жылуулук техникасы адистиги боюнча «Развитие трехмерной нестационарной математической модели электрической дуги» деген темада ф-м.и.д., профессор Т.Э.Урусованын жетекчилиги менен

7. Кожогелдиева Мээрим Абдыкалыковна 2017-жылы 15-сентябрда 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча «Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук психологиялык-педагогикалык көйгөй катары (кыргыз үй-бүлөлөрүнүн мисалында)» деген темада пс.и.к., профессор Т.А.Конурбаевдин жетекчилиги менен

8. Салиева Айсада Зарылбековна 2019-жылдын 31-январында 10.02.01 - Кыргыз тили адистиги боюнча «Жапар Шүкүров-алгачкы лексиколог, лексикограф» деген темада ф.и.д., профессор Б.Ш.Усубалиевдин жетекчилиги менен кандидаттык диссертациясын коргошкон.

**7.4. Илимий-педагогикалык адистерди даярдоо:**

Педагогикалык факультеттин кафедраларына 2018-2019-окуу жылында 1 аспирант жана 1 докторант бекиди:

- Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасында **Турсунмамет кызы Лина**
- Филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасында **п.и.к., Мараимова Назик Акжоловна**

Бүгүнкү күндө аспирантурада 10 окутуучу окуп жатат. Докторлук диссертациянын үстүндө 3 окутуучу иштеп жатат.

**7.5.** Бүгүнкү күндө илимдин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертациясын жактоонун алдында:

1. Кулуева Сейдана Сатаровна 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Развитие мотивации учебно-профессиональной деятельности студентов педагогических вузов» деген темада п.и.к., профессор А.Н.Гудимованын жетекчилиги менен;
2. Качкын уулу Алтынбек - 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу» деген темада п.и.к., доцент О.А.Сманбаевдин жетекчилиги менен;
3. Байтокова Айнура Сыйлашовна - 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч.Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» деген темада п.и.д., профессор Н.А.Асипованын жетекчилиги менен кандидаттык диссертациясын коргогону турушат.

**7.6**. Факультеттин окутуучулары бүгүнкү күндө педагогика илимдери боюнча диссертациялык кеңештердин, эксперттик кеңештердин курамына кирген. Ошондой эле илимий-изилдөө иштерине расмий оппонент, эксперт болуп келишет.

**8. ДОЛБООРЛОР МЕНЕН ИШТӨӨ:**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Билим берүүнү өнүктүрүү максатындагы глобалдык кызматташуу долбоорунун алкагындагы «Балалык», «Наристе» программалары боюнча балдарды мектепке даярдоо долбоору;
- «Роза Отунбаеванын демилгеси» фондунун «Эрте курактагы балдарды өнүктүрүү» долбоору.

**9. ФАКУЛЬТЕТТИН БАШКА ПЕДАГОГИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШ-ТАРЫ:** Мугалим адистерди даярдоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, кесиптик жактан тажрыйба алмашууда республикалык окуу жайлар: И. Арабаев атындагы КМУ, БГУ, С. Нааматов атындагы НМУ, Талас мамлекеттик университети, ОГПИ, К. Карасаев атындагы ЫМУ, Баткен мамлекеттик университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжи, Нарын, Талас, Ош, Ысык-Көл, Жалал-Абад облустарындагы педагогикалык багыттагы колледждер ж.б. менен тыгыз байланышта иш алып барат.

**10. ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ МЕЙКИНДИГИНДЕ ФАКУЛЬТЕТТИН БАЙЛАНЫШТАРЫ:**

Илимий стажировка, магистранттардын, окутуучулардын кесибин жогорулатуу, илимий конференция, он-лайн конференциялар, семинарлар ж.б. иш-чаралар боюнча факультеттин эл аралык байланыштары жолго коюлган жана учурда дагы бир катар окуу жайлар менен ар тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлдү:

- М.Акмулла атындагы Башкырстан мамлекеттик педагогикалык университети
- О.А. Байконур атындагы Жезказган университети
- Кытай Эл Республикасынын Цинь-Цзянь педагогикалык университети
- Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университети
- Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети
- Казак кыз-келиндер педагогикалык университети
- «Кайнар» университети (Казакстан)
- Ульяновск мамлекттик университети РФ
- Казан (приволжский) федералдык университети РФ
- Столетовдор атындагы Владимир мамлекеттик университети (ВлГУ) РФ
- Воронеж мамлекеттик университети
- Алтай мамлекеттик университети
- Х.М.Бербеков атындагы Кабардин-Балкар мамлекеттик университет (КБГУ)
- Тараз инновациялык-гуманитарлык университети
- Тараз мамлекеттик педагогикалык университети
- Максим Танк атындагы Белорус мамлекеттик педагогикалык университети

**11. ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА**

**11.1. Педагогикалык практика боюнча базалык мектептер жана бала-бакчалар:**

Адаптациялык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик (педагогикалык) практиканы өтүүгө төмөнкү мекемелер (7 мектеп, 1 бала-бакча) менен келишимдер түзүлгөн.

Бишкек шаарындагы:

- А.Осмонов атындагы №68 мектеп гимназия окуу-тарбия комплекси
- Ак-Өргө жаңы конушундагы Ж. Садыков атындагы № 84 орто мектеби
- №94 жалпы билим берүү орто мектеби
- №66 «Ден соолук жана өнүгүү мектеби» - гимназия окуу тарбия комплекси
- У. Абдукаимов атындагы №8 орто мектеби
- №76 Кесиптик-техникалык лицейи
- Чүй облусунун Сокулук районунун Фрунзе №1 орто мектеп-лицейи
- Бишкек шаарынын Ленин районундагы №22 бала-бакчасы

**11.2. Практиканын жыйынтыктары менен:**

- 2-курстун ФОи(К)к-3-17 тайпасынын студенттери **Касымалы кызы Гүлина** жана **Таштемирова Айпери** адаптациялык (окуу-таанышуу) практикасын мыкты өткөндүгүнө байланыштуу Ош облустунун Ноокат районунун М.Кудайбердиев атындагы жатак-лицейинин директору Г.Ураимова факультеттин деканы жана окуу-усулдук кеңешинин төрайымына **«Ыраазычылык кат»** жолдогон.
- 2-курстун ПЕДк-1-17 тайпасынын студенти **Нурбаева Акмарал** адаптациялык (окуу-таанышуу) практикасын мыкты өткөндүгүнө байланыштуу Баткен облустук Билим берүү мекемесинин атынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректоруна **«Ыраазычылык кат»** жолдогон.

**12. ФАКУЛЬТЕТТИН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ**

Факультетте жалпы 76 компьютер, 21 принтер, 1 проектор, 1 экран, 1 видеокамера, 2 фотоаппарат, 1 ноутбук жана 3 компьютердик класс, "Манас", Көркөм-өнөр, Чет тили, География, Математика, Кыргыз адабияты, Тарых ж.б. кабинеттери бар.

**13. КРнын ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫНА ЫЛАЙЫК АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖЫЛЫНА КАРАТА АТКАРЫЛГАН ИШТЕР:**

- 2018-жылы март айында **«Региондорду өнүктүрүү»** жылына карата «Мугалим» илимий-педагогикалык журналы менен Ж.Баласагын атындагы КУУ, педагогикалык факультет биргеликте **«Мугалим коомдун күзгүсү-2018»** кароо-сынагын өткөргөн.
- 2018-жылдын 26-июнунан 2-июлуна чейин Ысык-Көлдө "Ала-Тоо" пансионатында Балдардын жана өспүрүмдөрдүн улуттук "Сейтек" борбору менен биргеликте "Менин мекеним - Кыргызстан" XII фестивалын жана "Окуучу күткөн мугалим" I республикалык жайкы мектебин өткөрүлгөн. Ага республиканын бардык аймактарынан 650 окуучу жана 80 мугалим катышкан.
- О.э. 2018-жылы Баткен, Талас, Ысык-Көл, Нарын облусунда мугалимдердин сынагынын облустук турлары өткөрүлгөн. Финалдык туру 2019-жылы март айында **«Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү»** жылына карата «Мугалим» илимий-педагогикалык журналы менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, педагогикалык факультет биргеликте **«Мугалим коомдун күзгүсү-2019»** кароо-сынагын өткөргөн.

Аталган сынактар КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин Борбордук комитети, КРнын Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы, КРнын Окмөтүнүн Баткен, Талас, Ысык-Көл, Нарын облустарындагы ыйгармы укуктуу өкүлдөрү, облустук жана райондук билим берүү бөлүмдөрү, Кыргызстан аялдар конгресси, "Ыйман" фонду, Кыргыз билим беруу академиясы ж.б. уюмдардын демөөрчүлүгү жана колдоосу менен өткөрүлүп келет.

- Педагогикалык факультеттин кызматкерлери тарабынан республиканын Баткен, Талас, Ысык-Көл, Нарын, Чүй облустарына барып, мугалимдик кесипке багыттоо иштери жана мугалимдик кесиптин имиджин көтөрүү, аларга методикалык жардам көрсөтүү боюнча бир катар семинарлар, тренингдер, жолугушуулар өткөрүлгөн.

**14. ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТТИН ОКУТУУЧУЛАРЫНЫН ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ:**

**1) Президенттик стипендияга ээ болгондор:**

- 2014-2015-окуу жылында **Качкын уулу Эрлан**
- 2016-2017-окуу жылында **Көкөнбай кызы Акжолтой**
- 2018-2019-окуу жылында **Сыдыкова Мээрим Нурлановна**

**2) Корей Республикасынын POSCO ASIA FELLOWSHIP эл аралык фондунан:**

- 2015-2016-окуу жылында **Алтынбек кызы Тахмина** жана **Кубатова Бактыгул**
- 2018-2019-окуу жылында **Дүйшөналы кызы Бурулай** жана **Талгат кызы Нуризат**

**3)** Педагогикалык факультеттин кесиптик-педагогикалык колледжинин бүтүрүүчүсү, азыркы сырттан окуу бөлүмүнүн студенти **Каныбек уулу Бекзат** - «Мугалим» илимий-педагогикалык журналынын 2016-жылы өткөрүлгөн **«Мугалим – коомдун күзүсү -2016»** республикалык кароо-сынагына катышып 2-орунду ээлеп, 20000 сом өлчөмүндөгү байгени утса, **«Жүрөгүм менин балдарда»** райондук кароо сынактан 1-орунга ээ болгон.

**4)** Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан өткөрүлгөн **«Жүрөгүм менин балдарда»** шаардык кароо-сынагынын «Жылдын эң мыкты мугалими-2017» номинациясында **Иманкулова Махабат Асановна** 2-орун жана 50000 сомго ээ болгон.

**5)** Факультетке иш-кагаздар мамлекеттик тилде жакшы деңээлде жүргүзүлгөндүгү үчүн 2018-жылы КРнын Президентине караштуу **Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан ардак грамота** ыйгарылган.

**6)** Университет тарабынан 2018-жылы факультеттер арасында өткөргөн **«Кош жылдыз»** сынагынан факультеттин кафедра башчысы **К.К.Сураналиева** баш байгеге татыган.

**7)** 2018-жылы **"Менин сүйүктүү университетим"** аталышындагы видео-ролик тартуу сынагына факультеттин студенттери катышып, анда **башкы байгени (8000 сом)** жеңип алышкан.

**8)** Ж. Баласагын атындагы КУУда 2018-жылдын мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлгөн ЖОЖдор аралык олимпиадада 1-курстун студенттери Күрүчбек кызы Мээрим, Сотиболдиева Иродалар катышып, 2-орунду алышкан.

**9)** Кыргыз радиосу тарабынан ЖОЖдор арасында уюштурулган **«Айтматов таануу»** радио-долбоорунда студенттерибиз 2-орунга ээ болду.

**10.** Ж.Баласагын атындагы КУУнун профсоюздук комитетинин уюштуруусу менен жаш мугалимдер арасында өткөрүлгөн **«ПЕДАГОГИКАЛЫК ДЕБЮТ-2018»** кароо-сынагынан факультеттин окутуучусу **Кутманалиев Аскар Алтынбекович** 1-орунга ээ болгон.

**11.** Ж.Баласагын атындагы КУУнун факультеттер арасында өткөрүлгөн **«Нооруз-2019»** кароо сынагында Баткен облусунун тарыхын, маданиятын, каада салт, үрп-адатын чагылдырууда мыкты даярдыкты көрсөткөндүгү үчүн факультет 3-орунга ээ болду.

**12.** Кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусун алгандыгынын 30 жылдыгына карата Ж.Баласагын атындагы КУУда мамлекеттик тил боюнча студенттер арасында 2019-жылдын 12-апрелинде өткөрүлгөн олимпиадада факультеттин 1-курсунун студенти **Туратбекова Адина** 2-орунду ээлеп II даражадагы дипломго ээ болду.

**13.** Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасы «Кафедралардын (программалардын) ишмердүүлүгүнүн абалын баалоо жөнүндө» 2019-жылдын 27-февралында чыккан №70 буйругунун негизинде өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен **эң мыкты кафедра аталып, I орунга ээ болду** жана компьютер сыйлыгына татыды.

## 15. ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР

Факультетте студенттерге билим берүү менен бирге тарбиялык иштер да ар качан үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. Факультетте ар кандай форматтагы жана мазмундагы тегерек столдорду, интеллектуалдык өнөр таймаштарды, маданий иш-чараларды өткөрүп туруу салтка айланган.

Педагогикалык факультетте ар жыл сайын үзгүлтүксүз өткөрүлүп туруучу тарбиялык иш-чаралар көрсөтүлгөн иш пландын негизинде жүргүзүлөт. Алсак:

1. 1-сентябрда жыл сайын «**Билим күнүндө»** 1-курстун студенттери менен жолугушуу
2. 23-сентябрда Мамлекеттик тил күнү жана мугалимдер күнү
3. 1-октябрь «Карылар күнү»
4. «Студенттик тушоо кесүү» аземи
5. Студенттик күн
6. Майыптар, мүмкүнчүлүгү чектелгендер күнү
7. Жаңы жылды тосуу
8. 23-февраль Ата-Мекенди коргоо күнү
9. КРнын Желек жана Ак калпак күнү
10. 8-март «Эл аралык аялдар күнү» жана 21-март «Нооруз» майрамы
11. 31-май, Ж.Баласагын атындагы КУУнун күнү
12. "Биз таза шаар үчүн" акциялары ж.б.у.с. иш-чаралар дайыма уюштурулуп келет.

### 15.1. Факультеттин студенттеринин коомдук-маданий турмушу

Студенттерибиз ЖОЖдор жана факультеттер аралык өткөрүлүүчү ар кандай (сынак, дебат, тегерек үстөл, спорт таймаштары ж.б.) иш-чараларга катышып байгелүү орундарды камсыздап келет. М: «**Жаш таланттар - 2016-17-18»** аттуу кароо-сынагына факультеттин студенттери катышышты.

Ар жылы декабрь айларында «Бүткүл дүйнөлүк коррупцияга каршы күрөш күнүнө» факультеттин тайпалары арасында **"Биз коррупцияга каршыбыз!"** аттуу дубал газеталар сынагы өткөрүлөт.

«Роза Отунбаеванын демилгеси» фонду, Кыргызстан жазуучулар союзу, Бишкек шаарындагы теле-радио компанияларда өткөн ар кандай көрсөтүүлөргө, уктурууларга жана белгилүү инсандардын юбилейлик маарекелерине катышып келет.

Бабалардан мурас калган тарыхый жерлердин тарыхын тереңден билүү үчүн **"Мекенимди тааныймын"** аттуу доолбоордун алкагында Бурана, Саймалуу-Таш, «Ата Бейит» сыяктуу тарыхый жайларга жана өмүрү өрнөк инсандардын өрнөктүү эмгектерин жакындан таанып-билүү үчүн музейлерге жана көрүнүктүү инсандардын үй музейлерине экскурсияга барып турушат.

Студенттерге эстетикалык тарбия берүү максатында шаардагы театрларда коюлган спектаклдерге (**М:** «Айкөл манас», «Абийир кечирбейт», «Чыңгызхандын ак булуту», «Бак бергендин балпайган бактысы», «Мөңгү», «Талант жана тагдыр», «Темир аял») дайыма алып барылып турат.

12-декабрь **«Улуттук адабият күнүнө»** карата жыл сайын ар кандай форматтагы адабий кечелер, өнөр адамдары менен жолугушуулар (акын-жазуучулар, төкмө акындар, ж.б. өнөр ээлери) уюштурулгандыгын белгилесек болот.

2018-жылы Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына арналган көптөгөн иш чаралар; ЖОЖдор аралык «Айтматов ааламы» интеллектуалдык оюну, **«Мыкты дилбаян»**, **«Мыкты сценка»**, **«Мыкты көркөм окуу»**, **«Мыкты дубал газета»** аттуу сынактар, **«Чыгаан уулу Чынгыз чыккан кыргыздан»** аттуу декада уюштурулду. Кураторлук ачык сабактар өтүлүүдө. **(М:** Ч.Т.Айтматов: «Шагнул в бессмертие», «Баары ыйлашты, ыйлап турат азыр да», «Ал кыргызга ыйык тумар кадалган, аты кымбат намыс алган, ар алган», «Ааламдын алп жазуучусу Чынгыз Айтматовго таазим»).

9-май Жеңиш күнүнө карата Бишкек шаарындагы ЖОЖдордун студентеринин арасында **«Жаңырсын мекен ырлары»** аттуу патриоттуулук ырлардын сынагы уюштурулуп келген.

**15.2. Студенттер тарабынан көрүлгөн камкордуктар**

Факультеттин студенттери өз ыктыяры менен Бишкек шаарында, Чүй облусунда жайгашкан улгайган жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга, социалдык стационардык мекемесиндеги Карылар интернат үйүнө, балдар үйлөрүнө кайрымдуулук иш чарасын өткөрүп, материалдык жардамдарды берип келет.

**15.3. Спорттук жетишкендиктер**

- **Алымкулова Бурул** Бүткүл дүйнөлүк студенттердин Казань универсиадасынын жеңүүчүсү, коло медалынын ээси болгон.

**- Тынчтыкбек уулу Бекзат:**

- 2018-жылы Түркмөнстандын Ашхабад шаарында өткөн V Азия оюндарында бел боо күрөшү боюнча алтын медалдын,
- 2018-жылы өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр оюнунда алтын медалдын ээси болгон.
- 2017-19-жылдардагы КУУнун окутуучу-профессорлор курамынын арасында өткөрүлүп келе жаткан **«Ден соолук»** спартакиадасында факультеттин волейбол, футбол боюнча командалары (мырзалар, аялдар командасы) алдыңкы орундарды багындырып келет.

## 16. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖУМУШ ОРДУ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУСУ:

Педагогикалык факультеттин бүтүргөн студенттер республикадагы орто мектептерде, бала бакчаларда, райондук билим берүү бөлүмдөрүндө, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларда эмгектенип жатышат. Бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик бардыгы иш менен камсыз болгон. Иш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташтык жүргүзүлүп турат жана алардын берген табыштамаларына ылайык да бүтүрүүчүлөрүбүздү жиберүүдөбүз. Бүгүнкү күндө мугалим адистер менен мектептер дагы эле толук камсыз болгон эмес. Андыктан бүтүрүүчүлөргө жумушсуздук маселеси туулбайт.

## 17. ЖАКЫНКЫ ЖЫЛДАРДАГЫ ФАКУЛЬТЕТТИН ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ:

- Педагогикалык адистерди даярдоонун сапатын арттыруу максатында бакалавр жана магистрлердин негизги билим берүү программаларын модернизациялоо, дисциплиналардын окуу-методикалык жактан камсыздалышын иш берүүчүлөр менен биргеликте жаңылоо, базалык мектептердин тармагын кеңейтүү, иш берүүчүлөрдүн сунуштарына ылайык курстук жана квалификациялык иштердин практикага багытталышын жогорулатуу;
- Факультетте замандын талабына ылайык педагогикалык жаңы багыттарды ачуу, магистердик программаларды өнүктүрүү;
- Илимий-инновациялык ишмердүүлүк багытында лабораторияларды жана борборлорду өнүктүрүү, окутуучулардын гранттарга жана конкурстарга катышуу, илимий-изилдөөлөрдүн үстүндө иштөө, Web of Science, Scopus, РИНЦ маалымат базаларында индекстелген журналдарда макалаларды жарыялоо ишин активдештирүү;
- Эл аралык байланыштарды чыңдоо (студенттердин жана окутуучулардын эл аралык стажировкалардан өтүшүн камсыз кылуу, факультеттин бардык багыттарынын студенттерин республиканын, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн университеттери менен академиялык алмашуу программасына катыштыруу, өлкө ичиндеги жана чет элдик окуу жайлардагы алдыңкы педагог-окумуштууларды конок окутуучу катары чакырууну уюштуруу); педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча ички жана чет элдик долбоорлор менен иш алып барууну күчөтүү;
- Кадрдык потенциалды жакшыртуу (профессордук-окутуучулар курамынын ата-мекендик жана дүйнөлүк алдыңкы окуу-илимий-өндүрүштүк борборлордо кесиптик чеберчилигин жогорулатуу ишин стимулдаштыруу, методист-окумуштууларды, жаңычыл практик педагогдорду факультетке тартуу);
- Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу.

Р.Т. Сулайманова<br>Педагогикалык факультеттин деканы, п.и.к., профессор

# I СЕКЦИЯ

# ЖАЛПЫ ЖАНА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБЩЕЙ И ЭТНОПЕДАГОГИКИ

***Аалиева Ш.К.***
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

## «МАНАС» ЭПОСУНДА ТУЮНТУЛГАН «БААТЫР», «ЛИДЕР» ЖАНА «ХАРИЗМА» ТҮШҮНҮКТӨРҮН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ИССЛЕДОВАНИЯ ПОНЯТИЙ “БОГАТЫРЬ”, “ЛИДЕР” И “ХАРИЗМА ВЫРАДЕННЫЕ В ЭПОСЕ “МАНАС”

## THE HISTORICAL EPOCH, REFLECTED IN “MANAS” THE EPIC AND ECONOMICS OF THE KYRGYZ PEOPLE

***Аннотация:*** *Аталган макалада автор “Манас” эпосунда чагылдырылган“баатыр”, “лидер” жана “харизма” түшүнүктөрүнүн методологиялык негиздерин илимий изилдъъгъ алат.*
***Түйүндүү сөздөр:*** *баатыр, лидер, харизма ж.б.*
***Аннотация:*** *В данной статье автор анализирует методологические основы научного исследования понятий «баатыр» («богатырь»), «лидер» и «харизма», отраженные в эпосе «Манас».*
***Ключевые слова:*** *баатыр (богатырь), лидер, харизма и т.д.*
***Abstract:*** *In this article, the author analyzes the methodical bases of the scientific investigation of the concepts of «baatyr» («strong man»), «leader» and «charisma», which were reflected in «Manas» the epic.*
***Kew words****: baatyr (strong man), leader, charismaetc.*

Коомдук турмуш-тиричиликтин көп кырдуу жана татаал кубулуштарын чагылдыруу менен тигил же бул элдин социалдык-саясый ой-пикирлери коомдук прогресстин маанилүү факторлорунун бирине айлана алган. Мындан сырткары, социалдык-саясый ой-пикир белгилүү бир дүйнө таанымдык деңгээлдеги интеллектуалдык өнүгүүнүн абалын гана эмес, анын өнүгүү тенденцияларын да аныктоо аркылуу адамдар жамаатынын дүйнө таанымынын, алардын ынанымдары менен жасаган аракеттеринин, коомдук аң-сезим менен өздүк аң-сезимдин бир жагын түзө алат.

Баарыбыз билгендей, адамдардын дүйнө таанымынын төмөнкүдөй 2 деңгээли бар:

- биринчиси – күнүмдүк турмуш-шартка негизделген *эмоционалдуу-образдуу деңгээл*,
- экинчиси – теорияга негизделген *логикалык акыл калчоо деңгээли*.

Дүйнө таанымдын *биринчи деңгээлинде*, эреже катары, чындык тууралуу мифология менен диний негиздерге, ал эми *экинчи деңгээлинде* – саясый-философиялык көз караш менен илимий түшүнүк-категориалдык аппаратка таянган түшүнүмдөр калыптанышат.

«Манас» үчилтигинде, ар кыл жаш курактагы этностордун өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдеген орусиялык ойчул Л. Н. Гумилевдун терминологиясы менен туюнтканда, каны кызуу ойногон, алы-күчү ташкындаган, деми от болуп жанган жаш этнос катары кезегинде дүйнөнү дүңгүрөткөн империя курган **кыргыздардын пассионардуулугу** төмөнкү саптар менен сүрөттөлөт [1]:

| | |
|---|---|
| Ошол кезде кыргыздар… | Кесээрине баш таппай, |
| Урунаарга тоо таппай, | Сары конуш бел таппай, |
| Урушаарга жоо таппай, | Сайыша турган эр таппай ... [6. 65] |
| Тиштээрине таш таппай, | Ашыкча дем-күчү менен энергиясын кайда чачаарын билбей, жаш этнос бук болуп турду |

«Манас» үчилтигинин биринчи бөлүгүнүн башкы оң каарманы болгон **Айкөл Манас**-кыргыз элинин чексиз кайрат-күчкө ээ эң башкы баатыры жана кыргыздардын баардык урууларынын башын кошуу менен бирдиктүү кыргыз элин тыштан басып кирүүчү ар кандай күчтүү жоолордон коргоп, Ата Журттун эркиндиги, элдин элдигин сактаган саясый биримдиги үчүн күрөшкөн жигердүү даанышман кол башчысы, ханы.

Манас» үчилтигинде Айкөл Манастын баатырдык кошууну, нөкөрлөрү, эң жакын кеңешчилери, жан жолдоштору, кол башчылар, ар башка уруулардын тандалган мыктылары, чыгаан баатырларынан куралган көйкашкалардын тобу **«кырк чоро»** деп аталат.

Ар башка варианттарда ар башка санда, айрым учурларда, алардын аталыштары да ажырымдуу болгону менен, негизинен, элге кенен тараган саны – **кырк**. Көпчүлүк учурларда алардын баары тегиз саналбай, негизгилери гана аталат да, окуянын жүрүшүнө ылайык, алар көпчүлүк учурларда эпикалык каармандардын негизин түзөт. **Кырк чоро**, айрыкча *Сагымбай Орозбак уулунун вариантында*, Манас баатыр өз чоролору менен Каныкейге күйөөлөп барганда, эки-үч жолу кайталанып, толук саналат.

| **КЫРК ЧОРО** [3,379] | | |
|---|---|---|
| Бакай | Шүкүр | Чубак |
| Кыргыл чал | Камбар уулу Чалик | Жоорунчу |
| Чалыбай | Алтай (албандардан) | Кайгыл |
| Ажыбай | Төртай | Бөгөл |
| Кутунай | Төлгөчү кара Төлөк | Тоорулчу |
| Каратоко | Төкөтай | Кербен |
| Мажик | Калкаман | Дөрбөн |
| Сатай | Эламан | Каратүлөө Кабыке |
| Атай | Серек | Жабыке |
| Үмөт | Сыргак | Бооке (Алоокенин уулу) |
| Жайсаң | Кошабыш | Ырчы Уул |
| Каракожо | Эр Ыбыш | Боз Уул |
| Бообек | Алакен | Тазбаймат |
| Шаабек | Арстан Мажик | Шууту |

Булардын ичинен жарымынан көбү туруктуу, дайыма аталган активдүү каармандар, ал эми он чактысы жалпы санга кирип, сейрек аталат да, айрымдары, кээде, башкача да атала беришет.

Жоокерчилик доордун шартына ылайык **эрдик** менен эл багып, атак-даңк, абройго ээ болгон **баатырлар** тынч турмушта да бекер тура алышпайт. Манас баатыр менен анын чоролору *«эр семирип, бук болуп, ат семирип, нык болуп»* делип, тулпарлар кыймылсыз куру семирип, эр жигиттер кылаар иши жок зериккен учурларында чатыраш ойгоп, ордо атып, чер жазышат, же ууга чыгып, ит агытып, куш салып, мергенчилик кылып, бош убактыларын көңүлдүү өткөрүшөт. Бирок, **эпостун башкы темасы***сырткы баскынчы душманга каршы күрөш* болгондуктан, **элдик баатырлар***тынч турмушка* караганда *согуш аракетинде* көбүрөөк сүрөттөлөт.

Жоокерлик салтка ылайык **баатырлардын согушту самап турушу** – түрк-моңгол эпосторунун көпчүлүгүндө кезиге турган туруктуу мотивдерден. «Манаста» **оң каармандардын** образын терең, кенен ачууда жана артык сапаттарын айрыкчалуу сыпаттоодо аларга карама каршы коюлган **терс каармандар** колдонулган. Алардын да *жоо саяр баатырлары, тоо бузаар балбандары* бар.

**Чексиз кара (чоң) күч** эпостогу негизги каармандардын басымдуу көпчүлүгүнө таандык же **баатырдык сапат***оң каармандар* эле эмес, *терс каармандарга* да мүнөздүү көрүнүш. Мисалы, Жолойду *күчсүз,* Коңурбайды *баатыр эмес* деп эч ким айта албайт. Бирок, алар **моралдык сапат** жактан оң каармандардын кимисинен болбосун алда канча төмөн турат. Эпикалык салгылашуунун жүрүшүндөгү чечүүчү учурда **уруш салтын бузуп качуу**, же **митайымдык кылуу** – душман баатырлары үчүн мүнөздүү көрүнүш болсо, кыргыз баатырларынын мүнөзүндөгү **жетектөөчү белги** – эр жүрөктүүлүк, тайманбастык.

Эпосто **элдик баатырларды** кас душмандары да жогору баалашат. Айтсак, Коңурбайдын атасы *Алооке* Манас баатырды **арстанга** салаштырат. Анын айтуусу боюнча Манас баатырга «*ок өтпөйт», «отто күйбөйт», «сууда чөкпөйт», «аны жеңиш кыйын».* Калмактардын Акунбешим ханынын *«кыргыздар кандай жоо экен?»* деген суроосуна берилген калмак аярынын (сыйкырчысынын, сыйкыр илимин мыкты билген адисинин) жообундагы «*эч тоскоолдукту билбес», «жоодон жалтанбас шаңдуу жоокерлер», «душмандар үчүн сүрдүү күч»* деген элестүү сыпаттолордо баатыр элдин мүнөздөмөсү берилген.

Ошол эле учурда Айкөл Манастын кырк чоросунун ичинде **бузукулукка** жол берип жиберген баатырлары да болгон. Айтсак, кырк чоронун башчысы, эпостун баардык варианттарында айтылган туруктуу каарман **Кыргыл чал** (*Кыргыл, Айнакул* деп да аталат) эпосто **баатырдыгы, эрдиги** менен катар эле **куйту, бузукулук** кылып, **адамдарды чабыштырганга маш кейипкер** катары сүрөттөлөт:

| | |
|---|---|
| Кырктын башы Кыргыл чал, | Бузукчулук ойлогон. |
| Кыркында көпкөн жинди чал. | Буттайын бузуп ийсе да, |
| Келген чоро улугу, | Буудан Манас кабылан, |
| Кеби тентек, чорт кыял | «Бузду экен» деп койбогон [4. 195] |
| Кырк чоронун бузугу | |

Эпосто **Кыргыл чалдын бузукулук иштери** бир топ эпизоддордо айтылып, кээде каармандар арасында *карама каршылыктарды, пикир келишпестиктерди* туудурат:

- Варианттардын баардыгында кезигүүчү Чубактын Алманбеттен чалгындын жолун талашып, чыр чыгарышына Кыргыл чалдын *«бир кытайга тең болбой, оорукта калдыңбы?»* деген бузуку кеби себепчи болот.

- Ошондой эле Саякбай Каралаевдин вариантындагы Чубактын таарынып кетиши, Коңурбайдын Таласка жасаган чабуулу да - Кыргыл чалдын *«Чубак менен Каныкейдин көңүлү жакын»* деп Манаска жамандаганынын натыйжасы.
- Радлов жазып алган вариант боюнча Кыргыл чалдын бузукулугу *«Атасына кызмат кылып, согушуп жүрүп чарчадык. Эми баласы алдына салып жүрүп өлтүрөт»* деп куйтуланып, азгырганы – кырк чоронун качышына, өзүнүн Семетейдин колунан өлүшүнө алып келет.
- Саякбай Каралаевдин вариантында *Манас өлгөндө кырк чоронун Абыке, Көбөш тарабына өтүп кетишине* да Кыргыл чал негизги ролду ойнойт.

Кыргыл чалдын терс сапаттары жөнүндө Букардан Таласка келгендеги сөзүндө Каныкей мындай дейт:

| | |
|---|---|
| Кырк чоронун кыйшыгы, | Кыямат жүзүн көрбөсө, |
| Кыргыл чал какшаал өлдүбү? | Кең Талас бизге жер болбойт, |
| Кыргыл чал чочко өлбөсө, | Алты агаң бизге эл болбойт [5. 309-310]. |

«Манас» эпосундагы башка баатырлардын ар түркүн мүнөздөгү **лидерлик** жана **харизмалуу касиеттерин** илимий анализге тартууда, ири алдыда, **«лидерлик»** жана **«харизма»** түшүнүктөрүнүн концептуалдык мазмунуна кеңири токтолуу зарыл деп эсептейбиз.

*Саясый лидерликтин заманбап концепциялары* «каалагандай жамаат, же каалагандай топ өз ишмердигинде шайланып алынган лидердин иш-аракетине баш ийет» деген *аксиомага* таянат. Англис тилиндеги **«leader»** деген көпчүлүк тарабынан кеңири оозго алынган термин *«жетектөөчү», «жетелөөчү», «жол көрсөтүүчү», «жол баштоочу»* деген маанини билдирет. Курчап турган адамдарга таасир этүү милдетин аткарган лидердин өзү расмий же расмий эмес түрдө жетекчилик кызматты ээлей алат. Лидердин артыкчалуу мүнөздөмөлөрүнө «алдыда боло турган окуяларды алдын ала билип-туюу, баш-көз болуу, өз артынан ээрчите алуу, жетектөө, багыт берүү, максатты так билүү»кирет.

Бүгүнкү күндө лидерлик феноменин концептуалдуу анализдөөнүн методологиялык негизи ирээтинде төмөнкү **теориялык жоболор** менен **концепцияларды** атоого болот:

- лидердин «белгилеринин теориясы» («теория черт» лидера; Р. Стогдилл, Э. Богардус);
- кырдаалдык теория (ситуационная теория; Т. Парсонс, А. Голднер),
- жол улантуучулардын аныктагыч ролунун теориясы (теория определяющей роли последователей; Н. К. Михайловский, Г. Лебон, Э. Дженнингс),
- реляциялык теория (реляционная теория; Б. Басс, А. Яго),
- харизмалуу лидерликтин концепциясы (концепция харизматического лидерства; Э. Эриксон, М. Вебер),
- лидердин комплектардык функциясынын теориясы (теория комплектарной функции лидера; У. Шутс),
- саясый лидерликтин теориялары (теории политического лидерства; Дж. Голбрейт, В. Парето, Г. Моска) ж.б.

**Лидерлик** коомдук турмуштун ар кыл чөйрөлөрүндө жашай алса да, анын өзгөчө маанилүү түрү болуп **саясый лидерлик** эсептелет. Француз саясат таануучусу *Жан Блондель***саясый лидерликти** «улуттун өкүлдөрүн аракет кылууга үндөгөн жана аракет кылуу үчүн аларды ойготкон бир же бир нече индивидуумдар тарабынан ишке ашырылган бийлик» катары аныктаган.

Бир кездерде христиан философу *Августин Блаженный* саясый лидерлерди *«мыйзамдуу» башкаруучулар* жана *тирандар* деп айырмалаганын билебиз. Демек, саясый лидердин ишмердик чөйрөсү өтө кенен:

- эл аралык саясатты жүргүзүү,
- өлкө ичиндеги жарандардын экономикалык жана социалдык жыргалчылыгын камсыз кылуу,
- мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу,
- маданий өнүгүүдөгү приоритеттерди аныктоо ж.б. кирет.

Италиялык ойчул *В. Парето* саясый тактикасына карап туруп, *«түлкү»* жана *«арстан»* атка конгон лидерлерди ажыраткан. *Түлкү саясатчылар* тиги жээктен бул жээкке оңой секире алган ашкере куулугу, митайымдыгы, жылмалыгы, окуяларды алдын ала көрө билгендиги, өзүнүн чыныгы максатын жашыра билгендиги менен айырмаланышат. *Арстан саясатчылар* көзгө тик карап туруп ачык эле, кара күчкө салып иш жүргүзүшөт. В. Паретонун пикиринде түлкү менен арстандын тактикаларын өз ара айкалыштыра алган лидер гана чоң ийгиликтерге жетип, жемиштүү жеңиштерге ээ боло алат.

*Ж. Блондель* тар чөйрөдө ишмердүүлүк кылган лидерлердин таасирин изилдөөдө төмөнкүдөй классификацияга таянган:

- менеджерлер (күнүмдүк көйгөйлөрдү чечүү менен алектенген лидерлер),
- жакшыртуучулар (саясаттын кандайдыр бир өнүтүн, же аспектисин модификациялай алган лидерлер),
- новаторлор (жаңы саясатка чыйыр салган лидерлер).

*В. Хагеман* «лидерликтин консервативдүү жана революциячыл типтери» айырмалаган. *Консервативдүү лидер*коомдо узак мезгилдер бою жашап келген мыйзамдар менен нормаларга таянат; *революциячыл лидер*бул мыйзамдар менен нормаларды талкалап, жок кылууга умтулат. Ошол себептен, лидер-революционер коом көнгөн адаттардан тышкары артыкчалуу сапаттарга ээ болуусу шарт.

*Э. Дженингс* лидерлерди төмөнкүдөй үч номинация боюнча классификациялоону сунуш кылган:

- өзгөчө керемет адам (сверхчеловек),
- баатыр (герой) жана
- ханзаада (принц):

«Бекем орноп калган эски тартиптерди талгалаган улуу инсандар *өзгөчө керемет адам* (сверхчеловек) деп аталышат; өзүн улуу жана асыл нарктуу иштерге арнаган адамдарды *баатыр* (герой) деп атоого болот; башкаларга үстөмдүк кылуу максатында гана ишмердүүлүк кылгандар *ханзаада* (принц) болуп саналышат».

*С. Хук*«жагдайлар жараткан лидерлер» менен «тарыхты жараткан лидерлерди» айырмалаган. *Биринчи типке* киргендер жагымдуу жагдайлардын таасири астында күтүлбөгөн жерден лидер болуп чыга келишет. *Экинчи типтегилер* болсо чыгаан акыл жөндөмдөрү менен айырмаланышып, жагдайларды өз кызыкчылыктарына баш ийдире алышат.

*Р. Такер* лидерликти үрп-адатта, каада-салтта, ишенимде жана бакшка формаларында чагылдырылган коомдун саясый маданиятынын контекстинде изилдеп, лидерлердин арасынан

- узак мезгилдер бою жашап келген системаны сактап калууга аракет кылган к*онсерваторлорду*,
- жашап жаткан системага болоор-болбос өзгөртүүлөрдү киргизүүнү каалаган *реформаторлорду*,
- салтка айланган нормалар менен каада-салтты түп-тамырынан бери жокко чыгарып, коомдун идеалын жаңычылдыктан көргөн *революционерлерди* айырмалаган.

Ошондой эле Р. Такер «реалдуу лидер» өз ишмердигинде «диагноз кое билген», «иш-аракеттерди даярдай билген» жана «мобилизация ишин кыла алган» жетекчи катары «менеджерден» кескин айырмаланып турат деген пикирде болгон. Чындыгында, менеджер деле жогоруда аталган лшидерлик функцияларды кемтиксиз аткара алат.

*МкГрегор Берне* лидерлерди *«өзгөртүүчүлөр»* («преобразователи») жана *«ишкерлер»* («дельцы») деп аталган категориялар аркылуу иликтөөнү сунуш кылган. Биринчи категорияга кирген лидерлер узак мөөнөттүү чечимдерди ишке ашырышат, масштабдуу иштерди турмушка ашырышат жана революциячыл доорлордо иш алып барышат. Экинчи категорияга кирген лидерлер салыштырмалуу туруктуу тарыхый доордо иш алып барып, өтөөр-кетээр көйгөйлөрдү (сиюминутные проблемы) чечүү менен алек болушат.

Африка мамлекеттерине таандык саясый лидерликти изилдеген *Р. Джексон* менен *С. Розберг* лидерлерди мүнөздөөдө жетекчиликтин жеке стилине (индивидуальный стиль руководства) шайкеш келген *«ханзаада»* («принц»), *«жеке керт баштын бийлиги»* («автократ»), *«пайгамбар»* («пророк») жана *«тиран»* аныктамаларын колдонууну сунуш кылышкан.

*М. Браун* лидерликтин «символдуу» жана «жаратмандык» («созидательный») деп аталган өнүттөрүнө (аспекттерине) өзгөчө басым жасаган.

«Саясый алакалардын социологиясы» («Социология политических отношений») деп аталган эмгегинде *Е. Вятр*аттуу изилдөөчү *идеологлидерлер* менен *прагматик лидерлерди* айырмалаган. *Идеолог лидер* бийлигир менен таасирин жоготуу коркунучунда турса да өз кыймылынын идеологиясына бекем бойдон калса, *лидер-прагматик* бийликти сактап калуу үчүн идеологиялык принциптеринен баш тартууга даяр. Лидер менен ага үзөңгүлөш, пикирлеш болгон адамдардын өз ара алакасын анализдөө менен Е. Вятр *лидер* төмөнкү *эки позициянын* бирөөн милдеттүү түрдө тандап алат деген тыянакка келген: ал *өкүлчүл лидер* катары өз тарапташтарынын эркин чагылдырат, же *харизматик* катары өзү тарапташтарынын эркин калыптандырат.

Лидерликтин типологиясына *Ф. Фидлер* өз салымын кошуп, ал *коюлган максатка бет алган лидерлер* менен *жеке алакага багыт алган лидерлерди* айырмалаган. «Лидер үчүн жагдай өтө жагымдуу болуп турган чакта» биринчи типтеги лидер эффективдүү болуп саналат, ал эми «жеке мамилеге таянган лидер өзү үчүн мелүүн жагымдуу же мелүүн жагымсыз болуп турган учурларда гана эффективдүү».

XX кылымдын 2-жарымынан тарта **«лидер»** жана **«лидерлик»** терминдерин жандап, өзгөчө көп оозго алына баштаган, «бийлик», «кадыр-барк», «аброй», «бедел», «үстөмдүк кылуу», «таасир этүү», «таасирлүү болуу», «мыйзамдуулук» («легитимдүүлүк»), «күч», «конфликт», түшүнүктөрү сыяктуу эле философия, саясат таануу (политология), социология, саясый социология, психология, этика, укутаануу илимдери тарабынан кенен колдонулган маанилүү жана көп кырдуу категориялардын катарына кирген **«харизма»** түшүнүгү эмнени туюнтат?

Заманбап илимде **харизма** боюнча М. Вебердинконцепциясы [9]теориялык жактан да, методологиялык жактан да абройлуу болуп эсептелгени менен, аты аталган автордун **«харизма»** терминине берген так кесе аныктамасы жок. Анын үстүнө, Вебердин теориялык мурастарына ойчулдар, илимпоздор, изилдөөчүлөр тарабынан берилген көп сандаган интерпретациялар бир жактуу эмес, ал тургай, айрым учурларда алар бири бирине карама каршы болгондуктан, М. Вебердин түшүнүмүндөгү «харизма» түшүнүгүнүн маанисин да бир беткей түшүнүү жок. *Эскерте кетсек*: бир окумуштуулар заманбап саясый процесстерди изилдөө үчүн **«саясый харизма»** түшүнүгүн кенен пайдаланса, башка окумуштуулар бул түшүнүктү саясый-коомдук феномендерге карата пайдалануу адекваттуу жана максаттуу эмес экендигин баса белгилешет.

М. Вебердин **«харизма»** түшүнүгү көп жактуу ченемдерге ээ. Алардын басымдуу көп бөлүгү илимий терең анализди талап кылат. Гректердин **«харизма»** (charisma) деген сөзү «*Кудайдын берген белеги*», «*Кудайдан келген ырыскы, оомат, дөөлөт*» («божественный дар», «дар благодати», «божья милость») деген маанини туюнтаарын билебиз. **Харизмалуу инсанга**, башкача айтканда, Кудайдын ырыскысы катары берилген уникалдуу сапаттар менен жөндөмдөргө ээ пенде катары сүрөттөлгөн апостолдорго (Иисустун алгачкы окуучулары менен шериктештери) алгачкы аныктаманы эрте христиан дини берген. Кийин «харизма» термини

христиандык теологиянын «Иерусалим храмында өтүүчү элүүлүк майрамында (на празднике пятидесятницы) ыйык рухтун апостолдорго төгүлгөн өзгөчө маанайдагы тогуз тартуусун белгилөө үчүн» колдонулган диний терминине айланып кеткен [7. 279].

Евроборбордук илим **«харизма»** термининин этимологиясын байыркы еврейлердин **«хэсэд»** - *ырыскы* жана байыркы гректердин **«харис»** - *жакшылык, кубаныч, сүйүнүч* деген сөздөрү менен байланыштырса да, заманбап гуманитардык илимдеги **«харизма»** түшүнүгү **касиеттүү Кыдырдын** же **Кызырдын ысымы** менен байланыштуу жаралган деген божомолдор бар.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы менен фольклордук материалдарында *адамзат пендесинин кайып пири, колдоочусу* жана *адам тукумунун сактоочусу* болуп **касиеттүү Кыдыр (Кызыр)** эсептелет. **Касиеттүү Кыдыр** таза рухтун, жакшылыктын, айкөлдүктүн жана калыстыктын символу болуп саналат [1; 8]. **Касиеттүү Кыдыр** колдогон жерде жакшылык менен айкөлдүк, бакыт менен таалай, ырыс менен дөөлөт төгүлүп-чачылып турат. Ошол эле учурда **касиеттүү Кыдыр** сакралдуу бийлик өкүлдөрү менен нарктуу династияларды да колдоп келет.

**Адабияттар:**


1. *Аалиева Г. К., Аалиева Н. К., Аалиева Ш. К.* Манасоведение. Учебное пособие. – Бишкек, 2014.
2. *Аалиева Г. К., Кыдыршаев З.* Концепция духовного возрождения: Всевышний мой - Теңир, покровители мои – Кыдыр+Умай, разум мой – Манас. – Бишкек, 2019.
3. *Ботояров К.* Кырк чоро // Манас. Энциклопедия. 1-бөлүк. – Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы; «Мурас» илимий-пропагандалык ишкер долбоору, 1995.
4. *Каралаев С.* Манас. 1-китеп.
5. *Каралаев С.* Семетей. 1-китеп.
6. *Орозбаков С.* Манас. 2-том.
7. Протестантизм: Словарь. - М., 1990.
8. *Сапанов З.* Кыдыр санжырасы. – Бишкек, 2016.
9. *Weber M.* Wirtschaft und Gesselschaft. - Bd. 2.



***Абдыбалиева К.***

И.К. Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы


## ЭЛДИК МЕДИЦИНА “МАНАС” ЭПОСУНДА

### НАРОДНАЯ МЕДИЦИНА В ЭПОСЕ “МАНАС”

### PUBLIC MEDICINE IN THE MANAS EPIC


***Аннотация**: Макалада элибиз байыртан эле медицина бүртүмдөрүн байма-бай колдонуп келишкени, медицинанын алгачкы кадамдарын өз ой туюмдары менен баштаганы эпостон кыскача үзүндүлөрдү келтирүү аркылуу баяндалат.*



***Түйүндүү сөздөр**: Эпос тариздери, талгактык, эңгил-деңгил, оозантуу, стресс, инфарк, оржемил, момия, кара дары, депрессия, насывай, жан кисе, кан майдан, ордо оюну, чоң казат.*



***Аннотация**: В статье приводятся элементы медицины, народное понимание врачевания, применяемые издревле, во всех разделах героическогокыргызского эпоса.*



***Ключевые слова**: Варианты сказания эпоса, токсикоз, потеря ориентира, проба пищи, стресс, инфарк, оржемил, момия, черное лекарство, депрессия, насывай, жан кисе, боевой фронт, игра в ордо, великий поход.*



***Annotation:**The article presents the elements of medicine applied from ancient times in all sections of the heroic Kyrgyz epic Manas.*



***Key words**: Variants of the epic legend, toxicosis, disorientation, to taste the food, stress, infarction, orzhemil-medicine, momia, black medicine, depression, saw, zhankise-medicine chest, battle front, ordo play, the great march.*


Көңкү элдердин катарына кирген кыргыздын Манас баатырдык эпосу бир гана биздин элдин – кыргыздардын туш тарабын тегиз камтыган тарыхы, аскердик илими, турмушту жөндөө жагдайлары, жандүйнө баарлашуусу (психология), табият менен таттуулашуу, аны сыйлай жана сактай билүү ыкмалары, таалим-тарбия кору эле эмес, дарыгерлиги менен адамдын биобирдик катары тукум улап, ден-соолукта чымыр жашоосуна жол көрсөтчү эбегейсиз чоң чыгарма. “Орто Азия элинин жашоо-тиричилигинин энциклопедиясы” – деп дүйнөлүк маанидеги гений жазуучу Чыңгыз Айтматов байма-бай белгилеп келгени – эпосту Кыргызстандын чегинен ары кенен жылдырып-жайылтып, географиясын кеңейтип, барк-парасатын көтөрүп, окурмандарын да эселеп көбөйтөт. Ал – айныксыз чындык.

Биздин, бул эпосто медицина кандай орунда турары, кандайча аны толуктаары жөнүндө сөз козгоп, ушул багытта билдирүү жасоо менен, элдик нукура дарыгерликти эске салуу менен, табиятка, түпкүлүгүбүзгө назар салуу оюбуз бар.

Кыргыз дүйнө таанымынын пайдубалы десек – пайдубалы, Эверест чокусу десек – ал дагы боло турган Манас эпосу – табигый өңүттөн алсак да, илимий талкуу болобу, катардагы окурмандын көз карашынан тигилсек деле, мухиттей чалкыйт. Бир нече муундар, жүздөгөн, миңдеген залкар, же аты элге белгисиз айтуучулар, акындар – манасчылар каралып жаткан түмөн миллиондогон ыр сабында эпостун негизги духун оозеки, ой тутумунда, мээсинде сактап, жүрөк толкутуп, эл казынасын бараандатып, байма-бай ал-алынча, акындык дарамет-парасатына жараша байытып келишкен. Ошолордун ичинен биздин тандообуз залкарлар: Сагынбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулунун айткан (ырдап берген) тариздерине түштү [1; 2] .

Эпостун кайсы таризи болбосун, аны толук кандуу талкуулоодон биз караманча алыспыз. Ага убакыт да, бир өмүр да жетпес. Болгону бир нече гана элестеринен кымчыма-кыстарма алып, элдик дарыгерлик багытына гана учкай улай, сереп салалы.

Хан Ногойдун уулу Жакып "Бай Жакып" аталып, элүүгө келип калса да, бала көрбөй, арманы айга жетип: "бала күнүмөн мал жыйдым, бала менен ишим жок; жүрөгүм менин чала экен, дүнүйө ээси бала экен; артыңда бала жок болсо, дүнүйөсү курусун, бузулуп калган калаа экен. Атам Ногой хан болду, Жакып кандай жан болду?!" [1] деп, кан какшап, кабатырланып жүргөндө, байбичеси Чыйырды кош бойлуу болуп, жолборстун жүрөгүнө *талгак* экенин: "Бал, шекерге карабайт, башка тамак жарабайт, жесем деп жолборс жүрөгүн, мындан башка самабайт; же тийбейт жолборс жүрөгү, жинди болуп байбиче, жеригинен жүдөдү" деп айтылган саптар баланы боюна көтөргөн аялдын физиологиясы өзгөрүп калганда, ага жеткиликтүү-жештүү, чүйгүн тамак-аш менен азыктанып, ымыракайдын толук кандуу өсүп жетилиши үчүн *талгагын кандыруу* зарылдыгы айтылган. Туш тарапка, мергендерге буюртма берип, эл-эли менен жолборс аңдып, атып, жүрөгүн алдырып беришип, *Чыйырды айымдын талгагы канып*, бала төрөлгөндө эле баатыр төрөлгөнү, табият менен эриш-аркак, чымыр, акыл-эси толук *болочок айкөлдүн жаралышын* шарттайт.

Акбалта келип, Жакыпка "Байбичең уул төрөдү!"- деп сүйүнчүлөгөндө, Жакып эси ооп калганы, сүйүнүчтөн да *стресс*, жүрөгү жарылып, *инфарк* болоору эскертилип турат.

Саякбай Каралаевдин айтуусундагы Манас эпосунда: "Ай бөксөрүп күн бүтүп, ак байбиче Чыйырды бүткөн экен боюна, бек сүйүнгөн кубаныч көңүлгө кабат толуптур; бир күн жатып байбиче *талгак кези* болуптур, күчтүү болуп *талгактык*, жинди да эмес, соо да эмес, оору да эмес, таза эмес, *эңгил-деңгил* болуптур"- деп кош бойлуу кезде, айрыкча жашы өйдөлөп, байбиче курагына чукулдап калган аялдарда физика-физиологиялык өзгөрүүлөр болоорун, аны (талгактыкты) өз учурунда басып, текши курсактагы ымыркайдын толук кандуу биологиялык-физикалык-физиологиялык өсүп жетилишин да, эненин ден-соолугун да чымыр камсыздоо зарылдыгын белгилейт. Жолборсту атып, анын жүрөгүн "кызыл чокко салыптыр, теңи – бышык, теңи – көө, азыраак – таза, көбү – күл, байбиче шер этине тоюптур, шер этине тойгон соң, урунганын коюптур, ооруганы басылды, дарт кумары жазылды" [2] деп тастыкталып, кош бойлуу аялдын психологиялык өзгөрүүлөрүн да эске алып, ага мындай кездерде аяр мамиле кылып, көңүлдөгүсүн оорундатуу парз экени түздөн-түз айтылган.

Чыйырдыны *төрөтүү ыкмасы* да нагыз элдик ыкма, – төрөт жолун оңойлото турган, ыңгайлуу, баканды карматып, тиретип, "Бала койсо чирешип, байбиче бою тердеди; бала катуу чиреди, байбиче бакан тиреди" [1] – деп, жарымдай олтуруп, бакан тиренип, чоң, *жумгактуу наристени* да *оңой-олтоң жарыкка келтирүү ыкмасы* берилген. Бул – элдин өтө акылмандуулук менен өмүр улоодогу иштиктүү, төрөп жаткан аялдын денсоолугун аяган, аяр, боорукер ыкмасы болуп келген.

Эненин ууз сүтү зарылдыгын бала жерге түшөр замат, "*оозантмакка* баланы, оозуна эмчек салганы" өтө маанилүү, ымыркайдын ден соолугуна эң керек экени айтылган. Манастын бала чактан баштап, өспүрүм курагында эле баатырдыгы, "хандан, бектен тартынбай", тайманбастыгы байкала баштаган. Ал башка теңтуш балдарынан өзгөчөлөнүп, алдыңкы катарда, баш-көз болуп, айланасына кырк өспүрүм жыйып, ордо ойноп, жоокердик духта өскөн. Шибе уруусунун башчысы, баатыры Музкиндик калмак ханы Молтонун буйругу менен келип, ордо оюнун кырк бала жолдошу менен ойноп жаткан Манаска тийишип, ордосун бузуп, кербен төөлөрүнө тебелеткенде, Манастын томпой менен аткан чүкөлөрү ыргып барып, эки төөнүн шыйрагын сындырып кетет. Төөлөрүнө кейип, ачуусу келген Музкиндикке Манас: "балабыз да биз эми" - деп жоошута айтканына көнбөгөндө, "Камынып турган Музкиндикти как жакадан алганы, кызыл өңгөч, кекиртек кошо кармап алганы, заманасын кууруду, чымчыктай башын сууруду" [1] – деп айтылып, анатомия бүртүмдөрү кошо чагылдырылат.

Эпостун залкарлыгын айгинелеген дагы бир жагдай, аны өтө маанилүү окуяларга жык толтуруп, тереңдете айткан нускалуу-залкар манасчы Сагынбай Орозбак уулунун таризи боюнча талдоо жүргүзсөк [1], анда Манастын кыз Сайкал менен беттешкени бөлүмүндө: "Найза тийген Манастан Сайкал сайган найзанын шыпырып алып түпөгүн, жылдырып сууруп алганы; суурулган жерден кан кетти, жаман жара экен деп, көрүп кыйла жан кетти; эти ачынып алыптыр, эринбей турган эр Манас ичи күйүп калыптыр; *оржемил* деген дарысын жутуп алды баарысын. Аккан каны басылып, айнектей көзү ачылып, каары бойдон чачылып, оңдоп алган кыягы, ачууланган бу Манас оңдурбастай сыягы..." – деп айтылып, кан токтотууга да, акыл-эсти жыюуга да *жан кисесине* (бүгүнкү күндүн дары-дармек кутучасы – аптечка) салып жүргөн дары-дармектерин, бул жерде тактап кетсек, *оржемил пайдаланганы, деги эле ар кезек-кези келгенде, кыйчалышта, жаракат алганда* колдоно жүрүшкөнү баса көрсөтүлөт.

Биз кепке тартып жаткан манасчынын төртилтик китебинин экинчи китебинде Манастын Оргу хан менен болгон согушунан кийин жарадар жоокерлер "... колу сынып, таңдырып, байлап жүргөн дагы бар; буту

сынган мунун деп, теректерден табышып, челек кылып чабышып, оюп жүргөн андан көп; колу чыккан экен деп, колтугунан көтөрүп, чоюп жүргөн сандан көп; сом жеринде ок бар деп, *тинтүүр* менен копшотуп, ок жуткуруп окшутуп, кустурма берип кустуруп, жүрөктөгү кара кан *оржемил* берип буздуруп; буту, колу сынганга *момия* дары издешип" [2], согуштан алган жараларын дарылап (алгачкы ортопедия жана травматология ыкмалары), сакайып кетишкен.

Ушул эле китепте "Алмамбет баатырдын капаланып келе жатып, Чүйдүн аягында Манас баатырга учураганы" бөлүгүндө Алмамбет казактардын Көкчө ханына таарынып, жалгыздык көйүнө муңканып, "... Ызылдаба, ызгыч куш, ырасын айтсам ушул иш, – канаттуудан сен жалгыз, какшыган чөлгө бүтүпсүң, кара баштан мен жалгыз, кайыры жок элге бүтүпмүн, кылып кыйла пайданы, кызматым жерге житипмин! Айланып келип башыма, не үчүн тиер кегиң бар?! Койсоңчу, ызгыч, кордобо, жолуман чыгып торобо, өзүңдү өзүң зордобо, Айдаркандын Көкчөдөй жалгызсың деп кордобо!" деп ызгыч кушка наалыш айтып, ал куштан бар дүйнөгө болгон ыза-муңун чыгарчудай, "Коломсокко кол салды, ошол кушка ок алды, Алмаңдын көргүн санатын, жебесин тагып жаасына, ызгычтын атты канатын, канатын огу сындырды, ызгычтын жанын тындырды ". Чыйраксынган ызгыч куш жер чукуп, Алманбеттин жолуна кулап түшөт, аны колуна эңип алып көрсө, тырп этерге алы жок, оор жарадар болгон. Анда Алманбеттин ызгыч кушка айтып турганы: "...алда жүн берген далыңа, аңдабай өзүн алыңа, Адамга не үчүн кыйылдың? Арманда өлүп атылдың; аңкыган чөлдө сен болдуң, ач арстан мен болдум, алыңды билбей не тийдиң? Сенден бетер мен дагы алымды билбей баш кошуп, ажалдын тонун мен кийдим. Эми берсе кудай жолумду, чечейин ажал тонумду, бүтүрөйүн канатың, бейкүнөө жанга катылбай, сен да тап деп жолуңду, *кайнатма кара* дары бар, канатың азыр бүтүрчү, канча *дармек* баары бар. Сүйкөй салып жарага, сынып калган канатын кыябына салганы, алып алтай кырмызы, канатын аста таңганы, дарыга канат сырдады, *талжибек* менен чырмады; учурмакка Алманбет ызгычты кармап ыргады" [1]. Ошентип жебе огунан жараланган кош канатын заматта айыктыруучу Алмаңдын *кара дарысы, жараатты таңган талжибек* – булар өз доорунун дарыгерлик шаймандары болгон, элдик медицинанын бир усулу боло келген.

"Баатырлардын согушу" бөлүмүндө (4-китепте) Алманбет, Сыргак менен Чубак Коңурбайдын кошуунуна каршы аттанышып, Коңурбайды Алмамбет жарадар кылып, найза сайганда, ал "шаркырап аккан канын жети дарыгерлеринин деми менен, дубасы менен токтотуп, өз тобун көздөй качып жүрүп кетиши" [2] баяндалат. Боз-Кертиктин ууга чыланган найзасынан далысына мерт жеген Алманбет өзү жасаган дармеги менен, мээр чөптүн тамырынан даярдаган гүлазыгы менен, Сыргакка айтып, ага дарысын септирип, жарааты "сен көр, мен көр жок болуп", сакайып кетет.

Чоң казатка чыгар алдында Алманбет тагдырына таарына, Каныкейге "өз болбодум элиме, өзгө болдум силерге, өлсөм мени ким көмөт?!" [1], деп зарлаганда, аны *депрессиядан*чыгаруу үчүн тил алдына *насывай* салып, *стрессин* таратышкан.

Дагы бир элес: Техес хандын сыйкырланган колу – жоокерлери менен согушканда кан майдан учурунда атылган мылтык түтүндөрүнөн Манастын көзү көрбөй калат. Бакай баш болуп чаап келгендер аны көрүшөт да, Манастын көзүнө мээр чөп дары тамчылатып, сакайтып алышат [2].

Ошентип, бүгүнкү медицинанын алгачкы эң жөнөкөй, бирок иштиктүү, денсоолукка пайдалуу бүртүмдөрү (элементтери) биздин элибиздин фольклорун гана эмес, дарыгерчилик, табыпчылык дараметин байыта жъръп, аны дүйнөлүк маданият менен адабияттын бийик чокусуна алып баруучу Манас эпосубуздун бардык бөлүмдөрүндө кездешет да, алар өз кезегинин алгы милдеттерин нускалуу аткарышып, жоокерлердин чымыр денелүү, тунук акылдуу болуп, бекем эрктүү атуулдук парзын баатырдык деңгээлде өтөшүп, элдин элдигин, мамлекеттин бүтүндүгүн сактоодо орчундуу пайдубал орунду ээлешкен. Маанилуусу – нукуралык, биологиялык-физикалык-физиологиялык негизге таянган усулдуктар, калктын табият менен таттуу мамилесин чынап, элдик дарыгерликтин тамыры боло келген.

**Адабияттар:**

1. Манас. 4 томдуктан турган кыргыз элинин баатырдык эпосу (Сагынбай Орозбак уулунун айтуусунда)- Фрунзе, Кыргызстан. - 1979-ж.
2. Манас – кыргыз элинин баатырдык эпосу. I-III томдуктары. Саякбай Каралаевдин айтуусунда- Бишкек, Кыргызстан. - 1995-ж.

***Абыласынова Г.И., Кадыркулова У.К.***
Иссык-Кульский государственный университет
им. К.Тыныстанова

# ВОПРОС ПОЛИКУЛЬТУРНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КӨП МАДАНИЯТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ МАСЕЛЕСИ

## THE ISSUE OF MULTICULTURAL EDUCATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

***Аннотация.*** *В статье авторами рассматривается одна из актуальнейших проблем современного образования – вопрос поликультурного образования. Данная статья направлена на анализ состояния, выявления проблем и перспектив внедрения поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республике. Авторы предлагают некоторые условия по повышению поликультурной ориентированности выпускников.*

***Ключевые слова:*** *интернационализация, глобализация, интеграция, иновационность, поликультурное образование, поликультурный подход, толерантность, полилингвизм.*

***Аннотация.*** *Макалада авторлор тарабынан азыркы учурдун көйгөйлүү маселелерини бири болгон көп маданияттуу билим берүү маселеси каралган. Макала Кыргыз Республикасындагы азыркы учурдагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүүнүн абалын, көйгөйлүү маселелерин жана келечегин анализдөөгө багытталган. Ошондой эле авторлор бүтүрүүчүлөрдү көп маданияттуулукка багыттоо боюнча кээ бир шарттарды сунуштаашат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *интернационализациялоо, глобализациялоо, интеграциялоо иновациялуулук, көп маданияттуу билим берүү, көп маданияттуулук мамилеси, толеранттуулук, полилингвизм.*

***Abstract:*** *In the article the authors consider one of the most urgent problems of modern education – the issue of multicultural education. This article aims to analyze the state, identify problems and prospects for the introduction of multicultural and multilingual education in the Kyrgyz Republic. The authors propose some conditions for increasing the multicultural orientation of graduates.*

***Key words:*** *internationalization, globalization, integration, innovation, multicultural education, multicultural approach, tolerance, multilingualism.*

В XXI веке, характеризующимся такими тенденциями как глобализация, интернационализация, интеграция одним из приоритетных направлений модернизации отечественного образования и дальнейшего развития всего кыргызстанского общества является поликультурное образование. Актуальность обращения к данной теме определяется тем, что в современном мире вопросы культурного многообразия, необходимости межнационального диалога и сотрудничества, соотношение национальных и общечеловеческих ценностей требуют особого внимания: с одной стороны, важным становится сохранить своеобразие этнокультур, а с другой, необходимо учесть их взаимовлияние на процессы глобализации, интеграции и интернационализации. Указанные тенденции инновационного развития образовательных систем многих стран, в том числе и Кыргызстана, определили цели поликультурного образования, которые заключаются в том, чтобы воспитать людей, «способных к эффективной жизнедеятельности в поликультурной среде, обладающих обостренным чувством понимания и уважения других культур, умением жить в мире и согласии с представителями разных национальностей, рас, верований»[10,2], другими словами, необходимо создать условия для подготовки подрастающего поколения к жизни в поликультурном обществе.

Вхождение Кыргызстана в мировое образовательное пространство, принятие принципов Болонской декларации повышает мобильность студентов и преподавательского состава, повышает академический обмен студентов и преподавателей, в этой связи повышается необходимость принятия иноязычной культуры, традиций. Как отмечает Т.А.Краснова, «развитие современной цивилизации, связанное со стремлением отдельных личностей и целых народов обрести свою этническую идентичность и утвердить ее для своего социокультурного окружения, является одним из факторов актуализации поликультурного образования. При этом научно-технический прогресс и информатизация общества оказывают большое влияние на формирование поликультурного пространства». [11, с. 22]. Выступая 27 марта 2019 года на первом форуме ректоров ВУЗов Кыргызстана и России, Президент Кыргызстана С. Жээнбеков отметил, что вопросы содействия развития социокультурной и научно-образовательной интеграции Евразийского пространства, исследования, направленные на изучение истории, культуры, традиций наших народов, имеют очень важное значение для будущего наших стран, образование воспитывает уважение к разным культурам и языкам» [16]. Бесспорно, актуальность поликультурного образования определяется также экономическим, политическим, культурным и социальным развитием общества

Кыргызская Республика является молодым, независимым, многонациональным государством, на территории которой проживают представители более ста этнических групп со своей историей, языком, культурными особенностями.

К сожалению, трагические события 2010 года, произошедшие в южном регионе страны, события 2012 года в Чуйском регионе, митинги в январе 2019 года показали, что в Кыргызстане имеют место межэтнические разногласия и недопонимания. Обнаруживается неготовность молодых людей жить в поликультурном обществе, неумение разрешать конфликты ненасильственными методами, и, в конечном итоге, низкий уровень социальной компетентности.

Международная комиссия ЮНЕСКО по образованию для XXI века во главе с Жаком Делором определила четыре «столпа» образования 21 века, четыре ключевых компетентности для образования будущего, одна из которых – «**учиться жить вместе**». В этом важном документе подчеркнуто, что обучение и воспитание должны содействовать тому, чтобы «с одной стороны, человек осознал свои корни и тем самым мог определить место, которое он занимает в современном мире, а с другой – привить ему уважение к другим культурам» [ 12 ] Задачей современного образования в этом контексте является «освоение подрастающим поколением культурных сокровищ собственного народа и воспитание уважительного отношения к культурным ценностям иных национальностей [10,3]

В этой связи возникает острая необходимость перестраивать отечественную систему таким образом, чтобы национальное образование стало средством интеграции в полиэтнических и поликультурных обществах, обеспечивало сохранение и развитие этнического, культурного и религиозного разнообразия. «Важным ответом на данный вызов может стать развитие поликультурного и многоязычного образования на всех ступенях образования Кыргызской Республики» [8,4].

**Ведущим методом** в исследовании анализа состояния, выявления проблем, определения перспектив поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республике явился метод теоретического анализа научно-методической литературы, нормативно-правовых документов в области поликультурного и многоязычного образования.

**Методологической основой** нашего анализа явились исследования российских, зарубежных, кыргызстанских ученых, а также нормативно-правовая документация. В Энциклопедическом словаре педагога поликультурное образование трактуется как «образование, построенное на идеях подготовки подрастающего поколения к жизни в условиях многонациональной и поликультурной среды. Целью такого образования является формирование умения общаться и сотрудничать с людьми разных национальностей, рас, вероисповеданий, воспитание понимания своеобразия других культур, искоренение негативного отношения к ним. Современный человек должен быть толерантным, терпимым, с развитым чувством уважения к людям иной культуры, умеющим жить с ними в мире и согласии, с готовностью к активному взаимодействию» [1, 125]

Ретроспективный анализ идеи поликультурности свидетельствует о наличии глубоких исторических корней. Мысли о необходимости развития личности ребенка в поликультурной среде развивались в философских и педагогических трудах Ж.Ж.Руссо, И. Канта, А. Дистервега, Я. А. Коменского, И. Л. Песталоцци, П. Ф. Каптерева, А. С. Макаренко, В. А. Сухомлинского, К. Д. Ушинского и др. Достаточно вспомнить слова Я.А.Коменского о воспитании умений жить с другими. Схожее мнение можно увидеть в размышлениях Н.И.Пирогова, Н.К.Рериха, Н.А.Бердяева о взаимосвязи национального и общечеловеческого при «благодетельном синтезе» культуры и образования.

Современные педагоги также уделяют большое внимание понятию поликультурности. По мнению Е.В. Бондаревской, «поликультурность» означает создание различных культурных сред, где будет осуществляться развитие человека, и где он будет приобретать опыт культуросообразного поведения и ему будет оказана помощь в культурной самоидентификации и самореализации творческих задатков и способностей [3, с. 26].

На сегодняшний день в сфере кыргызстанского образования поликультурное воспитание и многоязычное образование также становятся объектом пристального внимания ученых, специалистов, педагогов, психологов, широкой общественности, вызывая бурное обсуждение. В Концепции развития образования в Кыргызской Республике до 2020 года отмечается необходимость рассмотрения культурного и этнического разнообразия как важного ресурса развития современного общества [8].

**Результаты анализа нормативно-правовой базы** поликультурного и многоязычного образования в КР. В нашей стране проживают десятки разных этнических групп со своей историей, традицией, национально-культурными особенностями и языком. Министерством образования и науки КР разработана “Концепция поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республики”(2008г.), которое является документом, обеспечивающий стратегические подходы в соответствии с современными требованиями в области поликультурного и многоязычного образования, целью которой являются содействие обеспечению межнационального согласия, единства и целостности страны, на основе сохранения языкового и культурного многообразия Кыргызской Республики; переход от многоязычной страны - к многоязычному индивиду"; формирование многоязычного гражданина КР, обладающего навыками жизни в поликультурном обществе. В КР разработана достаточная нормативно-правовая база по развитию поликультурного и многоязычного образования, включающая Конституцию Кыргызской Республики (ст. 45 и др.); Закон «О государственном языке Кыргызской Республики»; Закон «Об официальном языке Кыргызской Республики»; Национальная стратегия устойчивого развития КР на период 2013-2017 годы; «Жаны доорго кырк кадам 2018-2023-жылдарга», «Национальная программа развития государственного языка и совершенствования языковой политики в Кыргызской Республике на 2014-2020 годы»; «Концепция укрепления единства народа и межэтнических отношений в Кыргызской Республики» и «План первоочередных мероприятий на период 2013-2017 годы»; «Концепция развития образования до 2020 года»; «Стратегия развития образования в Кыргызской

Республике на 2012-2020 годы»; «Концепция поликультурного образования в Кыргызской Республике» и «Целевая программа развития поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республике на 2008-2020 годы».

**Результаты анализа состояния поликультурного образования**. Процесс внедрения поликультурного и многоязычного образования в Кыргызстане находится на начальном этапе. Так, еще в 2000-2004 гг. была осуществлена попытка ввести в Кыргызстане многоязычное образование и поликультурное воспитание. Швейцарская организация СИМЕРА, а затем и ассоциация "Тил-Дил" внедряли двух- и трёхъязычные модели обучения в детских садах и начальной школе в Бишкеке, Джалал-Абадской, Нарынской, Ошской, Чуйской областях. Методика была успешно апробирована, но инициатива, к сожалению, не получила дальнейшего распространения. В данное время определены основные направления профессионального развития педагогов, в этом немаловажное значение имело изучение опыта внедрения многоязычного образования в Казахстане, Грузии, Эстонии, Латвии "Многоязычное и поликультурное образование в целях интеграции". Полученный опыт обобщается, анализируется и используется для создания и совершенствования многоязычных и образовательных программ.

Многоязычное образование и поликультурное воспитание начинается с развития родного языка и постепенного добавления других языков. В настоящее время в Кыргызстане по программе многоязычного образования проводится ряд конкретных мероприятий, семинаров, конференции с участием сотрудников Министерства образовании и науки Кыргызской Республики, Детского фонда ООН в Кыргызской Республике ЮНИСЕФ, которое работает над проектом «Единство в многообразии». Этот пилотный проект нацелен на продвижении многоязычного образования в Кыргызстане на всех ступенях образовательной системы. В пилотировании данного проекта приняли участие 78 школ (около 3%), 17 детских садов, 5 вузов педагогического направления, 10144 учащихся (20% от общего числа учащихся пилотных школ), более 500 педагогов. В реализации программы многоязычного образования приняли участие образовательные организации всех 7 регионов Кыргызстана (детские сады, школы, вузы): Иссык-Кульская область, Нарынская область, Баткенская области, Чуйская, Ошская, Джалал-Абадская, Таласская области. Всего 78 175 человек.

Многоязычное образование предоставляет для большинства дошкольных организаций Кыргызстана большие возможности для развития языковой компетентности. Известно, что ранее приобщение ребенка к овладению языком проходит гораздо легче и безболезненно, чем в старшем возрасте, и у него больше шансов для совершенного овладения вторым языком, но только в том случае, когда обучение правильно организовано. Усвоение второго языка в дошкольных образовательных организациях происходит как на специальных занятиях по языку, так и на занятиях по всем разделам программы и в ситуациях повседневной жизни. При обучении детей второму языку необходимо стремиться, в первую очередь, вызвать и развить их интерес к предмету. Если дети заинтересованы в обучении, они легко преодолевают трудности, хорошо овладевают материалом, у них формируются прочные речевые умения и навыки. Для дошкольных организаций целесообразно использовать модель частичного погружения (1 человек – 1 язык). Акцентировать внимание на знакомство с целевым языком через развитие элементарных коммуникативных навыков в процессе повседневной практики, на уроках физкультуры, рисования, музыки и др. Не забывать делать опору на родной язык.

В начальной школе программа многоязычного образования подразумевает 30-50% учебного времени на частичное или двустороннее погружение. От одного до пяти предметов ведутся на целевом языке. После адаптации учащихся, доля использования целевого языка повышается, вплоть до полного погружения в рамках пилотного проекта. В преподавании государственного/официального и иностранного языка используется коммуникативно-функциональный подход. Методической основой является Content and language integrated Learning (CLIL) – интегрированное обучение предмету и языку.

Средняя и старшая ступени школы реализуют многоязычное и поликультурное образование через развитие устных коммуникативных навыков или развитие языка на академическом уровне для получения профессионального образования на целевом языке, которое определяется набором предметов, изучаемые на целевом языке в режиме частичного или полного погружения. Продолжается языковое погружение на предметах, которые изучались на билингвальной основе на первом этапе. Методической основой является интегрированное обучение предмету и языку CLIL с использованием коммуникативно-функционального подхода.

Внедрение поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республике предоставляет ряд преимуществ:

- Укрепляет социальную сплоченность в обществе;
- Создает условия для сохранения культурного и языкового многообразия общества и повышения культуры межнационального общения;
- Предоставляет учащимся более широкие возможности для получения качественного образования, развивает языковую компетентность, способствует формированию коммуникативных навыков и навыков межкультурного общения, пониманию ценности многообразия общества и толерантности.

**Результаты** внедрения поликультурного и многоязычного образования в школах:

- Среди учителей значительно выросла заинтересованность в профессиональном росте и возможностях развития;

- В 4 вузах страны началась апробация программ подготовки учителей для многоязычных школ и ДОО, 1295 студентов обучаются в 38 группах бакалавриатских программ;
- В Баткенском госуниверситете началась подготовка преподавательского состава;
- На базе Республиканского института повышения квалификации создан Центр инновационных технологий повышения квалификации преподавателей языков, в функции которого входит деятельность по поддержке родного, второго, иностранного языков, а также мониторинг программ многоязычного образования;
- Разработаны и апробированы курсы повышения квалификации на основе модульно-накопительной системы:

- по планированию программ многоязычного образования для руководителей образовательных организаций;

- по методике преподавания второго языка для учителей государственного и официального языков;

- по методике интегрированного обучения предмету и языку для учителей предметов;

- по методике развития речевых навыков ребенка для воспитателей ДОО;

- по коммуникативной методике обучения государственному языку для преподавателей государственного языка в ДОО.

- Более 350 педагогов и представителей системы образования Кыргызстана ознакомились с опытом работы многоязычных школ в Казахстане, более 40 человек – в Эстонии, 10 человек – в Финляндии.
- Программа «Многоязычное и поликультурное образование» позволила Кыргызстану представить свой опыт и получить поддержку экспертов из Латвии, Эстонии, Финляндии, России, Нидерландов, Грузии и др.
- Подготовлены национальные тренеры и консультанты, а также разработан курс повышения квалификации по коммуникативно-функциональной методике обучения целевому языку и оцениванию образовательных достижений учащихся.
- Активно продолжается сотрудничество с командами Центра «Innove» и Нарвского колледжа из Эстонии по освоению подхода CLIL (интегрированное обучению предмету и языку) в дистантном формате – вебинары, консультации, мастер-классы и др.

В Кыргызстане разработана «Программа по внедрению многоязычного образования в Кыргызской Республике до 2030 года», целью которого является поэтапное внедрение многоязычного образования на всех уровнях образования в Кыргызской Республике в качестве инструмента интеграции общества и развития человеческого капитала.

**Дискуссионные вопросы.** В решении вопроса поликультурного и многоязычного образования в Кыргызстане существуют проблемы и противоречия, причина которых, с одной стороны – усилия педагогов, направленные на воспитание человека, способного выстраивать взаимоотношения и развиваться в поликультурном пространстве, а с другой стороны – низкий уровень этой самой культуры и в процессе межличностного общения, и в деловой среде. Используемая в школах и в вузе методика преподавания языков и действующие учебники не соответствуют современным подходам в обучении многоязычному образованию. Остутствуют педагоги, которые могут преподавать предметы на английском и др.языках, владеющих методикой интегрированного обучения предмету и языку; отсутствуют системы поддержки и мотивации педагогов для работы в многоязычных программах; на системном уровне не обеспечен мониторинг и контроль за результатами обучения, и наконец, нескоординированны действия в различных программах и отсутствует финансирование. Анализ готовности выпускников-педагогов к деятельности в поликультурном обществе подтверждает, что их профессиональный и культурный уровень не всегда отвечает выдвигаемым требованиям.

Анализ взаимосвязи образования и культуры, проживающих народов в республике, выявил необходимость построения образовательного процесса в вузах на принципах поликультурного подхода, что в свою очередь обуславливает признания и перехода от знаниевого к личностно-ориентированному обучению, определяющего формирование компетенции готовности к деятельности в многокультурном обществе с умением ценностного отношения к себе и другим. В подготовке будущих учителей к деятельности в поликультурном пространстве, в конечных образовательных целях не упоминались и не указывались выработка толерантности к другим культурам. Отрадно отметить, что в новом Государственном образовательном стандарте высшего профессионального образования Кыргызской Республики в обязательное требование подготовки бакалавров включена следующая компетенция:

"способен следовать этическим и правовым нормам, регулирующим отношения в поликультурном обществе и создавать равные возможности для обучающихся независимо от межкультурных различий (СЛК-2(социально-личностные компетенции) [5,92], а также четко указано в ожидаемых результатах общего цикла: умеет "анализировать культуру, традиции кыргызского народа, других народов, быть готовым к социальному взаимодействию с представителями разных народов" [5,98].

Поликультурное образование в инновационной подготовке студентов высшей школе КР способствует созданию поликультурной среды, которая призвана за счет диалогового общения, познания, созидания и приобщения студентов к национальной и общечеловеческой культуре воспитывать профессионализм в его культурной идентификации. Познание поликультуры способствует развитию языковых навыков студентов и обеспечивает дальнейшую самореализацию личности в поликультурном мире, способствует быстрейшей социализации выпускников. Несмотря на наличие развитой нормативно-правовой базы для поддержки

внедрения поликультурного образования в Кыргызской Республике, в них не расписан механизм формирования данной компетенции и пошаговые этапы достижения данного результата. Проблема формирования данной компетенции представлена преподавательскому составу, которые включают их в цели и задачи при учебном и воспитательном процессе.

**Выводы и рекомендации**. Для реализации обозначенной цели необходимо:

- на основе обобщенного опыта пилотных организаций внедрить инновационные подходы в практику многоязычного образования с учетом культурных, социально-экономических потребностей и региональных особенностей;
- разработать и внедрить механизмы мониторинга, оценки и контроля программ многоязычного образования;
- обеспечить устойчивые источники и формы финансирования поликультурного и многоязычного образования.
- подготовить студентов педагогических специальностей с учетом современных методических требований, включая обучение CLIL;
- повысить методическую и языковую подготовку работающих педагогов через внедрение смешанного и дистанционного форматов повышения квалификации (на базе Центра инновационных технологий РИПКиППР и других организаций);
- определить критерии и показатели готовности будущих педагогов к деятельности в поликультурном образовательном учреждении;
- разработать модель поликультурно-ориентированного педагога;
- выявить и обосновать систему условий и путей, обеспечивающих эффективную подготовку поликультурно-ориентированного педагога;
- разработать научные и учебно-методические рекомендации для педагогов по овладению и применению основ поликультурного и многоязычного образования.

В задачи поликультурного воспитания молодежи входит, в первую очередь, формирование позитивного отношения к разнообразию культур, акцентирование внимания на сходстве между культурами, развития чувства общности и принадлежности к одной стране – Кыргызстану.

Отмечая компоненты подготовки будущих специалистов для деятельности в поликультурном обществе, можно выделить следующие условия для усиления подготовки поликультурной ориентированности выпускников:

- разработка учебных программ в с учетом поликультурной ориентированности: обязательное изучение (или знакомство) с культурой большого количества народов (в зависимости от географического, социального , этнических факторов); предоставление в курсах выборов большее количество дисциплин, связанных с историей, культурой, искусством других народов;

- включение в обязательное изучение не менее трех и больше языков;

-создание интегрированных курсов, акцентирование внимания на межпредметную связь;

-регулярное проведение мероприятий, предусматривающих активное взаимодейстиве представителей различных культур;

-формирование культурной идентичности в мероприятиях межрегионального характера

Подготовка кадров будущего, требует формирования педагогов нового формата или типа - посредника между культурами, готового к межкультурному диалогу, способного к разработке и осуществлению культуросообразных педагогических технологий. Поликультурное воспитание должно занимать важное место на данной ступени образовательного процесса.

**Литература:**

1. Безрукова В.С. Энциклопедический словарь педагога. -Екатеринбург, 2000.
2. Бессарабова И.С. Поликультурность образования как философская и психолого-педагогическая проблема// Современные проблемы науки и образования. 2007, №3, с.63-67
3. Бондаревская А.И. Культурно-образовательное пространство вуза как среда профессионально-личностного саморазвития студентов / Монография. – Ростов н/Д.: Булат, 2010.
4. Выготский Л.С. Психология. – М.: ЭКСМО-Пресс, 2000, с.443.
5. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования Кыргызской Республики. – Бишкек, 2015.
6. Джуринский А.Н. Поликультурное образование в многонациональном социуме./ Учебник и практикум. -М.: Юрайт, 2016, 257 с.
7. Звягинцева Е.П., Валиахметова Л.В. Феномен поликультурности, его идеи и принципы в образовательном пространстве современной России// Журнал научных публикаций аспирантов. - М., 2014
8. Концепция развития образования в Кыргызской Республике до 2020 года.- Бишкек, 2008
9. Концепция этнической политики и консолидации общества Кыргызской Республики. –Бишкек, 2011
10. Концепция поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республики. – Бишкек, 2008

11. Краснова Т.А. Анализ теоретических основ поликультурного воспитания школьников в современных условиях//Педагогика и психология образования. - 2013, с.21-27
12. Образование – сокрытое сокровище: доклад международной конференции по образованию для XXI века, представленный ЮНЕСКО. -Париж: ЮНЕСКО, 1997, с.52
13. Филонов Г. Н. Теория поликультурного образовательного пространства / Педагогика. 2006, №3. – с. 102-105.
14. Хомяков М.Б. Толерантность: парадоксальная ценность / Журнал социологии и социальной антропологии. – 2003, № 4. – с. 98 – 113.
15. Интернет источник: Проблемы подготовки будущего учителя к педагогической деятельности в поликультурном образовательном пространстве http://www.dissercat.com/content/podgotovka-budushchego-pedagoga-k-deyatelnosti-v-polikulturnom-obrazovatelnom-uchrezhdenii#ixzz5c6VG49nT
16. Интернет источник: kg.akipress.org/news:1537006/?f=cp.

***Акматов Н.А.***
Кыргызская государственная академия физической культуры и спорта.

## ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ АСКЕРГЕ ЧЕЙИНКИ ДАЯРДОО МУГАЛИМДЕРИНИН ИШБИЛГИЛИК АБАЛЫ

## КОМПЕТЕНТНОСТЬ УЧИТЕЛЕЙ ДОПРИЗЫВНОЙ ПОДГОТОВКИ В СРЕДНЕЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ

## STATUS OF PROFESSIONAL COMPETENCE OF TEACHERS OF DOPRISIVE TRAINING IN SCHOOLS

***Аннотация:****В статьеприводится состояние профессиональные компетенции преподавателей Допризывной подготовки молодежи*
***Ключевые слова:****Допризывная подготовка молодежи, педагогика, культура, учитель, психология, физическая культура, учащийся.*
***Аннотация:*** *Макалада аскерге чейинки даярдоо мугалимдердин азыркы убактагы профессионалдык ишбилгилик абалы корсотулду.*
***Түйүндүү сөздөр:*** *аскерге чейинки даярдык, педагогика, маданият, психология, мугалим, дене-тарбия, окуучу.*
***Abstract.*** *The article describes the state of the professional competence of teachers of the Youth's pre-conscription training.*
***Keywords:*** *pre-conscription youth training, pedagogy, culture, teacher, psychology, physical culture, student.*

Баардык мектептерде – окутуунун, тарбиянын башаты болуп, биринчи орунду мугалим ээлейт. Ал болочоктогу түрдүү кесиптин ээлерине татыктуу билим берүү менен бирге, жогорку денгээлде тарбия берип келет. Жаштардын жеке багыт алууга мугалимдин башкы максаты: коомдо жаштардын мүчө катары, өз алдынча иштеп кетүүгө тура багыт көрсөтүү. Жаштардын жана коомдун ортосунда маданият турат. Өспүрүм коомдун бир бөлүгү болуп, өзүнүн руханий негизин табат. Азыркы, жаш мамлекетибиздин социалдык, экономикалык өнүгүү убагында, аскердик техникалар, радиация жана химиялык заттарды аныктоо аспаптары күн сайын жаңыруусунда – Аскерге чейинки даярдоо (АЧД) сабагынан берген окутуучуга (жетекчисине) коюлган талаптарда өсүүдө.

Кыргыз жерин, анын көп жылдык тарыхын, баштапкы кайталангыс элдик маданиятын, элдик урп-адат, салтын жана чыгармачылыгын Ата-Мекенди сыйлоого жана сүйүүгө тарбиялоодо – улуттук өзгөчөлүгүн, регионалдык байтүбүнө ылайыктуу эсепке албаса, педагогикалык ой жүгүртүүгө жеткиликтүү таасирин тийгизе албайт жана аскер патриоттуулукка тарбиялоодо чоң таасирин тийгизет[1,2].

Азыркы убакта АЧД жетекчиси: жогорку маданияттуу, теория жагынан даяр, жөндөмдүү психолог жана тарбиялоочу, өзүнүн тажрыйбасы аркылуу мажбурлоосуз окуучуларды өзүнүтартып турган, сабак убагында түрдүү кырдаалдарды баалап, тура чечим кабыл ала турган мугалим болуш керек[3].

Изилдөөнүн максаты: азыркы убактагы аскерге чейинки даярдоо мугалиминин профессионалдык ишбилгилик абалы.

Изилдөөнүн ыкмалары: анкета толтуруу; индукция жана дедукция; атайы адабияттарды талдоо; жыйынтыктоо;

Изилдөөнүн милдеттери:орто билим берүү мекемелеринде аскерге чейинки даярдоо мугалимдердин профессионалдык ишбилгилигин иликтөө.

Педагог канчалык курч болбосун, өзүнүн сабагын абдан жакшы билсе, ошондо аны угушат жана сыйлашат. Ал канчалык боорукер, күнүгө балдарга баа берсин, өзүнүн сабагын билбесе – аны эч ким укпайт.

Ал ар дайым шылдың жана кемсинтүүнүн объектиси болот. Урматтоо жоктугунан ага жаман оюн-зоок даярдашат [4].

Педагогикалык маданият – жалпы маданияттын бир бөлүгү, руханий жана материалдык баалуулуктар анын жогорку деңгээлде чагылтуу, ошондой эле тарыхый процесстин алмашууда жана инсандын социалдашууда тейлөө үчүн адамзатка зарыл чыгармачылык менен педагогикалык ыкмалар[5].

Өздүккесиптик педагогикалык маданияттык кубулушу: дуйнөлүк коз-караш, идеялык, адептуулук, интеллектуалдуулук, эмоциялык, эстетикалык, дене-тарбиялык, практикалык кыймылдардын аспектисинин кошуундун натыйжасында келип чыгат. Анын негизги кошууну болуп: педагогикалык багыт алуу; психо–педагогикалык эрудиция; интеллигенттуулук; заманбап педагогикалык ой жүгүртүү; педагогикалык чеберчилик жана күнүмдүк алып барууну уюштуруу; илимий изилдөө жана окуу-тарбия иштерди натыйжалуу айкалыштыра билүү; өздүк сапаттарды профессионалдык,педагогикалык иште айкалыштыруу; педагогикалык багытты, күнүмдүк тартибин жалпылоо; ар-дайым өзүн-өзү окутууга, тарбиялоого умтулуу[6].

АЧД жана дене-тарбия мугалиминин педагогикалык маданияты бул татаал түзүлүш, ал жогору көрсөтүлгөндөн маданияттар менен биргеликте: руханий жашоо, өздүк башкаруу, өздүк жүрүм турум жана байланыш, сезим, ой жүгүртүү, сүйлөө, методикалык маданиятты камтыйт. Маданияттын баштапкы көрсөткүчү – бул өзүнүн профессионалдык ишбилгилиги.

Билим берүүдө ар бир мугалимдин өзүнүн сабагына жараша түрлүү, кен жана чектүү милдеттери бар. АЧД мугалиминин дагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Өкмөт жоболорунда тиешелүү чектелген милдеттери көрсөтүлгөн. Аскерге чакырылуучуларды (жоокерлерди) дене-тарбия жана психикалык жактан даярдоо – кужүрмөн (согуштук) даярдоонун негизги бөлүгү [7].

Заманбап АЧД жана дене-тарбия мугалими азыркы мезгилдин талабына жооп бере тургандай билимге ээ болгон адистерди даярдоо Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясынын негизги максаты жана багыты.

Изилдөөнүн жыйынтыгы: Анкета толтурган 42 орто мектептерде жана лицей, колледждерде АЧД сабагын берген мугалимдер катышты. Региондор боюнча: Бишкек шаары- 9(21.4%); Чуй – 10 (23.8%); Ысык-Көл – 6(14.3%); Талас – 6(14.3%); Нарын – 8(19%); Баткен – 3(7.1%).

Анкетаны талдоодо бизге маалым болду: мугалимдердин жогорку билимдүүлөрү – 28(66.7%), бутпогон жогорку билимдүүлөр – 3(7.1%), атайы орто билимдүү– 10(23.8), орто – 1 (2.4%). Жогорку билимдүү мугалимдердин КМДжСАнын АЧД кафедрасын бүткөндөр болгону 7(16.7%). Жогорку аскердик окуу жайларын бүткөндөр – 11 (26.1%). Көпчүлүк мугалимдердин АЧД сабагына тиешеси да жок, мугалимдин жетишпегендигине байланыштуу сабак өтүп жатышат.

Аскердик наамдары: улук офицерлер – 7(16.7%), кенже офицерлер – 15(35.7%), прапорщик – 1(2.4%), сержанттар – 9(21.4%), катардагы жоокерлер – 10(23.8%). КР- АЧД жобосунда, жогорку билимдүү сержанттар жана катардагы жоокерлерге АЧД сабагын берүүгө уруксат берилген.

Негизинен адистиктер төмөнкүлөр болуш керек:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүүчү уюмдарынын “жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо жана дене тарбиялык тарбиялоо” адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрү;
- жогорку же орто аскердик билими бар, керектүү аскердик билимдерге, жогорку моралдык сапаттарга ээ болгон жана окуучуларды окутууга жана тарбиялоого жөндөмдүү запастагы жана отставкадагы офицерлер, ошондой эле жогорку педагогикалык билими бар запастагы тажрыйбалуу сержанттардан жана жоокерлерден[8].

Жаш категориясы: 1951-1970 жылдары төрөлгөндөр -20(47.6%), 1971 – 1991 жылдары төрөлгөндөр -16(38%), 1992- жылдан азыркы мезгил – 6(14.3%). 24(57%) мугалим 45 жаштан өткөндөр(СССР убагында окугандар жана кызмат кылгандар).

Мугалимдерге берилген суроолор ар түрдүү болду, анкетаны толтурганга убакыт ченеми болгон жок.

1-суроо: АЧД сабагын откоруудо КР кайсы жоболорун(положение) колдоносуз? Туура жооп бергендер – 18(42.9%) , туура эмес – 24(57.1%). Мугалим –мамлекеттин мыйзамдарыны, жоболоруна көңүл бөлбөйт.(2014 жыл, 11 февральдагы, № 87, АЧД жөнүндө жобо)

2-суроо: АЧД сабагынын жаш муундарга тийгизген таасири кандай?

Баа бере албайм же жооп жазган эмес – 12(28.6%), баа бере алат- 30(71.4%). АЧД сабагынан берген мугалимдердин педагогикалык ой жүгүртүү маданияты төмөн. АЧД сабагынын жаш муундарга тийгизген таасири “чоң” –деп эле жазгандар бар.

5-суроо: АЧД сабагынын бөлөк сабактар менен айкалышы жана иш алып баруусу? Жооп берген эмес – 13(31%), бир эле сабак менен айкалышат-11 (26.1%), көп сабактар менен- 18(42.9%). АЧД сабагы – 11 класска чейин кайсы сабактар өтүлбөсүн баардыгын камтыйт: (алгера – аралыкты аныктоо, астрономия – жылдыз менен горизонтту табуу, химия – химиялык курал, анатомия – биринчи медициналык жардам берүү, физика – ядролук курал, география – топографиялык карта ж.б.). Биргеликте 4(9.5%) эле мугалим иш алып барышат. Дене-тарбия мугалими менен биргеликте , “Эр-жигит” аскер –спорттук эстафетаны уюштурушат. Класс жетекчиси менен биргеликте – аскердик музейлерге алып баруу, кыргыз жана орус тил мугалимдери менен бирге – аскердик (согуштук) ырларды окутуу, физика мугалими менен бирге – аэроплан, аскердик робот кружокторду ачуу, география мугалими менен бирге – компас менен балдарды иштетүү ж.б.

6-суроо: Класстан сырткаркы окуу. Жооп берген эмес же түшүнбөйт -13(31%), жооп бергендер жалпы – 29(69%)(бир эле иш-чара - ардагерлер менен жолугушуу – 13(31%), канаттандырарлык – 16(38%)).

АЧД жетекчиси балдардын аскер техникаларын сүйүүгө, аскер –патриоттуулукка, кругозорун кенейтүүгө, окуучунун жекече керектөөсүнө мекенди коргоону популяризациялоо – түз милдети.

7-суроо: Сунуштар? Жок же жооп берген эмес – 14(33.3%), бар- 28(66.7%)(бир эле сунуш 21(50%- мугалимдерди кайра окутуу – 18(42.9%), айлык маяна аз – 3(7.1%)), көп сунуштар – 8(19%)).

Мугалимдин чечкиндүүлүгү, озунун ой-пикирин кандай гана түрдө болбосун(жазуу, сүйлөө, лекция ж.б.) окуучуга, элге жеткирүүнү билүүгө тийиш. Балдарга ар-дайым үлгү болуш керек. Мамлекет болгондон кийин анын сөзсүз армиясы болуш керек. АЧД армиянын башаты.

Жыйынтык: АЧД мугалимдеринин азыркы ишбилгилик абалы, жаштарды аскер кызматына чакыруусу, мамлекеттик стандартка жана талаптарга жооп бергис болуп чыкты. АЧД сабагынан окуу материалдык базанын жоктугу жана эскилиги. Ал акыбал АЧД сабагынын мугалимдерге айлык-маянанын аздыгы, көп региондордо АЧД сабагы “саатчы”(часовик) болуп өтүүсү жана мамлекетибиздин жаштардын аскер-патриоттулук маданиятына көңүл кош карагандык.

Сунуш:АЧД мугалимдердин квалификациясын жогорулатууну борборлоштуруп, бир калыпта өткөрүү. Окуу материалдарын мамлекеттик тилге которуп, орто билим берүү мекемелерине таратуу абзел.

Изилдөөнү кеңейтип улантуу керек. Суроолорду педагогикалык ишбилгилик боюнча көбөйтуп, баардык региондорго өткөрүү.

**Адабияттар:**


Мусалиева К.К., Исакова Ж.Ж., Джунушбаева А.О.Этнопедагогическое воспитание будущих педагогов физической культуры и спорта//Вестник КГАФКиС 2017, №3, - С.134.

Казакбаев А., Акматов Н.А. Байыркы жана орто кылымдагы кыргыздардын жоокердик оюндары //Вестник КГАФКиС 2017, №4, 69-б.

Барабанщиков А.В. Основы военной педагогики и психологии. - М.,Просвещение, 1988.- 238с.

Макаренко А.С. Избранные педагогические сочинения в двух томах. — М.: Педагогика, 1977.- 274 с.

Григорович Л., Педагогика и психология,- М.: Гардарики,2003. - С. 86-89.

Барабанщиков А.В. Педагогика и психология высшей военной школы. - М.: Воениздат. 1989. - 340 с.

Акматов Н.А., Ниясалиев А. Физическое воспитание и его психологические воздействия на воина при выполнения боевых задач//Вестник КГАФКиС 2017, №3, - С.15-19.

Постановление правительства КР «Положение о допризывной подготовке в образовательных организациях, реализующих программы среднего общего образования, профессиональные образовательные программы начального и среднего профессионального образования» от 11.02.2014г. №87.



***Алимбеков А.А.***

Кыргыз-Түрк “Манас” университети


# МАХМУД КАШГАРИНИН “ДИВАНИ ЛУГАТ АТ-ТҮРК” СӨЗДҮГҮНӨ КИРГЕН ҮГҮТ НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНЫН ТААНЫМДЫК ЖАНА ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

## ПОЗНАВАТЕЛЬНОЕ И ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ НАЗИДАТЕЛЬНЫХ ПЕСЕН ВКЛЮЧЕННЫЕ В СЛОВАРЬ МАХМУДА КАШГАРИ “ДИВАНИ ЛУГАТ АТ-ТҮРК”.

## COGNITIVE AND EDUCATIONAL SIGNIFICANCE OF THE ESSENTIAL SONGS INCLUDED IN THE DICTIONARY OF MAHMUD KASHGARI “SOFA AT-TYRK”.


***Аннотация:*** *Макалада Махмуд Кашгаринин “Диванилугатат-түрк” сөздүгүнө кирген үгүт насыят ырларынын таанымдык жана тарбиялык мааниси ачылып көрсөтүлгөн. Бул изилдөө ишин жүзөгө ашырууда контент анализ жана педагогикалык мурастарды салыштыруу методдору колдонулду.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *сөздүк, үгүтнасыят,педагогика, тарбия*



*Аннотация: В предложенной статье раскрыто познавательное и воспитательное значение назидательных песен включенные в словарь Махмуда Кашгари “Дивани лугат ат-түрк”.В процессе выполнение исследования использованы контент анализ и методы сравнительного анализа явленийпедагогических наследий.*



***Ключевые слова:*** *словарь, назидание, педагогика, воспитание*



***Abstract.****The proposed article reveals the cognitive and educational value of instructive songs included in Mahmud Kashgari’s dictionary “Divani lugat at-Turk”. In the course of the study, content analysis and methods of comparative analysis of the phenomena of pedagogical heritage were used.*



***Keywords:*** *dictionary, edification, pedagogy, education.*


Бүгүн түрк элдеринин мурастарына анын ичинде Махмуд Кашгаринин “Дивани лугат ат-түрк” сөздүгүнө байланыштуу изилдөөлөрдүн масштабы кеңейип бара жатат. Бул иштер башка илим тармактары менен катар

соңку жылдары педагогика илиминде да кыйла кыймылга келди. Муну ары обьективдүү ары перспективалуу иш катары кароого толук мүмкүн. Ырасында эле сөздүк бир эле мезгилде тилдик, тарыхый этнографиялык, этнопедагогикалык мүнөзгө ээ. Махмуд Кашгари түрк элдеринин өз доорундагы энциклопедиясын түзүүгө жетишкендиги бүгүн күдүк жаратпаган акыйкат. Мында байыркы түрк тилдүү элдердин таалим тарбия маданияты жалпы эле билим берүү салттары тууралуу тарыхый педагогикалык изилдөөлөрү үчүн көмөк болчу фактылык материалдар да арбын.

Сөздүктөгү педагогикалык билимдер туралуу Түрк окумуштуулары З.Батыр жана М.Бешташтын «Диван лугат-ат түрктө бала дүйнөсү жана бала тарбиясы» (Divanu lugat'it türk'te çocuk dünyası ve çocuk eğitimi) [2], Эрхан Айдын «Диван лугат ат-түрктө жаш балдардын оюндары» [1], Хусейин Карамандын «Диван лугат ат-түрктө адеп-ахлак»[3], аттуу ж.б. эмгектери белгилүү.Ал эми Кыргызстанда бул маселеге биздин жетекчилигибиз менен аткарылган А. Асамидинованын Махмуд Кашкаринин «Диван лугат-ат түрк» сөздүгү этнопедагогикалык булак катары» [5], аттуу магистрдик диссертациясы арналган. Сунушталган макала сөздүктөгү үгүт-насыяттардын тарбиялык маанисин ачып көрсөтүү максаты көзөмөл тутулат. Байыркы түрктөрдүн педагогикалык көз караштары сөздүктөгү эпостук баян түрүндөгү ырлардын үзүндүлөрүнөн тартып баатырларды жоктоо, акыл насаат айтуу, табиятты сүрөттөө мүнөзүндөгү айрым лирикалык ырларда (1000 сапка жакын) көптөгөн макал-лакаптарда орун алган. Алар белгилүү өлчөмдө ошол доордогу түрк тилдүү элдердин педагогикалык маданиятынын өзгөчөлүктөрү тууралуу башка булактар берген маалыматтарды толуктап турат. Өзгөчө бул маселени изилдөөдө «Дивандагы» педагогикалык мааниси терең санат-насыят жанрындагы ырлардын үлгүлөрү чоң мааниге ээ. Бул ырлардагы адеп-ахлактык категориялардын көпчүлүгү түрк тилдүү элдердин таалим- тарбия практикасындагы жалпы түшүнүктөр менен үндөшүп турат.

Махмуд Кашгаринин "Дивани лугат ат-түрк" сөздүгүндө элдик педагогиканын «насыят айтуу», «нуска көргөзүү», «үлгү», «үгүт» сыяктуу бир катар оозеки сөз жүзүндөгү методдору алгач ирет кагазга түшүрүлүп катталган.

Алсак, кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятында «санат, насыят айтуу», «үлгү, өрнөк, адеп көрсөтүү», «нуска сөз айтуу» сыяктуу түшүнүктөр жаштардын жан дүйнөсүнө небактан калыптанган, аныкталган, такталган абийир-ар, адеп-ыймандуулуктун жол-жобо, эреже-тартиптерин сиңирүүгө байланышкан улуулардын педагогикалык иш аракетин туюнтат. Албетте, санат-насыят айтуу табиятынан даанышмандык нускасы бар, турмуштук тажрыйбасы мол карыялардын гана энчиси болгон. Ал бара-бара акындар чыгармачылыгын чырайына чыгарып, этикалык, дидактикалык жанр катары өркүндөп, өнүгүүгө ээ болгон. Ал эми Махмуд Кашгари "Дивани лугат ат-түрк" сөздүгүндөгү санат-насыяттар көбүнесе атадан балага табышталган. Кандай гана формада болбосун ар кандай насыят келээр муунга эл ичинде кылымдап топтолгон адеп-ахлак баалуулуктарын, нарктуу, нускалуу жашоо эреже- мыйзамдарын түшүндүрүп сабак берүү вазийпасын көңүлгө тутат. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө да атадан балага насыят айтуунун максаты дал ушундай өңүттө аңдалат. Буга төмөнкү саптар мисал боло алат:

"Олгум саңа кодхурмен эрдем өгүт хумару
Билге эриг булуп сен бакыл анынг табару"

Мааниси: "Балам, сага арзырлыкты жана адепти мурас катары калтырдым. Акылдуу бир аалымды тапканыңда аны менен мамиле түз, анын билгендеринен пайдалан" [6, 743]. Демек, атадан мурасталган адеп сабактарды кемитпей, аалымдардан алган нускалары менен тынымсыз өркүндөтүп олтурууну да мурастайт. Алардан ошол доордогу балдарды тарбиялоонун көп кырдуу мазмунунан кабардар болууга болот.

Балдарга багытталган насыят сөздөрдө эң көп учураган баалуулук – бул акыл, билимге ээ болуу, аалым болуу. Буга байланыштуу өзөк түшүнүк катары "өгүт" сөзү колдонулат. Биздин оюбузча "өгүт" сөзү санат-насыятка тектеш азыркы кыргыз адабиятындагы дидактикалык чыгармалардын тарамына кирген "үгүт" сөзүнүн дал өзү.

Буга байланыштуу сөздүктө *"Алгыл өгүт мендин огул эрдем тиле Бойда улуг билге болуп билгиң ула"* – деген эки саптан турган насыят "Уул, менден акыл-насаат ал, арзырлыкты тиле, элиңдин арасында улуу аалым бол, билимиңди жай"– деп чечмеленген [6, 761]. Демек, ошол доордо эле улуттун улуусу билимдүү адам болуп эсептелгенин көрүүгө болот. Муну тастыктаган*билик киши ара улуклук ол* – билимдүү киши (эл арасында) улуктук ээси – деген мүнөздөмө, аныктама иретинде айтылган сүйлөм да кездешет. Сөздүктө акылга даанышмандыкка ээ болуу чын ыкластуу каалоосуз ишке ашпай тургандыгы баса белгиленет: "Оглум өгүт алгыл билигсизлиг китер, Таклан киминг болса ангар пекмес катар" (Эй, уул! Акыл-насаат ал, деңгээлиңди өстүр! Акылы болбогон бир адам насааттарга маани бербейт, акылы болгон адам насаатарга кулак салат"). Булар менен бирдикте билимдүүлүккө жетишип, аалым болуу чымырканган эмгекти талап эткен татаал ишмердүүлүк экени эскертилет: *"Эрдем тиле өгренебен болма күвез, Эрдемсиз өгүнсе эңмегүдхе аңгар"*. Кыргызча мааниси:Билимге жана акылмандыкка ээ болуу үчүн аракетиңди жумша, үйрөнүүдөн тартынба, кекирейип кетпе, бир нерсени билбей турганыңда оюңа келбей турган суроолор пайда болот.

Сөздүктөгү түшүнүктөр боюнча улуулуктун касиеттери жалгыз эле билим менен чектелбейт. Адам насили акыл, билимдүүлүк менен жакшы пейил-мүнөз ширелишкенде гана чырайына чыгаары төмөнкүдөй эки саптан турган насыятта таасын туюнтулган: *"Улуглукуг болса сен эдхгү кылын, Болгыл Кишиг Беглер катын йахшы улан"*. Мааниси төмөнкүчө чечмеленет: "Улуулукка жеткениңде жакшы мүнөзгө ээ бол, Бийлердин арасында жакшылыкка жол ача турган адам бол" .

Адам насилин арттырган сапаттардын курамында албетте, өз ата-энесине карата ызаат-сый мамилеси алдыңкы сапта турат. Буга байланыштуу сөздүктө "*Эштип ата анагнынг савларыны кадырма, Ненг кут булуп*

*көвезлик кылнып йана кутурма*" – деген насыят бар [7, 55]. Кыргызча мааниси: "Энеңдин, атаңдын сага айткан сөздөрүн угуп жатканда ал сөздөрдү жокко чыгарба. Малга жана бакытка ээ болгондо таптым деп жиндилик кылба, ал сенин жолуңду бурбасын, чектен ашпа." Көрүнүп тургандай сөздүктө ата-энелердин кадырына, баркына жетүү адамдын адамдыгын айкындоонун чен-өлчөмү жана чеги катары каралат. Чындыгында эле түрк элдеринде өз ар кандай адамга баа берүүдө анын ата-энесинин алдындагы парызын канчалык даражада аткаргандыгы көңүлгө алынган. Ата-энесине текебер мамиле жасагандарды эл журт "Мындай баланын барынан жогу" деп назарынан чыгарып жек көрүү менен мамиле кылган. Насыяттагы "жиндилик кылба", "чектен ашпа" – деген сөздөр дал ушундай мааниге ээ.

Махмуд Кашгари топтогон санат-насыяттарда мүлдө чыгыш элине таандык азыркы күнү өзгөчө актуалдуулугуна ээ болуп жаткан улууларды сыйлоо, кыйын күндө эл менен бирге болуу жөнүндө айтылат.

Улуу киши чакырса,
Тезирээк кел жүгүрүп.
Кургакчылык туш болсо,
Калба элиңен бөлүнүп [7, 83].

Түрк тилдүү элдердин кайсынысын гана албайлы алардын тарбия салттарынын башатында улууларды сыйлоо эрежеси турат. Айрым учурда бул жаштардагы нарктуулуктун, жакшы тарбия алгандыктын жападан жалгыз белгиси катары бааланган учурлар да бар. Түрк калктарынын турмуштук практикасына бекем сиңип калган жаштардын биринчи болуп улууларга салам бериши, үйгө карыя киргенде баары жапырт туруп ызаат көрсөтүшү, аларды өзгөчө ардактуу орунга отргузуу жана башка жөрөлгөлөр улууларды сыйлоо, алардын адептик-этикалык маданиятынын башкы эрежеси экендигинен кабар берет.

Сөздүктөгү атадан балага айтылган насааттардын бири коңшу-колоң менен сый-ызаат, ынтымак-ырашкерликте жашоо. Бул мамилелер ***езгү*** (жакшы) сөзүн чечмелөө аркылуу ачыкталат:

*қошны қонум оғушқа*
*қылғыл аңар ағырлык*
*артут алып анунғыл*
*езгү тавар оғурлуқ*

*Тууган коңшу-колоңду,*
*Урматта да кадырла,*
*"Өрдөк жесең алардан*
*Учурунда каз байла"* [21, 20].

Бул жерде адамдын эл менен, көпчүлүк менен эл болуп жашап кетүү эң обол коңшу-колоң менен ынтымак-ырашкер, тамак-ашты тең бөлүшүп, насиптеш болуп жашай билүүдөн башталат деген байыртан калыптанып, кыргыздардын жашоо турмушунун эң башкы мыйзам-эрежеси жөнүндө сөз болуп олтурат.

*"Келсе киши атма ангар өртер күле*
*Бакыл ангар эдхүлүгүн азгын күле"*
*"Сага жүзү жарык бир адам келгенде*
*анын көңүлүн суутпа, ага жакшы сөз айт,*
*ага жакшылык кыл"* [7, 103].

Анткени, *«Йудкы үдхи соранка, казган улыч түзүнлүк, калсун Чавыг йарынка"* ("Эл-журт кабагы бүркөгөн жана түрү суук болгон адамды жактырбайт). Ошондуктан сөздүктө " Уулум, жумшак мүнөзгө ээ бол, атың келечекте да эскерилсин!" – деген ата тилеги билдирилет.

Дегинкиси түрк сөздөрүндөгү түшүнүктөр боюнча адам болоор адам башкалардын баркына жете алат, аларды жатыркатпай өзүнө тартып колунан келген кызматын, жакшылыгын көрсөтө алат. Бул эзелтен түптөлгөн этикалык эреже Жеңижок акындын төмөнкү санаттарында да таасын берилген:

Жоргонун белин жоорутпа,
Жамандык иште колдогон
Жолдоштун көөнүн оорутпа!
Аргымак белин жоорутпа,
Аманат назик жан деген,
Адамдын көөнүн оорутпа!

«Диванда» меймандостук, кичипейилдик, берешендик, ата-энелерди сыйлоо сыяктуу оң касиеттер, сараңдык, көңүлү тардык сыяктуу терс салттын белгилери кыйыр салыштырылып, тиешелүү адептик-этикалык бүтүм чыгарылат.

Көрктүү топу өзүнө,
Таттуу даамы мейманга.
Ыраазылык ак сөзүн,
Мейман айтаар ар жанга.
Баалап эл да сүйө албас,
Жүткүр жүздүү сараңды.
Уулум укчу, журт сүйөт,
Кичи пейил адамды.
Берсең кайта аласың,

Кардың тойсо жинденбе,
Калаар баары артыңда,
Кара көргө киргенде [7,10].

Мындай адептик эрежелер кыргыздарга таандык санат насыят ырларында арбын кезигет. Демек, Махмуд Кашгари топтогон санат-насыяттардын дээрлик бардык варианттары кыргыз элинин акындар чыгармачылыгында өнүгүп келе жаткан үлгү, санат, насыяттардын мазмуну менен өзөктөш, тектеш.

**Адабияттар:**

1. Aydın, E. (1995). Divan lügat-it türkte çocuk oyunu. Türk Kültürü, Istanbul, s. 388, ss. 510-512.
2. Batur, Z., Beştaş, M.(2011). Divanu lugat'it türk'te çocuk dünyasi ve çocuk eğitimi. Turkish Studies, International Periodical For The Languages, Literature and History of Turkish or TurkicVolume 6/2 , ss. 247-262,
3. Karaman, H.(2009).Divânü Lugâti't-Türk'te Ahlak, Akademik Araştırmalar Dergisi (Kâşgarlı Mahmud Özel Sayısı), İstanbul, S. 39, ss. 374-386.
4. Алимбеков А. Теңир Тоолук аалым Махмуд Кашгари Жана анын мурасындагы салттуу педагогикалык көз караштар//Махмуд Кашгари жана кыргыз маданияты. Бишкек, 2011, 318-327 б.б.
5. Асамидинова А. «Диван лугат-ат түрк» сөздүгү этнопедагогикалык булак катары». Магистрдик диссертация. КТУ "Манас" 2018.
6. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү - Дивану Лугати 'т-түрк (Түркий тилдер сөз жыйнагы) Которгондор: И. Абдувалиев., Т. Ахматов., Оморов А., Султаналиев И., Толубаев М.-1 –том. ЖалалАбад. 2016.- 435 б.
7. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү - Дивану Лугати 'т-түрк: I том / Которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков; баш сөздү жазган А.Акматалиев. - Бишкек: Avrasyapress, 2011. - 906 бет

***Алымбаева Б.Б., Жумабаева Г.А.***
Кыргыз билим берүү академиясы

# ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ БАЛДАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨДӨ ТАРБИЯЛОО

## СЕМЕЙНОЕ ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ НА ОСНОВЕ ЭТНОПЕДАГОГИКИ

## FAMILY EDUCATION OF CHILDREN ON THE BASIS OF ETHNOPEDAGOGICS

***Аннотация.*** *Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, бардык коомдордун бакубаттыгынын пайдубалы катары каралган. Макалада этнопедагогикалык ойлордун негизинде баланы тарбиялоодо ата-эненин орду көрсөтүлдү. Коомго толук-кандуу инсанды тарбиялоодо ата-эненин үлгү-өрнөгү, насаат-тарбиясы каралган. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтып келишкен. Авторлор, балдардын жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, үй-бүлөлүк тарбия берүүдө, эреже катары, эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманаары зарыл деп эсептешет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *этнопедагогика, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, баланы тарбиялоо, адептик нормалар, этномаданият, педагогикалык ойлор.*

***Аннотация.*** *Во все времена в любом обществе привитие нравственно-духовных ценностей подрастающему поколению являлось основополагающим фундаментом. Показано, что в этнопедагогике воспитание ребенка является основной задачей родителей. В статье отражено, что в полноценном воспитании детей роль отца и матери является главной. Авторы статьи уделяют внимание правильному образу жизни, уважения к многовековому наследию кыргызского народа и дается характеристика семейным традициям, обычаям и нравам.*

***Ключевые слова:*** *этнопедагогика, воспитание, семья, общественный статус, воспитание ребёнка, нормы воспитанности, этнокультура, педагогические мысли.*

***Abstract.*** *At all times in any society inculcation of moral and spiritual values to the younger generation was the fundamental Foundation. It is shown that in ethnopedagogy the upbringing of a child is the main task of parents. The article reflects that in the full education of children the role of father and mother is the main one. The authors of the article pay attention to the correct way of life, respect for the centuries-old heritage of the Kyrgyz people and characterize family traditions, customs and mores.* .

***Key words:*** *ethnopedagogy, education, family, social status, education of the child, standards of education, ethno-culture, pedagogical thoughts.*

Баланын инсандык сапаттарынын калыптанышынын эң алгачкы институту – бул анын үй-бүлөсү. Кыргыз эли балдарды тарбиялоого байыртадан эле өтө жоопкерчиликтүү караган түптүү эл экендигин элдик накыл кептерден байкоого болот. "Эгер бир жылдык пайданы көздөп түшүм алгың келсе – эгин эк, он жылдык пайданы көздөсөң – дарак тик, жүздөгөн жылдык пайда көздөсөң – бала окутуп-тарбияла" [1] деген сыяктуу бир топ маани-маңызы терең, ойлор бекеринен айтылбаган чыгар. Демек, бала окутуп, тарбиялоо процесси өтө

татаал процесс. Ага ийгиликтүү жетекчилик кылуу үчүн ар бир ата-эне ата-бабалардан калган этнопедагогикалык мурастарды жакшы билүүгө тийиш.

Тарбиялоо процессин жемиштүү уюштурууну каалаган ата-эне баланын табиятын жакшы билүүсү абзел. Тарбияланып жаткан ар бир бала табият берген кайталангыс шык-жөндөмгө, кызыкчылык-таламдарга ээ болот. Ата-бабаларыбыздын этнопедагогикалык даанышмандыгы таң калаарлык. Алар жогорудагыдай тарбиянын купуя сырларын акыл калчоо менен, өтө чеберчилик менен пайдаланышкан. Энелер балдарына, неберелерине жомок, болмуш, икая, насаат, табышмак ж.б. элдик чыгармаларды көркөмдөп, элестүү, эмоционалдуу кылып айтып берүү менен балдардын сезимин ойготуп, ой чабыттарын өөрчүтүп келишкен.

Балага адамкерчиликтүү мамиле кылып, анын рухий дүйнөсүн байытып, ыймандуулуктун мыкты үлгүсүн көрсөтүп, анын жүрүм-турумун жакшы нукка салган. Адамгерчиликтүү мамиле гана чыныгы инсандык касиеттердин калыптануусу үчүн зарыл. Ошондой шартта чоңойгон бала тууган-туушкандарына, ата-энесине күйүмдүү, адамга боорукер болуп чоңоет.

Улуу ойчулдардын көз карашында "Инсандагы бардык жакшы касиет эненин сүтү, мээрими менен күндүн нурунан пайда болот. Энесиз баатыр да, гений да, акын да калыптанбайт" [12]. Ошентип, тарбиялоо ишинде этнопедагогиканы байыртан эле ата-бабаларыбыз колдонуп келгендиги байкалат.

Белгилүү педагог К.Н. Ушинскийдин: "Баланы ар тараптан жетилдиргиси келген тарбиячы адегенде анын табиятын ар тараптан жакшы билүүгө милдеттүү" - деген залкар педагогикалык ою бүгүнкү күндө да актуалдуу [11]. Белгилүү чыгаан педагог В.А. Сухомлинский: "Педагогика бардык адамдарга, ата- энелерге, жалпы жамаатчылыкка зарыл илимге айланууга тийиш" – деген [10].

Баланын тарбиясы үй-бүлөдөн башталат. Андагы социалдык топтун жашоосу – баланын турмуш мектеби. Үй-бүлөдөгү ата-эне – бала үчүн биринчи тарбиячы жана устаты. Баланын келечеги, билими, маданияты үй-бүлөдөгү ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбиясына байланыштуу. Ар бир ата-эне өзүнүн баласын билимдүү, маданияттуу, ар тараптан өнүккөн инсан кылып тарбиялоого аракеттенет.

Тарбиячынын эң негизги милдети болуп, муундар арасындагы тарыхый жана маданий тажрыйбасын сактоо жана аны улам кийинки муунга жеткирүү эсептелет. Андыктан, элдик маданиятка таянуу, тарбиянын маданияттуулук принцибинин өзөгүн түзөт.

Кыргыз элинде баланы тарбиялоо боюнча бөтөнчө өзгөчөлүктөр бар. Келечектеги жаш муундарды тарбиялоого чоң маани берип, үй-бүлөдө баланы зээндүү, акыл-эстүү, маданияттуу кылып тарбиялоодо, нечен кылымдар бою келаткан ата-бабанын акыл-насаат сөздөрү, салт-санаасы, үрп-адаттары жана элдин улуттук маданияты тарбиянын түгөнбөс кубаттуу куралы катары эсептелингендиги. Таалим-тарбия, карым-катнаш үлгүлөрү муундан-муунга берилип, эл ичинде сакталып келе жаткан оозеки чыгармаларда, элдик мурастарда калгандыгы тууралуу көп илимий эмгектерде айтылган.

Баланын адептик карым-катнаш маданияты – рухий маданиятынын бир бөлүгү. Кыргыз элинин руханий маданияты өтө бай. Алар кылымдар бою сакталып келген, оозеки жана жазма адабияттар, фольклор, эпостор, күүлөр, обондор ж.б. Маданият да, билим, таалим тарбия да, өнөр да муундан муунга өтүп, бири-бирине берилип турат.

Маданият турмуштук өнүгүүнүн негизи болгондуктан, баланын ички жан дүйнөсү менен маданияты кичинекей кезинде эле – тамактандыруу, ороо, бешикке бөлөө, тазалыкка көндүрүү ж.б.у.с. мамилелешүү иштерден башталат.

Азыркы кездеги социалдык-экономикалык кыйынчылык, жумушсуздук, материалдык керектөөлөрдүн тартыштыгы үй-бүлөгө да, андагы ата-эне менен баланын ортосундагы карым-катнаш маселелерине да таасирлерин тийгизди. Көпчүлүк кыргыз үй-бүлөсүндө ата-эне менен баланын ортосундагы мамилеси чоңдордун үстөмдүгү менен жүргүзүлүүдө. Балдардын ата-эне менен болгон эмоционалдык байланышынын жетишсиздигинен салкын мүнөз, суз мамиле, ырайымсыз, орой сапат калыптанууда. Мындай көрүнүш өзгөчө шаар жергесинде көбүрөөк байкалып, баланын билимдүү, маданияттуу өсүп калыптанышына үй-бүлөдөгү тарбиянын жетишсиздиги байкалат [6].

Бала жакын адамдары менен мамиле түзүүдө жакшы менен жаманды, ак менен караны, адал менен арамды ажыратып, өз элинин маданиятын, сөз өнөрүн үйрөнөт. Бүгүнкү күндө эгемендүү мамлекет болуп, басма сөз эркиндигин алганыбыз менен, рынок экономикасынын шартында этнопедагогика арткы планда калууда. Биз элдик чыгармачылыкка педагогикалык жактан өтө аяр мамиле жасап, балдарды тарбиялоодо зор мааниге ээ экенин эске алуубуз зарыл. Анткени, сырттан кирген даяр формула, саясат менен мазмун кыргыздын калк катары сакталып калуусу үчүн оң натыйжа бербестигин түшүндүк. Элибиздин рухий байлыктарын, кыргыз менталитетине таандык, адептик моралдык-этикалык улуу дөөлөттөрдү окуучуларыбыздын дилине сиңирип, аларга ыйман-ызаат, салттуу-нарктуу мамилени калыптандыруубуз зарыл.

7. Педагогикалык технология түшүнүгүнүн мазмунуна жана көлөмүнө кирген окутуунун элементтеринин ар биринин мазмунун түшүндүрүү, конкреттүү учурларда пайдалануунун мисалдарында студенттердин практикалык ыкмаларын калыптандыруу. Педагогикалык технологиянын элементтери төмөнкүлөр: окутуу методдору, окутуунун каражаттары, окутууну уюштуруунун формаларын тандоо жана аларды өткөрүүнүн методикасы ж.б. Педагогикалык теория, педагогикалык технология жана педагогикалык практика үчилтигинин карым-катнашын ачып көрсөтүү.

8. Окуучулардын билимдерин жана практикада пайдалана билүү ыкмаларын текшерүүнүн максатын, түрлөрүн жана өткөрүү формаларын студенттерге түшүндүрүү. Окуучулардын жалпы окуу иштеринин жыйынтыгын чыгаруу менен өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүн талдай билүүгө, кетирген типтүү каталарын аныктоого жана аны болтурбоонун жолдорун табууга көнүктүрүү.

9. Болочок мугалимдерди мектептеги мугалимдер жана окуучулар коллективи менен, ошондой эле ата-энелер жана коомчулук менен тил табышып иштей билүүнүн өзгөчөлүгүн түшүндүрүү, практикалык сунуштарды берүүнүн жолдорун айкындоо. Бул азыркы өлкөбүздө укуктук-демократиялуу жана гумандуулук принциптерин ишке ашырууга өтүү мезгилинде өзгөчө мааниге ээ.

10. Азыркы учурдагы мамлекеттик маанидеги артыкчылыктуу багыттардын бири – өлкөнү бардык тараптан санариптештирүү болуп саналат. Ошол максатта Республиканын өкмөтү тарабынан “Санарип Кыргызстан 2019-2023. Санариптик трансформациянын концепциясы” [7] иштелип чыккан. Бул максатты ишке ашыруу үчүн мугалимдерди даярдоо эки багытта жүргүзүлүшү мүмкүн: 1) болочок мугалимдерге санарип жана санариптештирүү жөнүндө билим берүү; 2) таалим-тарбия берүүнү санариптештирүүнүн технологиясы

жөнүндө билим берүү. Ал эми санариптештирүүнүн түпкү негизинде маалыматтардын жаңы технологиялары жаткандыгын эстен чыгарбашыбыз керек. Бул болсо таалим-тарбия берүүнүн мазмунун жана аны ишке ашыруунун жаңы электрондук моделин түзүү менен байланышкан. Демек мугалим окутуу процессин санариптештирүүнүн технологияларын түзүү жана пайдалануу компетенттүүлүктөрүнө даярдалышы зарыл деп эсептейбиз.

11. Азыркы учурда методологиясы алигиче толук иштетиле элек маселелердин катарына окутууга жана тарбиялоого жекече мамиле жасоону же болбосо таалим- тарбия берүүнүн инсанга багытталган технологиясын иштеп чыгууну кошсок болот.

Жогоруда кыскача белгиленген методологиялык маселелер жалгыз эле бир предметти окутуунун чегинде чечилиши мүмкүн эмес. Ал үчүн бардык предметтерди же болбосо тектеш предметтердин тобун окутууга комплекстүү мамиле жасоо, предметтер аралык байланыштарды ишке ашыруунун негизинде болочок мугалимдердин атайын жана кесиптик билимдерин интеграциялоо талапка ылайык келет.

**Адабияттар:**


1. Философский словарь / Под ред. И. Т. Фролова. Изд. 5-ое. – М.: Политиздат, 1987. – 588 с.
2. Философский словарь / Под ред. М. Розенталь, П. И. Юдина. – М.: Политиздат, 1963. – 544 с.
3. Философский словарь / Под ред. В. Е. Кемерова. – М.: ПАНПРИНТ, 1998. – 1064 с.
4. Фиш Р. Джалаледдин Руми. – М., 1992 – 246 с.
5. Мамбетакунов Э. Окутуу процессин технологиялаштыруунун теориялык негиздери/ Таалим тарбия процесси: теория, технология, практика. – Б.: Техник ББ, 2017. – 6-15-бб.
6. Халит Эртуурул. Өзүн издеген адам. – Б., 2001.- 96 б.
7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Санарип Кыргызстан 2019-2023”санариптик трансформациянын концепциясы. – Бишкек, 2019.–16с.



***Рысбаев С.К.***

Кыргыз билим берүү академиясы


# КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨТҮҮДӨ ОКУУ КИТЕПТЕРИНЕ КОЮЛУУЧУ ДИДАКТИКАЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ТАЛАПТАР

## ДИДАКТИЧЕСКИЕ И МЕТОДИЧЕСКИЕ ТРЕБОВАНИЯ, КОТОРЫЕ ДОЛЖНЫ СОБЛЮДАТЬСЯ В ПРОЦЕССЕ СОСТАВЛЕНИЯ УЧЕБНИКОВ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ВТОРОЙ ЯЗЫК

## THE DIDACTIC AND METHODOLOGICAL REQUIREMENTS TO BE OBSERVED IN THE PROCESS OF COMPILING THE KYRGYZ LANGUAGE TEXTBOOKS


***Аннотация:*** *Макалада кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максат-милдеттерин турмушка ашырууда окуу китептеринин ролу, мааниси, окуу китептердин ошого ылайык жазылышы керектиги, ага жараша коюлуучу дидактикалык-методикалык талаптар тууралуу сөз болот. Буларды аныктоодо кыргыз тилин экинчи тил катыр үйрөтүүнүн концепциясындагы уруттуу жоболорго таянылган. Андагы методологиялык багыттар, методдор, принциптер, аларга карата окуу китепте чагылдырылуучу багыттар көрсөтүлгөн.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *мамлекеттик тил, кыргыз тилин окутуунун максаттары жана милдеттери, окуу китептер, дидактикалык талаптар, методикалык талаптар, принциптер, окутуунун коммуникативдүүлүгү, компетенттүүлүк, ишмердик, деңгээлдер, сүйлөшүү чөрөлөрү.*



***Аннотация:*** *В статье речь пойдет о роли и значении учебников в обучении кыргызскому языку как второму, о требованиях к составлению учебников, а также о дидактико-методических требованиях к нему. При определении требований автор опирался на положения из концепции обучения кыргызского языка как второго. В статье даны методические направления, принципы и методы.*



***Ключевые слова:*** *государственный язык, цели и задачи обучения кыргызскому языку, учебники, дидактические требования, методические требования, принципы, коммуникативность в обучении, компетентность, деятельность, уровни, сфера общения.*



***Annotation:*** *The article will deal with the role and importance of textbooks in teaching Kyrgyz as a second language, the requirements for the compilation of textbooks, as well as the didactic-methodological requirements for it.*



***Key words:*** *state language, goals and objectives of teaching the Kyrgyz language, textbooks, didactic requirements, methodological requirements, principles, communicative, approach in teaching competence, activity levels, communication sphere.*


Окуу программалары маанилүү мамлекеттик документ катары өзүнө тиешелүү предмет боюнча билим берүүнүн негизги багыттарын аныктап турат. Ал эми окуу китептери болсо окуу программаларда камтылган негизги жоболордун түздөн-түз же чыгармачылык менен ишке ашыруучу маанилүү каражат болуп саналат. Ал,

ошону менен бирге, окучуу менен мугалимдин окуу процесстеги чыгармачыл иш-аракеттерин уюштуруучу да, ага багыт берүүчү да негизги каражат катары кызмат кылат.

Ушул багытта окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептер үчүн «Кыргыз тили» окуу китептерине сөз кылганда, ал талаптар *кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максаты менен милдеттеринен келип чыгарын эске алууга тийиштиз*. Мисалы:

*Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты* мектепте окуп жаткан башка улуттун өкүлдөрүн жана аталган мектептерде окуп, кыргызча сабаттуу сүйлөп-жаза албаган кыргыз балдарын күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазууга ээ кылуу.

*Ушул максаттарга ылайык «Кыргыз тили» окуу китептери төмөндөгү милдеттерди чечүүнү да көздөйт:*

- окуучулар өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, тилдик жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жана талап кылынуучу сүйлөшүү деңгээлдерине ылайык маектеше алууга, өз пикирин билдире алууга жетишүү;
- кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу жана которуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу;
- сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу менен окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алуу менен, кыргызча сүйлөө маданиятына көнүгүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;
- мектепти аяктаганда кыргыз тилинде газеттик жөнөкөй темадага макаланы жана радиодон социалдык-маданий жөнөкөй темадагы берүүлөрдү түшүнүүгө жетишүү;
- болуп өткөн же боло турган окуя туурасында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикрин билдире алуу;
- темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышы жана эң жөнөкөй темада текст түзө алуу;
- балдар эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен, жогорку класстарда сөздүксүз эле которо алууга жетишүү;
- иш кагаздарын кыргызча түзө алуу.

Ушуларга ылайык, аталган окуу китептерди түзүүдө төмөндөгүдөй талаптарды авторлор эске алуулары керек.

1. *Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикалык принциптерине жараша коюлуучу талаптар. Ал талаптар төмөндөгүлөр менен аныкталмакчы, атап айтканда:*

- *лингвоөлкөтаанытуу, литнгвоэтномаданияттаануу принциби* (кыргыз тили аркылуу кыргыз жери, эли, маданий дөөлөттөрү, материалдык жана рухий маданиятын таануу);
- *коммуникативдүүлүк принциби* (тилдин теориясы үйрөнүүгө басым койбой, аны турмуш практикасында колдоно билүүгө. Интерактивдүү баарлашууга басым коюп үйрөтүү);
- *деңгээлдик принциби* (тилди сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жана тематикасына жараша ар бир класстын окуучулары өзүлөрүнө коюлган талаптардын деңгээлдерине жараша билүүгө жетишүү);
- *окуучунун эне тилинин өзгөчөлүктөрүнө таянуу принциби* (кыргыз тилин үйрөнүп жаткан окуучунун тиешелүү улуттук өзгөчөлүктөрүн, алардын эне тилинин фонетикалык, грамматикалык, морфологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып окутуу);
- *тилдик өзгөчөлүктөрдү салыштырып үйрөтүү принциби* (кыргыз тилин үйрөнүп жаткан окуучулардын эне тилинин, мисалы, орус, өзбек, тажик тилдеринин бир катар фактыларын салыштырып, аң сезимдүүлүк менен үйрөтүү);
- *кырдаалдык-тематикалык принцип* (сабакта кыргыз тилинин тилдик фактыларын жаттап үйрөтпөстөн, аларды түрдүү тематикада жана кырдаалдарда колдонуп сүйлөөгө машыктыруу менен үйрөтүү);
- *тилдик материалдарды кептеги кызматына жараша тандоо принциби* (тилдик материалдарды окуу китебине практикада сүйлөшүү максатарына, алардын кептеги кызматына жараша тандап жайгаштыруу).

2. *Кыргыз тили менен орус, өзбек жана тажик тилдеринин ортосундагы интерференциялык, транспозициялык кубулуштарды эске алуу менен белгиленет.* Бул талаптар төмөндөгүчө мүнөздөлөт**:** атап айтканда:

а) лексикалык интерференция;
б) грамматикалык интерференция;
в) фонетикалык интерференция;
г) лингвоөлкөтаануудагы же этномаданий, этнопсихологиялык интерференция;
д) фразеологиялык интерференция, ж.б.

3. *Окутуунун коммуникативдүүлүгүн эске алуу менен аныкталмакчы.*

Кыргыз тилинин кептик материалдары окуучулар ээ болууга тийиш болгон коммуникативдик компетенциялардын талаптарына жараша берилиши керек. Атап айтканда:

- Заттын ким же эмне экендигин сурап билүү; заттын бир жакка таандык экендигин билдирүү;заттын турган ордун айтуу; заттын санын, аз же көп экендигин айтып билдирүү; заттын бар же жок экенин сурап билүү; заттын иретин айтып билдирүү;

- жумалык күн аттары кандай айтыларын үйрөтүү, алдыда боло турган иш-аракеттерди сурап билүү; заттын кандай экенин айтып үйрөнүү; ким кайда бара жатканын сурап билүү; ким кайда жашаарын айтуу, кантип таанышууга болот?
- билбеген нерсе тууралуу кантип маалымат алууга болот? Нерсенин кайда экенин кантип сурап билесиң? Ким кайда окуйт? Ким кайда жашайт? Буюмдун кимдики экенин сурап билүү, керек болгон буюмду кантип сурап алууга болот?
- буюмдун кимде экендигин сурап билүү; буюруу иретинде кайрылуу; кимдин, эмне кылгандыгын айтуу; ким качан, кайда болду?
- ким кайда кетти? мезгилди айга, күнгө бөлүштүрүп айтып берүү; кимге эмне жагаарын, эмне керектигин сурап билүү; уруксат суроого үйрөнүү; ким кайдан келгенин айтуу; ким качан келгенин айтуу;
- буюмду кимден алганын айтып берүү; буюмдун канча турарын сурап билүү; сатып алууга үйрөнүү, ким кайдан келатат? Убакыттын канча болгондугун айтуу; буюмду кимден алганын айтуу; буюмду кайдан алгандыгын айтуу; кечирим суроо; өтүнүү;
- телефондо сүйлөшүү; телефонго чакыруу; ким канча жашта? Ким эмнени алып жатат? Ким эмнени берип жатат? Жумушту эмне менен аткарып жаткандыгын айтуу, кыймыл-аракеттин ким менен бирге аткарылгандыгын айтуу; ким кимге жардам бергенин айтуу; заттын айлана-тегерегин атап айтуу, аралыкты билдирүү; ким ким менен кайда барат?
- ким качан эмне кылгандыгын маалымдоо; буюмдун кайда турганын сурап билүү; бирөөдөн бир нерсени алып берүүсүн өтүнүү, ким кимди же эмнени күтүп турат? Ким эмнени сатып алат? Бирөөнүн сунушуна макул же каршы экендигин билдирүү;
- бирөөнүн сураганын берерин же бербей турганын билдирүү; күндү кандай өткөрөрүн айтып берүү; бир нерсени өзү аткарарын айта берүү; заттын өңү-түсүн жана даам белгилерин айтууга үйрөнүү; сен келечекте ким болгуң келет?
- бир жакка кантип баруу керектигин сурап билүү; ким кайдан, кантип келгендигин айтуу; кыймыл-аракеттин себебин түшүндүрүү; ким жана эмне жөнүндө сөз болгондугун маалымдоо; заттардын форма, көлөм жана башка белгилерин салыштырып үйрөнүү;
- заттын болжолдуу эсебин кантип айтабыз? Убакытты күн белгилерине карай кантип айтабыз? Кубанууну же өкүнүүнү билдирүү; заттын түрдүү белгилерин салыштырып айтып үйрөнүү; заттын айлана-тегерегинде эмне бар экендигин айтып үйрөнүү;
- кимге кайсы кесип жагат? Жакын адамын бирөөгө тааныштыруу; окшоштуруп, салыштырып айтуу; эмне кылгысы келгенин айтуу; айлана-чөйрөдө эмне болуп жатканын маалымдоо…ж.б.

*4. Окуу китептеринде окуу материалдарынын сүйлөшүү деңгээлдерине жараша берилиши. Атап айтканда:*

*А1. Баштапкы деңгээл, б.а. карапайым деңгээл: 1-4-класстар* (кыргыз тилин үйрөнүүгө багыттоочу жана эң жөнөкөй тилдик жана сүйлөшүү көндүмдорүнө машыктыруу мезгили;

*А2. Калыптануу мезгили. 5-9-класстар* (тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө, сабаттуулукка калыптандыруу, активдештирүү мезгили);

*В1. Орто деңгээл, 8-9-класстар* (өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү мезгили);

*5. Окуу китептеринде окуу материалдары берүүдө кыргыз тилинде сүйлөшүү чөйрөлөрүнүн эске алынышы.*

Окуу китептеги материалдар окуучулардын төмөндөгүдөй сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша уюштурулушу керек:

**1. Баланын өздүк чөйрөсү**.

Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилиши зарыл:

- өзүнүн аты, атасынын аты, жаш курагы тууралуу маалымат бере билүү; ата-энеси, чоң ата-чоң энеси ким экенин, иштеген иши, жашы тууралуу айта алуу; бир туугандары, окуусу, иши, жашы тууралуу маалымат бере алуу; жашаган жерин, үйүн, дарегин айта алуу; өз бөлмөсү, өзүнө тиешелүү буюмдары тууралуу айта билүү, ж.б.

*Баланын өздүк чөйрөсү тууралуу сөз кылганда, анын каалоо-кызыкчылыктары да унутта калбашы керек.* Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

- бош убактысында эмне кылары тууралуу аңгемелешип, окуган китеби, көргөн фильми, спектакли тууралуу аңгемелеп, сүйлөшө алуу; мектепте кандай ийримге катышарын, спорттун кайсы түрүн жактырарын, кандай музыкалык аспатты сүйөрүн сурашып, аңгемелеше алуу; келечекте ким болгусу келерин, кайсы кесипти сүйөрүн сурашып, сүйлөшө алуу; кайсы тамакты, суусундукту жактырарын айта алуу; качан каерде эс алгысы келерин, кантикулдарда эмне кылууну жактырарын айта алуу жана сурашып сүйлөшө алуу.

*Баланын күндөлүк турмуш-тиричилигин камтыган окуу материалдары да эске алынат.* Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

- күндөлүк эрежелерин кыргызча айта алуу жана кайсы маалда эмне кылары тууралуу сүйлөшө билдүү; күндөлүк үй турмушу тууралуу аңгемелей билүү; үй оокатынын түрдүү тематикасына жараша аткарылуучу күндөлүк иштерге жараша аңгеме түзө алуу; үй буюмдарын, эмеректерди, идиш-аяктарды атай билүү жана аларды пайдаланып аңгемелеп сүйлөшө алуу; дүкөндө же базарда өзүнө керек нерселерди атап, бааларын, алардын сапаты кандай экенин сурай билип, кыргызча соода кылууга жатыгуу; күндүн, жуманын, жылдын, мезгилдин кыргызча аталыштарын билүү, аларга жараша сүйлөшө билүү.

2. **Социалдык-маданий чөйрө**.

Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

- туулуп-өскөн жери тууралуу айта билүү, сураса жооп бера алуу; ал жердин шарты тууралуу билдирүү жасай алуу; жашаган аймактагы обьектилерди аталыштарын кыргызча айта алуу жана алар тууралуу аңгемелеше билүү, ал тематикалардагы түрдүү кеп кырдаалдарына жараша сүйлөшө алуу; кыргыздын ыйык туткан жерлерин билүү жана алар тууралуу аңгемелеше алуу; кыргыздын жана башка алуттардын улуттук майрамдарын билүү жана алар тууралуу маектеше билүү.

*Социалдык-маданий чөйрө тууралуу сөз болгондо, баланын жүрүм-туруму, этикет маселеси да камтылат.* Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

- ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, жан-жаныбарларды багуу, аларга камкордук көрүү, тамактануу адеби, кийим кийүү адеби, коомдук жайларда жүрүү адеби, телефондо сүйлөшүү адеби, бирөөгө кыргызча кайрылуу жана көңүлүн өзүнө бура алуу, тааныш-бейтаанышка мамиле жасоо адеби, туулган күн, салттуу майрамдар, улуттук салттар, улуттук майрамдар, улуттук кийимдер, улуттук буюмдар,...ж.б. тематикаларынын чегиндеги окуу материалдары жана аларга жараша баарлашууга машыктыруу.

3. **Табият, экология чөйрөсү.**

Окуу материалдары бул чөйрөдөгү төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

- кыргыз жери, анын табияты, көлдөрү, суулары, кооз жерлери, жыл мезгилдери тууралуу аңгемелей алуу; үй жана жапайы айбанаттар, канаттуулардын аттарын кыргызча атап, алар тууралуу аңгемелей алуу;
- жер жемиштер, жашылчалар, дарактар, өсүмдүктөр, гүлдөр ж.б. аттарын кыргызча атап, алар тууралуу аңгемелеше алуу; аба ырайы, жаан-чачындар, табияттын кооз мезгилдери, көңүлдүү эс алуу тууралуу аңгеме түзүп, кыргызча сүйлөшө алуу.

4. **Окуу-таануу чөйрөсү.**

Окуу материалдары бул чөйрөдөгү төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилмекчи:

- Мекени Кыргызстан экенин айта алуу; кыргыздын улуттук баатырлары, анын ичинен Манас баатыр ким экенин билүү, ал тууралуу маалымат бере алуу; кыргыз эли, анын меймандостугу тууралуу айта алуу; кыргыздын белгилүү, сыймыктанган адамдарын билүү жана алар тууралуу аңгемелеп айта алуу; Кыргызстанда жашаган башка улуттар тууралуу маалымат бере алуу; окуган мектеби, классы, классташтары тууралуу аңгемелеше билүү; окуган предметтери, окуу куралдары, класстагы окуу эмгеги тууралуу айта алуу жана суроолорго жооп бере алуу; кыргыз тили предмети, ага мамилеси, баалары, андан эмне үйрөнүп жатканы тууралуу маектеше билүү; мектептеги иштери, жүрүм-туруму, коомдук иштерге катышуусу, анад кылган иштери тууралуу айта билүү; мектеп багы, андагы өсүмдүктөр, ага камкордук, окуу чейректери, каникулдар ж.б. тууралуу айта алуу жана суроолорго жооп берүү.

5. **Эмгек жана кесип чөйрөсү.**

Буга төмөндөгү тематикалар кирет: эмгектин мааниси, түрдүү кесиптер, кесип ээлери, ата-эненин кесиптери, бош убакыт, китеп, музыка, бий, музыкалык аспаптар, ийримдер, мектептеги окуу предметтери, завод, фабрика, теле-радио, театр, журналистика, актер, кино-фильм, театр, спорттун түрлөрү, балдар эмнени каалайт, эмнени жактырат, келечекте ким болгусу келет, келечек максаттар, сүйгөн иши, кесиби тууралуу окуу материалдары жана аларга байланыштуу баарлашууга машыктыруу.

6. **Кыргыз тилиндеги окуу тексттеринин мазмунуна жана тематикасына коюлуучу талаптар**

Окуу материалдарынын тематикалары окуучулардын күндөлүк окуу-жашоо чөйрөлөрүнө, турмуштук кызыкчылыктарына жараша программанын талаптарын эске алуу менен төмөндөгүдөй болуусу ылайык келет:

- окуучунун өзү жөнүндө, ата-энеси, мектеби, классы, окуу куралдары, баланын үйү, үй буюмдары, жашаган жери, кийим-кечеси, күндөлүк үй турмушу, туулган күнү;
- класстагы окуу эмгеги, окуу куралдары;
- кыргыз жаратылышы, тоолору, көлдөрү, суулары, үй жаныбарлары, жапайы айбандар, улуттук тамак-аш, идиш-аяк, тамактануу;
- нерсенин эмне экенин, адамдын ким экендигин, бир нерсени сурап алуу, сурап билүү, заттын санын, иретин, кыймыл-аракетин, өңү-түсүн айтып үйрөтүү;
- кыргыз элинин улуттук майрамдары, адабияты, белгилүү адамдары, кыргыз жери, улуттук салттар, улуттук кийимдеры, буюмдары;
- дүйнөлүк жаңылыктар, спорт, маданият, адабият, окуучулар кызыккан тематикалардагы материалдар, ж.б.

Бул тематикалар окуучунун кыргыз эли, жери менен таанышуу аркылуу кыргызча кебин калыптандыруучу кызматты аткарат.

7. **Окуу китепте окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн уюштурулушу.**

Окуу материалдары окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша тандалууга тийиш. Алар төмөңдөгүлөр:

- *угуп түшүнүү* (башка тилдүү балдар кыргыз тилиндеги мугалимдин сөзүн, адегенде, угуп кабыл алат, туура угуп кабыл алынган сөз уккан балада туура кептин калыптануусуна шарт түзөт);

- *сүйлөө: жеке кеп* - окуучунун ар түрдүү тематикада өз алдынча бир бүтүн ой айтып машыгуусун уюштуруучу методикалык аппараттын түзүлүшү;

*маек кеби:* окуучулардын түрдүү кырдаалдарга ылайык маектеше алуусуна ылайык материалдардын берилиши жана аны уюштуруу жана ушуга ылайык методикалык аппараттын уюштурулушу;

- *окуу:* окуучулардын окуп түшүнүүсүн калыптандыруу, окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу, окуу техникасын өркүндөтүү максатындагы иштердин уюштурулушу, буга ылайык тапшырмалардын болуусу;
- *которуу:* окуучулардын кыргыз тилинен өз эне тилине, өз эне тилинен кыргыз тилине, адегенде, сөздүктүн жардамы менен, улам кийин сөздүксүхз которо билүү ишмердигин калыптандыруучу иш-аракеттердин коштолушу.

**8. Окуу китепти жазууда кандай методдор эске алынууга тийиш?**

Окуу китептерин түзүүдө төмөндөгүдөй методдор жана методикалык системалар эске алынуусу максатка ылайык келмекчи:

- түшүндүрүү методу; аңгеме методу; грамматика котормо методу; проблемалык окутуу методу; салыштырып үйрөнүү; тилди түздөн-түз үйрөтүү методу; изилдеп үйрөнүү методу; тилди тездетип үйрөтүү; эмоционалдык-маанилик метод; интерактивдүү ыкмалар;
- өнүгүүнүн активдүү зонасы (Л.С. Выготский); акыл ишмердүүлүгүн этап менен өнүктүрүү (П.Я. Гальперин), өнүктүрүп окутуу теориясы (Д.Б. Эльконин П.И. Давыдов, В.И. Зинченко ж.б.), таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруу теориясы (В.Н. Беспалько, Н.Т. Талызина), баланын инсандыгын эске алып окутуу (И.С. Якименская, И.Б.Бекбоев), кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү теориясы (А. Леонтьев), түшүндүрүп окутуу методу (К.Иманалиев); ден соолукту сактап окутуу, ж.б.

**9. Окуу-нормативдик адабияттардын талаптарын эске алуу.**

Аталган окуу китептерин түзүүдө сөзсүз түрдө предмет боюнча окуу-нормативдик материалдарга таянуу зарыл. Тактап айтканда, окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн «Кыргыз тили» окуу китептери кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун концепциялык багыттарын карманып, предметтик стандарттын талаптарына шайкеш келтирилип, окуу программасын өзөк кылып жазылуу менен, лексикалык, грамматикалык-фонеткалык жана тематикалык минимумдарды бекем сактоосу талап кылынат.

Демек, окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин «Кыргыз тили» окуу китептерин жазууда мына ушул дидактикалык талаптар белгилүү деңгээлде эске алынышы тийиш.

**10. Тексттен сырткаркы жана полиграфиялык талаптар.**

Булардан сырткары, окуу китептерин түзүүдө төмөндөгү маанилүү маселелер да ырааттуу негизде чечилүүсү кажет:

- негизги тексттердин баланын курагына жана өздөштүрүү деңгээлдерине жараша жеткиликтүү татаалдыкта болушу;
- көркөм тексттердин бай тематикада болушу, балдардын кызыкчылыктарын эске алуу менен, тарбиялык таасирдүүлүгүнүн эске алынуусу;
- окуучунун өздөштүрүүсүн уюштуруучу методикалык аппараттын туура түзүлүсү;
- окуучунун өздөштүрүүсүнө багыт берүүчү тексттен сырткаркы компоненттердин кызматтарынын так аткарылышы жана анын туура уюштурулушу;
- окуу китептин иллюстративдик жактан талаптагыдай деңгээлде жабдылышы;
- окуу китептеринин полиграфиялык жактан сапаттуу жасалгаланышы, ж.б.

Ошону менен бирге, окуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китептеринин мазмуну жана түзүлүшү жөнүндөгү проблема кыргыз тилин эне тили жана экинчи тил катары окутуу методикасында атайын илимий-изилдөөнүн обьектиси катары коюлушу зарыл. Ошондо гана аталган проблема республикабызда илимий-методикалык негизде жеткиликтүү чечилмекчи.

Азырынча, аталган окуу китептерин жазууда авторлор аталган талаптарды эске алууга тийиш. Анткени ал талаптар кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун ушул күнгө чейинки топтогон тажрыйбасынын жана түзүлгөн окуу-нормативдик материалдардын негизинде иштелип чыкты.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б., Памятка авторам учебника, Б., 1999.

2. Бекбоев И.Б., Важные вопросы определения содержания и технологии образования в структуре школьного учебника», –Бишкек, 2004.

3. Байгазиев С.О., Кыргыз тилижана адабияты окуу китептерине коюлуучу дидакткикалык талаптар, Фрунзе, 1989.

4. Кыргыз тилинин програмаммасы, 5-11-кл., Бишкек, 2011.

5. Окуу орус мектептеринде кыргыз тилин окутуунун мамлекеттик стандарты, Бишкек, 2006.

***Сманов Бактияр***
Абай атындагы ҚазУПУ

# КЫРГЫЗДЫН «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА АНЫН КАЗАК ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨРҮ

## ЭПОС «МАНАС» КЫРГЫЗОВ И ЕГО КАЗАХСКИЕ ИССЛЕДОВАТЕЛИ

## THE EPIC "MANAS" OF THE KYRGYZ AND ITS KAZAKH RESEARCHERS

Атактуу «Манас» ырында:
«Кыргыз, қазак, қатаган,
Баарыбыз бир атадан», – деп айтылгандай, бир атадан туулган тууган элдер экендигибиздин жаркын далили мана ушул баш кошуу. («Манас»: Эпос. III китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 14 бет.).

1995-жылы, мындан 24 жылдай мурун, «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы ЮНЕСКО деңгээлинде белгиленгенде да ушундай кадыр-баркка ээ болгонубуз бар. Ошондо даңктуу дастандын миң жылдыгына арналган чоң тойго казактар да белсене катышышкан. Кыргыз менен катарлаш Жамбыл облусу (акими Ө.Байгелдиев) облустан 70 чакты ак боз үй тигип, кыргыз агайындардын мартабасын көтөргөнү, ошондогу маарекетойго арналган Эл аралык аламан байге да өткөзүлгөнү али эсибизде. Маара – ошол Түркменстандын борбору Ашхабат калаасына барып-кайтуу болгон. Ошол жарышта 100дөй сай күлүктүн ичинде Жуалы ауданынын саяпкекри, МАИ кызметкери Рахметов Калмурат деген жигиттин аты баш байгеге ээ болгону али унутулган жок. Анда да айылдагы казак агайындар орток маарекеге ушул сыяктуу салымдарды кошуп, улан-кыздар той жасап, аброй-беделге ээ болгон эле.

Биздин бул эмгегибиздин темасы – «Манас» эпосу жана анын казак изилдөөчүлөрү» деп аталышынын өзү – табигый кубулуш. Анткени, ага айтылуу Улуу Ырдын мазмуну, андагы кыргыз менен катар казак калкынын баяндалган орток тагдыр-таалайы себеп. Эпосто казактын көөнө урууларын аттары аталып, баатырларынын, эл жакшыларынын асыл бейнелери, жер-суу аттары, чарбачылыктары, турмуш-тиричилиги ыналымдуу сыпатталат. Адатта, эл оозунда, кыргыз-казак эгиз эл деп айтылат. Ал мына ушул «Манас» эпосундагы казак темасына байланыштуу өзгөчө, маани берерлик жагдайлар өзүнө казак окумуштууларынын назарын мурдатан эле бурдурган. Бул иретте биз эң алды менен Чокон Валихановдун ардактуу атын урмат менен атайбыз. 21 жашар жаш окумуштуу Чокондун «Манас» эпосуна сиңирген эмгегин бүткүл аалам билет. Ал аны кыргыздын айтылуу манасчыларынан жазып алып, орусчага которуу аркылуу орустун Г.Н.Потанин, В.В.Радлов, А.Н.Бернштам, В.М.Жирмунский, А.Н.Самойлович, К.К.Юдахин сыяктуу илимпоздордун, ошондой эле Европанын чыгыштаануучу илимпоздорунун таанышуусуна жол ачты.

Алар эпостун чыгуу теги, кейипкерлери, манасчылар ырды жетилдирүүдөгү кызматы сыяктуу маселелерге байланыштуу өтө баалуу пикирлерин, орчундуу ойлорун айтышкан. Изилдөөчүлөр Улуу Ырда элдин азаттык үчүн талбай күрөшкөн Манас баатырдын бейнеси аркылуу эрдик менен бийик парасаттуулуктун, чыныгы мекенчилилдиктин, эл жандуулуктун ашкан үлгүсүн атап көрсөтүшкөн.

«Ак калпактын улугу, адамзаттын тунугу» – «Манас» эпосун казактын эл акындары менен ырчылары да өз элинин баатырдык дастаны иретинде ырдап келет. Маселен, Жамбыл Жабаев «Манасты» топ-жыйындарда айтып жүргөн. Ал эми, эл акыны Кенен Азырбаев ыр-дастандарды айтканда «Манас» эпосунун каармандары менен кейипкерлери кездешип, сюжеттерди жыш аралаштыра жүргөн экен. Казактын бүгүнкү айтылуу манасчысы, көрүнүктүү акын-кайраткер Баянгали Алимжанов – баягы салтуу ырларды ушу күнгө чейин улантып келе жатканы да буга мисал.

«Манас» эпосун изилдөөгө Чокан кадет корпусунда окуп жүргөн кезинен кызыкчылыгы арта баштаган. Ал Ысык-Көлгө жасаган сапарында 1856-жылдын 21-май күнү Каркырага келгенде Чарын өзөнүнүн боюнда ошол туштагы Кушмурун тоосун аралап жүрүп, «Манастын Бозтөбөсү» деген жерди көрөт. Ошол жерде ал күндөлүгүнө эл оозунан эшиткен тарыхый аңгеме-аңызды кагазга түшүрөт. Муну Чокон: «...Чарын өзөнүнүн боюнда «Кушмуруңдун Бозтөбөсү» деген камалдын орду бар. Ал башкалардан айырмаланып көрүнүп турат. Илгерки карыялардын сөзү боюнча эпикалык тамаша ырында айтылган Эр Манас мурунку заманда каугырастар менен (кара кытайлар менен) согушканда ордосун ушу жакка курган делет», – деп жазат. (Валиханов Ч.Ч. Собр. соч. т.1. – Алма-Ата, 1961. - 246 с.).

Ошол сапар кезинде Чокон Каркыра, Текес, Түп, Жыргалаң өзөндөрүндө жайлаган кыргыз калкынын оозеки адабияты үлгүлөрүн жазып алат. Мунун басымдуу көпчүлүгүн кыргыздын Бугу элинин атактуу адамдары Боронбайдын, Чалмаке Чоң Караштын, Кыдык Борчуктун, Сарыбагыш урууларынын бийлери Сартай менен Алчынын айылында конокто болгондо жазып алган.

Түн ортосу оогончо чалкып жанган оттун айланасын курчаган топтун арасында ак калпактуу ырчы (манасчы) өз өнөрүн көрсөтөт. Ал бир нече саат бою Улуу «Манас» ырын ырдайт. Ырчы мында алп баатыр Айдархан уулу Эр Көкчө менен Эр Кошой жайын баяндайт. Ошол манасчы кең көлөмдөгү дастандагы казак баатыры Эр Көкчө, Эр Кошой тууралуу окуяны өзүнүн урматына арнап айтып отурганын сезген Чокон ага андан ары бардык дитин коёт.

Түп өзөнүнүн боюнда 2-май күнү Бугу элинин башчылары жиберген алиги манасчы Чоконго жеке келип да жолугат.

Ошентип, 26-май күнү (1856-ж.) «Манас» эпосунун чоң бир үзүндүсү – «Көкөтөй хандын казасы менен аны жерге коюу салтанаты» бөлүмү алгач ирет қагазга түшөт. Ал тууралуу Чокон Петербургта Орус география коомунун

жыйынында жасаган баяндамасында: «...26-май. Бүгүн менде кыргыз ырчысы болду. Ал «Манас» ырынын тили (кыргыздардын) оозеки айтылганы алда канча түшүнүктүү... «Манас» ырынын бир тарыхый салтанатын «Көкөтөй хандын ашы» деген ырды кыргыз акынынын айтуусунан жазып алдым. Бул кагаз бетине биринчи ирет түшүрүлгөн кыргыз сөзү болуу керек. Бул ырды мен (орусчага) которуп жүрөмүн. Белгисиз жаткан тил менен чыгышты изилдөөчү окумуштуу-илимпоздорго таныштыруу үчүн кыскача сөздүк жасоо оюм бар», – деп маалымдайт. (Валиханов Ч.Ч. Собр. соч. т.1. – Алма-Ата, 1961. – С. 421-422).

Ал мезгилде Ысык-Көл аймагында Келдибек, Назар, Телтай, Балык аттуу манасчылар өмүр сүргөн. Кыргыз илимпоздору ырдын чалкыма чабытты, экпиндүү экенин карап: **«Көкөтөй ырын Ысык-Көлдөгү чоң манасчы Назар Болотовдон Токсобо Олжобаевдин айылында жазып алган»,** – деп жоромолдошот. Мында изилдөөчүлөр Саякбай Каралаевдин дерегине шилтеме жасашат. (Мамытбеков З., Абдылдаев А. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. – Фрунзе, 1966. - 28 б.).

Чокон ырды жазып аларда анын тарыхый-этнографиялык, таанымдык-тарбиялык маани-маңызына көңүл бөлүп, илимий негизде изилдөөгө тырышкан. Ал эпостун ар бир сабына, сырдуу сөздөрүнө, адам аттары менен жер-суу аттарына маани берип, алардын илимий турпаты дурус жазылуусуна назарын салган. Чыгарманын тил байлыгына, сырткы түзүлүшү менен ыр саптарынын өзгөчөлүктөрүнө көңүл койгон. «...Элдик ырдын бул түрү – тайпалардын согушу менен баатырлардын эрдигин сүрөттөгө арналган эпикалық аңгемелер. Бул ырдын өзүнө тиешелүү өлчөмү менен уйкашы бар. Ыр чыгаруунун негизги амалы мында маңызы, үн үйкашына таянган. Башкача айтканда, биринчи муун менен экинчи муундун соңу уйкашып отургандыгында», – деп жазат илимпоз өз изилдөөсүндө.

Ч. Валиханов – «Манас» эпосун туңгуч ирет кагазга түшүрүп, орус тилине которгон, ага маалыматтык-таанымдык талдоо жасаган эң алгачкы изилдөөчү илимпоз. Ал – «Манас» эпосуна байланыштуу көркөм адабияттын теориялык маселелерине, қыргыз менен казактын улуттук поэзиясынын жанр, түр, чыгуу тегинин өзгөчөлүктөрүнө, ыр курулушу жөнүндө салмактуу ой айткан, орунду тажрыйба жасаган, ырды «қыргыз өмүрүнүн энциклопедиясы» деп атаган тунгуч казак окумуштуусу.

«Манас» эпосунун казак изилдөөчүлөрү катарында өзгөчө орундагы алп инсан – Мухтар Ауэзов. Заманымыбыздын залкар жазуучусу бир тууган элинин адабиятына гана эмес, өзгө элдердин да адабиятына, маданиятына, руханиятына көп камкор-лук жасаган. Асыресе, ал кечээ 1950-жылдардын башындагы кеңештик идеологиянын кесепетинен саясий жазалоо компания-сынан «Манас» эпосун эрдик менен арачалап калганы тарыхта белгилүү. Ошол тушта Кыргызстандын да, Маскөөнүн да бир катар илимпоздору эл чыгармаларынын мазмунунан айып издеп, «ага эски өмүрдү жарыялайт, өткөндү эңсешет, кыргыз калкын, анын баатырларын чектен тыш ашкере макташат» деген сыяктуу айыптар тагылып турган.

1952-жылы Кыргызстандын ошол кездеги борбору Фрунзеде атайын чакырылган жыйындын максаты «Манасты» қаралоо, аны руханият тарыхынан, калк санаасынан алыстатуу болгон. Мына, ошол ааламат мезгилде элдин сан кылымдар бою бирге жашап келе жаткан, ааламда теңдеши жок эпостун маани-маңызына адил баасын берип, анын идеялык мазмунун сокурга таяк карматкандай Мукаң далилдеп бербегенде, «Манас» эпосу бир аз жылдар жабылып жатып калар беле? Улуу адамдын бул иши – чоң эрдик болгон. Бир тууган кыргыз агайындар данышмандыктын ээси

Мухтар Ауэзовду өтө жогору баалап, өзгөчө урматтаганы атактуу калемгер-окумуштуу ушундай бир нече ири иштеринин, жасаган камкорлуктарынын туундусу дейбиз. Бул жагдай тууралуу улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов Мухаң жөнүндөгү макаласында: **«...Қыргыздын улуу эпосу «Манаска» обу жок айыптоолор тагылып, кыйын-кысмак күн түшкөндө Ауэзовдун таш жарган билимине таянып, анын принцип-түүлүгү жана тандырбас далил-жүйөөлөрүн арка тутуп коомчулук элдин ушул өлбөс-өчпөс көркөм казынасын кол тийгизбей коргоп калгандыгын биз баарыбыз билебиз. Ауэзовдун ошондогу атуулдук азаматтыгын, жазуучулук эрдигин биздин эл эч качан унутпайт...»** – деп айрыкча баса белгилеген. (Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 5-том. - Бишкек: Шам, 1999. – 364 б.).

Улуу сүрөткер белгилүү бул эпосту 1922-23-жылдары Орто Азия мамлекеттик университетинин угуучусу болуп жүргөн кезинен баштап изилдей баштайт. Жаш Мухаң кыргыз элин аралап, карапайым калк арасындагы тубаса таланттардын өнөрүнө тан берген. Ал эл арасындагы «Манас» айтуучу ырчыларды тыңдап, алардын айтуучулук чеберчилигине, жатка айтуу, эсте сактоо жөндөмдүүлүгүнө таң калган. Өзү эпостук ырдын түрлүү нускаларын кагазга түшүргөн. Ошол жылдары Ташкенттеги Казинпроста (Казак агартуу институту) «Манас» эпосуна байланыштуу жасаган баяндамасында М.Ауэзов аны байыркы гректин «Илиада» жана «Одиссея» ырлары менен салыштыра келип, кыргыз эпосун алардан да жогору баалаган.

Академик-жазучунунун 1935-жылкы «Казак адабияты» гезитинин 4-санында жарык көргөн «Кыргыз дастаны «Манас» аттуу макаласынын орду өзгөчө. Каламгер-окумуштуу ошол кезден баштап орус тилинде «Манас» – киргизская народная героическая поэма», «Введение в величественный эпос киргиз-ского народа «Манас», «Киргизская героическая эпопея «Манас», «Воссоздать народный вариант «Манаса», «Ценнейший памятник киргизского народа», «Сказители «Манаса» и слушательская среда», «О времени возникновения эпоса «Манас», «Соображение по поводу уточнения даты «Манаса» сыяктуу көптөгөн баалуу макалаларды жазган. Бул туундулар сүрөткердин 50 томдук чыгармалар жыйнагынан жетиштүү орун алды.

Жалпысынан алганда, «Манас» эпосун улуу жазуучу өмүрүнүн соңуна чейин изилдеди. Көлөмү, сюжеттик-композициялык курулушу, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү менен идеялык-руханий касиеттери жагынан ааламда теңдеши жок чыгарма тууралуу ал кош тилде (кыргыз жана орус тилдеринде) бир катар адабият таанымдык талдоо макалаларды, баалуу изилдөөлөрдү жазды.

Ушу жерде бир эскерте кетүүчү нерсе – Мухаң менен биз бүгүн 120 жылдыгын атап отурган даңктуу манасчы Саякбай Каралаевдин жаштары тең болгон. Бир жылы туулган. Эки курдаш бири-бирине азил-тамашаларын да айтып, катар жүргөн. Улуу жазуучу ага: **«...Саякбай, сен аман бол... Сен кетсең, сени менен бирге «Манас» да кетет»,** – дечү экен.

Мухаң эл аралап «Манас» ырын жазып жүргөн кезде Саякбай атабыздын таңды-таңга ашырып, дастан айтып жүргөн отуздагы ордо бузар жигит чагы экен. Ал 1922-жылдары айылдык кеңештин төрагасы болуп кызмат аткарыптыр. Ошол мезгилин Залкар «Манасчы»: **«...Сельсовет болуп адегенде төрт жыл дунгандарда, андан кийин Маманда иштедим. Айлык алчу эмеспиз. Кээде сельсоветтикти кое коюп, эл аралап күпүлдөтүп «Манас» айтып жүрдүм»,** – деп эске алчу экен, жарыктык. («Манас»: Эпос. 1-китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 9 б.).

Кеменгер жазуучунун «Манас» эпосун дүйнөлүк ийгиликке жеткирүү жолунда жасаган иштерин, жазган эмгектерин талдап, алардын маани-мазмунун баяндоо жагын макала көлөмү көтөрө албас. Ошондуктан, кыскартып айтканда, М.Ауэзов – «Манас» эпосунун бүгүнкүдөй кадыр-барк бийигине көтөрүлүшүнө аянбай эмгек сиңирип, ай-ааламга таанылуусуна өзгөчө салым кошкон, нагыз эрдиктин үлгүсүн көрсөткөн улуу гуманист инсан, казак интелегциясынын чыныгы өкүлү деп айта алабыз.

«Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн арасында даңкы бийик казак илимпоздорунун бири – академик Алкей Хакан уулу Маргулан. Алекең атактуу эпостун Чокон жазып алган, бирок көп жылдар бою илимде белгисиз болуп келген нускасын, ал тууралуу материалдарды архивден таап алып, аларды илимий коомчулукка жарыялады. Бул бүткүл түрк тилдеш элдер адабияты менен маданиятына кошулган зор салым болду. Академик А.Маргулан «Манас» эпосунун Чокон Валиханов жазып алган нускасы жөнүндө атайын изилдөө жазып, ошол боюнча «Чокон жана «Манас» аттуу китебин 1971-жылы «Жазуучу» басмасынан чыгарган.

Эмгекте окумуштуу кыргыз-казак изилдөөчүлөрү менен бирге кеңештик жана чет элдик илимпоздордун эпос тууралуу эмгектерине илимий-теориялык талдоолорду жүргүзүп, «Манас» эпосун жазып алуу тарыхы, эпостун темасы менен анда қамтылган мезгил, кейипкерлер, алардын тарыхый негиздери, ырдын кайсы кезде пайда болгону тууралуу баалуу ойлор айтылган. Макалага кошуп, Улуу Ырдын түп нуска кол жазмасынын көчүрмөсүн да кошо жарыялаган.

Изилдөө эмгекте орус окумуштуулары, академиктер – В.В.Радлов, П.М.Мелиоранский, Ф.Е.Корш, В.М.Жирмунский, француз окумуштуусу Паве де Куртейль, кембридждик ага-ини илимпоздор Н.М. жана Н.К.Чэдвиктер, лондондук окумуштуулар А.Хатто, Л.Базен, мажар окумуштуусу Альмаши, татар-башкыр илимпоздору Бахтияр Абдул-Уахаб, Габдулла Боби, Хасан Гали, Каюм Мифтах, Якуб Кайнанов сыяктуу изилдөөчүлөрдүн «Манас» эпосу тууралуу эмгектерине да кеңири талдоо жасалган.

Академик А.Маргуландын «Манас» эпосу тууралуу изилдөөлөрү ата мекендик түркология илиминдеги баскычы бийик руханий баалуулуктар иретинде адабият тарыхынан өзүнүн өчпөс ордун алды. Кыргызча айтканда, «академик А.Маргылан «Манас» эпосун изилдөөдө чоң салымын кошту».

«Манас» эпосунун соңку мезгилдеги казак изилдөөчүлөрү ким дегенде Казакстан Илимдер академиясынын академиктери К.Жумалиев, Р.Бердибаев, профессорлор Н.Келимбетов, Д.Ыскаков, Т.Журтбай сындуу дагы башка илим-изилдөөчүлөрдү айтууга болот. Алардын мезгилдүү басма сөз беттеринде, илимий жыйнактарда жарыяланган макалаларын, андагы айткан ой-пикирлерин элибиз жакшы билет.

Булар менен бирге, «Манас» эпосу жөнүндөгү маалыматтар, окуу материалдары Казакстандын бардык билим берүү – жогорку жана атайын кесиптик окуу жайларында, жалпы билим берүү орто мектептеринде окутулуп келет. Айталык, менин өзүмдүн 10-класска арналган Казак адабияты окуу китебинин Ч.Валихановго байланыштуу главасына «Манас» эпосуна байланыштуу деректерди атайын бөлүм катары киргиздим. Бул тема 15 жылдан бери казак мектебинде окутулуп келет. Ал Чокондун «Ысык-Көл күндөлүктөрү» аттуу окуу филимин «Казакфильм» киностудиясы аркылуу 1983-жылы чыгарганбыз. Мында да «Манас» эпосуна, манасчыларга, Боранбай манап Бекмурат уулуна, Чыңгыз Айтматовго арналган кадрлар орун алган.

Кыргыз менен казакта: «Эр достугу – эгиз, Эл достугу – деңиз», «Эки эрдин достугу бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат», – деген накыл сөздөр бар. Ошол сыяктуу, ыр мухиту – «Манас» – достуктун, тууганд ыктын, агайындык, биримдиктин ыры. Бул достук – адилет, чындык, адамкерчилик, ар-намыс, уят-сыйдан, адал эмгек, эл-журтка кынтыксыз кызмат сыяктуу жалпы адамзаттык руханий-моралдык баалуулуктарга негизделген. Ошол үчүн дагы «Манас» эпосу биздин күнүмдүк турмушубуздагы дайыма назар сала турган түбөлүктүү темалардын бири болуп кала бермекчи.

Көрүнүктүү казак акыны Абдылда Тажибаевдин эки эл туурасындагы ырында:

«Башыма кийдим ак калпак,
Кыюулап четин жыргызган.
Менин да бетим жап-жалпак,
Айырмам қайсы кыргыздан», –
дейт акын.

Ырдын мазмунунан көрүп тургандай, казак менен кыргыздын өңү менен тили гана эмес, каны менен жаны, руханий окшоштуктарын, түбү бир боордош элдер экендигин мындан артык сүрөттөө мүмкүн эмес чыгар. Андай болсо кыргыз элинин атактуу «Манас» эпосу биздин да орток адабий мурасыбыз экени, аны ар тарабынан изилдөөгө казак окумуштуулары мындан да далай изилдей берери эч күмөн туудурбайт.

***Сулайманова Р.Т., Казакбаева З.Т.***
Ж.Баласагын атынданы Кыргыз улуттук университети

# БОЛОЧОКТОГУ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН МУГАЛИМДЕРИНИН ЭМОЦИОНАЛДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ЭМОЦИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТНТНОСТИ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

## PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR FORMING EMOTIONAL COMPETENCE OF FUTURE TEACHERS OF INITIAL

**Аннотация:** Макалада педагогдун эмоционалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун багыттары талдоодон өткөрүлөт. Окуу процессинде студенттердин эмоционалдык өнүгүүсүн түзүү үчүн педагогикалык шарттары ачыкталып берилди.

**Түйүндү сөздөр:** болочок мугалим, эмоционалдык чөйрө түзүү, эмоционалдык компетенттүүлүк, гумандуулук принциби, педагогикалык шарттар.

**Аннотация**: В статье проведен анализ направлений формирования эмоциональной компетентности педагога. Раскрыты педагогические условия для создания эмоционального развития студентов в учебном процессе.

**Ключевые слова:** будущий учитель, создание эмоциональной среды, эмоцинальная компетентность, принцип гуманизации, педагогические условия.

**Abstract:** The article analyzes the directions of the formation of the emotional competence of the teacher. The pedagogical conditions for creating the emotional development of students in the educational process are disclosed.

**Keywords:** future teacher, creating an emotional environment, emotional competence, principle of humanization, pedagogical conditions.

Жогорку окуу жайынын педагогунун кесипкөйлүгү окуткан предметтин мазмунун терең билүү менен гана эмес, педагогикалык процесс учурунда студенттердин эмоционалдык чөйрөсүн активдештирүү менен жагымдуу эмоционалдуу фон түзө алышы менен дагы мүнөздөлүнөт [1]. Адатта, окуу процессинде студенттин интелектуалдык деңгээли гана өзгөрүлүп жатат деп эсептелет. Эгерде, ал өзгөрүү студенттин мотиви жана эмоция – эрктик чөйрөсүнүн өзгөрүүлөрү менен коштолсо, анда чыныгы жетишкендиктер пайда болот. Себеби, биринчи жагынан окуу процессинде кандайдыр бир жаңы нерселерге ээ болуу кубанычы, сүйүнүүсү орун алат, экинчи жагынан, өзүнө-өзү ишенимдери жана канаттануусу пайда болот. Демек, педагогикалык процессте студенттин интелектуалдык дагы жана эмоционалдык дагы чөйрөсү бири-бирине органикалык түрдө байланышуу менен орун алса, анда процесстин жыйынтыгы натыйжалуу болот.

Окуу процесси инсандын интеллектулдык, эмоционалдык чөйрөсүнүн катышуусу менен орун алат. Натыйжада окуу процессинин жыйынтыгы, анын жүрүшү, сапаты туура уюштурулган эмоционалдуулук фондон дагы көз каранды болот.

•*«контексттик»* окутуу идеясы [2], мында ишкер оюндары, проблемалуу лекциялар жана семинарлар аркылуу студенттин кесиптик ишмердүүлүгүндөгү предметтик жана социалдык контексттери берилет. Бул адамдын инсандык потенциалынын бардыгын талап кылат, баарынан мурун анын эмоционалдык чөйрөсү менен ойлоосун;

• ЖОЖдогу окутууну *индивидуалдаштыруу*, анын жалпылыгынан баш тартуу, студенттин акыл-эси менен жүрөгүнө арзыбаган нерсе бере турган монологдуу сабактан диалогго айлантуу [3]. Билим берүүдөгү диалогдун спецификасы — бул студенттер ортосундагы сүйлөшүүгө, баардык проблемалар үчүн жалпы, маанилүү талкууга окутуучуну кошуу. Жандуу инсандар арасындагы баарлашуу кырдаалы айкындуулук менен ачыктыктын өзгөчө атмосферасын, достукту, кызыгууну түзүп жана милдеттүү түрдө студенттер үчүн инсандык жактан маанилүү эмоционалдык компоненттин болушун болжолдойт. Окуу диалогун уюштуруу окутуучу менен студенттин баалуулук-маанилик тең укуктуулугу, кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктө-рү менен ар биринин потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу принциптеринин; герменевтивдүүлүктүн, б.а., талкууга алынып жаткан маанилүү көрүнүштү туура түшүнүүнүн, демократиялуулуктун, ой эркиндигинин, кысымдын жоктугунун негизинде ишке ашырылууга тийиш;

• *студенттердин эмоционалдык өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн* сабакта уюштурулушун каттоо [4],. *П*сихологиялык-педагогикалык адабияттарда студенттик жылдарга туура келген өспүрүм мезгил, дүйнөнү таанууну интенсивдүү калыптандыруу мезгили катары мүнөздөлөт. Студенттер репродуктивдүү таануунун өз алдынча жана чыгармачылык ыкмаларын колдонот. Өспүрүм кезде жан дүйнө күчүнүн, суроо-талаптардын жана кызыкчылыктардын көтөрүңкүлүгү байкалат. Жыйынтыгы катары — философиялык мүнөздөгү проблемаларга эмоционалдык жооп, бул интеллектуалдык-эмоционалдык процесстердин бирдиги менен колдоого алына турган кызыгуулар, алардын инсандык кабыл алуу, жандуу берүүгө шарт түзөт.

Россия педагогикасында окутуунун стимулдаштыруу методдору тынымсыз изилденген, алар белгилүү бир деңгээлде инсандын эмоционалдуу чөйрөсүнө карата кайрылган. Аларга төмөнкүдөй методдор кирет:

1. *Жаңычылдык, актуалдуулук, заманбап илимдин жетишкендиктери, маданият, искусствого карата өздөштүрүлүп жаткан материалдын мазмунуна жакындоо кырдаалдарын түзүү методу.* Окутуунун мазмунуна таасир этүү жана окууга карата кызыгууну ойготууну стимулдаштырууну жогорулатууда бул методдун ролу баа жеткис. Жаңычылдыктын психологиялык эффектисинин аракетинен улам окуу ишмердүүлүгүнө карата оң маанайдагы эмоционалдык мамиле пайда болот.

2. Т*аанып-билүү оюндары методу,* анда окуучуларга предмет боюнча топтолгон билимге таянууда чечим кабыл алуусу зарыл. Бул методдун баалуулугу оюндун стимулятор катары болуп эсептелгендиги. Ал окуу, таанып-билүү тапшырмаларын чечүүгө шарт түзүү менен окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү.

*3. Ийгилик кырдаалын жаратуу методу,* бул сабакта жагымдуу

психологиялык климат шарттарында өзүнө ишенбөөчүлүк, коркуу сезимдерин төмөндөтүү. Бул метод айрыкча окууда кыйналган окуучулар менен иштешүүдө маанилүү. Ийгиликке жетүүдөн канааттанууну башынан кечирбей коюусуз, чынында окуудагы тоскоолдуктарды жеңүүгө болооруна мүмкүн эмес. Ийгилик кырдаалын окуу тапшырмаларын дифференциациялоо жана окуучуларга жардам көрсөтүү; тапшырмаларды тандоого сунуштоо; бири окуучуга кыйынырак тапшырманы чечүүгө жеткиликтүү шарттарды түзө турган эки эселенген тапшырмалар аркылуу жаратууга болот. Тапшырмаларды аткаруудагы мактоо, шердентүү, жагымдуу моралдык-психологиялык атмосфера өзүнө ишенбөөчүлүк менен коркууну төмөндөтөт. Тынчсыздануу абалы кийинки окуу жетишкендиктерине өбөлгө түзө турган ишенимдүүлүк менен алмашат.

Эмоционалдык стимулдаштыруунун методдор тобу тарабынан бөлүп бериши окуу процессинин эмоционалдык факторлор проблемасын иштеп чыгууга болгон талашсыз салымы болуп эсептелет. Окуу процессинде аларды билгичтик менен айкалыштыруу окуунун ийгиликтүүлүгүн камсыз кылууга жөндөмдүү.Эмоционалдык фактордун өз ара аракетинин жыйынтыгында келип чыккан оң маанайдагы эмоциялар, окуу процессинде төмөнкүдөй баалуу функцияларды аткарышат:а) студенттердин таанып билүү кызыгуусун жана таанып-билүү активдүүлүгүн стимулдаштырат;б) окууда кийин жетишилгендерди сактоого, бекемдөөгө жана өнүктүрүүнү пайда кылып, өз ара аракеттешүүнү мотивациялоого шарт түзөт;в) психотерапиялык каражат катары эсептелет (тынчы кетүү, урушчаактыкты жайгарып, натыйжага жетүүнү жеңилдетет); г) топтук иште окуп жаткандардын макулдашкан өз ара аракет шарттарын камсыз кылат. Жагымдуу эмоционалдык мамилелер жакшы кызматтык биримдикти жана топтун ишке жарамдуулук эффектисин түзүшөт; д) окутуу процессине эмоционалдык-баалуулук технологияларын киргизүү аркылуу инсандын чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүгө жардамын берет.

Болочок педагогдордун эмоционалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун технологияларына ылайык башталгыч класста окутуу төмөнкү принциптерге таянуу менен жүргүзүлүшү керек: гумандуулук, дисциплиналар арасындагы байланыш, активдүүлүк. Гумандуулук принциби окутуу процессинде негизги принциптеринин бири болуп саналат. Гуманизм (латын сөзүнөн – адамгерчилик деген маанини түшүндүрөт) – адамдын теңдиги, акыйкаттуулугу, алардын ортосундагы бири-бирин сыйлоосу жөнүндөгү көз караштардын жыйындысы. Окутуу процессинин гумандуулук принциби ар бир окуучуга адамгерчиликтүү мамилени, аларды окутуунун объектиси менен катар эле өз алдынча, өз жөндөмү жана кызыкчылыгы бар субъект катары кароону шарттайт. Ар бир студентти инсан катары кабыл алуу менен окутуу процессинде ага гумандуу мамилени талап кылат. Бул принципти ишке ашыруу үчүн төмөнкү багыттар эске алынууга тийиш:

- билим берүүнүн максатын гумандаштыруу – эркин,өнүккөн, адептүү, чыгармачыл, социалдык жактан жетик педагогдорду калыптандыруу;
- билим берүүнүн мазмунун гумандаштыруу – жалпы адамзатынын руханий маданиятын түзүүдө окумуштуулардын жана ойчулдардын гумандуу көз карашын чагылтуу, табигый илимдердин мазмунун гумандаштыруу;
- окутуунун методдорун гумандаштыруу – окутуу процессинин субъетиси катары каралган окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштурууга гумандуу мамиле жасоо;
- окуучулардын окуу иштерин уюштурууга гумандуу мамиле – салттуу сабак менен катар мугалим жана окуучунун ар кандай өз ара аракеттерин камсыз кылуучу жаңы формаларды пайдалануу, окуучулардын билимин текшерүүгө , эсепке алууга жана баалоого акыйкат, адилет мамиле жасоо.

Мындан тышкары, студенттердин эмоционалдык компетенттүүлүгүнүн калыптанышы ар бир студенттин окуу процессине аң-сезимдүү жанаактивдүү катышуусуна түздөн-түз көз каранды. Ушундан улам, башталгыч класста окутуу сөзсүз түрдө активдүүлүк принциби менен мүнөздөлүнөт.

Инсан болуп кесиптик жактан калыптануу процесси активдүү мүнөздөлүүчү студенттик куракта, окутуу эмгегине карата оң маанайдагы эмоционалдык кызыгууну түзүү ага карата баалуулук мамилени пайда кылат. Жаңы билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди өздөштүрүү үчүн психологиялык жагымдуу кырдаал келип чыгат.

Компетенттүү мамиледеги сабакта төмө биринчи этапта окуучуда активдүүлүккө жана чыгармачыл позицияга карата билүү, издөө, табуу, далилдөө сыяктуу ички мотивация пайда кылуучу каражаттарды, ыкмаларды сунуштоого болот (сүрөт). Сабакта эң бир эффективдүү жолдордун бири проблемалык жагдай түзүү болуп саналат [4]. Экинчи этапта окуучунун өз алдынча иши бул, окуучунун өзү тарабынан коюлган максатка жетүү үчүн пландаштырылган ишинин (билимдеринин, билгичтиктеринин) натыйжасы болууга тийиш.



Сүрөт: Компетенттүүлүккө багытталган сабактын этаптары

Рефлексияда:

- өзүңдүн ишмердүүлүгүңдү баала;
- алган жыйынтык менен өзүңдүн сабактагы максатыңа жеткендигиңди текшер (өзүңдү текшер);
- өзүңдүн жыйынтыгыңды маселенин жообу менен салыштыр (өзүңө-өзүң баа бер) [5]. Ошентип окуучуда өзүн-өзү текшерүү жана өзүн-өзү баалоо машыгуулары калыптанат.

Компетенттүүлүккө багытталган сабактын структурасы төмөнкү элементтерден турат [6, 83-б]:

- стимул,тапшырманын контекстине жана аны аткаруу үчүн мотивация жаратат;
- маселенин формулировкасы, тапшырманы аткаруу үчүн окуучулардын ишмердүүлүгүн көрсөтөт;
- маалымат булагы,тапшырманы аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды камтыйт;
- текшерүү инструментижыйынтыктарды баалоонун критерийлерин жана ыкмаларын көрсөтөт;
- тапшырманы аткаруу үчүн бланк – бул керектүү маалымат берилген учурда гана колдонулат.

Математика сабагында билим берүүчү негизги компетенцияларды калыптандыруу үчүн кандай аракеттер аткарылат? – деген суроо жаралат. Бул суроого жооп берүү үчүн математика сабагында компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды системалуу түрдө колдонуу керектигин айтар элек. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларга мисалдарды карайлы.

1-маселе. Тема: “Тик бурчтуктун аянты” [5, 88-б].

*Компетенттүүлүк:* окуу-таанып билүү

*Аспекти:* стандарттык эмес ситуацияларда билимдерди колдонуу.

*Стимул:* Ата-энеңе керектүү өлчөмдөгү обой сатып алууга жардам бер.

*Тапшырманын формулировкасы:* Сенин бөлмөңдө канча өлчөмдө обой жабыштырыларын эсептеп чык. Таблицага керектүү маалыматтарды кийирип, эсептөөлөрдү жүргүз.

*Тапшырманы аткаруу үчүн бланк:*

| | Узуну (м) | Кеңдиги (м) | Аянты ($м^2$) | Обойдун рулонунун өлчөмү |
|---|---|---|---|---|
| Бөлмө | | | | |
| Обой | | | | |

*Маалымат булагы:* курулуш магазини (обойдун өлчөмдөрүн билүү)

*Текшерүү каражаты:* шкала – 1. Таблица туура толтурулса – 1б. 2. Аянтты эсептөөдө формула туура колдонулса – 1б. 3. Аянтты табууда эсептөөлөрдө ката кетирилбесе – 1б. 4. Обойдун рулонунун өлчөмү туура эсептелсе – 1б. 5. Маселедеги берилген суроого туура жооп алынса -1б.

Жыйынтыгы – 5 б.

Баалоо “5” – 5 б, “4” – 4 б., “3” – 3 б., “2” – 0 – 2 б.

2-маселе. Үй-бүлөлүк бюджетти эсептөөгө карата маселе [7].

*Компетенттүүлүк:* информациялык, өзүн-өзү башкаруу жана көйгөйлөрдү чечүү

*Стимул:* Үйдөгү бир айда сарпталган электр энергиясы үчүн кеткен чыгымды эсептөөгө жардам бер.

*Тапшырманын формулировкасы:* Берилген квитанция менен коммуналдык төлөмдөрдү эсептегиле. Февраль айы үчүн сарпталган электр энергиясын эсептөөчү жалпы туюнтманы жазып эсепте.

*Маалымат булагы:*1кватт\саат электр кубатынын баасы 0,77 тыйын, счетчиктин январь айындагы көрсөткүчү 51030 кватт\саат; февраль айындагы көрсөткүчү 52148 кватт\саат.

*Текшерүү каражаты:*

- электр энергиясын эсептөөнүн туюнтмасын туура жазса – 2 балл;
- бир ай үчүн сарпталган электр энергиясын жана ага кеткен чыгымды туура эсептесе – 3 балл.

Мындай маселелер менен күндөлүк жашообузда тез-тез кезигишип турабыз. Мындай тапшырмалар окуучуларды маселенин формулировкасына сынчыл ой менен кароого, турмуштук жагдайларды моделдештирүүгө түрткү берип, логикалык ой жүгүртүүнү жана көңүл бурууну талап кылат.

Жыйынтыктап айтсак, математика сабагында компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар аркылуу заманбап коомдогу математиканын ролун түшүнүүгө, математикалык маселелерди чечүүдө, жаңы тажрыйбаларды баалоодо, жана өздөрүнүн аракеттеринин эффективдүүлүгүн текшерүүдө колдонууга мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**


1. Алтыбаева М. Окутууга компетенттүүлүк мамиледе билим берүүнүн натыйжаларына мониторингдин мүмкүнчүлүктөрү//Вестник ОшГУ, Выпуск 4, 2016. - № 3. С. – 6-8.
2. Бермус А.Г. Проблемы и перспективы реализации компетентностного подхода в образования [Электронный ресурс]. - Режим доступа:/referat-78164.html.
3. Иванов Д.А., Митрофанов, К.Г., Соколова, О.В. Компетентностный подход в образовании. Проблемы, понятия, инструментарий. Учебно-методическое пособие - М.: АПКиППРО, 2005. - 101 с.
4. Зимняя И.А., Ключевые компетенции – новая парадигма результата образования// Высшее образование сегодня. № 5.2003,
5. Компетентностно-ориентированные задания: Материалы участников
6. Всероссийского телекоммуникационного обучающего проекта-конкурса
7. «Компетентностно-ориентированный урок». – Омск: Пойковский, 2012. – 200 с.
8. Оморов Ш.Д., Зулпукарова Д.И. Формирование ключевыхкомпетентностей обучающихся на уроках математики в 6-7 классах//Молодой ученый, спецвыпуск, 2017. - № 4.1(138.1). С. – 82-86.



***Исаева Р.У.***

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети


# ФИЗИКА МУГАЛИМДЕРИНИН ОКУУЧУЛАРДЫН ФИЗИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮ

## КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧИТЕЛЕЙ ФИЗИКИ ПО ФОРМИРОВАНИЮ ФИЗИЧЕСКИХ ПОНЯТИЙ У УЧАЩИХСЯ

## COMPETENCE OF PHYSICS TEACHERS FOR THE FORMATION OF PHYSICAL CONCEPTS FOR STUDENTS


***Аннотация.*** *Илимий билимдердиннегизги компоненти болуп түшүнүктөр эсептелет. Окуучулардын илимий түшүнүктөрүн ийгиликтүү калыптандырбайтуруп билимдин сапатын көтөрүү мүмкүн эмес. Ал эми бул окуутуудагы маанилүү процессти мугалим гана ишке ашырат. Макалада физика мугалимдеринин илимий түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча компетенттүүлүктөрүнүн мазмуну жана курамы, ага даярдоо жолдору көрсөтүлгөн.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *болочок физика мугалими, илимий түшүнүк, түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктөр, мазмуну, курамы.*



***Аннотация.*** *Основным компонентом научных знаний являются научные понятия. Без успешнего формирования научных понятий у школьников невозможно улучшить качества знаний.Только учитель может осуществлять такой важный процесс в обучении. В статье рассматривается содержание и состав компетентностей учителей физики по формированию физических понятий у учащихся и пути их подготовки.*



***Ключевые слова****: будущий учитель физики, компетентность, профессионально- технологическая компетентность, формирование физических понятий, содержание, состав.*



***Annotation:*** *The main component of scientific knowledge is scientific concepts. Without the successful formation of scientific concepts in schoolchildren, it is impossible to improve the quality of knowledge. Only a teacher can carry out such an important process in learning. The article discusses the content and composition of the competencies of physics teachers in the formation of students' physical concepts and the ways of their preparation.*



***Key words:*** *future physics teacher, competence, professional and technological competence, formation of physical concepts, content, composition.*

Окутуунун жана таалим-тарбия берүүнүн эффективдүү болушун камсыз кыла турган эң негизги проблемалардын бири – кесиптик-технологиялык компетенттүүлүк, ал мугалимдин азыркы учурдун талаптарына ылайык даярдыгынын өзөктүк көрсөткүчү болуп эсептелет. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү (МКК) – бул педагогикалык жана таалим-тарбия берүүчүлүк милдеттерди чечүү үчүн илимий жана практикалык билимдерди системалаштырган билгичтиктердин жыйындысы [1]. Педагогикада ―мугалимдин профессионалдык компетенттүүлүгү" термининин пайда болушу, колдонулушу XX-кылымдын 80-90 жылдарына туура келет. 2000-жылдардын башталышынан МКК окумуштуулар тарабынан терең изилденип келет.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы бул мугалимдин негизги милдети болгон окуучуларга илимий билимдерди берүүгө болгон билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр, методдор, каражаттар деп эсептейбиз. Ал эми илимий билимдердин негизги компоненти болуп “илимий түшүнүктөр” эсептелет. Демек, мугалим окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу аркылуу гана аларга билим бере алат. Мындан физика мугалимине (деги бардык эле мугалимдерге) тиешелүү болгон *физикалык (илимий) түшүнүктөрдү калыптандыруу компетенттүүлүгүн* кошууну максатка ылайык деп эсептейбиз [2].

Биз да компетенция түшүнүгү боюнча жогоруда айтылгандарга кошулуу менен аны болочок адистин кесиптик даярдыгын аныктоочу жана окутуунун жыйынтыктары болуучу билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жыйындысы деп түшүнөбүз. Ал эми биздин изилдөө проблемабыздын аспектисинде карасак, болочок мугалимдерди окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча компетенциясына ээ кылууга даярдай турган болсок, анда аталган процесс боюнча мугалимдин компетенттүүлүктөрүнүн мазмунун аныктоо милдети турат.

Мындан, биз өз учурунда түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча мугалимдердин билимдерине жана билгичтиктерине, көндүмдөрүнө коюлуучу талаптарды иштеп чыгуудан баштоону ылайык көрдүк.

Окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу методикасы бул ишмердүүлүктүн практикалык билгичтиктерин гана талап кылбастан, философиялык, психологиялык жана педагогикалык билимдерди камтыган теориялык негиздерди билүүнү талап кылат. Ошондуктан, окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу дээрлик татаал методикалык система болуп эсептелет. Ал системанын түзүлүштүк элементтерин аныктоо, мазмунун ачуу, ошондой эле анын ар бирин ишке ашыруунун жолдорун табуу жана аларды колдонуу мугалимдерден өтө терең билимди, чеберчиликти талап кылат.

Окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу методикасын система катары карасак, анын курамында теориялык, дидактикалык жана практикалык үч чоң блок болушу керек деп эсептейбиз [3].

Системанын *теориялык блогу* өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:түшүнүктү философиялык категория катары кароо; логикалык жана психологиялык категория, адамдын ой жүгүртүү жолу катары кароо.

Системанын *дидактикалык блогу* өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: түшүнүккө аныктама берүү эрежелери;классификациялоо жолдору; ортосундагы байланыштар, катнаштар;өздөштүрүүнүн деңгээлдери жана критерийлери; өздөштүрүүдөгү каталар; калыптандыруунун этаптары.

Системанын*практикалык жеметодикалык блогу*өзүнөтөмөнкүлөрдүкамтыйт:

- окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруудагы окуу сабактарынын ар кандай түрлөрүнүн функциялары;
- түшүнүктөрдү өздөштүрүү боюнча окуучулардын аракеттеринин ыкмалары жана жолдору;
- илимий түшүнүктөрдү калыптандыруунун ыкмалары жана жолдору.

Системанын жогоруда көрсөтүлгөн блоктору өз ара байланышта болушат, эгерде блоктордун бирөөнү эле эске албаса, анда мугалимдин окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча ишмердүүлүгүн төмөнкү эффективдүүлүккө алып келет. Мисалы, эгер мугалим бир гана методикалык блокту билсе, анда окуучулардын түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча ишмердүүлүгү жемиштүү болбойт (репродуктивдүү мүнөзгө ээ болот). Окуу китебинде көрсөтүлгөн сунуштар боюнча удаалаштыкта өткөрүлгөндө гана ишмердүүлүк эффективдүү болот. Ал эми сунуштарды эске албаса мугалимдин ишмердүүлүгү дайыма каталар менен коштолуп, түшүнүктү этаптар боюнча калыптандыруунун удаалаштыгы бузулат да эч жыйынтык чыкпайт.

Мугалим теориялык эле блокту билсе, анда аракеттерди аткарууда удаалаштык рационалдуу болбогондуктан түшүнүктөрдүн мазмуну толугу менен ачылбайт, түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштар такталбайт ж.б. Методикалык блок билимдердин жана билгичтиктердин акыркы бүтүрүүчү бөлүгү (звеносу) болгонуна карабастан педагогикалык процесстин «технологиясы» окуучулардын түшүнүктөрдү өздөштүрүү ишмердигине орчундуу таасир этет, анткени бул процессте жетектөөчү роль мугалимге таандык.

Жогоруда айтылгандардын негизинде окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн ийгиликтүү калыптандыруу үчүн мугалимге зарыл болгон билимдерге жана билгичтиктерге коюлган талаптарга төмөнкүлөрдү кошууга болот.

*Теориялык планда* мугалим төмөнкүлөрдү билиши керек:

- илимде жана окууда (таанып-билүүдө) түшүнүктөрдүн маанисин жана ролун;
- түшүнүктүн аныктамасынын философиялык жана логикалык категория катары каралышын;
- психологиялык көз караштан алганда түшүнүктөрдүн пайда болуу баскычтары «сезүү – кабыл алуу – элестетүү – түшүнүк» удаалаштыктары түрүндө болоорун.

*Жалпы дидактикалык планда* мугалим төмөнкүлөрдү билиши керек:

- түшүнүктөрдү калыптандыруунун этаптарын;

- конкреттүү педагогикалык жагдайларда түшүнүктү калыптандыруунун этаптарын вариациялоонун жолдорун;

- физикалык билимдердин негизги түзүлүштүк элементтерин, ал элементтер төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Илимийфактылар.

2. Илимий түшүнүктөрдүн системалары, өз кезегинде алар төмөнкүлөрдөн турат:а) материянын формалары жөнүндө түшүнүктөрдүн тобу; б) заттардын жанаталаалардын касиеттерин мүнөздөгөн чоңдуктар жөнүндө түшүнүктөрдүн тобу; в) кубулуштар жөнүндөгү түшүнүктөрдүн тобу; д) техникалык объектилер жана технологиялык процесстер жөнүндөгү түшүнүктөрдүн тобу; ж) изилдөө методдору: байкоо, эксперимент, теориялык анализ.з) закондор.и) теориялар жана божомолдор.

*Методикалык планда* мугалим окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандырууда окутуунун ар кандай формаларынын функцияларын билиши керек.

Сабактын конкреттүү функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Түшүнүк менен алгачкы жолу таанышууда анын жалпы белгилеринен маңыздуу белгилерин бөлүп алуу.

2. Түшүнүктүн маңыздуу белгилерин тактоо. Ал төмөнкүлөрдү камтыйт:а) түшүнүктүн маңыздуу белгилерин маңыздуу эмес белгилеринен бөлүп алуу;б) түшүнүктүн маңыздуу эмес белгилерин вариациялоо;в) түшүнүктөрдү дифференцирлөө (салыштыруу, карама-каршылоо ж.б.).

3. Түшүнүккө аныктама берүү.

4. Таанып билүү маселелерин чечүүдө түшүнүктү пайдалануу боюнча билгичтиктерди иштеп чыгуу.

5. Түшүнүктөрдү конкреттештирүү, классификациялоо, системалаштыруу.

6. Таанып-билүү маселелерин чечүүдө түшүнүктөрдү колдонуу.

Физикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп маселе чыгаруу эсептелет жана ал сабактын түзүмүнүн бир бөлүгү болот. Мугалим окуучулардын түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнүн айрым этаптарында физикалык маселелер ар кандай функцияларды аткара тургандыгын билиши керек. Практикалык мүнөздөгү маселелерди, суроо-маселелерди, физикалык чоңдуктардын чен бирдиктерин тактоого багытталган маселелерди чыгаруунун максаты болуп жаңы түшүнүктү тактоо, аны мурда калыптандырылган башка түшүнүктөрдөн ажыратуу, теориялык билимдерди бышыктоо болуп эсептелинет.

Эсептөөчү мүнөздөгү маселелерди чыгаруу көп максаттуу мааниге ээ болот жана ал төмөнкүлөргө багытталышы мүмкүн:а) түшүнүктөрдү дифференцирлөөгө;б) окуучулардын аң-сезиминде түшүнүктүн маңыздуу белгилеринтактоого жана бышыктоого;в) берилген түшүнүктүн башка түшүнүктөр менен болгон байланышын аныктоого;г) окутуучу мүнөздөгү маселелерди чыгарууда түшүнүктөрдүколдонууга;

Демонстрациялык тажрыйбалар да сабактын курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Алар түшүнүктөрдү калыптандыруунун кайсы этабында коюлуп жатканына көз карандылыкта өзүнүн мазмуну жана милдети боюнча ар кандай функцияларды аткарышы мүмкүн. Демонстрациялар баштапкы фактылардын ролун аткарып, аларды талдоо учурунда буга чейин белгилүү болгон түшүнүктөрдүн жетишпестигин көрсөтүп, жаңы түшүнүктөрдү киргизүү зарылдыгын пайда кылат. Аларды гипотезага туура келген материалдык моделдер катары элестетсе болот, теориялык натыйжаларды эксперимент жүзүндө текшерүү кызматын аткарат же болбосо эл чарбасынын ар кайсы тармагында калыптанууучу түшүнүк жөнүндө билимдердин практикалык колдонулушун көрсөтөт [3].

Эксперименттин түшүнүктөрдү калыптандыруу процесси менен өз ара байланышы анын логикалык компоненттери аркылуу жүргүзүлүүсү менен төмөнкүлөрдү камтыйт: проблеманы коюу, тажрыйбада текшерилүүчү гипотезаны формулировкалоо (эреже катары ал түшүнүктөрдүн ортосунда маңыздуу байланыштар бар экенин болжолдойт), изилдөөнүн методикасын тандап алуу, эксперименттин жыйынтыктарын логикалык-математикалык жактан иштеп чыгуу, тажрыйбанын жыйынтыктарын жалпылоо жана интерпретациялоо.

Окуучулардын түшүнүктөрүн калыптандырууда лабораториялык жана физикалык практикумдун иштеринин негизги функциялары төмөнкүдөй болот:

- физика курсунун теориялык бөлүмүн окуп-үйрөнүү процессинде окуучулар өздөштүргөн түшүнүктөрдү практикада колдонуусу;

- түшүнүктөрдүн мазмунун анын техникалык компоненттерин киргизүүнүн эсебинен тереңдетүү;

- физикалык чоңдуктарды мүнөздөгөн түшүнүктөрдүн ортосунда маңыздуу байланыштарды орнотуу.

Окутуунун бардык эле формаларында окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу белгилүү этаптар аркылуу ишке ашырылат.

А.В.Усова иштеп чыккан түшүнүктү *этаптык калыптандыруу жөнүндөгү концепциясынын* [4] негизинде, биз окуучулардын физикалык *түшүнүктөрүн негизги этаптары* боюнча калыптандырууда мугалимдин билимдерине жана билгичтиктерине коюлган талаптарды сунуш кылабыз:

- окуучулардын күнүмдүк жашоодон алынган байкоолордун натыйжасында алынган түшүнүк жөнүндөгү билимдерди пайдалануу жана аларды талдоо менен коштолгон конкреттүү - сезимдик кабыл алуусун уюштуруу (мектеп шартындагы байкоолор жана тажрыйбалар, фильмдерди, ар кандай телеберүүлөрдү көрүү);

- окуучуларды окуп-үйрөнүлүп, байкалып жаткан объектилерди салыштырууга, айырмалоого жана алардагы жалпы маңыздуу касиеттерин (жактарын) бөлүүгө үйрөтүү;

- окуучулардын абстракциялык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү (маңыздуу белгилеринен маңызсыз белгилерин бөлүү);

- түшүнүккө аныктама берүү, маңыздуу белгилерин синтездөө боюнча окуучулардын билимдерин жана билгичтиктерин өнүктүрүү;

- маңыздуу белгилерин тактоого жана бекемдөөгө үйрөтүү (маңыздуу белгилерди варияциялоо боюнча көнүгүүлөр);

- берилген түшүнүктү башка түшүнүктөр менен болгон байланышын аныктоого үйрөтүү;

- түшүнүктөрдү окуу мүнөзүндөгү маселелерди чечүүдө колдонуу; классификациялоо; чыгармачыл мүнөздөгү маселелерди чечүүдө колдонуу; байытуу ( маңыздуу белгилерин табуу).

Мындан,окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруунун бардык этаптарында мугалим алардын ишмердүүлүгүн жана түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүн уюштуруунун ыкмаларын так билиши керектиги келип чыгат [4].

Окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн өздөштүрүүсү боюнча ишмердиктери жалпыланган мүнөздөгү пландарды пайдаланууну билүүнү камтыйт, алар: кубулуштар жөнүндө түшүнүктөрдүн классын, физикалык чоңдуктар жөнүндө түшүнүктөрдүн классын, физикалык теориялар жөнүндө түшүнүктөрдүн классын, физикалык куралдар жөнүндө түшүнүктөрдүн классын, физикалык турактуулуктар жөнүндө түшүнүктөрдүн классын, идеалдык объектилер жөнүндө түшүнүктөрдүн классын өздөштүрүү пландары.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, биз мугалимдин окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча *жалпы компетенттүүлүктөрүнө* төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

– илимий билимдердин системасында түшүнүктөрдүн жана аларды калыптандыруунун *маанисин, анын ордун жана ролун билүү;*

– *калыптандырылып жаткан түшүнүктүн азыркы учурдагы илимдеги мазмунун билүү.* Бул талап аткарылбаса, анда түшүнүктү туура калыптандыруу жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес.

– *калыптандырылып жаткан түшүнүктү өздөштүрүүнүн жогорку деңгээлин жана мектепти бүтүргөн кезде түшүнүктү өздөштүрүлүшүнө коюлган талаптарды билүү.* Бул талаптын аткарылышы мугалим илимий түшүнүктүн өнүгүү перспективасын көрө билүүгө жана бул процессти максаттуу жана ойлонуп ишке ашырууга багыттайт.

Азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын жаңы муундагы жогорку кесиптик билим берүү стандарттары компетенциялык мамиленин негизинде түзүлгөнү барыбызга белгилүү (жалпы илимий, инструменталдык, маалыматтык, кесиптик ж.б.). 510400 Физика багытындагы мамлекеттик билим берүү стандартына *кесиптик компетенциялар* блогуна “Физикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу” компетенттүүлүгү болуп киргизилген жана аталган ишмердүүлүккө даярдоо “Окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун психологиялык-дидактикалык негиздери” атайын курсун жана физиканы окутуунун технологиялары боюнча бардык дисциплиналарын окутуу, педагогикалык практиканы өткөрүү, курстук жана квалификациялык иштерди аткаруу учурунда ж.б. ишке ашырылат (1-сүрөт).




1-сүрөт. Болочок физика мугалимин окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандырууга даярдоо

Көпчүлүк учурларда мугалим түшүнүктүн калыптандыруу процессинин келечегин көрө албай, окуу китебиндеги материалдын берилиш логикасына гана таянып, тактап айтканда “окуу материалын өтүү” жөнүндө гана ойлонушуп окутушат. Мугалимдин бул кемчиликти билүүсү калыптандырылуучу түшүнүктүн перспективасын көрө билүүгө жана өзүнүн түшүнүктү калыптандыруу боюнча ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөгө жардам берет. Түшүнүктөрдү калыптандыруунун негизги этаптарын, аларды өнүктүрүүнүн түйүндүү чекиттерин, түшүнүктүн өнүгүшүн камсыз кылуучу курстун темаларын, бөлүмдөрүн так бөлүп алуу зарыл. Түшүнүктү калыптандыруунун туура жолдорун, методдорун жана ыкмаларын тандай билүү керек.

Мында окуучулардын түшүнүктүн илимге чейинки, “турмуштук” элестөөлөрүнө көңүл бурулушу, башка предметтерден алган билимдери такталышы керек. Бул өз учурунда белгиленген түшүнүктүн мазмунуна, окуучулардын ой жүгүртүүсүнө, турмуштук тажрыйбаларына жана билимдерине ылайык келген калыптандыруунун туура жолдорун, методдорун тандап алганга көмөк көрсөтөт.

Түшүнүктү калыптандыруунун баштапкы этабында окуучулардын ой жүгүртүү ишмердиктерине проблемалык ситуацияларды түзүү аркылуу жетишсе болот. Окуучулар мындай ситуацияларды талдоодон буга чейин өздөштүргөн түшүнүктөрү жаңы фактыларды (кубулуштарды, нерселердин касиеттерин, закон ченемдүүлүктөрдү ж.б.) же практикалык маселелерди түшүндүрүүдө жетишсиз боло тургандыгына келишет. Бул процессте проблемалык ситуацияларды түзүү окуучулардын көңүл буруularын актуалдаштырат, ой жүгүртүүлөрүн активдештирет, түшүнүктү өздөштүрүүнүн маанисин эң жакшы түшүнгөнгө жардам берет. Албетте, булардын баары окуучулардын түшүнүктөрдү мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылышат.

Булардан тышкары физика курсунда жалпы илимий түшүнүктөр көп кездешет. Мисалы, “энергия”, “масса”, “күч”, “зат”, “кыймыл” ж.б. Мугалимдер жалпы илимий түшүнүктөрдү предметтер аралык байланыштарды пайдалануу менен гана ийгиликтүү калыптандыра алышат. Ошондуктан, жогоруда белгиленген мугалимдердин түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча компетентүүлүктөрүнө төмөнкүлөрдү да кошуп кетебиз:

- мугалимдин предметтер аралык байланышты ишке ашыруунун педагогикалык илимдеги учурдагы жетишкендиктерин билүү;
- мугалимдин предметтер аралык байланышты ишке ашыруунун эффективдүү методдорун, жолдорун, каражаттарын колдоно билүү;
- кандайдыр бир предмет боюнча окуп-үйрөнүлүп жаткан түшүнүктөр менен башка предметтерде таанышкан түшүнүктөрдүн өз ара байланыштарын көрсөтүү;
- башка окуу предметтеринде мурда окуп-үйрөнгөн билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүү;
- табигый циклдагы предметтерди окуп-үйрөнгөндө алынган билимдер-дин комплекстүү колдонулушун талап кылган предметтер аралык мүнөздөгү маселелерди чыгаруу.
- сабакта мурда башка табигый предметтердин сабактарында окуп-үйрөнгөн маалыматтарды кубулуштарды, нерселердин касиеттерин, түшүнүктөрдү, закондорду жана теорияларды түшүндүрүүдө пайдалануу.
- ар кайсы предметтерди окуп-үйрөнүүдө алынган билимдердин комплекстүү колдонулушун талап кылган лабораториялык иштерди аткаруу;
- табигый илимий предметтердин циклы үчүн таандык болгон окуучулардын жалпы таанып-билүү билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өнүктүрүү [5].

**Адабияттар:**


1. Байденко В.И. Выявление состава компетенций выпускников вузов как необходимый этап проектирования ГосВПО нового поколения: методическое пособие. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2006. – 72 с.
2. Мамбетакунов Э., Исаева Р.У. Методическая подготовка учителя физики в университете. Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. Сер. 3. – Бишкек, 2003. – С. 94-99.
3. Исаева Р.У. Дидактические умения учителя по формированию физических понятий. Вестник. КНУ им. Ж.Баласагына. Сер. 3. – Бишкек, 2001.-№3. – С. 99-103.
4. Усова А.В. Психолого-дидактические основы формирования у учащихся научных понятий. – Челябинск: Челябин. пед. ин-т, 1986. – 85 с.
5. Мамбетакунов Э., Исаева Р.У. Мугалимдердин окуучулардын физикалык түшүнүнүктөрүн калыптандыруу компетенттүүлүктөрү: Окуу куралы. – Б.: КУУнун “Университет” басмаканасы, 2015, - 218 б.

***Исаева Р.У., Тынчылыкова К.О.***
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

# ФИЗИКА МУГАЛИМДЕРДИН КЕСИПТИК-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮНҮН КУРАМЫ

## СОСТАВ ПРОФЕССИОНАЛЬНО-ТЕХНОЛОГИЧЕСКИХ КОМПЕТЕНТНОСТЕЙ УЧИТЕЛЕЙ ФИЗИКИ

## COMPOSITION OF PROFESSIONAL-TECHNOLOGICAL COMPETENCE OF PHYSICS TEACHERS

***Аннотация:*** *Макалада болочок физика мугалимдерин даярдоонун кесиптик-технологиялык маселелери каралган. Алардын кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктөрүнүн мазмунуна талдоо жүргүзүлгөн жана курамы такталган. Физика мугалимдерин кесиптик жактан даярдоону эпизоддук түрдө эмес системалуу кароо керек.*
***Түйүндүү сөздөр:*** *болочок физика мугалими, компетенттүүлүк, компетенциялар, педагогикалык компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк, технологиялык компетенттүүлүк курамы.*
***Аннотация:*** *В статье рассматривается профессионально-методические проблемы учителей физики. Надо рассматривать профессиональной подготовки учителей физики системно, а не эпизодически.*
***Ключевые слова:*** *будущий учитель физики, компетентность, компетенции, педагогическая компетентность, профессиональная компетентность, технологическая компетентность, состав.*
***Annotation:*** *The article discusses the professional and methodological problems of physics teachers. It is necessary to consider the professional training of physics teachers systematically, and not sporadically.*
***Key words:*** *future teacher of physics, competence, competence, pedagogical competence, professional competence, technological competence, composition;*

Европалык жана постсоветтик мамлекеттер жогорку кесиптик билим берүүнүн Болондук конвенциясына кол коюп, ал процесске киргенден баштап, компетенттик негизде окутуу билим берүүнүн азыркы учурдагы парадигмасы болуп калды.

Бул парадигманын базалык түшүнүктөрү «компетенттүүлүк» жана «компетенция». Бул түшүнүктөр дисциплиналар аралык болуп эсептелет. Анткени алар жалпы категориялык белгилерге да, спецификалык өзгөчөлүктөргө да ээ. Ал эми алардын мазмуну – бүгүнкү күндө илимий чейрөдө жүрүп жаткан кызуу талкуунун объектиси болуп эсептелет. Бул терминдер учурда кесиптик билим берүүнүн теориясында жана методикасында ар кандай мааниде чеги жок колдонулууда.

Окумуштуулардын берген аныктамаларына талдоо жүргүзүүдө «компетенция» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрү авторлор тарабынан педагогикалык чындыкты изилдей турган теориялык багыттар менен шартталат. Андан тышкары, *компетенциялар* «даярдык», «билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр жана иш тажрыйбасы» деген, ал эми *компетенттүүлүк* «ар түрдүү даярдыктардын биримдиги», «инсандык сапаттардын жыйындысы», «адистин интегралдык мүнөздөмөсү» деген түшүнүктөр катары берилген аныктамалардагы айырмачылыктарга карабастан, теориялык булактарда болочок физика мугалимин кесипке даярдоо маселелеринин чечилиши ар түрдүү көз караштарда боло тургандыгы байкалды.

Мугалимдин компетенцияларын изилдеген эмгектерди окуп–үйрөнүүнүн натыйжасында “кесиптик компетенттүүлүк”, “педагогикалык компетенттүүлүк”, “методикалык компетенттүүлүк” түшүнүктөрүнүн мазмундарын талдоого туура келди.

Кесиптик компетенттүүлүк деген бул:

- инсандын ишмердүүлүгүн жүргүзүүдөгү даярдыгын шарттоочу татаал сапат; - бул айрым билимдер же билгичтиктер эмес жана алардын жыйындысы да эмес, ал адамга бүтүндөй бир ишмердүүлүк мүмкүнчүлүгүн берүүчү касиет (Н.Г.Гончарова);
- инсандын кесиптик ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон жөндөмдүүлүктөрүнүн, сапаттарынын жана касиеттеринин жыйындысы (Н.В.Кузьмина, А.К.Маркова, А.М.Новиков, В.А.Сластенин, С.Н.Чистякова ж.б.);
- кызмат адамынын жеке мүмкүнчүлүктөрү, анын тийиштүү билимине жана көндүмдөрүнө ылайык белгилүү бир чечимдерди кабыл алуу же өзү чечүүгө мүмкүнчүлүк берген квалификациясы (О.С.Анисимов, Э.Ф.Зеер, Г.М.Романцев, П.Г.Щедровский ж.б.);
- бир адамды башкалардан өзгөчөлүгү, белгилүү бир коомдогу орду (А.И.Савенков, Р.Стенберг);
- инсандын окутуу жана социалдаштыруу процессинде ээ болгон ишмердүүлүгү, билимдери жана иш тажрыйбаларына негизделген жалпы жөндөмдүүлүктөрүнүн өзгөчөлөнгөн сапаттары (Г.Селевко).
- Ал эми педагогикалык изилдөөлөрдү талдоо педагогикалык кесиптеги адистердин *педагогикалык компетенттүүлүгү* төмөндөгүдөй болууга тийиш экендигин көрсөттү:
- мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүдөгү теориялык, практикалык даярдыктарынын бирдиктүүлүгү жана анын адистик чеберчилиги (В.А.Сластенин);

- билим, билгичтиктер, көндүмдөр жана педагогикалык ишмердүүлүктүн жолдору (Н.Ф.Талызина);
- окуу процессиндеги педагогикалык ишмердүүлүктүн окуучулар менен натыйжалуу иш-аракетте болуусу – бул кесиптик даярдыктын жогорку деңгээлдеги педагогдук мүнөздөмөсү болуп саналат. Бул мугалимдин: окутуучулук ишмердүүлүгү, педагогикалык баарлашуусу, окутуучунун инсандыгы, окуучунун билимдүүлүгү жана тарбиялуулугу эсептелет (И.А.Колесникова, А.К.Маркова, Н.В.Тамарина);
- кесиптик ишмердүүлүк реалдуу жагдайларда пайда болуучу проблемалар жана мүнөздүү маселелерди чечүү бул адистин жөндөмдүүлүгүн аныктоочу өзгөчөлөнгөн мүнөздөмөсү болуп саналат (А.А.Вербицкий);

Н.В.Кузьмина педагогикалык компетенттүүлүктүн психологиялык компонеттерине басым жасайт: дифференциалдык-психологиялык (окуучулардын окуу материалын өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өздөштүрүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө билүү); социалдык-психологиялык (окуу-таанып билүүчүлүк жана коммуникациялык ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү); аутопсихологиялык (өз ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктарын жана кемчиликтерин, өзүнүн инсандык сапатынын өзгөчөлүктөрүн билүү) [1].

Вербицкий А.А. окумуштуулардын кесиптик компетенттүүлүк боюнча аныктамаларын жалпылап, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарган: *мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү* – бул педагогикалык жана таалим-тарбия берүүчүлүк милдеттерди чечүү үчүн илимий жана практикалык билимдерди интеграциялап калыптандыруу билгичтиктеринин жыйындысы деп белгилеген [2].

Технологиялык компетенттүүлүк – мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн башкы курамдык бөлүгү болуп саналат. Акыркы учурда илимий булактарда *кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктөр* деп биримдикте аталып калды.Булар анын предметти окутуу үчүн заманбап технологияларга ээ болууга теориялык жана практикалык жактан даярдыгы, методикалык натыйжаларга жетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү инсандык-кесиптик сапаттары.

Физика мугалиминин *кесиптик-технологиялык* – болочок мугалимдин жалпы билим берүүчү мектепте физиканы окутууга теориялык жана практикалык жактан даярдыгы, окутуунун технологияларын колдоно билүүчүлүгү, кесиптик инсандык сапаттарын үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүгү [3].

Болочок физика мугалиминин методикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу модели окутуунун максатын, милдеттерин, принциптерин, мазмунун, методдорун, каражаттарын, технологиясын жана күтүлүүчү натыйжаны камтыйт.

*Кесиптик-технологиялык компетенттүүлүк* - таалим-тарбиянын максатын жана милдетин аныктоо, таалим-тарбиянын мазмунун жана көлөмүн аныктоо, педагогикалык принциптерди ишке ашыруу, таалим-тарбия методдорун,каражаттарды тандоо жана колдонуу, таалим-тарбия жүргүзүүгө шарт түзө билүү, окуучулардын окуу иштерин уюштуруу, окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин, инсандык сапаттарын текшерүү, эсепке алуу, баалоо, өз ишин жыйынтыктоо жана баалоо, түзөтүү билгичтиктерине ээ болуусу.

*Кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктөрдүн* түрдүү аспекттерин орус окумуштуулары В. А. Адольф, Зимняя А.И., Г. И. Захарова, А. А. Воротникова, Н. В. Кузьмина, А. К. Маркова ж.б. изилдөөгө алышкан. Кийинки мезгилде мугалимдин профессионалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу жаатында В. В. Абрамованын, Г. С. Вяликованын, Д. С. Нестеровдун, Г. К. Селевконун ж.б. изилдөөлөрү педагогика илимин бир кыйла байытты. Болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү багытында И. Б. Бекбоев, Э. М. Мамбетакунов, А. М. Мамытов, Д. Б. Бабаев, К.М. Торогельдиева, А. Алимбеков, А.Токтомамбетов, А. Касымов, ж.б. кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде да белгилүү. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүнүн зарылдыгы төмөнкүлөр менен шартталган:

- маалыматтын тез таркалышы жана аны алуунун формаларынын жана каражаттарынын көбөйүшү – коомдун информатизацияланышы;
- илимий жетишкендиктердин практикалык колдонууга кийрүү мөөнөттөрүнүн кескин кыскарышы;
- билим берүүнүн модернизацияланышы;
- мугалимдин жаңы кесиптик позициялары (иш-аракетти уюштуруучу, консультант, тьютор, рефлексияны уюштуруучу, эксперт, өнөктөш ж.б.).

Жыйынтыктап айтканда мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү – бул окуу, таанып билүү, тарбиялоо жана башка ишмердүүлүк процессинде окуучулар менен бирдикте жана окуучулар үчүн педагогикалык маселелерди квалификациялуу чечүүгө карата кесиптик жана инсандык даярдык жөндөмдүүлүк деп түшүндүрүлөт.

Компетенттүүлүк – бул инсандын ишмердикке жалпы даярдыгынан жана жөндөмдүүлүгүнөн көрүнгөн интегралдык сапат. Ал эми ишмердик окуп үйрөнүү процессинде алынган билимдерге жана тажрыйбага негизделип, ишмердикке өз алдынча жана ийгиликтүү катышууга социалдык багытталган болот [4].

*Педагогдун компетенттүүлүгү*:инсандык; социалдык;маалыматтык;менеджердик; предметтик (илимий); психологиялык; таалим-тарбия иштерин уюштуруу; кесиптик-технолгиялык компетенттүүлүк ж.б.

*Физика мугалимдеринин компетенттүүлүктөрү:*

*I. Социалдык-коомдук компетенттүүлүк* - мамлекеттик тил-адабият боюнча;улуттук баалуулуктарды өздөштүрүү жана таратуу боюнча;философия, социология, маданият таануу, саясат таануу, религия таануу, экономика, юриспруденция, дене тарбия, этика, эстетика боюнча.

*II. Илимий теориялык компетенттүүлүк* - жалпы физика, теориялык физика, астрономия, математика, химия, биология, табигый илимдердин философиясы жана тарыхы боюнча.

*III. Психолого-педагогикалык компетенттүүлүк* - педагогика, психология, Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү билим берүү системасы, мектеп, үй-бүлө, коомчулуктун бирдиктүү аракеттери, психо

педагогикалык илим изилдөө иштери, педагогикалык чеберчилик, мектеп таануу, билим берүүнүн философиясы жана тарыхы боюнча

*IV. Кесиптик-технологиялык компетенттүүлүк*

- ✓ таалим-тарбиянын максатын жана милдетин аныктоо;
- ✓ таалим-тарбиянын мазмунун жана көлөмүн аныктоо;
- ✓ педагогикалык принциптерди ишке ашыруу;
- ✓ таалим-тарбия методдорун тандоо жана колдонуу;
- ✓ каражаттарды тандоо жана колдонуу;
- ✓ таалим-тарбия жүргүзүүгө шарт түзө билүү[4].;

*Физика мугалимине* тиешелүү бир кыйла жалпы, илимий-технологиялык компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- физикалык теориялардын маанисин жана мазмунун, эксперименттик ыкмаларды, физикалык кубулуштарды жана закондорду түшүнүү;
- физика тармагындагы проблемаларга жана кубулуштарга илимий талдоо жүргүзүү жөндөмдүүлүгү;
- физикалык базалык билимдерди изилдөө методдорун иш жүзүнө колдоно билүү;
- физика тармагындагы жаңы билимдерге өз алдынча ээ болуу менен азыркы маалыматтык технологияларды колдоно билүү;
- физикалык изилдөөнүн негизги теориялык, эксперименттик методдорун жана эксперименттик маалыматтарды иштеп чыгуу методдорун үйрөнүү;
- физикалык маселелерди чыгаруу үчүн программалоонун тилдерин жана системаларын колдонуу менен математикалык моделдөө элементтерине ээ болуу;
- азыркы технологияларды колдонуу үчүн актуалдуу болуп саналган физиканын тармактарын билүү менен техниканын ар түрдүү тармактарында колдонулуучу методдорду үйрөнүү [5].

Физика мугалимдерин кесиптик-технологиялык жактан даярдоону эпизоддук түрдө эмес системалуу кароо керек. Мында студенттерди кесиптик дисциплиналарды окутууда калыптандырылуучу тиешелүү компетенциялар аныкталып жана аларды калыптандыруу бардык окутуунун формаларында ишке ашырылышы керек.

Азыркы учурда мугалмдин кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктөрүнүн курамы жана аларды болочок мугалимдерге калыптандыруунун шарттары такталып, калыптандыруу процесси окутуучу педагогикалык экспериментте текшерүүдөн өтүп жатат.

**Адабияттар:**


1. КузьминаН.В. Профессионализм личности преподавателя и мастера производственного обучения. – М.: Высш. шк., 1990. – 119 с.
2. Вербицкий А.А. Контекстно-компетентностный подход к модернизации образования // Высшее образование в России. –2010. – № 5. – С. 32-34.
3. Худяков А.В.Формирование предметной информационной грамотности и компетентности учащихся при обучении физике: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02. – Пермь, 2005. – 241с.
4. Мамбетакунов, Э.М. Физика мугалимдерин даярдоонун учурдагы маселелери // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. Сер. 3. – Бишкек, 2003. – 11-15 бб.
5. Мамбетакунов Э., Исаева Р.У. Мугалимдердин окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу компетенттүүлүктөрү. Окуу куралы. – Б.: КУУнун “Университет” басмаканасы, 2015, 218 б.



***Кабылова С.А., Киязова С.Б.***

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети


# МАТЕМАТИКА БОЮНЧА ЖАҢЫ МАТЕРИАЛДЫ ТҮШҮНДҮРҮҮНҮН ДИАГРАММАЛЫК СТРУКТУРАСЫ

## ДИАГРАММНЫЕ СТРУКТУРЫ ПО МАТЕМАТИКЕ ДЛЯ ОБЪЯСНЕНИЯ НОВЫХ МАТЕРИАЛОВ

## MATH DIAGRAN STRUCTURES TO EXCPLAIN NEW MATERIALS


***Аннотация:*** *Макалада окутуунун шартында математиканын маанилүүлүгүн окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүгүн калыптандыруу, алардын өз алдынчалыгын өстүрүү жана билимдерин системалуу жогорку даражада уюштуруу жолдору баяндалды.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *аралашсабак, структура, ыкма, маатиматикалык маани, оң жана терс.*



***Аннотация:*** *В статье описаны условия формирования значение математики в соответствии с реальными возможностями учащихся, развития самостоятельности и пути систематической организации на высоком уровне их знаний. Обозначен порядок проведения урока на основе диаграммных структур.*

***Ключевые слова:*** *комбинированный урок, структура, прием, математические значение, положительное и отрицательные.*

***Annotation:*** *The article describes the conditions for the formation of the importance of mathematics in accordance with the real capabilities of students, the development of independence and ways of systematic organization at a high level of their knowledge. The order of the lesson on the basis of diagram structures is indicated.*

***Key words:*** *combined lesson, structure, technique, mathematical value, positive and negative.*

Азыркы учурда мектеп реформасын иш жүзүнө ашыруу үчүн бардык предметтер сыяктуу эле математиканын стандарттык мазмунун камтыган окутуунун технологиясын жакшыртуу жана анын негизинде окутуу процессиндеги мүчүлүштүктөрдү талдап, аларды жоюунун ыкмаларын, жолдорун көрсөтүү зор мааниге ээ.

Сабакты мугалим ар кандай формада өткөрө албаган учурда, сабак бир типтүү, кызыксыз, жадатма, бир тараптуу мугалимдин гана максатын көздөгөн куралга айланган болсо, анда сабактын кемчиликтеринин орун алышы менен сабактын аброюн түшүрүүчү формага өтүшү мүмкүн. Сабак окуучу балдарды билим, билгичтик, көндүм системасына ээ кылуу, өздөштүргөн билимин иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүү, таанымдык дараметин, чыгармачылык шыктарын өстүрүү, инсандык касиеттерин калыптандыруу үчүн ар тараптуу мүмкүнчүлүктөргө ээ. Сабактын өзү дагы көп түрдүү формаларга бөлүнөрү белгилүү:

- жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы,
- билимдерди колдонуу,
- билгичтик көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы,
- билимдерди кайталоо,
- жалпылоо,
- системалаштыруу сабагы,
- билим, билгичтиктерди көндүмдөрдү өлчөө,
- баалоо сабагы,
- аралаш сабак.

Бул сабактын формаларынын баарысы дайыма эле колдонулбастан мектепте негизинен аралаш сабакты колдонуу кеңири жайылтылган [2].

Аралаш сабактын элементи болгон бул ыкма жаңы теманын дагы структуралык түзүлүштө экенин билдирген артыкчылыгы төмөнкүдөй :

- ➢ жаңы материалды өтүүдө ирееттүүлүктү камсыз кылуучу схема боло алат;
- ➢ теманын бүтүндүгү аны түзгөн кандай элементтерден турарын көрсөтөт;
- ➢ математикада теманын маңызы анын математикалык маанисинде экендигин билдирет;
- ➢ сабактын максатын аныктоого мүмкүндүк берет;
- ➢ мурдагы алган билимдерди жаңы окуу материалын өздөштүрүүнүн өбөлгөсү, таяныч катары колдонуу маанилүү экендигин эске алат.
- ➢ окуучуларга дагы өтүлүүчү сабактын жаңы темадагы структурасынын элементтери белгилүү болушу менен бүгүн эмнелерди билишибиз керек экендигин билишет;
- ➢ окуучулардын сабактын максатына жеткенин же жетпегенин аныкташат;
- ➢ убакытты туура же туура эмес пайдаланганын билүүгө болот;
- ➢ билгенин, көргөнүн салыштыруу боюнча жеке чечимге ээ болууну үйрөнүшөт;
- ➢ сабакты өздөштүргөнүнүн дараметин сабактын аягында өздүк баалоо менен ченей алышат;
- ➢ кийинки сабакта окуулардын өтүлгөн теманы жооп берүүдө жана ага даярдануу боюнча планынын шпаргалкасы боло алат;
- ➢ өтүлгөн теманын ичинен ойлоо жөндөмдөрүнүн негизинде чечмеленүүчү табуу боюнча чыгармачыл иштөөгө түрткү болот;
- ➢ бул структуралык схеманын негизинде окуучуларды түшүнгөнүнө, ойлоо жөндөмүнө жараша, турмушта кездешкендерди байкоосуна жараша өздүк баяндама жазганга үйрөтсө болот [2].

Ошондуктан, окутуу ыкмасы аралаш сабакты жаңылап, толуктап өнүктүрүүчү элементи катары киргизүү жана аны текшерүү, баалоо максатталган. Биз баяндап сунуштай турган, жаңы теманы өтүүнүн диаграммалык структурасы болгон сабактын математикалык маанисинин оң жана терс чечмелеништери (ММОТЧ) -деп аталган ыкма салттуу сабак өтүүнү толуктоочу элементи катары иш аткарат.

Ал салттуу сабакты оозеки айтып берүү менен өтүүдөгү ага берилген сын- пикирлерди толуктоого карата б.а. анын натыйжалуулугун арттыруу үчүн берилген сунуштардагы кээ бир факторлорун ишке ашырууга түрткү болушу мүмкүн. *Мисалы*, математика сабагында аныктамаларды, теоремаларды ж.б. айтып берип жаңы теманы өтүүдө тема мүмкүн болушунча кыска, нуска болушу керек, мисал маселелерди чыгарууда окуучулардын ойлоо маданиятын өстүрүүгө өбөлгө болгондой белгилүү логикалык жактан ыраттуу, формулалары такболушу керек, жана сабакты кунт коюп угуу үчүн сабактын соңунда окуучуларды баалоо керек деген жактарды толуктоочу өнүктүрүүчү функцияларын аткарууга карата иш алынып барылуусун көздөйт. Кандай гана сабактын формасы болбосун ал билим, билгичтик жана көндүмдөрдү өздөштүрүү процессинин баскычтарына ылайык, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгү аркылуу мүнөздөлүүчү курамдык бөлүктүү (этаптан, звенодон), *структурадан* турат.

Сабактынструктурасы - деп, сабактынкурамдыкбөлүктөрүнүн (элементтеринин) белгилүү ыраатын жана алардын өз ара байланышын түшүнсөк болот. Аралаш сабакта жаңы билимдер менен тааныштыруу, өтүлгөн сабакты кайталоо, бекемдөө, өздөштүргөн билимдерди өлчөө жана баалоо сыяктуу кош кабат максаттарды чечүүнү көздөйт. Анын структурасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- сабакты уюштуруу этабы;
- өтүлгөн матералды кайталоо;
- жаңы окуу материалын түшүндүрүү;
- жаңы өтүлгөн теманы бышыктоо;
- билимдерди практикада колдонуу;
- билгичтик, көндүмдөргө ээ болуу-баалоо;
- үйгө тапшырма берүү [1].

Ошондуктан үй тапшырмасын текшерүү функциясынан кийин жаңы теманы өтөөрдүн алдында «жаңы теманы кабыл алууга даярдоо» жана теманы баяндап өтүүнүн ***«диаграммалык структурасы»-*** деген этаптарды киргизүү зарылдыгы пайда болууда.

Сабактын математикалык маанисинин оң жана терс чечмелеништери (ММОТЧ) - жогоруда айтылган идеяга таянат. Диаграммалык структураны ММОТЧ деп аталышы жаңы тема өтүүнүн максаттуу иретин түзүүгө мүмкүнчүлүк бергендигине негизделет. ММОТЧ - бул математикада жаңы теманы өтүүнүн логикалык (диаграммалык) структуралык схемасы. Диаграмма деген, обьекттин баштапкы абалы менен акыркы абалынын ортосу эмнелерден тураарын билдирген инженердик графикалык түзүлүш болот(1-сүрөт).




1-сүрөт. Сабактын ММОТЧ структуралык диаграммасынын түзүлүшү.

Окуупроцессте жаңы өтүлүүчү теманын (математикалык эрежелердин, аныктамалардын, теориялардын, аксиомалардын) турмуштагы жана техникадагы колдонулушуну ***оң*** натыйжалуу пайдалуу жана ***терс*** таасирлүү жактары кезигет.

Ч – чечмеленүүчү көп тараптуу жана чыгармачыл маселелерди, фактыларды проблемалардын топтомдору төмөнкүлөр:

$Ч_1$-чен бирдиктер,
$Ч_2$- чыгарылуучу маселелер,
$Ч_3$ - чечиле элек темага байланыштуу проблемалар,
$Ч_4$-чыгармачылык менен анын турмушта колдонуу жолдорун айтып берүү,
$Ч_5$- чоочун башка предметтер менен болгон байланышын көрсөтүү,
$Ч_6$- чануу, башкача айтканда макул болбогон ойлорго карата аргумент табуу,
$Ч_7$ - чырмалышуу, предметтеги башка темалар менен болгон байланышын табуу,
$Ч_8$-бул тематикадан келип чыккан проблемалар, чечмеленүүчү кубулуштар, окуялар,
$Ч_9$-чечмеленип башка темалар менен салыштырылуучу окшоштуктар,
$Ч_{10}$-жана башка чечилүүчү маселелер[4].

ММОТЧ диаграммалык структурасынын негизинде сабак өтүүнүн ирети:

✓ мугалимдин сабакка даярдануу учурунда адегенде окуу китебин көңүл коюп окуп чыгуу керек болсо бир нече жолу кайталап окуйт;

✓ окуу материалындагы окуучуларга биринчи жолу таанышылып жаткан түшүнүктөр, терминдер, формулаларды жазып алат;

✓ окуу материалындагы окуучулар ушул убакка чейин мурда тааныш болушкан деп эсептеген түшүнүктөр, терминдерди бөлүп алат;

✓ окула турган жаңы материалдын ичинен ММОТ-ларды табып алардын мани-маңызын анализдеп, жана Ч-лардан канчаны алуу керектигин теманын өзгөчөлүгүнө байланыштуу белгилеп аныктайт.

Түзүлгөн диаграммалык структура боюнча алынган түшүнүктөр, формулалар боюнча логикалык жана дидактикалык анализ жүргүзүү менен мурда окулуп үйрөнүлгөн материалды анализдөө боюнча жок дегенде төмөнкүдөй 3 суроого жооп даярдайт:

1. Мурдагы сабактардагы өтүлгөн материалдар жаңы сабакты өтүүдө канчалык даражада негиз боло алат?
2. Өтүлгөн материалды окуучулар кандай деңгээлде өздөштүрүшкөн?
3. Материалды кандай ыкмалар менен кайталоого болот?

Темага ылайык проблемалык суроолорду, өткөн материалдарга тиешелүү суроолордун жардамы менен кыскача кайталоону уюштуруу менен диагностикалык анализ жүргүзүү этабы өткөрүлөт. Жаңы теманы баяндоону жогорудагы көрсөтүлгөн структуранын негизинде окуучулардын сабактын материалындагы эң

башкы ойду, эң негизги моменттерди ажырата билүүлөрүн, өз алдынча ойлоосун, кыйынчылыктарды жеңе билүү тажрыйбасын, окууга кызыгуусун кантип арттыруу керек экендигин эске алуу менен иреттүү жүргүзөт. Тема баяндалып бүткөндөн кийин окуучулардын өз алдынча ойлоосун өнүктүрүү үчүн бүгүнкү темада Ч-ларга байланыштуу обьектерди аныктоо сунуш кылынып ага убакыт бөлөт. Аныкталган Ч-ларды диаграммада орун калтырылып белгилейт, эгерде окшош идеялар болсо аларды коррекциялайт.

Математика сабак өтүүнүн ММОТЧ ыкмасын жаңы материалды кабыл алуу, аңдап түшүнүү жана өздөштүрүүгө карата сунуш кылынат. Бул ыкманын артыкчылыгы ушул схема менен жаңы тема өтүүдө окуучулардан аны кайра сурап алууга болот. Кайталоо, көз менен көрүп кайталоо эске жакшы сактап калуунун жакшы рычагтарынын бири экендиги маалым (таблицаны караңыз).

Таблица ММОТЧ ыкмасында баалоо критерийлери.

| **Суроо бөлүмү** | **Жооп берүү мазмунун критерийи** | **Баалоо балы** |
|---|---|---|
| ММ | Маани-маңызын, себеп натыйжалык маанилерин текшерүү деңгээли. | 1-30 |
| О | Сабакта мугалим келтирген мисалдарды айтуу менен, өзү башка булактардан алган, көргөн, турмушта кездешкен мисалдары менен оң натыйжалуу жактарына мисалдарды келтирүү. | |
| Т | Сабакта мугалим келтирген мисалдарды айтуу менен, өзү башка булактардан алган, көргөн, турмушта кездешкен мисалдары менен терс таасирлери жөнүндө мисалдарды келтирүү. | |
| Ч-лар | Ч-ларды акыл таймашынынnегизинде табуу көптүгү жана ой жүгүртүү деңгээлдерине карата баалоо жүргүзүү. | |

**1-чи ыкма.** Мугалим жаңы окуу материалын аңгеме, баяндоо же маектешүү аркылуу 2 ирет түшүндүрүп, окуучулардын кабыл алуусун уюштурат. Мында мугалимдин көптү билгени манилүү эмес, билгенин окуучуларга таанымдык кызыкчылыгын ичтен имерип илгерилете билиши маанилүү.

**2-чи ыкма.** Оболу мугалим жаңы окуу материалын баяндап берет. Мугалимдин айтканын дагы дааналап аңдап түшүнүү үчүн, аны кайрадан китептен окуп чыгуу ишин уюштурат.

**3-чү ыкма.** Мугалим жаңы сабактын темасын, максат, милдеттерин аныктайт, окуу материалдарынын түйүндүү маселелерине байланыштуу суроолорду даярдап сунуш кылат. Булардын негизинде окуу китеби боюнча окуучулардын өз алдынча иштөө аракети уюштурулат. Сабактын соңунда окуу материалын тереңиреек териштирип, аңдап-түшүнүүгө жетишүү үчүн суроо-жооп ишин өткөрөт[1].

***Мисал катарында***: Диаграммада ММ катары мейкиндиктеги телолордун көлөмдөрүн (цилиндр, конус, кесилген конус) өтүүдө кыргыздын боз үйү жана андагы кээ бир геометриялык закон ченемдүүлүктөрүн жалпы түрдө сунуштоого болот. Ал үчүн боз үйдүн сырткы көрүнүшүн чийип көрсөтүү керек (2-сүрөт).



2 -сүрөт. Боз үйдүн сүрөттөлүшү.

Ал эми Ч ларга бирдик, мейкиндиктеги телолордун көлөмдөрү жана анын аянтынын бирдиги менен болгон байланышы, турмуштук керектөөлөрдөн келип чыккан мисал иштөө жана турмушта колдонулушуна өз алдынча башка мисал келтирүү.

Боз үй тигилип бүткөндөн кийин анча-мынча ийриликтерди эске албаганда мейкиндиктеги фигуралардын жогорку бөлүгү конус (3-сүрөт)-ууктардын керегеден түндүккө чейинки ээлеген орду, төмөнкү бөлүгү цилиндр (4-сүрөт)-кереге жайылып ээлеген көлөмү,шаардык-сегмент-түндүк жыйындысын элестетет.





*3-сүрөт.**Кесилген конус.***    *4-сүрөт.**Цилиндр.***

Цилиндр-тик бурчтуктуу анын бир жагынын айланасында айландыруудан пайда болгон тело. Грек сөзү «айландыруу» деген маанини түшүндүрөт.

Конус-тик бурчтуу үч бурчтуктуу анын бир катетинин айланасында айландыруудан пайда болгон тело. Грек сөзү кайыңдын түспөлү.

Шардык сегмент-тегиздик аркылуу бөлүнүп алынган шардын бөлүгү[3].

Ушундай сыяктуу кереге жайылган кезде жер менен кесилишүү сызыгы-айлана, эшиги төрт бурчтук, керегелердин көзөнөкчөлөрү үч бурчтуктарды жана башкаларды түзөт.

Натыйжада, математика сабагы белгилүү бир теореманы же аныктаманы жаттоо эмес, ар бир окуучунун жадында сактала турган, акыл сезиминде баалуулукка ээ болгон кайсы предметте болбосун билимди, деги эле анын кандай мазмунда калаарын өзүндө сактоо жана жеткирүү, аны кандай шартта пайдалана билүү мүмкүнчүлүгү толугу менен эсептөө каражаттары аркылуу ишке аша тургандыгын билдирүүсү анын адам турмушундагы ордун так-таасын көрсөтүп бермекчи. Антпесе, азыркы шартта окуучу алып жаткан математика предметиндеги «билим» сабак учурунда эреже катары «керектелип», анан танапис болуп сыртка чыкканда «класстын каалгасынын жабылышы менен кошо жабылып», унут калган «касиетинен» жогорулай албай тургандыгы даана көрүнөт. Ар бир өтүлүп жаткан предмет окуучуга математика предмети аркылуу жетип, андан ары күнүмдүк турмушунда дал ошол «керектелип», ал ар бир окуган сабагын түшүнүп, турмуш-тиричилиги менен байланыштырып, андан ары улап, өз алдынча ой корутундуларына келип, өзүнүн аң-сезимине, дүйнө таанымына ылайык «ачылыштарды» жасап жатканын мугалим окуучуга жеткириши математика сабагынын интеграцияланышын шарттап турат [7].

Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуу процесси мугалимдин гана эмес, ошондой эле окуучунун ишин да, башкача айтканда окутуу менен окуунун биримдигин болжолдойт. Буга байланыштуу интеграциялап окутуу окуучулардын өз алдынча таанып билүү иштерин тийиштүү түрдө өз алдыларынча уюштуруусуз ойго келбеген иш. Интеграциялап окутуу окуучулардын өздөрүнүн иш аракеттеринин натыйжасында гана зарыл болгон активдүүлүктү пайда кылат. Интеграциялап

окутууда, мугалимдин жетекчилиги астында окуучулар алдыларына коюлган милдеттердин бүткүл чөйрөсүн сезип билүүгө, бул милдеттерди өздөрүнүн окуу иштерине жетекчилик кылуу катары, көңүлдү теманын башкы суроолоруна буруугa үйрөнүүлөрү, окуу милдеттерин чечүүнүн эң эле мыкты, рационалдуу варианттарын издеп табууга аракеттенүүлөрү керек. Эгерде мугалим, окуучуларына алдыга коюлган милдеттердин өз ара байланыштарын көрсөтүп, бул милдеттерди чечүүнүн бир кыйла рационалдуу жолдорун жана каражаттарын издеп табууга окуучулардын өздөрүн үйрөтө ала турган болсо, башкача айтканда: эгерде окуучулар мугалимдин максатын түшүнүшүп, интеграциялоо процессин ишке ашырууга терең ойлонушуп катыша турган болушса мугалимдин максатка багытталган жолун ийгиликтүү ишке ашырышат дегендике жатат. Мугалим ар бир интеграциялануучу сабакка өзү үчүн өтө кыска, жыйынтыкталган жана окуучулар үчүн кызыктуу жана өзүнө тарта турган милдеттерди ишке ашырат.

**Адабияттар:**

1. Бабанский, Ю.К. Активность и самостоятельность учащихся в обучении. Избранные педагогические труды [Текст] / Ю.К. Бабанский. – М.: Педагогика, 1989. – 560 с.

2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек, «Улуу тоолор» 2015 – 384 б.

3. Мамбетакунов Э., Чыныгышбаева Г. Орто мектепте физика курсу боюнча предметтер аралык байланышты ишке ашыруу./Мамбетакунов Э., Чыныгышбаева Г.// Мугалим үчүн колдонмо. – ф.: Мектеп,1988. – 56 б.

4. Музалев, А.А. Межпредметные связи как средство повышения педагогического преподавателей: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / А.А. Музалев. – Киев, 1991. – 130 с. 6.

5. Федорова, Н.П. Межпредметные связи естественно-математических дисциплин [Текст] / Н.П. Федорова. – М.: Просвещение, 1980. – 238 с.

***Папиев М., Папиева Т.М.***
Ош мамлекеттик университети

# ФИЗИКА БОЮНЧА ОКУУ КИТЕПТЕРИН ЖАЗУУДА ПСИХОЛОГИЯДАГЫ ТЕОРИЯЛЫК ЖАЛПЫЛООЛОР ПРИНЦИБИНИН ТАЛАПТАРЫН ЭСКЕ АЛУУНУН МААНИСИ ЖӨНҮНДӨ

## О ЗНАЧЕНИИ ПРИНЯТИЯ ВО ВНИМАНИЕ ПСИХОЛОГИЧЕСКОГО ПРИНЦИПА ТЕОРЕТИЧЕСКОГО ОБОБЩЕНИЯ ПРИ НАПИСАНИИ УЧЕБНИКОВ ПО ФИЗИКЕ

## ABOUT THE IMPORTANCE OF TAKING INTO ACCOUNT THE PSYCHOLOGICAL PRINCIPLE OF THEORETICAL GENERALIZATION IN WRITING TEXTBOOKS ON PHYSICS

***Аннотация:*** *Макалада психологиялык теориялык жалпылоолор принцибинин негизги талаптары келтирилген. Курамына М. Папиев, А. Арзыкулов, Т.М. Папиева, П.Ж. Кожобековалар кирген автордук топ тарабынан жазылган физика боюнча окуу китебинде окуу материалдардын ушул принциптин талаптарына ылайык берилгендиги жөнүндө айтылып, ага конкреттүү мисалдар келтирилген. Бардык түшүнүктөр жана закондор теориялык жалпылоолор катарында берилген окуу китептери окуучулар жана студенттер үчүн жеткиликтүү боло тургандыгы белгиленген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Эмпирикалык жалпылоолор, теориялык жалпылоолор, жалпылоолор принциби, окуу китеби.*

***Аннотация:*** *В статье приведены основные требования психологического принципа теоретического обобщения. Сказано, что в учебнике по физике, написанного авторами М. Папиевым, А. Арзыкуловым, Т.М. Папиевой и П.Ж. Кожобековой, учебные материалы представлены в плане теоретического обобщения и приведены конкретные примеры. Отмечается, что учебники будут доступны школьникам и студентам, если в них будут прописаны все понятия и законы с учетом теоретического обобщения.*

***Ключевые слова:*** *Эмпирические обобщения, теоретические обобщения, принципы обобщения, учебник.*

***Annotation:*** *The article presents the basic requirements of the psychological principle of theoretical generalization. It is said that in the textbook on physics, written by the authors M. Papiev, A. Arzykulov, T. M. Papieva and P. Zh. Kozhobekova, educational materials are presented in terms of theoretical generalization and specific examples are given. It is noted that textbooks will be available to pupils and students if all concepts and laws are written in them taking into account theoretical generalization.*

***Keywords:*** *Empirical generalizations, theoretical generalizations, principles of generalization, textbook.*

Илимий түшүнүктөрү жана закондору психологияда жалпысынан "жалпылоолор" деп аталат. Жалпылоолор болсо, "эмпирикалык" жана "теориялык" жалпылоолор деп аталышынан эки деңгээлге бөлүнөт.

Эмпирикалык деңгээлдеги жалпылоолор. Мында, барынан мурда, жаңыдан киргизилүүчү ар бир түшүнүктүн жана закондун негизги белгилери, тиешелүү мисалдарга жана тажрыйбаларга таянуу менен ачып көрсөтүлөт. Ушулардын негизинде алардын аныктамалары, эрежелери, аларды чагылдырган формулалар даяр түрүндө берилет.

Теориялык деңгээлдеги жалпылоолор. Мында, барынан мурда,тиешелүү мисалдарды жана тажрыйбаларды талдоолордун негизинде ар түшүнүктүн жана закондун илимге киргизилишинин, илимде ачылышынын зарылдыгы көрүнгөндөй кырдаалдар түзүлөт. Ушундан кийин алар "илимге киргизилет", алардын мазмунун чагылдырган аныктамалар, формулалар мазмундуу берилет.

Академик В.В. Давыдов теориялык жалпылоолорду изилдеп, окуу материалдарынын теориялык жалпылоолор катарында гана берилиши керек экендигин далилдүү көрсөткөн, теориялык жалпылоолор принциби психология илимине киргизген [1].

Ушул принциптин талаптарына ылайык илимий түшүнүктөр менен закондор төмөнкү этаптар боюнча берилиши керек: тиешелүү мисалдарды келтирүүнүн, тажрыйбалардын жыйынтыктарын талдоонун негизинде түшүнүктүн же закондун "илимге киргизилишинин" зарылдыгы түзүлөт; алар "илимге киргизилет", алардын мазмунун чагылдырган аныктамалар негизүү берилет; аларды туюнткан фомрумалалар негиздеп жазылат; алардын илимдеги орду көрсөтүлөт.

Окуу процесси көрсөтүп жаткандай, окуу материалдарынын ушул этаптарга ылайык берилиши окуучулардын кызыгууларын арттырууга, алардын логикалык ой жүгүртүүлөрүн уюштурууга жана өнүктүрүүгө, билим сапатын өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

Курамына М. Папиев, А. Арзыкулов, Т.М. Папиева, П.Ж. Кожобековалар кирген автордук топ тарабынан жазылып, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин буйругунун негизинде жалпы билим берүүчү орто мектептердин 10-класстарынын окуучулары үчүн кошумча окуу китеби катарында басмадан чыгарылган китепте [2], буга чейин кыргыз жана орус тилдеринде чыккан окуу китептеринен айырмаланып, бардык түшүнүктөр жана закондор теориялык жалпылоолор катарында берилген.Мисал катарында, ушул китептеги "Механикадагы сакталуу закондору" темасындагы айрым окуу материалдарынын кандайча берилгенине токтолобуз.Китептеги "Телонун механикалык кыймылынын сакталуусу жана өзгөрүүсү" деп аталган параграфта окуу материалы төмөндөгүчө берилген.Чексиз созулган, горизонталь тегиздик боюнча массасы$m_1$болгон арабача, $\vec{\vartheta}_1$ылдамдыгы менен келатсын. Тегиздиктин бети тарабынан ага сүрүлүү күчү аракет этпесин. Анда арабачага аракет эткен $\vec{P}$ оордук күчү менен, $\vec{N}$серпилүү күчү, бири-бирин компенсациялашат. Ошондуктан, ал ылдамдыгын турактуу сактап, түз сызык боюнча бир калыпта кете берет (1, а-сүрөт).

Эгерде ушундай кыймылдап бараткан арабача өзүнүн жолунда турган,$m_2$ массасы өзүнүн $m_1$ массасына барабар болгон ($m_2 = m_1$) экинчи арабача менен серпилгичтүү кагылышкан болсо, төмөнкү кубулуш байкалат: биринчи арабача токтоп калат, ал эми экинчи арабача болсо кандайдыр бир$\vec{\vartheta}'_2$ ылдамдыгы менен кыймылга келет жана андан кийинки кыймылын сактайт. Демек, бул учурда биринчи арабача өзүнүн кыймылын толук бойдон экинчи арабачага берет, б. а.биринчи арабачанын механикалык кыймылы, толук бойдон экинчи арабачанын механикалык кыймылына айланат (1,б-сүрөт).



1-сүрөт.

Эгерде ушул тажрыйбадагы экинчи арабачанын $m_2$ массасы, биринчи арабачанын $m_1$ массасынан кичине ($m_2 < m_1$) болсо, серпилгичтүү кагылышкандан кийин биринчи арабача токтоп калбайт. Ал мурдагы тажрыйбадагыга караганда кичинерек ылдамдык менен кыймылын улантат. Экинчи арабача да кыймылга келет. Анын бул ылдамдыгы дагы мурдагысына караганда кичинерек болот. Демек, бул учурда биринчи арабачанын механикалык кыймылынын бир бөлүгү өзүндө калып, калган бөлүгү экинчи арабачага берилет, ошол арабачанын механикалык кыймылына айланат.

Эгерде $\vec{\vartheta}_1$ ылдамдыгы менен бараткан ушул арабачага кайсы бир моменттен тартып горизонталь тегиздиктин бети тарабынан сүрүлүү күчү аракет эте баштаса, ал акырындап барып токтойт (1, в-сүрөт). Арабача өзүнүн механикалык кыймылын жоготот. Бул учурда арабачанын дөңгөлөктөрү жана горизонталь тегиздиктин бети азыраак болсо да ысып калган болот. Бул факт алардын молекулаларынын жылуулук кыймылынын тездегенин көрсөтөт. Мындан төмөнкүдөй жыйынтык келип чыгат: сүрүлүүнүн натыйжасында, арабачанын механикалык кыймылы, анын дөңгөлөктөрүнүн жана горизонталь беттин молекулаларынын жылуулук кыймылдарына, б. а. кыймылдын башка формасына айланат.

Жогоруда айтылган тажрыйбалардын жыйынтыктарын жалпылап, төмөнкү фактыларды бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) эгерде телого башка телолор аракет этпесе, же алардын аракеттери бири-бирин компенсациялап турган болсо, тело өзүнүн механикалык кыймылын турактуу сактайт; 2) эгерде тело башка тело менен серпилгичтүү кагылышса, анын механикалык кыймылы толук бойдон ошол башка телонун механикалык кыймылына айланат, же анын механикалык кыймылынын бир бөлүгү өзүндө калып, калган бөлүгү ошол башка телого берилет; 3) эгерде мындай телого сүрүлүү күчү аракет этсе, анын механикалык

кыймылы башка формадагы кыймылга айланып кетет.Демек, телонун тигил же бул инерциялык эсептөө системасына салыштырмалуу механикалык кыймылы, жөндөн-жөн эле жоголуп кетпейт. Ал, же туруктуубойдонкалат, же башка формадагыкыймылгаайланат.

Ушулфактылардануламтөмөнкүдөйсуроолорпайдаболот: Биринчиарабачанынканчалыксандагымеханикалыккыймылы бар эле? Аракеттенишүү процессинде ал өзүнүн кыймылынынканчабөлүгүн экинчиарабачагаберди? д. у. с.Мындай суроолорго жооп берүү үчүн, баарыдан мурда, телонун механикалык кыймылын сан жагынан мүнөздөөчү чоңдуктарды киргизүү зарыл.

Демек, телонун механикалык кыймылы берилген эсептөө системасына салыштырмалуу туруктуу сакталышы, же өзгөрүү менен анын башка телонун механикалык кыймылына айланышы, же башка формадагы кыймылга айланышы мүмкүн. Ушул фактылар телонун механикалык кыймылын, сан жагынан мүнөздөөчү чоңдуктарды киргизүүнүн зарылдыгын көрсөтөт.Жогорудагы талдоолордун натыйжасында телонун механикалык кыймыл санын мүнөздөөчү, кийин киргизиле турган “Теолонун импульсу” жана “Телонун кинетикалык энергиясы” деп аталган түшүнүктөрдү физика киргизүүнүн зарылдыгы түзүлөт.

Кийинки,“Телонун механикалык кыймылын сан жагынан мүнөздөөчү чоңдуктардын, телонун массасынан жана ылдамдыгынан көз карандылыгы” деп аталган параграфта телонун механикалык кыймылын сан жагынан мүнөздөөчү чоңдуктардын, телонун массасынан жана анын ылдамдыгынан көз каранды болушаары талдап көрсөтүлөт. Китептин текстин келтиребиз.

Мейли, инерциялык эсептөө системасына салыштырмалуу массалары бирдей болгон эки телонун бири *5м/с*, экинчиси *10 м/с* ылдамдык менен баратсын. Кандайдыр бир $t$убакыты ичинде аларды токтотуу, б. а. алардын механикалык кыймылын жоготуу талап кылынсын. Анда экинчи телого, б. а. ылдамдыгы чоң болгон телого чоңураак күч менен аракет этүү керек болот. Ушул себепке байланыштуу, бул телонун механикалык кыймылынын санын, салыштырмалуу чоң деп айтуу мүмкүн.

Демек, массалары бирдей болгон телолордун кайсынысынын ылдамдыгы чоң болсо, ошонусунун механикалык кыймылынын саны чоң болот. Мындан, телонун механикалык кыймылын сан жагынан мүнөздөөчү чоңдук, ошол телонун ылдамдыгы менен түз көз карандылыкта болушу керек деген тыянакка келебиз.

Дагы бир мисалды талдайлы: биринин массасы *5кг*, экинчисиники *10 кг* болгон эки тело, инерциялык эсептөө системасына салыштырмалуу бирдей ылдамдыктар менен баратышсын. Кандайдыр бир $t$ убакыт ичинде аларды да токтотуу, б. а.алардын да механикалык кыймылын жоготуу талап кылынсын. Анда экинчи телого, б. а. Массасы чоң болгон телого чоңураак күч менен аракет этүү керек болот. Демек, телонунтигил же бул багыттагы кыймылынын саны, анын ылдамдыгынан эле эмес, массасынан да көз каранды болот: бирдей эле ылдамдык менен кыймылдаган телолордун кайсынысынын массасы чоң болсо, ошонусунун механикалык кыймылынын саны чоң болот. Бул факт телонун механикалык кыймылын сан жагынан мүнөздөөчү чоңдуктун, ошол телонун массасы менен да түз көз карандылыкта болорун көрсөтөт.Ушул тыянактарды эске алуу менен телонун механикалык кыймылынын санын мүнөздөөчү чоңдуктарды киргизебиз.

Жогоруда айтылгандар бул тыянакка алып келет: телонун кыймыл санын мөнүздөөчү чоңдуктарды киргизүү зарыл; алар телонун массасы менен ылдамдыгынан көз каранды болушат.Ушинтип, телонун кыймыл санын мүнөздөөчү “Телонун импульсу жана телонун кинетикалык энергиясы” түшүнүктөрүн киргизүүнүн зарылдыгы түзүлөт. Теориялык жалпылоолор принцибинин биринчи талабы аткарылат.

Кийинки параграфта телонун импульсу түшүнүгү киргизиле. Китептин текстин келтиребиз.

Мейли, массасы $m$ болгон тело горизонталь тегиздик боюнча $\vec{\vartheta}_0$ ылдамдыгы менен баратсын. Башка сөз менен айтканда, тело белгилүү бир сандагы баштапкы кыймылга ээ болсун. Ушул телону токтотуу, б. а. Анын механикалык кыймылын нөлгө чейин азайтуу талап кылынсын.



2-сүрөт.

Бул үчүн телого, анын кыймылынын багытына карама-каршы багытталган $\vec{F}$күчү менен, белгилүү бир убакыт бою аракет этүү керек (2-сүрөт). Эгерде бул күчтүн модулу чоң болсо, телону токтотууга аз убакыт кетет. Эгерде күч кичине болсо, аракет этүү көбүрөөк убакытка созулат. Демек, телонун механикалык кыймылынын санын белгилүү чоңдукка өзгөртүү үчүн, ага белгилүү чоңдуктагы $\vec{F}$ күчү менен, белгилүү бир $t$ убакыты өткөнгө чейин аракет этүү керек. Эгерде күч чоң болсо, ал үчүн аз убакыт, күч кичине болсо, салыштырмалуу көп убакыт талап кылынат. Ушул фактынын негизинде төмөнкүдөй бир илимий божомолдоону, гипотезаны айтууга болот: телонун механикалык кыймыл санынын өзгөрүшү, $\vec{F} \cdot t$ көбөйтүндүсү менен байланышкан болушу керек. Ошондуктан, телонун механикалык кыймылын сандык мүнөздө баалоочу чоңдукту киргизүү үчүн, ушул көбөйтүндүнүн эмнеге барабар болоорун карап көрүү керек.

Бул гипотезанын тууралыгын тастыктоо үчүн төмөнкү маселени чечебиз.

Мейли, массасы $m$ болгон тело инерциялык эсептөө системасына салыштырмалуу $\vec{\vartheta}_0$ баштапкы ылдамдыгы менен баратсын. Белгилүү бир моменттен тартып ага, анын кыймылынын багыты боюнча $\vec{F}$күчү аракет эте баштасын. Бул күчтүн аракети$t$ убакыт аралыгына созулсун. Анда бул убакыт ичинде телонун механикалык кыймылынын саны чоңоёт, өзгөрүлөт. Ушул өзгөрүүнүн $\vec{F} \cdot t$көбөйтүндүсү менен кандайча байланышта болорун көрсөтүү талап кылынсын.

Маселени чечүү үчүн, телонун эсептөө башталгандан $t$ убакыты өткөн моменттеги ылдамдыгын $\vec{v}_1$ деп белгилеп алабыз жана $\vec{F} \cdot t$ көбөйтүндүсүн табабыз. Ньютондун экинчи законун эске алып, төмөнкү барабардыкты жазабыз:

$$\vec{F} \cdot t = m \cdot \vec{a} \cdot t.$$

Телонун ылдамдануусунун $\vec{a} = (\vec{v}_1 - \vec{v}_0)/t$ болорун эске алып, бул барабардыкты төмөнкү түргө келтиребиз:

$$\vec{F} \cdot t = m \cdot \vec{v}_1 - m \cdot \vec{v}_0. \quad (1)$$

Бул барабардыктан көрүнүп тургандай, $\overline{F} \cdot t$ көбөйтүндүсү $m \cdot \vec{v}$ көбөйтүндүсүнүн өзгөрүшүнө барабар. Ушул $m \cdot \overline{v}$ көбөйтүндүсүнө барабар болгон чоңдукту телонун механикалык кыймылынын санын мүнөздөөчү чоңдук катарында алса болот. Себеби, биринчиден, анын өзгөрүшү $\vec{F} \cdot t$ көбөйтүндүсү менен шартталып жатат. Экинчиден, $m \cdot \vec{v}$ көбөйтүндүсү телонун массасы менен ылдамдыгын камтып турат. Жогоруда айтылгандай, телонун механикалык кыймылынын саны, анын массасы менен ылдамдыгынан көз каранды болот. Демек, телонун механикалык кыймылынын саны, чени катарында $m \cdot \vec{v}$ чоңдугун, б. а. телонун массасы менен ылдамдыгынын көбөйтүндүсүнө барабар болгон чоңдукту алууга болот. Себеби, тело тынч турган болсо, б. а. ылдамдыгы нөлгө барабар болсо, анын механикалык кыймылынын саны нөлгө барабар болот. Ал эми телонун механикалык кыймылынын саны чоңойсо, демек, анын кыймылы тездесе, бул чоңдук да чоңоёт.

Телонун механикалык кыймылынын чени катарында алынуучу бул чоңдукту физикада <u>телонун импульсу</u>, же <u>импульс</u> деп атайт. Аны көбүнчө $\vec{P}$ тамгасы менен белгилейт:

$$\vec{P} = m \cdot \vec{v}.$$

Ошентип, телонун импульсу деп, анын массасы менен ылдамдыгынын көбөйтүндүсүнө барабар болгон чоңдук айтылат. Телонун импульсу чоң, же кичине мааниге барабар дегендик, телонун белгилүү багыттагы механикалык кыймыл санынын чоң, же кичине болорун түшүндүрөт.Демек, китепте “телонун импульсу” түшүнүгү теориялык жалпылоолор катарында келтирилген.

Телонун кыймыл санын мүнөздөөчү экинчи чоңдук – “Телонун кинетикалык энергиясы” чоңдугу да теориялык жалпылоолор катарында берилген (§32). Кийин (§33тө), телонун кинетикалык энергиясы, анын механикалык кыймылынын универсалдык чени болуп эсептелери талдап көрсөтүлгөн.

Аталган китеп [2], Ош мамлекеттик университетинин, Ош технологиялык университетинин, Кыргыз-Өзбек университетинин, Ош гуманитардык педагогикалык институтунун колледждеринде физика боюнча окуу китеби катарында пайдаланылып келе жатат. Араван районунун мектептеринин мугалимдери да пайдаланышууда.

Окуу практикасы, китептин жеткиликтүүлүгүн, аны студенттердин түшүнүп, кызыгуу менен окуй тургандыгын көрсөтүп жатат. Бул фактылар окуу китептерин жазууда психологиядагы теориялык жалпылоолор принцибинин талаптарын эске алуунун максатка ылайыктуулугун көрсөтөт.

**Адабияттар:**


1. Давыдов В.В. Виды обобщений в обучении. – М: Педагогика, 1972. – 422 с.
2. Папиев М., Арзыкулов А., Папиева Т.М., Кожобекова П.Ж. Физика. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 10-класстарынын окуучулары үчүн кошумча окуу китеби. – Бишкек: “Фаст-Принт”, 2018. – 300 б.



***Темирбаев М.М.***

Баткен мамлекеттик университети


# ӨНҮКТҮРҮП ОКУТУУ ИДЕЯСЫНЫН НЕГИЗИНДЕ КВАНТТЫК ФИЗИКАНЫ ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

## НЕКОТОРЫЕ ПУТИ ПРЕПОДАВАНИЯ КВАНТОВОЙ ФИЗИКИ НА ОСНОВЕ ИДЕЙ РАЗВИВАЮЩЕГОСЯ ОБУЧЕНИЯ

## SOME WAYS OF TEACHING ARTIFICIAL TRANSFORMATION OF NUCLEAR ENERGY, DEFECT OF MASS IN A BASIC SCHOOL


***Аннотация:*** *бул макалада өнүктүрүп окутуу түшүнүгүталданып, негизги мектептин окуучуларына кванттык физиканы өнүктүрүп окутуу идеяларынын негизинде калыптандыруунун негизги жоболору сунушталды.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *окутуу, метод, негизги мектеп, кванттык физика, өнүктүрүп окутуу.*



***Аннотация:*** *В этой статье проанализированопонятие развивающего обучения, и рекомендованы основные положения формирования квантовой физики ученикам основной школына основе идей развивающего обучения.*



***Ключевые слова:*** *обучения, метод, основная школа, квантовая физика, развивающее обучение.*



***Annotation:*** *in this article was analizid development of teaching and recommended main regulation on formation about quantum physics based on the idea of developed teaching to students at a basic school.*



***Key words:*** *teaching , method, secondary school ,quantum physics, developed teaching.*

Акыркы убактарда ата-мекендик жана чет өлкөлүк билим берүүдө өнүктүрүп окутуу проблемасына улам көбүрөөк көңүл бурулууда. Анын үстүнө, өнүктүрүп окутуу принциби бүгүнкү мектепти реформалоонун негизине да коюлган. «Өнүктүрүп окутуунун аяккы максаты ар бир окуучуну окуунун өз алдынча өзгөрүүчү субъектиси катары өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылууда турат, ушундай субъект болуу – демек, өз алдынча өзгөрүүгө муктаж болуу жана бул муктаждыкты окуу аркылуу канаттандырууга жөндөмдүү болуу, б.а. окууну каалоо, аны сүйүү жана окуй билүү» [6]. Демек, өнүктүрүп окутуу системасындагы милдеттүү шарт болуп төмөнкү нерсе эсептелет: таанып-билүү ишмердүүлүгү процессинде эң активдүү субъект болуп окуучу эсептелүүгө тийиш, мугалимдин башкы функциясы окуучулардын өздүк ишмердүүлүгүн уюштурууга байланышкан.

Бүгүнкү күндө "өнүктүрүп окутуу" термини ар түрдүү колдонулууда, аны түшүндүрүүнүн ар кандай жолдору Г.К.Селевконун эмгегинде [8] берилген:

- Өнүктүрүп окутуу – өнүгүүнүн алдында жүргөн нерсе (Л.С.Выготский).
- Өнүктүрүп окутуу окуучуларды психикалык – акыл жагынан жана инсандык жактан өнүктүрүү милдетине карай түздөн түз багытталгандыгы менен айырмаланат (Д.Б.Эльконин, В.В.Давыдов, В.В.Репкин).
- Өнүктүрүп окутуу – бул окуучунун психикалык жактан өнүгүүсүн мугалимдин башкаруусу (И.А.Зимняя).
- Өнүктүрүп окутуу – билим берүү теориясы менен практикасындагы багыт, ал окуучулардын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу жолу менен аларды физикалык, психикалык, таанып-билүү жана адептик жактардан өнүктүрүүгө багыт алган (Россия педагогикалык энциклопедиясы).
- Өнүктүрүп окутуу – бул инсандын касиеттерин өркүндөтүүнүн максат багыттуу уюштурулган, план ченемдүү жана ситемалуу түрдө ишке ашырылуучу процесси, ал калыптанып келаткан инсандын түзүмүн сапаттык жактан өзгөртүүгө багытталган (Психологиялык сөздүк).

Башка аныктамалар да бар, мисалы, Г.Ю.Ксензова өнүктүрүп окутуу деп, окутууну уюштуруу жолун түшүнөт, анын мазмунун, методдору жана уюштуруу формалары инсанды ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган [2]. З.К.Меретукова өнүктүрүп окутуу деп, окуучуларды адептик, акыл, руханий, эстетикалык, физикалык жактан өнүктүрүүнү камсыздоочу окутууну түшүнөт [4]. Е.Н.Кабанова-Меллер, З.И.Калмыкова, И.С.Якиманская, аныктамалардагы айырмачылыкка карабастан, өнүктүрүп окутуу деп, билимдерди өздөштүрүүнү камсыздоочу, окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруучу жана акыл жагынан өнүгүүгө таасир этүүчү окутууну эсептешет. Мында З.И.Калмыкова продуктивдүү ойломду өнүктүрүүгө басым жасайт, анын көрсөткүчтөрү катары ойлоонун оригиналдуулугун, бөтөнчө ассоциативдик байланыштардын пайда болуу тездигин жана акырындашын, проблеманын "кабылданышын", анын адаттан тыш чечилишин, ойдун чубуруусун ассоциациялардын саны катары, объектинин жана анын бөлүктөрүнүн адаттан тыш жаңы функцияларын табуу жөндөмдүүлүгүн бөлүп көрсөтөт.

Окутуунун өнүктүрүүгө тийгизен таасири жөнүндө маселени түшүндүрүү үчүн Л.С. Выготский окуучуну өнүктүрүүнүн эки деңгээли жөнүндөгү түшүнүктү киргизген: окуучуга тапшырманы өз алдынча аткарууга мүмкүндүк берүүчү билим деңгээли – бул актуалдуу өнүктүрүү алкагы, ал эми окуучу мугалим менен болгон кызматташууда гана ээ болуучу деңгээл – бул жакынкы өнүктүрүү алкагы. Экинчи деңгээл биринчисинен жогору турат, анткени чоң адамдын жардамында бала бир топ татаал маселелерди чечүүгө жөндөмдүү. Өнүктүрүп окутуу өнүктүрүүнүн жетишилген натыйжаларын гана эмес, калыптануу стадиясында турган процесстерди да пайдаланат. Өнүктүрүп окутуу дайыма баланы жакынкы өнүктүрүү алкагына карай багыт алып, бул алкакты педагогикалык кызматташуунун жардамында баланы актуалдуу өнүктүрүү алкагына айландырат. Бала бүгүн чоң адам менен кызматташуу аркылуу жасап жаткан нерсени эртең өз алдынча жасайт.

Г.Д.Кирилованын концепциясына ылайык, өнүктүрүп окутуу болуп окуучуларды жалпыланган билимдерди жана ишмердүүлүк ыкмаларын калыптандыруу процессине камтый окутуу эсептелет. «Камтуу» деген окуучулар жалпыланган билимдер менен ишмердүүлүк ыкмаларына өз алдынча ээ болуусу үчүн, аларды мындан ары жемиштүү пайдалансын үчүн шарттарды жаратууну түшүндүрөт.«Бул жол – окуучулардын өз алдынча ойлоп иштөөсүн жетектөөнүн бир топ татаал, бирок бир топ жемиштүү жолу. Анын мааниси окутуп-үйрөтүүдө эмес, ойломду тарбиялоодо турат. Бул – акыл ишмердүүлүгүн өзү өнүктүрүү жолу» [1]. Мында маанилүү ролго окуучулардын ишмердүүлүгүндөгү ырааттуулук ээ болот, башка сөз менен айтканда, окуучулардын ишмердүүлүгү этаптуу жол менен уюштурулат.

Методиканын иштөө ийгилиги анын иштешине таасир этүүчү окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуудан көз каранды болот. Азыркы мезгилде өспүрүм курактын салыштырмалуу чектери тууралуу бирдиктүү пикир жок. Г.Гримм өспүрүм мезгилди кыздар үчүн 12-15 жаштагы курак, балдар үчүн 13-16 жаштагы куракт деп чектейт, ал эми Дж.Биррендики боюнча бул мезгил 12-17 жаштагы куракты камтыйт. Д.Б.Бромлейдин классификациясында бул курак 11-15 жаш деп аныкталат. Ж.Пиаже өспүрүм курак деп 12ден 15 жашка чейинки куракты эсептейт.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн мазмуну эмнеде жана анын закон ченемдери кайсылар? Бул суроого жоопту белгилүү окумуштуу-методист Э.Мамбетакунов төмөндөгүдөй берген: «Окуучулардын окуу ишмердүүлүгү жалпы эле адамдын көп кырдуу ишмердүүлүгүнөн келип чыгат» [3].Окуу ишмердүүлүгү, башка ишмердүүлүк сыяктуу эле, тышкы (предметтик) жана ички (психикалык) жактарга ээ. Өз мезгилинде С.Л.Рубинштейн [7] белгилегендей, курчап турган дүйнөнү таанып-билүү процессиндеги ишмердүүлүк өзүнө кабылдоону, ойломду, көңүл бурууну, эске тутууну, кыялданууну (б.а. бардык психикалык процесстерди) камтыйт. Бир жагынан, бул процесстер окуу ишмердүүлүгүн жөнгө салып турса, экинчи жагынан, окуу ишмердүүлүгү

балдардын акыл ишмердүүлүгү жактан өнүгүүсүн (б.а. таанып-билүү процесстерин) аныктоочу фактору болуп саналат. Өспүрүм куракка өтүү менен, окуучулардын окуу ишмердүүлүгү жаңы сапаттык деңгээлге - өз алдынчалык деңгээлге чыгат, мында окуучулар ээ болуп жаткан алар үчүн инсандык мааниге ээ болот. Өспүрүм этабы өз алдынча иштөөнү уюштуруунун жупуну формаларынын (үй тапшырмаларын аткаруу) жаңы материалды, айрым учурда билимдин жаңы тармактарын өз алдынча өздөштүрүү билгичтиги менен бара-бара алмашып туруусу менен, окуу ишмердүүлүгүнүн репродуктивдүү деңгээлден продуктивдүү деңгээлге өтүүсү менен коштолот. Мурунку курактык этаптарда пайдаланылган чачыранды иш-аракеттер менен операциялар өспүрүм куракта акыл калчанып түзүлгөн планга өтөт, бул болсо окуу иштерин божомолдоого мүмкүндүк берет.

Өспүрүмдүн жалпы интеллектуалдык өнүгүүсү кыялдануу, көңүл буруу, эстутум сыяктуу психикалык процесстердин өнүгүүсү менен байланышкан. Кыялданууну башкаруу менен, өспүрүм өзүн кыял дүйнөсүн түзөт. Канааттануу сезимин кыялдданууу процесси өзү туудурат, ошондуктан окуучулардын кыялданууга шыктуулугу окууга болгон оң мамилесин өнүктүрүүгө көмөктөш боло алат. Кыялдануу менен ойломдун айкалышы (бул эки функциянын биригүүсүнүн мисалы болуп сабакта коюлган маселени ой менен анализдөө, анын мүмкүн болуучу чечилишин издөө эсептелет) окуучулардын чыгармачыл ойломун, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт, бул болсо, негизги мектепте физиканы окутуунун максаттарынын бири болуп саналат.

Өспүрүмдөр акыл ишмердүүлүгүндөгү өз алдынчалыкка умтулушат. Өз алдынча чыгармачылыкка болгон мындай умтулуу окуучулардын алдына түрдүү татаалдыктагы маселелерди коюу менен өбөлгөлөнүшү мүмкүн Тааныш эмес жаңы материалды окуп-үйрөнүүдө окуучуларга кыялдануу жардамга келгендиктен, аны баяндоо методдорун тандоодо өспүрүмдөрдүн бул жааттагы тажрыйбасы эске алынууга тийиш. Өспүрүм курактагы кыялдануу окуучунун ички турмушун байытып, чыгармачылыкка, өзүн өзү аңдап сезүүнүн пайда болушуна түрткү берет, б.а. - «өспүрүмдөрдүн кыялданууусу таанып-билүү ишмердүүлүгүнө жана эмоциялык-эрктик чөйрөгө таасир этет» [2].

О.А.Немыхтын изилдөөсү окуучулардын кванттык элестөөлөрүн калыптандырууну окуучуларды алдыга оздуруп окутуу идеяларына таянып ишке ашырууга арналган [5]. Андагы окуу материалынын мазмуну биздин мектептин программасынан алда канча айырмаланат. Ошондуктан О.А.Немых сунуштаган айрым натыйжалуу сунуштарды технологиялык жактан кайра иштепей туруп пайдалануу мүмкүн эмес.

Жогоруда айтылгандарга таянуу менен, негизги мектептин окуучуларында кванттык физиканы өнүктүрүп окутуу идеяларынын негизинде калыптандыруунун негизги жоболорун түзөбүз:

1. Окуучуокутуунунобъектисиэмес, субъектиси катары каралат.

2. Негизги мектептин окуучуларында кванттык физиканы калыптандыруу процесси бирдиктүү бүтүн, динамикалуу система, б.а., "Кванттык физиканы" окуп-үйрөнүү максаты менен шайкеш мазмундун, методдордун жана ыкмалардын, окутуу формаларынын биримдиги болуп эсептелет;

3. Окуучулар «Кванттык физиканын» борбордук объектиси жөнүндө билимди "даяр түрүндө" албастан, өздөрү аракеттенип түзүүгө, ойлонуп "табууга" тийиш.

4. Окуучулардын ишмердүүлүгүн (жамааттык, жекече, фронталдык) уюштурууда жетектөөчү роль изденүүчүлүк ишмердүүлүккө түрткү берүүчү методдорго жана ошого тиешелүү ыкмаларга берилүүгө тийиш. Окутуунун методдору менен ыкмаларын тандоодо өспүрүм курактагы окуучулардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек.

5. Сабактын түзүлүшү окуучулардын этаптуу ишмердүүлүгүн уюштурууну камсыздоого тийиш. Бир этаптан экинчисине өтүү менен окуучулардын ишмердүүлүгүн жетектөөнүн мүнөзү өзгөрүүгө – ал бир топ жалпы, багыт берүүчү болуп калууга тийиш. Бул болсо окуучулардын жалпыланган билимдерге жана ишмердүүлүк ыкмаларына өз алдынча ээ болууга шарт түзөт жана алардын өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнү камсыздайт.

Кванттык физика бөлүмүнүн логикасын: жарык аракеттери – атомдук физика - ядролук физика жана элементардык бөлүкчөлөр схемасы боюнча түзүү окуучуларга кванттык физика жөнүндө билимди сапаттуу берүүгө мүмкүндүк берет деп ойлойбуз.

Модель негизги мектептин окуучуларында кванттык түшүнүктөрдү калыптандыруу процессин уюштуруунун бүтүндүү системалык жолун ишке ашырат. Окутуу максаты менен шартталган окутуунун мазмуну, методдору жана ыкмалары, окутуу формалары бүтүндүү, динамикалуу системаны түшүндүрөт. Мында бир эле элементтин өзгөрүшү бүтүндөй системаны кайра түзүүгө алып келет: окуучулар кванттык физика жөнүндөгү жалпыланган билимди изденүүчүлүк ишмердүүлүк менен өз алдынча түзүшөт; өз кезегинде, изденүүчүлүк ишмердүүлүктү окуу материалын үйрөнүүнүн жүрүшү өзү өбөлгөлөйт (билимдер "даяр" түрдө берилбейт). Жыйынтыгында окуучу окуу ишмердүүлүгүнүн активдүү субъектиси болуп калат. Иштелип чыккан методиканы биз негизги мектептин окуучуларында кванттык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн негиз кылып алдык.

**Адабияттар:**

1. Кириллова Г.Д. Особенности урока в условиях развивающего обучения. - Л.: ЛГПИ, 1976. - 147 с.

2. Ксензова Г.Ю. Перспективные школьные технологии. - М.: Педагогическое общество России, 2000. - 224 с.

3. Мамбетакунов Э., Дөөлөталиева А.С. Физика боюнча окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу технологиялары. – Бишкек, 2012. - 194 б.

4. Меретукова З.К. Теоретические и практические основы развивающего обучения. - Майкоп: Изд-во Адыг. гос. ун-та, 1994. -225 с.

5. Немых О.А. Формирование квантовых представлений учащихся основной школы на основе идей развивающего обучения: Дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02. - М., 2008

6. Репкина Н.В. Что такое развивающее обучение? (научно-популярный очерк). - Томск: Пеленг, 1993. - 64 с.
7. Рубинштейн С.Л. Проблемы общей психологии. М.: Педагогика, 1976. -416 с.
8. Селевко Г.К. Энциклопедия образовательных технологий: В 2 т. - Т.2. - М.: НИИ школьных технологий, 2006. — 816 с.

***Тынчылыкова К.Ө.***
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

## БОЛОЧОК ФИЗИКА МУГАЛИМИНИН УСУЛДУК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

## О ФОРМИРОВАНИИ МЕТОДИЧЕСКИХ КОМПЕТЕНЦИЙ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ ФИЗИКИ

## ON THE FORMATION OF METHODICAL COMPETENCES OF THE FUTURE PHYSICS TEACHER

***Аннотация**: Макалада «компетенттүүлүк», «компетенция» түшүнүктөрүнө педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде аныктамалары берилди. Болочок физика мугалимдерге усулдук компетенцияларын калыптандырууга негизги бөлүндү.*

***Түйүндүү сөздөр:** компетенттүүлүк, болочок физика мугалиминин компетенцияары, усулдук компетенциялар, инновациялык окутуу.*

***Аннотация**: В статье на основе анализа педагогической литературы даны определения понятиям «компетентность», «компетенции». Основное внимание уделено формированию методических компетенций будущего учителя физики.*

***Ключевые слова:** компетентность, компетенции будущего учителя физики, методические компетенции, инновационное обучение.*

***Annotation**: Based on the analysis of pedagogical literature, the article defines the concepts of "competence", "competence". The main attention is paid to the formation of methodological competencies of the future physics teacher.*

***Key words:** competence, competencies of the future physics teacher, methodological competencies, innovative training.*

Билим берүүдөгү компетенттүүлүк түшүнүгү эң алгач Европа өлкөлөрүндө пайда болгон. Бул боюнча кененирээк маалыматты батыш изилдөөчүлөрүнүн иликтемелеринен ала алабыз. Европада компетенттүүлүк – көп маанилүү кыска сөз менен мүнөздөп айтылат. Компетенттүүлүктү-инсандын негиздүү, баалуу жөндөмдүлүктөрүнүн өнүгүүсүнүн жыйындысы катары каралат. Инсан аны менен өзүнүн ийкемдүүлүк касиетинин негизине жараша калыптанаары айтылган. Так ошол негиздүү баалуу жөндөмдүүлүктөр адамдарды кандай коомдо жашабасын, кандай социалдык абалда болбосун максат кылган ийгилигине жеткирүүчү себепкер боло алаарын билдирет.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде билим берүү системасынын Алкактык улуттук стандартта компетенттүүлүк 2 негизги түзүүчүгө бөлүнүп көрсөтүлгөн. Универсалдуу жана атайын, же болбосо кесиптик болуп. Авторлор окумуштуу-педагогдор компетенттүүлүк түшүнүгүнө төмөнкүдөй аныктама беришкен. Компетенттүүлүк-бул инсандын илимий жана практикалык ишмердүүлүгүндө пайда болгон проблемалык маселелерди натыйжалуу жана көзү жеткен (көсөм) адис катары чечүү үчүн зарыл болгон билимдердин жана инсандык жеке сапаттардын төп келишкен жыйындысына ээ болуусу [1,2]. Мына ушундан улам, «компетенттүүлүк» деген терминдин өзү эмнени туюндурат деген суроо туулат. «Компетенттүүлүк» деген термин латын тилиндеги «competens» деген сөзүнөн алынып, кыргызчага которгондо "билгич"," жөндөмдүү"," ылайыктуу", "шайкеш келген" деген түшүнүктү туюндурат. Бул жерде, тигил же бул тармак боюнча ар тараптуу, терең билимдүү, тажрыйбалуу, абройлуу, анын ой-пикири башкалар үчүн олуттуу деп саналган адам тууралуу сөз болуп жатат. Мына ушул эле «компетенттүүлүк» деген түшүнүктү кеңири мааниде да алып карасак болот. Мисалга алсак, инсандын компетенттүүлүгү кандай даражада экендиги анын күнүмдүк турмушунда, кесиптик ишинде же социалдык чөйрөлөрдө тигил же бул проблеманы чече билүүдө аныкталат. Инсандын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүндө, атуулдук-коомдук ишмердүүлүгүндө, кайсыл бир тармакта эмгектенүүсүндө, тиричиликте, маданий жерлерде жана башка бардык учурларда ал өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарыл. Буга ылайык, адам ар дайым өзүн өзү өнүктүрүп, алган теориялык билимдерин практика жүзүндө сынап, тактап, сынчыл көз караш менен карап, ар бир көрүнүш, окуялардын себеп-натыйжаларын таап чыгып, аларды окшоштуруп, салыштырып, талдап ар дайым маселени оң жагына чечүүгө аракет жасаган учурда гана "компетенттүүлүк" сапат же "компетенттүү мамиле же ыкма" келип чыгат. Ошондоганаал «компетенттүүлүк», «компетенттүүадам», «компетенттүүмамиле», «компетенттүүадис» дегеннаамгаээ болот. Демек, «компетенттүүлүкбул - тигил же бул жумуштун майын чыгара иштеп, өтөсүнө чыгып, натыйжалуу эмгектенүү үчүн, үзүрлүү ишмердүүлүккө өбөлгө түзүүгө зарыл деп эсептелинген билим, ыкма, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, жөндөмдүн, тажрыйбанын болуусу, турмушта туура кадам жасоо үчүн адамдын толук кандуу өсүп жетилүүсү» деген түшүндүрмөнү алдык.

Компетенттүүлүк бул иштин көзүн билүү менен маселелерди чече билүүчүлүк. Мында билим, билгичтик, ыкмалар ишке ашат. Билим – компетенттүүлүктүн мазмундук жагы Билгичтик, ыкма – компетенттүүлүктүн практикалык жагы, мында, компетенттүүлүктүн мазмундук жагында билимге таянса, ал эми компетенттүүлүктүн практикалык жагы билгичтик, ыкмага негизделет. Проблеманын өзөгүн, маңызын билүү менен бирге эле аны чечүү, ар дайым билимди жаңыртуу, алган билимдерин белгилүү шарттарда жемиштүү колдоно билүү үчүн жаңы маалыматтарга, тактап айтканда, мобилдүү, тез билимге ээ болуу өтө маанилүү [3]. Белгилүү педагог жогоруда профессор Э.Мамбетакунов белгилегендей, компетенттүүлүккө багыттап окутуу (анын өзөгүндө билим турушу керек) өзү салттуу окутуудан башталуусу керек [4]. Биз салттуу окутууну четке кагып сала албайбыз. Ошону менен бирге эле, салттуу окутуу менен компетенттүү окутууну бири-бирине карама-каршы да кое албайбыз. Булар бири бирин толуктап, тактап турган ар биринин өзүнө тиешелүү баалуулуктары бар педагогикалык көрүнүштөр десек болот.

Базалык жактан терең билимге ээ кылууда салттуу окутуунун ролу абдан зор. Ушундан улам, азыркы кезде билим берүүнүн сапаттуулугун арттыра турган түйүндүү компетенттүүлүктөрдү (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, маселени өзалдынча чече билүүчүлүк) өнүктүрүүдөгү билим, билимдүүлүк жөнүндө түшүнүк салттуу репродуктивдүү окутуудан улам келип чыгаары бышык. Билимдүү окуучу тигил же бул кырдаалда кандай аракет жасоону теориялык жактан мыкты билет, түшүнөт. Ал эми компетенттүү окуучу аны практикалык түрдө ишке ашырат. Ушундан улам, билимдүү, сабаттуу окуучуда бара-бара билгичтик, ыкмалар, тажрыйба пайда болуп, билимдүү окуучу компетенттүү окуучуга өсүп жетилээрин десек жок.

Компетенттүүлүккө багыттап окутуунун артыкчылыктары эмнеде? Алардын айрымдары булар: компетенттүүлүккө багыттап окутууда ар бир предмет боюнча билим берүү иши жаңыланууга туш болот; окутуунун технологиясын жаңы идеялар, методдор, ыкмалар менен байытууга жол ачылат; мектептин, мугалимдин, окуучунун өз алдынча иштөөсүнө шарттар түзүлөт; балдардын жекече демилгелери, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү күчөйт; окутуу ишинде жергиликтүү аймактык өзгөчөлүктөр эске алынат; педагогикалык кызматташтыкты, инсанга багыттап окутууну, окутууну оптималдаштырууну ишке ашырууга мүмкүнчүлүктөр ачылат; креативдүү ой жүгүртүүгө шарт түзүлүп, окуучулар долбоор түзүүгө, изилдөөчүлүккө машыгышат; интерактивдүү доска, электрондук окуу китептери баштаган маалыматтык-компьютердик технология сабакка киргизилет; жогорку класстарда элективдик, профилдик курстар аркылуу кесипке багыталууга өбөлгө түзүлөт ж.б.у.с.

Немец педагогу Дистерверг айткандай: “Жакшы мугалим окуучуга таанып-билүүдөгү чындыкты алдына алып келип бербейт, аны окуучу өзү табып алуусуна үйрөтөт”. Ошол себептен жакшы мугалим мыкты мугалим болуусу үчүн компетенттүү болууга тийиш. Компетенттүүлүк түшүнүгү окутуунун натыйжасы болуп келген “билимди”, “билгичтик” жана “көндүмдү” четке какпайт, тескерисинче аны өзүнө камтыган кеңири түшүнүк . Компетенттүү адис даярдоодо зарыл жана жетиштүү шарт бири-бирин толуктап бир максаттуу чоң күчкө айланат. Жетиштүү шарт катары билим берүүчүлөрдүн креативдик жана жоопкерчиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү социалдык-экономикалык шарттын түзүлүшү негизги орунду ээлейт. Бул шарт аткарылмайынча мугалимдердин алардын жакшы иштешине жогорку талапты коюуга мүмкүн эмес. Окуучулардын окуу иштерин уюштуруунун моделин ишке ашыруу дагы бир шарты катары жаңы парадигмага ылайык башкача айтканда физиканы окутууда физика мугалиминин компетенттүүлүгүнө көңүл бурууда кандай шарттарды эске алуу керек?-деген суроого кайрылалы. Биринчиден, компетенттүүлүктүн профессионалдык бөлүмүнүн этаптуу формада болуусун эске алуу максатка ылайык. Анткени физиканы окутууда негизги компетенттүүлүктүн тигил же бул турлөрү кээ бир физика мугалимдеринде жокко эсе. Негизи кесиптик компетенттүүлүктүн калыптанышы төмөндөн жогору кеткен, андан ары мурункусунан кийинкиси калыптанган даражадан көз каранды. Мурунку алган билими улам кийинки алган, калыптанган билимине уюткулук кызматын аткарып келет.

Профессор Э.М.Мамбетакунов физика мугалимдерин даярдоонун учурдагы маселелери тууралу макаласында физика мугалиминин, анын кесиптик даярдыгынын негизги мүнөздөмөлөрүн аларга коюлуучу талаптарды көрсөткөн, алардын ичинде төмөнкүлөрдү да белгилеген: “Мугалимдин методикалык даярдыгы жана кесиптик билгичтиктердин калыптанышы: физиканы окутуунун теориясын жана методикасын билүү; физика курсунун мазмунуна илимий-методикалык талдоо жүргүзүү; анын логикалык түзүлүшүн аныктоо; физикалык билимдерди структуралык билимдерге бөлүү,илимий фактылар, ж.б.” [5].

Азыркы тапта орто мектептерде физиканы окутуунун салттуу процесси инновациялык окутууга өтүп, көпчүлүк эмгек, иш-аракет мугалимдин милдети болуп калууда. Анткени жогорку жоопкерчиликти жана талапты физика мугалими өзүнө коет. Жаңы окуу процессинде окутуу эки тараптуу, башкача айтканда окуучу менен окутуучунун иш аракетинен улам өнүгөт. Мында физиканы окутууну уюштуруу иши маанилүү болуп, мугалимдин компетенттүүлүгүн өнүктүрүү зарылчылыгы келип чыгат.

Физика мугалиминин компетенттүүлугүнүн бирден-бир шарты болуп, өздүк жана жалпы адамзаттык маданияттын жогору болушу ошондой эле окуучу же студент менен болгон сүйлөшүү мамилесин уюштуруу касиети болуп саналат. Физика мугалиминин эмгек системасынын уюштурулушунун жалпылануу жана биргелешүү идеялары мугалимдин психикалык татаал реалдашуусун үч түрдө көргөзө алды: мугалимдин жекечелиги, педагогикалык ишмердүүлүк, педагогикалдык мамиле. Аны менен бирге физика мугалиминин интегралдык мүнөздөмөсү болгон анын педагогикалык багыты, педагогикалык компетенттүүлүгү, эмоционалдык ийкемдүүлүгү-ошол мугалимдин кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктү өркүндөтүүнүн обьектиси болуп саналат. Физика мугалиминин усулдук компетенттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн жалпы шарттарынын бири бул-кесиптик аң-сезимдин бийик деңгээлге өтүшү. Бул компетенттүүлүк өнүгүүсүнүн дагы бир кыймыл күчү катары мугалимдин ички туюмундагы “Мен” деген рефлекстүү карама-каршылыктар.

Компетенттүүлүк биздин өлкөбүздүн билим берүү системасында актуалдуу мүнөзгө болууда. Анын өнүгүшү билим берүүнүн жогорулашынын жакшы жыйынтыгын көрсөтөт. Ошентсе дагы, окуучуларга инновациялуу предмет болуш үчүн алгач физика мугалими ошол идеяга биротоло батыш керек. Болбосо, мугалим өзү ээ болбогон компетенцияларды өркүндөтө албайт. Физика мугалими билимдин компетенттүү моделин колдонуп жана өздөштүрүү менен ал жаңы технологияны гана колдонбостон, өзүнүн ишмердүүлүгүнүн баалуулугуна, максатына, ой жүгүртүп, өзүнө өз алдынча иштөөнүн уюштурулушу, эксперт, тьютор, партнер деген жаңы позицияларды өздөштүрөт. Айткандай эле жаңы технологиялар дагы өз учурунда ишти көмүскөдө калтырбайт. Ошондуктан окууну өздөштүрүү, конструктивдүү мамиле түзүүнү, топтоо иштөөнү изилдөө иштерин жүргүзүүнү эски метод менен иштөө кыйын. Мугалим эң биринчи өзүнө анан балдар менен болгон проектилер методун жана “ тез ой-жүгүртүү” технологиясын окуу дискуссияларын уюштурууга туура келет.

Компетенттүүлүктүн дагы бир оптималдуу жолдорунун бири болуп педагогдун өзүнүн аркасында активдүү роль калтыра алган, илим менен алмашуу жүргүзгөн, идеялар, элестөөлөр, кызыгуулар, маанайлар, сезимдер ж.б.у.с. аркылуу мамиле тургуза алууларды ишке киргизсе болот. Усулдук компетенттүүлүктүн жогорку чегине жетүү үчүн биринчиден мугалим компетенттүүлүктү өркүндөөтүүчү индивидуалдык окуу программаларын жетектей билүүсү керек. Эгерде окуучуларда компетенттүүлүк жогорку деңгээлге өсүшүн зарыл десек анда алар өздөрүнө кызыктуу ишмердүүлүктөрдө колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушу шарт.Мугалим физика сабагын өтүү учурунда окуучулардын тажрыйбаны топтоо процессинде кызыгуу, ага болгон тартылуу болуп жатабы ошого көңүл бурушу керек. Экинчиден, окуучулар өздөрүнүн спецификалык таланттарын тартуулай алышы үчүн алардын өнүгүү процессине көңүл бөлүп өзүнүн окутуп-үйрөткөндөрүнүн ийгиликтерине күбө болушу керек. Үчүнчүдөн, мугалим алардын ишмердүүлүгүн баалоодо жана үйрөөтүүдө өзүнүн ийгиликтеринин сырын кайтарып алышы керек. Алар дагы башка мамлекеттик кызматкерлери сыяктуу кардарларды тейлөөдө жана аларды канааттандыруунун жол-жобосун издөөдө мактоолорго арзыганга эгедер. Төртүнчүдөн, педагогикалык диагностикага жоопту болгондор менен окуу программаларын жакшыртуу максатында изилдөөлөрдү пландоо. Мугалимдин компетенттүүлүгүнүн дагы бир өнүгүү процессинин бири бул сабакты уюштуруу. Сабакты уюштуруу-бул окутуу технологиясынын бир өзөктүү элементи болот. Окутуу жана тарбиялоо маселелеринин ичинен сабак эң негизги орунду ээлейт. Сабак мектепке коюлуучу учурдун зарыл социалдык талаптарын аткарып келген, бүгүнкү күнү дагы сабак аны аткарууга багытталган. Бирок бүгүнкү күндүн социалдык талабы өзгөрүүгө дуушар болгондуктан мурунку формадагы сабак бүгүнкү күндүн талабына жооп береби, шайкеш келеби?-деген проблемалар козголууда. Ошондуктан сабак бүгүнкү күндүн талабына шайкеш келиши үчүн анын өзгөрүүсү же болбосо иш-аракетинин башкача айтканда сабакты уюштуруунун формалары салттуу сабактын позитивдүү жактарын сактап калуу менен өзгөрүп туруусу керек.

Биз карап жаткан физика сабагын окутууда физик мугалими окутулуучу сабактарда физикалык фактыларды, кубулуштарды, илимий түшүнүктөрдү, закондорду, теорияларды жана изилдөө методдорду окуучуларга үйрөтүп жана аларды кайталап айтып берүүсүн гана талап кылбастан, чыгармачылык менен физикалык закондун негизинде иштеген куралдарды, техникалык түзүлүштөрдү (колдонуусун билүүгө) ээ болгон билимдеринин негизинде жаратылыш кубулуштарын түшүндүрө алууга, өз алдынча байкоо жүргүзүүгө, тажрыйба жасоого, физиканын проблемалары боюнча өздөрүнүн ой-пикирлерин тартынбастан айтууга үйрөтүү керек.

Физика мугалимдерин кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу мезгилдин талабына ылайык күч менен негизделип формалдашып жаткан мезгилин өткөрүп жатат. Физика мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча бир топ эле илимий иштер иштелип келгенин жана изилденип жатканына күбөбүз.

Мектеп мугалиминин кесиптик касиеттери, анын инсандык мүнөздөмөлөрү жогорку окуу жайындагы педагогикалык процесстин натйыжасы катары каралат. Мугалимди даярдоодо педагогикалык ишмердүүлүктү натыйжалуу жүргүзүүгө зарыл болгон касиеттерди калыптоо менен, б.а. анын адамдык жөндөмүн, компетенттүлүгүн калыптоо дагы маанилүү ролду ойнойт.Бул компетенттүүлүктөр дагы өз учурунда ар түрдүү түйүндүү түшүнүктөрдөн турат.

**Адабияттар:**


1. Физиканы окутуу методикасы: Мугалимдер үчүн метод. курал. Мамбетакунов Э., Койчуманов М., Жумабаев С., Бабаев Д. Э.Мамбетакуновдун ред.менен.- Б.: Мектеп,1992. – 128б.
2. Алиева Б.М. Болочок физика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн практикалык сабактарда калыптандыруу. Дисс....п.и.к: 13.00.02.-Бишкек,2012.-192 б.
3. Сияев Т.М., Чекирова Г.К., Кесиптик педагогикалык компетенттүүлүгү: практикалык аспект //Проблемы и перспективы развития педагогического образования: Материалы конференции.-Вестник КГПУ им. И.А.Арабаева. Выпуск 1.-Бишкек,2011.-с.387-391 бб.
4. Мамбетакунов Э.М., Сияев Т.М., Педагогиканын негиздери:ЖОЖдордун студентттери менен мугалимдери үчүн окуу куралы -Б., 2008.-304б.
5. Мамбетакунов Э.М.Методология и качество педагогических исследований. -Бишкек, 2006.-60-75 бб.

***Сейталиев М.Е.***
Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына

# ИЗУЧЕНИЕ ГЕОГРАФИИ НА ОСНОВЕ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

## ГЕОГРАФИЯНЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ОКУТУУ

## STUDYING GEOGRAPHY BASED ON INNOVATIVE TECHNOLOGIES

***Аннотация:*** *В статье описаны основы методики преподавания географии с использованием ИКТ. Методами информационных технологий являются способы обработки, передачи и хранения данных. Средствами информационных технологий считаются математические, технические, программные, информационные, аппаратные и др. компоненты.*

***Ключевые слова:*** *методика преподавания географии, информации, инновационные технологии, геоинформационные системы.*

***Аннотация:****Бул макалада географияны окутуунун методикалык негиздерин МКТ да колдонуу менен окутуу каралган. Маалымат технологияларынын методдору болуп, маалыматты жонотүүнүн, сактоонун жана иштетүүнүн жолдору болуп саналат. Маалыматтык технологиялардын каражаттары болуп программалык жана башка компоненттер эсептелинет.*

***Түйүндүү сөздөр:****Географияны окутуунун методикасы, маалымат, инновациялык технология, геомаалыматтык система.*

***Annotation:*** *The article describes the basics of teaching geography using ICT. Methods of information technology are methods of processing, transmission and storage of data. The means of information technology are mathematical, technical, software, information, hardware and other components.*

***Key words:*** *Geography teaching methods, information, innovative technologies, geographic information systems.*

Методы обучения сформировалось как обобщение огромного опыта учителей, приобретенного в процессе преподавания физики в школе. Поэтому в них нашли отображения все методы познания и логического мышления, которые стали теоретической основой каждого метода обучения.

Рассмотрим следующие виды естественнонаучных методов.

Индукция. Познание проходит путем обобщения некоторого количества фактов или данных, путем "от отдельных - к общему". Результаты нескольких разных, но похожих опытов, нескольких теоретических ссылок становятся основой для одного теоретического вывода. В обучении обеспечивает глубокое понимание учебного материала, но к истине ведет не кратчайшим путем. Применяется преимущественно в основной школе.

Дедукция**.** Определенные теоретические выводы или положения теории используются для анализа или объяснения частичных выводов, которые в целом входят в одну теорию, путем "от общего - к отдельным". Дедукция развивает теоретическое мышление, умение применять приобретенные знания на практике, обеспечивает экономию времени. Применяется в старших классах при обучении физике вместе с индукцией.

Абстракция и обобщение. Высшей формой мышления является мышление понятиями. Поэтому вся работа учителя физики направлена на формирование физических понятий. Под физическим понятием понимают утверждение или формулировку, в которой отображено общие черты или свойства физических тел или физических явлений в их взаимосвязи и взаимообусловленности. К физическому понятию учитель ведет ученика через обобщение определенной суммы полученных знаний путем абстрагирования от конкретных предметов, явлений, проявлений.

На основе физических понятий строится теория - совокупность идей, которые возникли как научное обобщение знаний о физических явлениях. Знание физических теорий дает возможность объяснить известные явления и предусмотреть их развитие при изменении условий. Каждая теория имеет ядро и оболочку. Ядро - это относительно стабильная часть теории, которая существенно не изменяется в течение длительного времени. Изучение физических теорий способствует выработке у учеников научного мышления, вооружению их знаниями причинно-следственных связей, которые существуют в природе между отдельными физическими явлениями[4].

Анализ и синтез. Два взаимосвязанных и взаимно противоположных методов мышления. С одной стороны - это разложение первичного объекта на составные части, из второго – обобщение выводов на основе отдельных проявлений.

Аналогии - выводы на основе подобия. В учебном процессе аналогии позволяют эффективно использовать ранее выученный материал или знания учеников, добытые при изучении других естественнонаучных предметов или в повседневной жизни. Ярким примером этого является гидродинамическая аналогия электрического круга, в которой электрический ток имитируется потоком воды, проводники - трубами, вольтметр – манометром; схожие по внешнему виду формулы закона всемирного тяготения и закона Кулона; формулы кинетической энергии, энергии электрического и магнитного полей и т.д.

Модели. Это объекты или построения, которые имеют формальное сходство с натуральными объектами или логическими построениями. Различают модели материальные (модель двигателя, насоса, электронной лампы) и знаковые или идеальные (графики, формулы, графы).

Словесные методы обучения основаны на общении учителя и учеников с помощью языка (вербальные формы). Слово учителя является одновременно не только носителем информации, но и организующим и стимулирующим фактором.

1. *Беседа.* Обучение происходит на основе общения между учителем и учениками путем взаимного обмена вопросами и ответами между учителем и учениками. Эффективность беседы достигается тогда, когда:

- она организуется на основе знакомого ученикам материала;
- вопросы выбираются таким образом, чтобы ответы были однозначными;
- вопросы ставятся во взаимосвязи;
- достигается четкий ответ.

Беседа обеспечивает хорошую обратную связь, но требует много времени для овладения новым учебным материалом.

2. *Рассказ.* Это короткое во времени изложение учебного материала, который знакомит учеников с вполне новым (или почти новым) материалом; преобладает констатация фактов исторических сведений или описание явлений.

3. *Пояснения.* Короткое во времени изложение материала, в котором устанавливаются функциональные или другие связи между физическими явлениями, величинами, деталями.

К иллюстративным методам обучения принадлежат демонстрационный эксперимент, технические средства обучения, рисунки, таблицы, чертежи, мультимедийные технологии. Главная особенность иллюстративных методов заключается в том, что вся информация к ученику поступает через зрительные образы.

Компьютерные технологии на уроках физики предполагает:

- использование мультимедиа-технологий при изучении учебного материала;
- интенсивное использование компьютеров как инструмент повседневной учебной работы учащихся и педагогов;
- изменение содержания обучения физики;
- реализация межпредметных связей физики с другими учебными предметами;
- разработку методов самостоятельной поисковой и исследовательской работы учащихся в ходе выполнения учебных телекоммуникационных проектов;
- обучения учащихся методом коллективного решения проблем;
- поиск и обработка информации в рамках изучаемого материала с использованием Интернет;
- использование электронных таблиц для решения задач;
- проведение виртуальных практикумов и лабораторных работ;
- подготовку учителей к работе с новым содержанием, новыми методами и организационными формами обучения.

Компьютерная коммуникация позволяет получить доступ к практически неограниченным массивам информации, хранящейся в централизованных банках данных. Это дает возможность при организации учебного процесса опираться на весь запас знаний, доступных жителю "информационного общества".

Компьютерные средства обучения называют интерактивными, так как они обладают способностью «откликаться» на действия ученика и учителя, «вступать» с ними в диалог, что и составляет главную особенность методик компьютерного обучения. Совершенно уникальные возможности для диалога ребенка с наукой и культурой, интерактивное общение предоставляет Всемирная компьютерная сеть – INTERNET.

**Литература:**


1. *Румбешта Е.А.* Обучение деятельности на уроках физики.Физика в школе № 7, 2003.
2. *Шилов В.Ф.* Экспериментальные задания. Ученические мини-проекты.-М., 1999.
3. Intel Обучение для будущего.- Москва, 2004.
4. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования / Под ред. *Е.С.Полат* – М., 2000
5. Мамбетакунов Э.О. Проблемы стандартизации естественнонаучного образования в средней школе Вестник КНУ им.Ж.Баласагына.Сер.3, 2015.-С. 485-490



***Файзуллаев Н. Ш.***

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз
улуттук университети


## ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН КАЛКЫН ОКУТУУ

## ПРЕПОДАВАНИЕ НАСЕЛЕНИЯ ЛЕЙЛЕКСКОГО РАЙОНА

## TEACHING THE POPULATION OF LEILEK DISTRICT


***Аннотация:*** *Бул макалада Лейлек районунун калкын мектепте окутуу каралды. Мындан сырткары географияны окутуунун методикасынын негизинде аймактын калкынын өзгөчөлүктөрүн аныктап, аларга мүнөздөмө берилди. Калктын табигый өсүүсүнө, жаш-жыныстык курамына, миграциясына жана калктын отурукташуусуна анализ жүргүзүлдү.*



***Түйүндүү сөздөр****. Калк, табигый өсүү, жыштык, миграция, отурукташуу.*



***Аннотация:*** *В данной статье рассмотрены преподования населения Лейлекского района в школе. Кроме этого основе методики преподования географии определены особенности населения региона и дана характеристика. Произведен анализ естественному приросту, поло-возрастному составу, миграции и расселения населения.*



***Ключевые слова:*** *Население, естественный прирост, плотность, миграция, расселение.*



***Annotation:*** *This article describes the teaching of the population of Leilek district in school. In addition, based on the methodology of teaching geography, the features of the population of the region are determined and the characteristic is given. The analysis of natural growth, age and sex composition, migration and resettlement of the population.*



***Key words:*** *Population, natural growth, density, migration, settlement.*

Лейлек районунун калкын үйрөнүү учурунда окуучулар эң алгач географиялык жайгашкан ордун, анадан соң калктын отурукташуу тарыхын, калктын санынын өсүүсү жана өзгөрүү динамикасын, калктын жаш-жыныстык жана улуттук курамын, калктын миграциясын жана эмгек ресурстарын, калктын жана калктуу пункттардын жайгашуусун үйрөнүшөт. Жогоруда аталган түшүнүктөрдү үйрөнүү менен бирге төмөнкүдөй билим алышат: 1).Райондун калкынын саны, областын жана өлкөбүздүн калкын курамындагы орду; 2).Калктын табигый өсүүсүнүн өлчөмү; 3).Башка райондорго салыштырмалуу калктын орточо жыштыгы, райондун аймагынын калкынын жыштыгынын айырмачылыктары жана бул айырмачылыктардын себептери; 4).Райондогу калктын шаар жана айыл жергесиндеги өзгөчөлүктөрү жана шаар калкынын көбөйүүсү же азайуусунун себептери; 5).Аймактын калкынын улуттук курамы, сан жагынан көп улуттар жана алардын аймакта жайгашуусу; 6).Калктын миграциясы; 7). Калктын жана калктуу пункттардын жайгашуусу

Окуучулар аймактын калкын үйрөнүүдө керектелүүчү өтө аз жалпы түшүнүктөргө ээ. Ошондуктан мугалим фактылык маалыматтар менен эле чектелбестен, негизги түшүнүктөрдү: калктын жыштыгы, улуттук жана жыныстык-жаш курамы, шаар жана айыл-кыштак жана башка түшүнүктөрдү чечмелеп берүүсү зарыл. Окуучулардын аймактын калкы жөнүндөгү билимдери өтө аз. Кээ бир маалытарды алар башталгыч класстарда, тарых курсунан жана баштапкы география, материктердин географиясы курстарынан алышкан. Бирок бул алган билимдери унутулуп калган же аздык кылат. Калк боюнча маалыматтарды кээ бир окуучулар сабактан тышкаркы мезгилде массалык маалымат каражаттарынан алышкан. Бирок бул билимдер үзүндү сыйяктуу жана өзүнүн мазмуну боюнча аныкталган эмес. Мындай абалда материалды окуучуларга түшүнүктүү деңгээлде жеткирүүдө маалыматтарды жеткиликтүү айтып берүү жана географиялык карта менен иштөөнүн орду чоң. Калктын жыштыгынын картасында калктын аймак боюнча жайгашуусу жана жыштыгынын айырмачылыктары даана байкалып, окуучулардын билимдери негиздүү болуп бышыкталат. Аталгандарды маектешүү аркылуу түшүндүргөн учурда, мугалим окуучуларга өз алдынча калктын жайгашуу өзгөчөлүктөрүн, жыштыгын жана көбөйүүсүнүн себептерин аныктоону тапшырма катарында сунуштаса болот. Окуучулардын өз алдынча аракетинин натыйжасында ойлорун айтышкандан кийин, мугалим керектүү болгон толуктоолорду жана жалпылоолорду жасайт. Окуучулар менен аймактын калкы боюнча жалпы

*Географиялык абалы*

Лейлек району Кыргыз республикасынын Баткен областынын эң четки батыш бөлүгүндөгү админстративдик район. Лейлек району 1928-жылдын 10-октябрында Ош областынын курамында түзүлгөн, 1999-жылы Баткен областынын курамына кирген. Райондун борбору Исфана шаары, Бишкек шаарынан 1050 км., областтын борбору Баткен шаарынан 135 км. Пролетарск (Тажикстан) темир жол станциясынан 42 км аралыкта жайгашкан. Райондун жалпы аянты 4657чарчы км. Район чыгышынан Баткен району менен, ал эми батыш, түштүк жана түндүк тарабынан Тажик Республикасы менен чектешет. Лейлек районунун аймагында Исфана шаары жана 9 айыл аймагы бар жана алар өз ичине 51 калктуу пунктту камтыйт. Райондун борбору болуп эсептелген Исфана шаар мэриясынын башкармалыгына Самат, Голбо, Чимген, Ак-Булак, Тайлан, Мурза-Патча айылдары карайт.

*Калктын отурукташуу тарыхы*

Лейлек районунун аймагындагы алгачкы турак жайлар Кожо-Бакырган-Сай дарыясынын бойлорундагы азыркы Кайрагач, Эски-Оочу айылдарына жакын жерде биздин заманга чейинки мезгилде эле болгондугу археологиялык казуулардын негизинде аныкталган. Орто кылымдар башкача айтканда VII-X кылымдарда азыркы Кара-Булак, Исфана калктуу пунктардын ордунда шаарчанын болгондугу Г.А. Брыкина жетектеген археологиялык казуу иштеринин негизинде тастыкталган.

Андан кийинки мезгилдерде XII – XIX кылымдарда отурукташкан калктуу пунктар боюнча маалыматтар жокко эсе. Октябрь революциясына чейинки башкача айтканда XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башталышында калк отурукташкан айыл-кыштактарга Исфана, Кара-Булак, Чалды-Балы (Самат), Кара-Камар, Ак-Суу, Булак–Башы, Коргон, Катыраң, Баул, Бешкент, Маргун, Кайрагач жана башка айылдар кирет.

Коллективдештирүүнүн ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардыотурукташкан турмушка өткөрүү зарыл эле. 1918-1928жж. Ичиндежер-суу реформаларын, жерге орноштуруу иштерин жүргүзүп, аларга жер жана башка өндүрүшкаражаттарын берүүнүн натыйжасында кыргыз көчмөн чарбалары отурукташа башташкан. Коллекттивдештирүү учурунда жана Улуу Ата-Мекендик согушка чейинки жылдарда Тогуз-Булак, Көк-Таш, Сары-Дөбө, Голбо, Айбике, Ак-Терек, Кара-Суу, Тайлан, Ак-Булак жана башка айылдары пайда болгон.

Аймактагы көчмөн калктын 1930-жылдары массалык түрдө отурукташуусу республиканын 12 районунда, анын ичинде Лейлек районунда да жүргүзүлгөн. Райондун аймагында турак жай тездик менен курула баштады. Мамлекет отурукташкандарга жардамиретинде курулуш материалдарын бөлүштүргөн.

Отурукташкан турмушка өтүү кыргыздардын арасында улам кайталанын туруучу жугуштуу оорулардан сактап, калктын санынын өсүшүнө ыңгайлуу шарттарды түздү. Улуу Ата-Мекендик согуштан кийин 1950чү жылдардан тартып Кулунду, 1970чи жылдары Арка өрөөндөрү өздөштүрлө баштагандан кийин Кулунду, Раззаков, Акарык, Арка, Достук, Жаштык жана башка айылдар пайда болду.

*Калктын санынын динамикасы*

Кыргызстан өз алдынча суверендүү мамлекет болуп, базар экономикалык мамилесине өтүү мезгилинде өлкөбүздүн демографиялык абалын жана калктын негизги өндүргүч күчтөрүн изилдөөнү талап кылды.

Келечектеги экономикалык жана социалдык абалды прогноздоо үчүн районду түзүлгөн демографиялык жагдайды анализдөө коомдун талабы.

Демография- (грек. сөзү demos - эл жана grapho - жазамын) калктын санын, составын, структурасын, аймак боюна жайгашышын жана анын өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгүн изилдей турган коомдук илим. демографиянын негизги обьектиси болуп калктын санынын өсүп, толукталып турмушун изилдөө болуп эсептелет. Лейлек районундай алыскы аймактын демографиялык процесстерин изилдөө жаңыдан башталууда.

**Таблица 1.**

**Лейлек районунун шаар жана айыл аймактарынын калкынын саны (2018-жылдын 1-январынакарата)**

| № | Аталышы | Калкынынсаны |
|---|---|---|
| 1 | Исфанашаарыбашкармалыгы | 32672 |
| 2 | Кулундуайылаймагы | 25067 |
| 3 | Сумбулаайылаймагы | 14730 |
| 4 | Жаңы-Жерайылаймагы | 13904 |
| 5 | Бешкентайылаймагы | 11769 |
| 6 | Тогуз-Булакайылаймагы | 9854 |
| 7 | Катыраңайылаймагы | 9792 |
| 8 | Ак-Сууайылаймагы | 6580 |
| 9 | Маргунайылаймагы | 5854 |
| 10 | Маргунайылаймагы | 5854 |
| | Калктынжалпысаны: | 137100 |

2018-жылдын 1-январына карата Лейлек районунда 137100 адам жашайт. Улуттук курамы боюнча 67,0%ти кыргыздар, 26,5%ти өзбектер, 6,1%ти тажиктер, 0,4%тин башка улуттар түзөт. Калктын аймак боюнча жайгашуусун көрсөткөн бирдик- калктын жыштыгы. Калктын орточо жыштыгын билүү үчүн калктын санын алар жашап турган райондун, өлкөнүн аянтына бөлүп, андан 1км$^2$. жерге канча киши туура келээрин билүүгө болот. Калктын жыштыгы боюнча өлкөрдү, областтарды, райондорду салыштырып, калктын аймактар боюнча жайгашуу закон ченемдүүлүгүн аныктоо болот. Лейлек районундагы калктын жыштыгы орточо эсеп менен 1км$^2$. жерге 29,2киши туура келет.

**Таблица 2.**

**Лейлек районунун калкынын санынын динамикасы.**

| жылдар | Жалпы калк миң киши | Анын ичинде | | Бардык калк (%) менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Шаар калкы | Айыл калкы | Шаар калкы | Айыл калкы |
| 1970 | 40 280 | - | 40 280 | - | 100 |
| 1979 | 51 615 | - | 51 615 | - | 100 |
| 1989 | 74 531 | - | 74 531 | - | 100 |
| 1999 | 100 285 | - | 100 285 | - | 100 |
| 2009 | 116 861 | 18244 | 98617 | 15,6 | 85,4 |
| 2018 | 137100 | 23619 | 113481 | 17,2 | 82,8 |

Райондун калкынын саны 2018 - жылдын 1-январына карата 137100 кишиге жеткен же болбосо Баткен областынын калкынын (513,946 киши) 26,7%тин, ошондой эле республиканын калкынын (6206570 киши) 2,2 % тин түзгөн.

Калктын өсүү темпи ар бир эл каттоолордун аралыгында түрдүү себептердин натыйжасында өзгөрүп турат. Лейлек районунун калкы 1970-2018-жылдарда башкача айтканда 48 жылдын ичинде 40 280 кишиден 137100 кишиге өстү, бул жылдардын аралыгында калк саны 90743 кишиге чейин көбөйгөн же болбосо 3,4 эсеге өскөн.

(Калктын санынын динамикасына табигый өсүштүн таасири чоң. Табигый өсүш-төрөлгөндөр менен өлгөндөрдүн ортосундагы айырма аталат, ал төмөнкүдөй формула менен туюнтулат:

**Ктө = Кт – Кө**

(**К**-коэффициент, **тө**-табигыйөсүш, **т**-төрөлгөндөр, **ө**-өлгөндөрдүн саны) төрөлгөндөрдүн саны 1000 төрөлгөн баланын санына алынат, да промиле менен өлчөнөт. Төрөлүүлөрдүн денгээли көптөгөн социалдык-экономикалык факторлорго жараша болот. Буларга үй-бүлөнүн материалдык, маданияттын жана саламаттыкты сактоонун денгээли, энелердин өндүрүштө иштеши, шаарда же айыл жеринде эмгектенүүсү, динге ишенүүлөрү жана башка таасир этүүчү факторлор кирет, бул тарыхый сакталып келе жаткан ар бир элдин улуттук өзгөчөлүгү. Лейлек райондундагы калктын табигый кыймылы азыркы учурда салыштырмалуу бир аз төмөнүрөөк, башкача айтканда төрөлүүлөрдүн саны мурдагы жылдарга караганда салыштырмалуу төмөнүрөөк, ал эми республиканын башка региондоруна караган табигый өсүш жогору.

Райондогу шаар калкынын салыштырмалуу төрөлүүнүн жалпы коэффициенти 2017-жылдын 1- январына карата 25,3 түзгөн. Өзгөчө райондун шаар калктарында салыштырмалуу төрөлүүнүн деңгээли 2006-2017 жылдары 22,9дан 26,1ге чейин, көбөйдү. Райондо шаар калкынын төрөлүү деңгээлинин бир аз көбөйүшүнө Исфана айылынын шаар статусунун алышы болуп эсептелет.

Райондо төрөлүүнүн деңгээлинин төмөндөшүнө төмөнкү фактолор себеп болгон: билим деңгээли, райондун социалдык-экономикалык абалынын начарлашы, жумуш менен камсыз болуу, нике жана ажырашуулар.

Калктын динамикасына таасир этүүчү дагы бир фактор-өлүм житим. Калктын өлүм житими Лейлек районунда республикада жана башка аймактарга салыштырмалуу төмөн. Облуста 2017-жылдагы өлгөндөрдүн жалпы коэффициенти 6,1ни түзгөн. 2009-2018-жылдар аралык 0,3 кө кыскарган. Азыркы кезде дүйнөдө өлүм - житимди салыштыруу үчүн стандарттык көрсөткүч 9,9деп эсептелет.

Кыргызстанда анын ичинен Лейлек районунда 1989-2009-жылдардагы маалымат боюнча орустар, татарлар, украиндер бир нече эсеге чейин азайган. Мындай миграциялык процесстин күчөөсүнө райондогу экономикалык жана социалдык өсүүнүн төмөндөшү, жаңыдан рыноктук экономикага өтүү чоң таасирин тийгизген.

*Калктын жаш – жыныстык жана улуттук курамы*

Калктынтын составы өзүнө райондун калкынын жаш жана жыныстык структурасын камтыйт жана аларды билүүнүн мааниси чоң. Эмгекке жарамдуу калкты эсептеп чыгуу, аларга баа берүү, мектеп жашына чейинкилер, мектеп курагындагылар, эмгек жашынан өткөн жашы улгайгандарды билүү жана аларга ылайык кийим-кече менен элге керектелүүчү башка товарлардын ассортименттерин пландоо калктын жаш өзгөчөлүгүнө жана эркек менен аялдын санына жараша болот. Адам өмүрүн үч мезгилге бөлүп карайбыз:

а)Эмгек жашына чейинкилер(0-15жаш);

б)Эмгек жашындыгылар(16-59эркектер, 16-54аялдар);

в)Эмгек жашынан өткөндөр (55 жогору аялдар, 60жаштан өткөн эркектер).

Жыйынтыктап айтканда райондо төрөлүүнүн саны жогору болгондуктан өспүрүмдөрдүн саны жогорку көрсөткүчтө. Лейлек районунун калкынын жаш куректык составы боюнча республиканын башка региондорунан айырмаланып эң жаш башкача айтканда орточо жаш 24,48 жашка туура келет. Калктын жаш жана жыныстык составынын 2018 -жылдын 1 январына берилген маалыматтар боюнча райондо бардык калктын басымдуу бөлүгүн эркектер түзгөн (эркектер- 50,2%, аялдар- 49,8%).

Жогору миграциялык агымдардын негизинде калктын саны кыскарган. Мигранттардын көпчүлүк бөлүгүн эмгек жашындагы эркектер түзүп, жалпы калктын санында аялдардын саны көбөйгөн. Райондун калкынын орточо жашы 69,1 жаш, эркектер 67,6; аялдар 71,6 жаш.

Азыркы күндө райондо 10го жакын улуттун өкүлдөрү жашашат. Алар бири - биринен саны, тили, маданияты, антропологиялык курамы, үрп-адаты жана башкалар боюнча айырмаланат.

**Таблица 3.**

**Лейлек районун калкынын улуттук курамы (2018-жылдын 1-январына карата маалымат)**

| Улуттар | Жалпысаны | кыргыз | өзбек | Тажик | Башкаулуттар |
|---|---|---|---|---|---|
| Калктынсаны | 137100 | 91790 | 36301 | 8357 | 548 |
| % | 100% | 67,0% | 26,5% | 6,1% | 0,4% |

Калктын улуттук курамы боюнча Лейлек районунда кыргыздардан сырткары өзбектер, тажиктер, орустар, татарлар жана башка улуттун өкүлдөрү жашашат. 2018-жылдын 1-январына карата 137100 калктын кыргыздар 91790 киши 67,0%ти, өзбектер 36301 киши 26,5%ти, тажиктер 8367 киши 6,1%ти, калган улуттар 548 киши 0,4%ти түзөт.

Райондун негизги калкы кыргыздар, алар борбордук Азиядагы түрк тобуна кирүүчү эң байыркы элдерден. Кыргыздар райондун бардык аймактарында жашашат. Өзбектер – Кокон хандыгы түзүлгөнгө чейин эле жашашкан, себеби райондун көпчүлүк аймагы өзбектер басымдуулук кылган Тажикстандын Согду облусу менен чектешет. Алар көбүнчө дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерде отурукташкан.

*Калктын миграциясы*

Азыркы Кыргыз Республикасында миграциялык процесстердин мазмунунун өзгү канчалык өзгөргөндүгүн тагыраак аныктап билүү үчүн, Лейлек районунун шарттары менен байланыштуу болгон модернизациялык жана трансформациялык, кубулуштардык таасиринен келип чыккан өзгөрүүлөрдө билүү талдоого алынчу маселеге кайрылуусу зарыл.

Райондо бир нече тышкы миграциялык толкундар болгон, аларга республикабыздагы жана райондогу социалдык экономикалык факторлор: а) райондо социалдык-экономикалык кырдалдын кескин начарлап кетишин (90 – жылдардын биринчи жарымында башка аймактардын арасында райондо улуттук кирешесинин өлчөмү боюнча төмөнкү орунда турган), б) Чүй обласы жана Бишкек шаарында, ошондой эле башка өлкөлөрдө экономикалык кырдаалдын бир кыйла жакшы болушу ж.б.

Эл аралык миграцияда Лейлек районунан Россияга кеткендер басымдуулук кылат, андан кийин Өзбекстан, Казахстанга кеткендер көп. Негизинен тышкы миграциялык алмашууда КМШ өлкөлөрү негизги ролду ойнойт.

Райондун калкынын жашоо денгээлинин төмөндөшү жана жумушсуздуктун көбөйүшү кеңири масштабта стихиялык миграциялык процесстердин пайда болушуна, тышкы миграциянын жана республикалык ички аралашуунун өсүшүнө көмөктөштү.

Социалдык-экономикалык маселелер Лейлек районундагы жүрүп жаткан миграциянын негизин түзүп айыл жерлериндеги басымдуу калктын сыртка кетүүсүнө алып келүүдө. Бул процесске катышууда орчундуу маселе калктын эмгеке жарамдуу курагы башкача айтканда жаштардын башка жактарга чыгып кетүүсү.

*Калктуу пункттардын жайгашуусу*

Лейлек районунда акыркы 20 жыл ичинде айыл-кыштак калкынын динамикасында эч кандай өзгөрүү болгон жок. Анткени, айыл-кыштак калкынын табигый өсүшу чоң болгону менен, алардын көбү шаарларга көчүп кетишүүдө.

Айыл-кыштак калкы жашаган жерге комплекстүү экономикалык-географиялык мүнөздөмө берүүнүн схемасын С.А. Ковалев иштеп чыккан. Айыл калкы жашаган жерлерди класстарга, типтерге бөлүүнүн чоң мааниси бар, себеби айылдык калктуу жерлер өтө көп. Кыштактар чондугу, аткарган функциялары, рельефке байланыштуу жайгашуусу, пайда болуу мезгилиж.б. белгилери менен айырмаланат.

Райондун айыл-кыштактарын топторго бөлүүдөгү эң кеңири пайдаланылган түрү аларды чоңдугу, калктын саны боюнча классификациялоо. Чоңдугу боюнча айыл-кыштактарды жалпысынан 3кө бөлүүгө болот: ири, орто жана чакан кыштактарга.

1.Ирикыштактар – райондун айыл өкмөтүнүн, ири чарбалардын борборлору. Булар айыл жеринин өзөгүн түзөт. Ири кыштактар негизинен тоо этектеринде же тоо арасындагы өрөөндөрдө, транспорттук магистралдын боюнда жайгашкан.

2.Орто кыштактар тоо этегиндеги түздүктөрдөн, тоо арасындагы ойдуңдардан орун алган. Бул типтеги кыштактардын көбү чарбалардын бригадалык участокторунун бөлүмдөрүнүн борбору.

3. Чакан кыштактар жайлоо, кыштоо, күзгү-жазгы жайыттардагы малды багуу үчүн салынган туруктуу же сезондуу айылдар. Сезондуу айылдар убактысынча боз үй, чатырлардан турат. Бийик тоолуу өрөөндөрдөгү маданий борборлордо ушул 3-типке кирет.

Лейлек районундагы кыштактарды пайда болуу мезгили боюнча үч негизги топко бөлөт: а) бир нече жүз жыл мурда пайда болгон түштүктөгү эски кыштактар; б) Өткөн кылымдын аягында көчүп келген элдер негиз деген ири кыштактар; в) мурдагы көчмөн жергиликтүү элдер негиздеген, 1920-1930-жылдары пайда болгон көптөгөн чакан жана орто чоңдуктагы кыштактар.

Лейлек районунун калкынын бийиктик алкактуулук боюнча жайгашуусун жана калктуу пункттарын изилдөөдө республиканын башка областарынан жана райондорунан жаратылыш шарттарынын өзгөчөлүгү, айыл чарбада адистешүүсү жана калктуу пункттардын жайгашуусу системалары боюнча айырмаланат.

Лейлек районунун калкы 3 бийиктик зоналарда жайгашкан. Биринчи зона деңиз деңгээлинен 1000 метрге ченинки, экинчи зона деңиз деңгээлинен 1000метрден -2000метрге чейинки, үчүнчү зона деңиз деңгээлинен 2000метрден жогорку бийиктикте жайгашкан калктуу пунктар. Биринчи зонага Арка, Кулунду, Ак-Суу өрөөндөрүндө жайгашкан Кулунду, Ак-Арык, Раззаков, Интернационал, Булак-Башы, Кайрагач, Бешкент, Арка, Достук, Жаштык, Ак-Суу, Жеңиш, Алга жана башка айылдар. Бул өрөөндөрдө негизги калк топтолуп жердин көпчүлүгү иштетилет. Калктын орточо жыштыгы 1 $км^2$ жерге 55 тен 93 кишиге чейин туура келет. Экинчи зонага Исфана-Исфара өрөөнү

Жалпысынан алганда Лейлек районунда айыл чарба мал багуу аны менен катар дыйканчылык да өнүккөндүктөн ошого жараша айылдуу пункттар ушул багытка карата жайгашкан. Баардык эле калктуу пункттар совет мезгилинин учурунда райондун территориясын пландоодо ар бир пункттагы курулуш объектилеринин курулушу бир катар оң касиеттерге таянуу менен схемасы түзүлгөн. Мисалы, айыл пункттары айыл чарбасына жараксыз жерлерге отурукташуу сунушталган, ал эми санитардык-гигиеналык жана жаратылыштык-климаттык жактан жакшы шарттагы аймактарга ар кандай айылдуу пункттар курулушуна уруксаат берилген.

**Адабияттар**


1. Алексеев А.И. Многоликая деревня (население и территория). М.: Мысль, 1990
2. Алексеев А.И., Ковалев С.А., Ткаченко А.А. География населения и социальная география // Вести. Моск. ун-та. Сер. География. 1983. №3
3. Борисов В.А. Демография: Учебник для вузов. М: NOTA BENE, 1999.
4. Гречко В.В. География населения (с основы демографии и география населения ). Учебноепособие. Бишкек. Илим ,1991
5. ДемографическийежегодникКыргызскойРеспублики. 2001-2017
6. Ковалев С.А. Сельское расселение: Географическое исследование. М.: Изд-во Моск. ун-та, 1963
7. КыргызСССРининатласы. М.1987
8. Ошскаяобласть, энциклопедия. Фрунзе, 1987
9. Слука А.Е., Слука Н.А. География населения с основами демографии: Учебно-метод. пособие для вузов. М.: Изд-воМоск. ун-та, 2001

# III СЕКЦИЯ

# ГУМАНИТАРДЫК ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫ ОКУТУУНУН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

# АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ГУМАНИТАРНЫХ ДИСЦИПЛИН

***Абдымомунова Г.А.***
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИНСАН АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ МАМИЛЕСИ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШИ

### МЕЖЛИЧНОСТНЫЕ ОТНОШЕНИЯ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ И ИХ ИССЛЕДОВАННОСТЬ

### INTERPERSONAL RELATIONS OF STUDENTS IN ELEMENTARY CLASSES AND THEIR RESEARCH

***Аннотация:*** *Илимий макалада башталгыч класстын окуучуларынын инсан аралык байланышы жана окумуштуулар тарабынан маселенин изилдениши каралды.Учурда жаш жеткинчектердин инсан аралык байланыш тажрыйбасын калыптандыруу алардын жашоосундагы зарыл шарттардын бири экендиги, аны негизинен социалдык психологиянын өзөктүү маселелери катары карап, бизде жана чет элдик изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп жаткандыгы жыйынтыкталды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *инсан аралык мамиле, психология, социология, тажрыйба, терс, эффект, коммуникативдик, тарбия, эмоция, коом.*

***Аннотация:*** *В научной статье рассмотрено проблемы межличностных отношений учеников начальных классов и исследования проблемы. Сделаны выводы о том, что межличностные отношения необходимое условие бытия людей, которое привлекает все большее внимание исследователей у нас и за рубежом и является, по существу, ключевой проблемой социальной психологии.*

***Ключевые слова:****межличностные отношения, психология, социология, опыт, отрицательный, эффект, коммуникативный, воспитания, эмоция, общество.*

***Annotation:*** *The scientific article discusses the problems of interpersonal relations of primary school students and the study of the problem.There were conclusions that interpersonal relations are anabsolutely necessary condition for the existence of people, in general and every year attracts more and more attention of researchers here and abroad and is, in essence, a key problem of social psychology.*

***Key words:*** *interpersonal relations, psychology, sociology, experience, negative, effect, communicative, educator, emotion, society.*

Азыркы учурда инсан аралык мамилелердин байланыш тажрыйбасын калыптандыруу- учурдун зарыл талаптарынан экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Ансыз адам баласында бир дагы психологиялык функциясынын же процессинин, бир дагы жалпы жана жеке психологиялык блоктун жагдайларынын калыптанышы мүмкүн эмес. Ошондуктан философия, социология, социалдык психология, жеке психология жана педагогика илимдеринин алкагында жаралган инсан аралык байланыш тажрыйбасын калыптандыруу учурдун актуалдуу маселелеринен эсептелет.Адамдардын бири-бири менен өз ара байланышуу ишмердүүлүгү, пикир алышуусу, психологиялык контакты боюнча белгилүү психолог Б.Д.Парыгиндин ою боюнча: бул-өз байланышуучу маалымат алуучу адамдардын бири-бири менен болгон мамилеси, бири-бирине таасир берүүчү көп тармактуу процесс, ошондой эле бири-бирин түшүнүү, колдоо кырдаалдары [8,15].

Инсан аралык байланыш тажрыйбасынын психологиясы айрым маселелери боюнча орус психологдор: Б.Г.Ананьев, Г.М.Андреева, В.М. Бехтерев, А.А.Бодалев, Л.С.Выготский, Л., В.В.Занков, И.С.Кон, Е.А.Климов, А.А.Леонтьев, А.Н.Леонтьева, В.С.Мерлин, В.Н.Мясищев, А.А.Реан, С.Л.Рубинштейн, Д.Б.Эльконин ж.б. өздөрүнүн фундаменталдуу эмгектерин жаратышкан. Инсан аралык байланыш тажрыйбасын изилдөө теориялык жактан гана эмес, практикалык да мааниге ээ. Көптөгөн изилдөөлөрдүн жүрүшүндө олуттуу маселе мектепке чейинки жана өспүрүм жаштарга тиешелүү экендиги далилденди.

Башталгыч класстын окуучуларынын инсан аралык байланыштын калыптандыруу жана изилдөө татаал процесстерден болуп эсептелет. Мектеп босогосун аттаган баланын акырындык менен пикир алышуу көндүмү калыптана баштайт. Өзү теңдүүлөр менен баарлашуу, баланын абалы, группадагы өзүн алып жүрүүсү анын инсан аралык байланышынын калыптанышына өз таасирин тийгизет. Инсан аралык байланыш тажрыйбасы, баланын башка адамдар улуулар жана өзү теңдүүлөр менен карым-катышы анын инсандык өнүгүүсүнүн аң-сезиминин калыптануусунун пайдубалы боло алат. Бул баланын коммуникативдик көндүмдөрү бала-бакча жашында жеткиликсиз абалда болот. Азыркы учурда өзү теңдүү балдардын психологиялык өзгөрүүсү анын инсан катары калыптанышына таасир берээрин психологдор аныкташкан. Айрыкча өзү теңдүүлөр баланын коммуникативдик өнүгүүсүнө жардам берет. Көпчүлүк Ж.Пиаже баштаган окумуштуулардын тобу баланын эркиндигин басмырлоо, улуулардын балага карата авторитардык мамилеси инсан катары калыптанышына тоскоолдуктарды жаратаарын жана өзү теңдүүлөр менен активдүү карым-катышы жемиштүү болоорун далилдешти. Жанындагы теңтуштары менен болгон карым-катыш баланын инсан катары калыптанышы үчүн жемиштүү жана өнүктүрүүчүлүк эффект берет. Бизге белгилүү болгондой, өзү теңдүүлөр менен болгон алгачкы карым-катыш баланын андан аркы социалдык жана нравалык өнүгүшүнүн пайдубалын түзөт.

Соңку кезде балдардын карым-катышынын көйгөйлөрүнүн негизги маңызы психологдор менен педагогдордун көңүлүн буруп келет. Чет элдик психологдор Х. Блэкок жана Г.Унткин адамдардын инсан аралык байланыш тажрыйбасын изилдешип дидактикалык кыймылдын позициясынын бихевиоризм теориясын иштеп чыгышкан.

Инсан аралык байланыш ишкердүүлүк мамилесине караганда экспрессивдүүлүгү, эмоционалдуулугу менен айырмаланат. Психологияда “мамиле” эки түрдө каралат, биринчиси “байланыш, көз карандылык”, демек карым – катыш мамиле, экинчиден, “жеке ой, баалоо”, демек, социалдык түзүлүш, баалоо ориентациясы.Мисалы, В.Н. Мясищевдин айтымына караганда, “мамиле – бул инсандын ар тараптуу объективдүү кыймылдарга карата индивидуалдык аң – сезим аркылуу сезүүчү бүтүн система” [7, 21]. Башкалар менен мамле түзүү генетикалык эрте формасы болуп эсептелет, С.Л.Рубинштейндин пикиринде бала өзүнөн мурда башкаларды биринчи тааныйт [9, 54].“Мамиле” түшүнүгүнүн так ишетелип чыкпагандыгын эске алып, Л.И.Божович анын субъективдүү жана объективдүү аспектилерин карап чыккан жана баланын инсандык калыптануусуна коом менен байланышуусу чоң таасир тийгизээрин аныктаган [4, 154].Я.Л.Коломинский педагогикалык психология илимине “жеке карым – катыш” түшүнүгүн киргизген. Ал адамдын образдуулугуна, эмоциясына, инсан аралык байланышууда интеллектуалдуулугуна негизделген [5, 112].

Инсан аралык байланыш тажрыйбасы эки адамдын биргелешүүсүнөн келип чыгат жана акырындык менен жекеликке өтөт. Адамдын биргелешкен инсан аралык байланыш ишмердүүлүгү акырындык менен жашоо процессинде жыйынтыктарын берет [1, 56].

Г.М.Андреева эгерде инсани аралык байланышты коомдук мамиленин катарына киргизбесе, андан мамиленин негизин көрсө адамдын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөр катары караса, анда инсан аралык байланыштын табиятын туура аныктаган болобуз [3, 8]. Башкача айтканда коомдук мамленин объективдүү байланышы аң-сезимдүү индивиддин өзгөчөлүктөрүнөн турат. Дал ушул жерде социалдык жана психологиялык багыт жаралат. Социологиялык психологияда бул маселени чечүү биринчи орунга коюлган. Инсан аралык байланыш тажрыйбасына катышкан ар бир адам үчүн булар тиешелүү. Бардык топтун катышуучуларынын кыймыл – аракети эки сапаттан турат: кайталангыс адамдык жеке жана жалпы социалдык ролду аткаруучу. Бул “инсан аралык роль” деген терминдин жаралышына шарт түздү. Инсан аралык ролду турмушта башка адамдар тууралуу: “ал мактанчаак бала”, “ коендой коркок”, “эчки” деген түшүнүктөрдү аташы мүмкүн.

Инсан аралык мамиленини табияты жалпы коомдук мамиледен негизги спецификалык мүнөзү т.а. эмоционалдык өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Демек, бул терминди психологиялык “климат” катары кароого болот. Инсан аралык байланыштын эмоционалдык өзгөчөлүгү адамдардын бири-бирине болгон мамилесинин пайда болушунан жана жаралышынан көрүнөт. Ата Мекендик психологияда инсандын эмоциалык өзгөчөлүгүнүн үч түрү белгилүү: эффект, эмоция жана сезим. Инсан аралык мамилеге адамдын эмоционалдык негиздеги бардык өзгөрүүлөрү киргизилген [3, 21].

Башталгыч класстагы, балдардын инсан аралык байланыш тажрыйбалары көп факторлорго көз каранды: окуудагы жетишкендик, эки тараптуу симпатия, кызыкчылыктардын жалпылыгы, сырткы жашоо шарттары, жынысы. Аталган фактолор баланын инсан аралык байланыш тажырыйбасын калыптадырууга өбөлгө түзөт.Коллективде орун алган баланын өз ара карым-катышы, өзүн-өзү баалоосу жана эмоционалдык ийгилиги ага болгон классташтарынын оң симпатиясынан тышкары ошого жооп берүүгө умтулуусуна да көз каранды. Башкача айтканда, бала үчүн классташтарынын көп добуш бергенинен тышкары, кайсы классташтары ага симпатия көргөзгөндөрү да маанилүү. Бул маалымат баланын коллективдеги инсан аралык байланышынын калыптанышына жана классташтары менен сабырдуулук мамиледе болушуна шарт түзөт.

Башталгыч класстарда өзүн-өзү ойготуунун тездетүүнүн белгилери байкалат, тегерегиндеги классташтарынын арасынан ордун табууга аракеттенет, келечегин элестетет. Баланын өзүн-өзү калыптандырууда анын темпераментине жана мүнөзүнө, умтулуу деңгээлине, социалдык-чөйрөлүк факорлоруна, мектебине көңүл буруу зарыл. 1-2-класстарда начар окуган бала болобу, отличник бала болобу өзүн-өзү баалоо аракети күчтүү болот. А.И.Лисина “Өзүн жогору баалаган баланын инсандык өнүгүшүнө өзүнө сын көз караш менен кароо эмес, өзүнө болгон баалоосунун төмөндөп кетиши тоскоол болот” – деген пикирин айткан [6, 16]. Автодун көз карашына таянсак, анда өзү-өзү баалоо балдардын жана кыздардын келечекке

умтулуусун жогорулатат. Кыздар көпчүлүк учурда үй-бүлөсүн, эмоционалдуулугун, сулуулугун жана сүйкүмдүүлүгүн элестетет, балдар өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө иштешет.

Баланын башка адамдар жана өзү теңдүүлөр менен инсан аралык байланыш мамилеси анын аң-сезиминин калыптанышына өбөлгө түзөт. Ар бир окуучунун класстагы балдар менен баарлашуусу анын инсандык сапаттарын өнүктүрөт баланын өзү теңдүүлөрү менен мамилеси жана өзүнүн класста алып жүрүү абалы өтө маанилүү. Инсан аралык байланыш системасында ыңгайсыз абалдагы мектеп окуучусуна эмоционалдык кысылуу жана дискомфорт мүнөздүү. Мындай кырдаал бала үчүн ыңгайсыздыктарды жаратат, көпчүлүк учурда аң – сезимин калыптанышына, өзүн өзү баалоосуна, өзүнө болгон мамилесине терс таасирин тийгизет. Инсан аралык байланышты төмөндөтүүчү айрым факторлорго кайрыла кетели:

- Инсан аралык мамиледеги ыңгайсыз абалдагы башталгыч класстын окуучусунда умтулуу деңгээли төмөн.
- Инсан аралык мамиледе ыңгайсыз абалдагы башталгыч классынын окуучусунда умтулуунун реалдуу эмес жана өзүн адекваттуу эмес баалаган учурлар көп болот.
- Инсан аралык мамиледе ыңгайсыз абалдагы башталгыч классынын окуучусунда инсан аралык мамиледе ыңгайлуу абалдагы окуучуларга караганда социалдык чөйрөдө чочулап тургандыгы менен айрымаланат. Мындай балдарда көпчүлүк учурда өзүн өзү демонстрациялабайт жана башкалар менен байланыша албайт. Алар айланадагылардын ишеничин актай албаганынан чоочулашат, өздөрүн баалай албайт, оюн айтуудан жана баа алуудан кооптонот.
- Инсан аралык мамиледе ыңгайсыз абалдагы башталгыч классынын окуучусунда инсан аралык мамиледе ыңгайлуу абалдагы окуучуларга караганда жогорку агрессивдүү деңгээли менен айрымаланат. Мындай балдарда агрессивдүүлүк жогору болот.

Азыркы учур кенже мектеп окуучуларынын жана улуу адамдардын инсан аралык мамилесин тажырыйбасын калыптандыруу боюнча көптөгөн иштерди жасоого милдеттендирип жатат.Инсандын башка адамдар менен болгон терс жана оң мамиледеги байланыштар анын дүйнө таанымынын калыптандырат. С.Л Рубинштейн “мамиле – бул бир адамдын экинчи адам аркылуу ачылуучу туугандык касиети”. Башка адамга болгон адамдын мамилеси – инсандын жашоосунун пайдубалы, жүрөгү. “Жүрөк” адамдардын бири – бирине болгон мамилесин башкарат. Бири-бири менен болгон мамилени ачуудагы адам жашоосунун психологиялык анализи жашоонун психологиялык ядросун түзөт - деп белгилегендей[9], баланын инсан аралык тажрыйбасын калыптануусун ар кайсы этаптарда: мектепке чейинки жашындагы, жаңы социалдык системага өтүү мезгилиндеги шартта аныктоо зарыл.

Башталгыч класстын окуучуларынын инсан аралык калыптануусун жакшыртуу – демек, улуу адамдардын ортосундагы карым-катышы, тил табышуусу.

**Адабияттар:**


1. Абраменкова В.В Развитие коллективной идентификации и персонализации в детском возрасте. - М., 1987. – 260с.
2. Амельков А.А. Психологическая диагностика межличностного взаимодействия.–М., 2006. - 108 с.
3. Андреева Г.М. Место межличностного восприятия в системе перцептивных процессов и особенности его содержания. - М., 1981.-72 с.
4. Божович Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте.- М.: Педагогика, 1968. - 296 с.
5. Коломинский Я.Л. Социальная психология школьного класса: научно-метод. пособие для педагогов и психологов. - Минск: ООО «ФУА информ», 2003. - 312 с.
6. Лисина М.И. Общение, личность и психика ребенка.М., Воронеж. – 1997. – 99с.
7. Мясищев В.Н. Понятие личности в аспектах нормы и патологии. - М.: Воронеж, 1995. - 48 с.
8. Парыгин В.Д. Основы социально-психологической теории.- М., Мысль, 1971.
9. Рубинштейн С.Л. Избранные философско-психологические труды. М.: Наука, 1997. - 462 с.



***Абдуллаев С. Н., Акбембетова А. Е., Гиляузизова Н. М.***

Ысык-Кульский государственный университет им.К. Тыныстанова


## О СТРАТЕГИЯХ УСВОЕНИЯ РУССКОГО ЯЗЫКА КАК ИНОСТРАННОГО

### ОРУС ТИЛИН ЧЕТ ТИЛИ КАТАРЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

### ABOUT STRATEGIES OF ACCESSION OF THE RUSSIAN LANGUAGE AS FOREIGN


***Аннотация:*** *Макалада авторлор орус тилин чет тили катары окутуудагы негизги мыйзам ченемдүүлүктөр үстүндө токтолуп өтүшөт. Тил илиминдеги ар кыл изилдөөчүлөрдүн пикирлери келтирилген. Лингводидактика динамикалык процесс катары көрсөтүлүүдө.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *усул, тилди окутуу, тилден пайдалануу, өз ара аракетте болуу.*



***Аннотация:*** *В статье авторы описывают основные закономерности изучения русского языкв как иностранного. При этом приводятся мнения различных исследователей. Лингводидактика показывается как динамичный процесс.*

***Ключевые слова:*** *метод, обучение языку, владение языком, взаимодействие.*

***Annotation:*** *In the article the authors describe the main regularities of studying Russian as a foreign language. The authors cite the opinions of various researchers. Linguodidactics is shown as a dynamic process.*

***Key words:*** *method, language training, language proficiency, interaction*

В методике преподавания иностранных языков в последние десятилетия получили свое развитие психологические теории и концепции, рассматривающие понятия стратегии, или стили усвоения иностранного языка, в основе которых лежит представление о глубинных психологических механизмах понимания, обработки и хранения информации человеком [Авдеева, 2003; Холодная, 1996; Изаренков, 2002 и др].

Индивидуальный подход в обучении иностранным языкам подробно описан в психологии и теории управления учебной деятельностью, в частности, в работах Б.В. Беляева, Е.И. Пассова и др. Психологи последних лет считают основополагающим в реализации принципа индивидуализации понятий когнитивная репрезентация, стратегии усвоении. Понимание процесса как части поведения, вызываемой объектом, или как установка на реакцию более приемлема для описания референции слова на начальном этапе овладения языком. Можно сказать, что акты референции и когнитивные репрезентации развиваются в процессе доконтекстуализации: в актах наименования вычленяются значимые и инвариантные атрибуты объектов и событийных категорий, а не релевантные, вариантные и контекстуальные признаки выделяются как признаки референции других слов. В последние годы в теории и практике обучения иностранным языкам все чаще говорят о когнитивном подходе, хотя многие исследователи особо не выделяли когнитивный аспект как компонент коммуникативной компетенции.

В своих исследованиях психологи пришли к выводу, что учащиеся обладают своей базой и стратегией усвоения. Они формируются индивидуально, обладают своей спецификой обработки языковой информации, особенностями хранения этой информации в памяти, способностью понимания и продуцирования речи, свой метод подхода к решению проблем или выполнению заданий, своей стратегией действия для получения конкретных результатов, осуществления контроля и использования определенной информацией (знаний).

Таким образом, в теории обучения иноязычной речи исследователи считают, что процесс освоения индивидуальной картины мира другого лингвосоциума характеризуется тем, что, во-первых, для усвоения элементов чужой культуры субъект опирается на сформированные познавательные стратегии своей культуры как базисные когнитивные образы; во-вторых, он использует уже усвоенные когнитивные образы и знания новой культуры страны изучаемого языка, в-третьих, он ориентируется на выявленные в процессе познания чужой культуры новые познания о собственной культуре. Так, Л.П. Крысин выделяет несколько уровней владения языком: 1.собственно-лингвистический уровень: свободное манипулирование языком безотносительно к характеру его использования; 2. владениесерийными рядами иносказаний и различного рода синонимами;знание норм, как можно говорить, и как нельзя; 3. национально-культурный уровень: владение национально-обусловленной спецификой языковых средств, знание коннотации; энциклопедический уровень: владение не только самим словом, но и миром слова, т.е. теми реалиями, которые стоят за словом; ситуативный уровень: умение применять языковые знания и способности сообразно с ситуацией. В ситуации исследователь выделяет ситуационные переменные, изменение компонентов ситуации ведет к изменению ситуации, а измененная ситуация определяет выбор языковых средств [6, 117-123].

Р.И. Павиленис усвоением языка считает обретение средств кодирования концептов, обретение средств социальной коммуникации, формирование индивидуальной концептуальной системы средствами изучаемого языка. Он полагает, что благодаря предоставляемой языком возможности перехода от индивидуального субъективного к интерсубъективному, и в этом смысле объективному, можно рассмотреть усвоение правильного употребления языковых средств выражения как усвоение соответствующих различий в мире как предпосылку социальной коммуникации носителей языка[7].

Проблеме усвоения второго языка были посвящены работы и многих кыргызстанских и казахстанских ученых. М. Дж. Тагаев отмечает важность учета национальных концептосфер при преподавании русского языка как неродного [10]. С. Н. Абдуллаев придает большое значение типовым синтаксическим структурам или моделям при усвоении русского языка как иностранного [10]. .В одной из работ Э.Д. Сулейменовой говорится: «Владение языком основано на использовании знания в ходе языкового общения» [9].

Каждая языковая личность обладает «инвариантом», который позволяет обращаться и понимать друг друга представителям разных культурных социумов. Инвариант делает так же возможным адекватное понимание и трактовку языковой личностью текстов, созданных во время разных исторических периодов. Обсуждая когнитивные аспекты формирования языковой личности немаловажным представляется вывод, к которому приходит в своем исследовании Т.Н. Ушакова [11].

Формирование и развитие русской речи (ФРР) студентов-иностранцев предполагает проектирование специальной модели обучения во взаимодействии таких ее аспектов, как:

1) нормативный – соблюдение в устных и письменных высказываниях языковых норм (орфоэпических, грамматических, стилистических, орфографических, пунктуационных);

2) коммуникативный - владение разными видами речевой деятельности, умениями предварительного восприятия, репродукции, трансформации русскоязычных текстов и создания собственных высказываний с учетом условий и задач общения;

3) этический - учет правил речевого поведения, основанных на нормах морали и национально-культурных традициях народа-носителя изучаемого языка.

4) В современной лингводидактике согласно антропоцентрическому подходу акценты перемещаются на деятельность обучающихся по усвоению языка как системы функционирующих единиц, на управление познавательной деятельностью, на речевое развитие и саморазвитие личности.

На современном этапе для практики преподавания неродного языка во взрослой аудитории процесс усвоения языка, на наш взгляд, должно рассматриваться как взаимодействие участвующих сторон в данном процессе. Развитие речи иностранных студентов при обучении русскому языку в аспекте интегративного подхода предполагает организацию деятельности с учетом познавательных и коммуникативных потребностей вторичной языковой личности, направленных на приобретение и реализацию языковых знаний, знаний правил пользования языковыми единицами и знаний о культуре и стране изучаемого языка средствами целевого языка с обязательным учетом индивидуальных психологических характеристик субъектов коммуникативно-когнитивной деятельности как участников языковой коммуникации.

Интеграция русских слов и выражений с переносным значением в смысловое единство для иностранных учащихся наступает в результате достижения определенных успехов в лингвокультуроведческой и коммуникативной компетенции - способности самостоятельно подбирать подходящие эквиваленты родного языка. Только в этом случае происходит их интеграция в смысловое единство, при этом за каждой интерпретацией стоит обусловленное национальным сознанием представление о мире, об эстетических и социально-нравственных нормах поведения людей. Следовательно, в процессе работы над анализом текста не должно оставаться не понятым ни одно слово или выражение, от которого будет зависеть культурологический образ.

Особенности восприятия смысла инокультурного фольклорного материала связаны не только с лингвистическими, но также и с экстралингвистическими факторами, которые, дополняя друг друга, отражают национально-культурную специфику освоения объективной действительности.

**Литература:**


1. Абдуллаев С. Н. Релевантность итогов сопоставительно-типологических исследований в преподвании русского языка как иностранного (на примере моделирования сложноподчиненных предложений)// Русский язык в иностранной аудитории: теория и практика преподавания Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 95-летию со дня рождения профессора Галины Георгиевны Городиловой (1922-2013). 2017. С. 6-9.
2. Беляев Б.В. Очерки по психологии обучения иностранным языкам. – М.: Просвещение, 1965. – 228 с.
3. Дридзе Т.М. Язык и социальная психология. Учеб. пособие для фак-тов журналистики и филол. фак. ун-тов / Под ред. Проф. А.А. Леонтьева. – М.: Высш.школа, 1980. – 224 с.
4. Иевлева З.Н. Методика преподавания грамматики в практическом курсе пусского языка для иностранцев. М., 1982
5. Изаренков Д.И. Обучение диалогической речи. – М.: Русский язык, 1981. – 136 с.
6. Крысин Л.П. Современный русский язык. Лексическая семантика. Лексикология. Фразеология. Лексикография М.: Академия, 2007. — 240 с.
7. Павилёнис Р.И. Проблема смысла: современный логико-философский анализ языка. - М.: Мысль, 1983. — 286 с.
8. Пассов Е.И. Основы коммуникативной методики обучения иноязычному общению. – М.: Рус. яз., 1989. – 276 с.
9. Сулейменова Э.Д. О номинативных единицах языка и их лингвометодическом потенциале // Русский язык за рубежом, 1990, №1. - С.64
10. ТагаевМ.Дж. Билингвальная модель лингвистического описания русского языка как неродного в учебных целях.Русский язык и литература в школах Кыргызстана. 1997. № 3-4. С. 85.
11. Ушакова Т.Н., Павлова Н.Д. и др. Речь человека в общении. - Москва, 1989. - 200 с.
12. Холодная М.А. Когнитивные стили как проявление своеобразия индивидуалного интеллекта. - Киев, 1990, 119 с.

***Абдырасулова Э.К.***
И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ӨТҮҮДӨГҮ ЛЕКСИКАЛЫК КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕР

## НЕКОТОРЫЕ ЛЕКСИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ ПО ОБУЧЕНИЮ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

## SOME LEXICAL PROBLEMS IN CONDUCTING LESSONS OF THE KYRGYZ LANGUAGE

***Аннотация:*** *Кыргыз тилинин эртеңкисине жана келечегине түздөн-түз тиешеси болгон келечек муундарыбызга тилди окутуу-үйрөтүү иш-аракетеринин маселелери каралды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Элдик медицина, тематикалык принцип, фразеологизм, маанилик-ассоциативдик принцип, лексико-грамматикалык принцип, этимологиялык аспект.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются вопросы обучения кыргызскому языку, непосредственно касающихся будущих поколений.*

***Ключевые слова:*** *народная медицина, тематический принцип, фразеологизм, смыслово-ассоциативный принцип, лексико- грамматический принцип, этимологический аспект.*

***Annotation:*** *In article considered guestions about teaching Kyrgyz language, directly concerning for future generation.*

***Keywords:*** *etnoscience, theme principle, phraseology, lexico-grammatikal principle, semantic-associative principle, ethimological aspect.*

Тил сабагы – өзүнчө өзгөчөлүгү, өзүнчө кыйынчылыгы бар предмет. Ушул сабактан гана студенттер эл тилиндеги тыбыштар куралып келип, адамдарга сөз болуп жетип грамматикага түшүп, анан байланыш куралы катары кызматкыларын түшүнүшөт. Адамдардын кеби, көңүл туйгулары да, эмгеги, күрөшү ушул тил менен гана жеткирилет.Студенттер тил менен гана башына уялап, көкүрөгүн тепкен ажайып сезимдерин кагаз бетине түшүрө алышат. Тил ар бир адамдын мээсине келүүчү ой-пикирдин өөрчүшүнө түрткү берет.

Студенттердин тилиндеги сөз байлыкты, учкул сөздөрдүн кенчин арбытуу үчүн төмөнкү иштерди кеңири жүргүзсө, кыйла пайдалуу болор эле.

1. Сөздөрдү, учкул туюнтмаларды кеңири үйрөтүүдө*тематикалык принципти* колдонуу боюнча тилдеги сөздөрдү ар кандай темалык топторго бөлүп, улам курс жогорулаган сайын алардын көлөмүн кеңитип, сан жагынан арбытып үйрөтүү. Мисалы, а) дарылык касиети бар өсүмдүк аттары; адырашман (өзгөчө жыты бар, көп жылдык чөп өсүмдүгү), ак кодол (гүлү ак түстөгү көп жылдык чөп өсүмдүгү), ак куурай (терең тамырлуу, мөмөсү жаңгак сыяктуу көп жылдык өсүмдүк ж.б.) б) адамдын дене түзүлүшүндөгү сөөктөрдүн аттары: баш сөөгү, жаак, акырек, жанбаш ж.б.; в) элдик медицинада колдонуучу буюм-тайым аттары; шак-шак (кол-бут сыныгында таңылуучу жыгач) аштор (курч миздүү бычак), тинтүүр (хирургиялык аспап) г) ошону менен бирге сынды, белгини, сапатты касиетти ж.б. туюндурган сөздөр.

Ар бир текст, көнүгүүлөрдөгү сөздөрдү ушул сыяктуу сөздөрдүн тобуна бөлүп, атайын дептерге өзүнчө жаздырып, анан сөздөрдөн элдин сүйлөгөн сөзүнөн, ар кыл чыгармалардан, медицинага байланыштуу тексттерден тиешелүү материалдарды чогултуп жазып алууга көндүрө берсе, студенттин сөз байлыгы арбырында шек жок. Мында студент үч нерсе утат; а) текстти максат менен берилип окууга үйрөнөт б) тилге болгон кызыкчылыгы күчөйт в) сөздөрдү тематикалык жактан классификациялап өздөштүрүүнүн жолуна өтөт. Анан ага ык алса, өмүр бою ал ар кыл сөздөрдү тынбай үйрөнө берет.

Ошол тематикалык принципти башка ыкка салууга мүмкүн. Мисалы,нейтралдык же жалпы элдик сөздөр; а) жаса, сүйлө, кес, текшер, кара, ж.б. б) тилге байланыштуу сөздөр: тематика, методика,текст, лексика ж.б. в) кызматчы сөздөр: го,чейин,дейре, чакты ж.б.

Жогоркудай эле ыктарды фразеологизмдерди (соматикалык) үйрөткөндөда колдонсо болот. Мисалы: ак жүрөк (ак ниет, чынчыл, калыс), бети калың(уяты жок, тоготпогон, кайдыгер) , колу ачык (берешен, эч нерсесин аябаган), жүрөгү оозуна тыгылуу ( бир нерседен абдан коркуу).

Студенттердин сөз байлыгын өстүрүүдө бул сыяктанган ыктарды ар түрдүүлөнтүп колдонуу алардын кызыкчылыгын арттырууга, ар кандай шарттарга карата сөз таба билүүгө көнүктүрөт. Жогоркудай тематикалык бөлүнүштөрдү майдалап подтемага, же анын тескеринче, аларды ирилештирип топторго чогултуп, бутактатып байтеректей тамырлатып, тилдин да чоң турмушун үйрөтүүгө мүмкүн.

Медицинага байланыштуу сөздөр менен гана чектелбестен алалык: а) коомдук турмушка байланыштуу сөздөр деп ат коюп, буга карата: студенттик турмуш, музыка, живопись, маданият, спорт, өлкөбүздүн ички-тышкы турмушуу жөнүндөгү сөздөрдү чогулттурса болот. б) жаратылыш жана адамдардын турмушуна байланышкан сөздөр депат коюп, буга; жергиликтүү элдерге тиешелүү лексиканы флора менен фаунага,тарыхка,географияга ж.б. таандык сөздөрдү чогултса болот.

Албетте, жогорку темалардагы иштерди бир мезгилде тегиз алып баруу оордук кылышы мүмкүн. Андай учурда ар бир теманы грамматикалык конкреттүү маселелерди талдоого карата колдонууга ылайык келет. Алсак, сын атооч жөнүндөгү теманы өткөн кезде сынга, сапатка, кулк-мүнөзгө ж.б. байланыштуу сөздөрдү топтотууга туура келет. Тематикалык жактан сөздөрдү топтоп үйрөнүүнү грамматикалык-орфографиялык

жумуштарга тыкыс байланыштыра жүргүзүп, улам жаңы сөздөрдү пайдалана билүүгө көнгөндөн кийин окшоштуктун ассоциациясы негизинде студенттердин эсине баягыдай сөздөр улам көбүрөөк топтоло берет.

2. *Маанилик-ассоциативдик принцип*боюнча студенттер сөздөрдүн тобун үйрөнөт. Алсак, чеки деген сөздү алып, ал сөз башка кайсы сөздөр менен айкалыша турганын баамдоо (мисалы: чеки сөз, чеки иш). Ошол эле учурда анын курамындагы, мисалы, сөз деген сөз башка кайсы сөз менен айкалыша турганын билүү (сылык сөз, сенек сөз, орой сөз, улуу сөз…) Мында көп колдонулган сөздөрдү «өнүмдүү» деп атап (аны «ө» тамгасы менен белгилейли), бирде жыш, бирде сейрек колдонулган сөздөрдү «бейтарап» деп атап (аны «б» тамгасы менен белгилейли), өтө аз колдонулган сөздөрдү «солгун» атап (аны «с» тамгасы менен белгилейли) анан студенттердин сөз байлыгынын өсүшүн окумуштуу тилчилердин жолуна салып карасак, анда Ө-Б-С-Т деген формулага ээ болобуз. Ошондо студенттин сөз байлыгынын өсүшүү Т-С-Б-Ө жолу менен өнүгөөрүн көрүүгө болот. Эгерде студенттин тил байлыгын арттыруудагы аракети бошоңдоп, алдыга карай өсүүсүн токтотсо, анда Ө-Б-С-Т жолу өкүм алып, эч кандай майнап чыкпайт. Ошондуктан тил предметинде студенттердин сөз байлыгын өстүрүүдө дайыма аныкталгыч жол, башкы орунда болуусу абзел.

Эгерде маанилик-ассоциативдик принцип сакталбаса жана анын ыгы толук өздөштүрүлбөсө, студент адепки үйрөнгөн сөздөрдүн катарын андан ары талыкпай уламак турсун, мурунку сапарынан четке чыгып, үйрөнгөндөрүн тез унутуп жибериши да ыктымал.

Маанилик-ассоциативдик принципти лексика-семантикалык сабактарда гана колдонбостон, синтаксистик байланыштарды, анын эркин жана чырмалыша келгентүрлөрүн үйрөнгөндө да колдонулса, тилдин ички дүйүм- дүйнөсүн аңтарып, өзүнчө шагы ийилген мөмөсүн көрүүгө болот.

Кай бир учурда айрым студенттер маанилик-ассоциативдик жол менен айкалышып жасала турган сөздөрдү жаңылыш түшүнүп алса, ага карата белгилүү багыт берип, өз учурунда оңдоп туруу зарыл.

3. *Лексико-грамматикалык принцип*сабактарда кеңири колдонулуп келе жаткан принциптердин бири. Тилчи окутуучуларга белгилүү болгондой бул принциптин үч компоненти бар: а) сөздөрдү, туюнтмаларды маанилик айтылышы, жазылышы жана грамматикалык жактан ирети менен улам арбытып үйрөнүү жагы б) сөздөрдүн өзгөрүшүн грамматикалык ар түрдүүлүгүнө карай ши жүргүзүп, сүйлөөдө да, жазууда да практикалык жактан колдонууга багыт алуу жагы. Бул принципти сөз түркүмдөрүн, сөздөрдүн өзгөрүш жолдорун талдап үйрөнгөн кезде кеңири колдонууга болот.

Жеке адамдын эси тилдеги бүтүндөй бардык сөздөрдү сактай албайт. Ага табигый мүмкүнчүлүк берилген эмес. Бир мисал келтирели. Мисалы, орус тилиндеги 300-400 миңге жакын сөз бар делип болжолдуу айтылып жүрөт. Ал эми орус тилин укмуш билген, орус тилинин сөз берметтерин таңыркага колдонгон А.С.Пушкиндин чыгармаларында бар болгону 20.000ге жакын сөз кезигери айтылып жүрөт. Тилчи илимпоздор жеке адам орто эсеп менен алты-сегиз миңдин тегерегинде гана сөз билерин белгилеп жүрүшөт. Ошентип, жеке адамдын эси канчалык мыкты болсо да, канчалык арчадай көгөрүп жапжашыл болуп турса да, баары бир анын сөздөрдү камтып калуудагы мүмкүнчүлүгү чектелүү[1].

4. *Диагностикалык же себепти ачуу принциби* боюнча лексикалык каталардын анын көп варианттуулугунун себеби ачылат. Алсак, бир эле түшүнүктү түюндуруу үчүн бир эле тайпадагы студенттер бул жетигил сөздөрдү ар кандай колдонору көп учурайт. Диалектикалык сөздөр: гөш-эт, тукум- жумуртка,үй-сыйыр ж.б.

Эне тилдин кубулуштарын үйрөтүүдө жергиликтүү тилдик фактыларды да кеңири пайдаланууга болот. Айталык, тилдин өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгү, лексикалык кубулуштарынын коомдук турмушка тыкыс чырмалып келиши, маданий жана материалдык өзгөрүүгө карата бат өзгөрүп турушу, өңдүү маселелер боюнча сөз жүрүп кетсе, анда жергиликтүү фактыларды батыл колдонууга болот.

Сөздөр маданий-тарыхый гана кабарларды бербестен, этикалык нормага байланышкан түшүнүктөн (окуган озор,окубаган тозор ж.б.), кептик үлгүдөн, этикадан (жакшы адам таап сүйлөйт, жаман адам каап сүйлөйт ж.б.) экспрессивдик-стилдик каражаттан, интонациийадан ж.б. пландагы көрүнүштөрдөн кабар берет.

Студенттер тилдин бардык компоненттери менен толук таанышып, аларды өздөштүрүп, практикада тынымсыз колдоно билгенде гана аны коммуникативдик активдүүлүккө өтүү десек болот. Ошондо гана алар тилдин күчүнө түшүнүп, ага таңууланбастан, аны олуттуу үйрөнүүгө кызыгат.

Тил предметин үйрөнгөн кезде, анын лексикологияга байланыштуу темаларын, маселелерин өздөштүргөн кезде, башкача айтканда тематикалык системаны пайдалануу алда канча натыйжалуу болот. Бул ык андан ары үйрөнүүгө болгон сезимин ойготуп кызыгууну пайда кылышы ыктымал.Анткени тематикалык системаны колдонгондо таза лингвистикалык маалымат да кошо берилип, студенттин дүйнө таанымын билим деңгээлин кеңитет да, аракетке түртөт.

Сөздөрдү эң эле ар түрдүү темаларга бөлүп, үйрөтүүгө болот. Тиричилик байланыштуу сөздөр, көндүм ишке, жорукка, мүнөзгө байланышкан сөздөр. Ошондой эле сөздөрдү; транспортко, саясатка, ички-сезимге, ой-пикирге, тууганчылыкка ж.б. байланышкан сөздөр деп, бөлүштүрүп, аларды маанилик жактан, аздап болсо да тарыхый куралышы жагынан да кай бир этимологиялык аспектиден, лексико-грамматикалык көнүгүү жагынан да талдоого ык алдырса болот. Мында жалпыга тааныш болгон белгилүүдөн белгисизге, тааныш нерседен тааный элек нерсеге, көрүнүшкө, кубулушка карай, улам жаңыны көздөй деген принцип колдонулат.

Студенттер сөздөрдүн экспрессиялык касиетин, башкача айтканда, көркөмдүк жактан окулушун, аныктыгын, маанилүүлүгүн, тактык-айкындыгын да даана түшүндүрүү зарыл. Ошону менен бирге алардын эмоцияналдуулугун, тез таасирдүүлүгүн, ошондой эле күчтүү сезим менен туюнтулуш касиетин да туйгуза билүү керек.

Тил сабагына байланыштуу лексикологиялык тапшырмаларды үй иши катары аткарууга да мүмкүн. Андан башка ийрим же дубал газетанын беттеринде «Бул кызык», «Сөз түйүндөрү», «Эске тутуп алгыла»,

деген өндүү рубрика уюштуруп элдин турмушу, медицинадагы жаңылыктар, фразеологизмдер, учкул туюнтмалар ж.б. боюнча талкуу, тегерек стол, уюштуруу да кызык чыгат. Мисалы: жылдыз, ай айларынын аттары,алардын чыгышы, жыл мезгилдеринин, табигый кубулуштардын аталышы, алардын чыгышы, өсүмдүк аттары деген сыяктуу ж.б. аттарды коюп анан талкууну студенттердин арасында өткөрсө кызыктуу болор эле.

Бул өндүү кадамдар студенттердин коомдук турмушка болгон кызыгуусун күчөтүп, эстен чыкпас нерселерди көңүлгө түйүп калууга жардам берет. Мындай иштерди эне тилдин ар кыл аспектисин бирге байланыштырып, бир жол менен үйрөнүүгө тыкыс багыттоого зарыл. Башкача айтканда, аларды стилдик каражат катары да, өлкөбүздүн турмушун тааныткыч маалымат булак катары да эсептеп, экстралингвистикалык жана лингвистикалык өзөктү бир жол менен алып барганда гана студенттер тил предмети боюнчакыйла билимге ээ болушар эле.

**Адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Сөздүн теги: Этимология жана лексикография: Окуу куралы.- Б., 2002.
2. Дюшеева Г. Кылым карыткан тил: Окуу куралы.- Б., 2016
3. Исаков Б. Кыргыз тили: Окуу китеби.-Б., 2012
4. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы: Монография.- Б.:Турар,2009.

***Адылбек кызы Г., Абасбекова З.***

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унтверситети

## КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН МЕКТЕПКЕ ОКУУСУНА АДАПТАЦИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ АДАПТАЦИИ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ К ОБУЧЕНИЮ В ШКОЛЕ

## PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE ADAPTATION OF PRIMARY SCHOOLCHILDREN TO LEARNING AT SCHOOL

***Аннотация:*** *Илимий макалада кенже мектеп окуучуларын мектепке даярдоонун айрым маселелери каралып, алардын социалдык, психологиялык, педагогикалык шарттарын камсыздоо зарылдыгы каралды.*

*Кенже мектеп окуучуларын мектепке ар тараптуу мыкты даярдоо алардын физиологиясына нравалык жүрүм-турумуна, адептүүлүгүнө, тарбиясына, билим алуусуна, өз алдынча инсан катары калыптанышына, баланын өзүнө ишенүүсүнө жана активдүүлүгүнүн өсүшүнө зор таасирин тийгизээри жыйынтыкталды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *психологиялык-педагогикалык шарт, адеп-ахлак, чөйрө, кенже мектеп окуучулары, методика, объект, субъект.*

***Аннотация:*** *В научной статье рассмотрены некоторые проблемы подготовки детей к школе, обоснована необходиомость удовлетворения их социальных, психологических и педагогических условий.*

*Сделаны выводы о том, что разносторонняя, качественная подготовка младших шкльников к обучению в школе приводит к их физиологическому, нравственному росту, развитию этичности, воспитанности, образованности, формированию самостоятельной личности, их активности, уверенности в себе.*

***Ключевые слова:*** *психолого-педагогические условия, мораль, нравственность, среда, младшие школьники, методика, субъект, объект, субъект.*

***Annotation:*** *In the scientific article some problems of preparing children for school are considered, the necessity of satisfying their social, psychological and pedagogical conditions is substantiated. It is concluded that the versatile, high-quality preparation of junior schoolchildren to study at school leads to their physiological, moral growth, the development of ethics, upbringing, education, the formation of an independent personality, their activity, and self-confidence.*

*Key words: psychological and pedagogical conditions, morality, morality, environment, elementary school students, methodology, subject, object, subject.*

Кенже мектеп окуучуларын мектепке ар тараптан калыптандырууу, андан ары билим алуусуна өбөлгө түзүү, окуусундагы ийгиликтерге жетишүү учурдун актуалдуу талаптарынан болуп жаткандыгы барыбызга белгилүү. Себеби, мектепке чейинки мезгилде эле баланын мүнөзү, акылы, адептик сапаттары жана коомдогу жүрүм-туруму калыптана баштайт жана аларга татыктуу шарттардын түзүлүшү зарыл.

Педагогикада "шарт" терминин аныктоого В.И Андреева, А.Я.Найна, Н.М Яковлев, Н.В. Ипполитова, М.В.Зверева, Б.П.Куприянова, С.А. Дынина ж.б. окумуштуу-педагогдор өз салымдарын кошуп келишти. Биринчилерден болуп В.Н Андреев, А.Я.Найн, Н.М.Яковлева педагогикалык шартты материалдык-мейкиндик чөйрө жана кандайдыр бир педагогикалык кыймыл-аракеттин байланышы катары караган ойду тутунушкан.

Педагогдор шартты жаратылыш өзгөрүүлөрүнүн, социалдык, сырткы жана ички көрүнүштөрүнүн маңызы катары карап, психологиялык позицияга да жакындаштырышкан. Шарт адамдын физиологиялык,

нравалык, психологиялык, адеп-ахлактык, тарбиялык жана билим алуусунун калыптанышына зор таасирин тийгизээрин далилдешкен.

Орус педагогу С.И. Ожегованын сөздүгүндө “шарт” деген сөз мындайча чечмеленет:

- бир нерсеге көз каранды болгон кырдаал;
- кандайдыр бир жашоо аймагынан орун алган ишмердүүлүктүн эрежеси;
- бир нерсе болуп жаткан жагдай [3.1376].

Аталган түшүнүктүн философиялык чечмелениши предметтин айлана чөйрөдөгү кубулуштары менен байланыштуу, бири-бирисиз жашай албайт: “бир нерседен шарттуу түрдө көз каранды; обьектин комплекстик компоненттери (буюм, алардын абалы, өз ара байланышы) болуп жаткан кубулуштун зарылдыгы” [**2].** Бул кубулуштун конкреттүү шарттарынын маңызы – агым, жаралуу, жашоо жана өнүгүү. Психологияда изилденип жаткан түшүнүк эрежеге ылайык, психологиялык контексттин негизинде каралат жана адамдын психологиялык өнүгүүсүн аныктаган ички сезимдери аркылуу ачылат (тез же жай өнүккөн) т.а. адамдын психологиялык жактан өнүгүү динамикасынын жыйынтыгs [**512].**

Демек, “шарт” деген түшүнүк боюнча комплекстүү анализдин жыйынтыгы анын жалпы илимий түшүнүк экенин тастыктады. Педагогикалык аспектиден караганда, ал бир нече бөлүктөн тураары аныкталды:

- шарт кандайдыр бир обьектин кырдаалдык себептеринин маңызы каралган маселе, адамдын билим алуусуна, өнүгүүсүнө, тарбиялануусуна таасирин тийгизет;
- шарттын таасири адам баласынын өнүгүүсүн, тарбиялануусун жана билим менен камсыздалышынын жыйынтыгын тездетиши, солгундатышы да мүмкүн. [1.56]. “Педагогикалык шарт” терминин ар тараптуу изилдөөдөн кийин төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1. Шарт педагогикалык системанын негизги элемент катары кызмат аткарат (анын ичинен бүтүн педагогикалык прцессте).
2. Педагогикалык шарт билим берүү мүмкүнчүлуктөрүн (багыттуу), конструкцияланган жана билим берүүнүн өз ара байланышкан субъектилеринин маңызын чагылдырат: маанисин, ыкмаларын, окутуунун жана тарбиялоонун формаларын, программалык-методикалык жаңыртуу (билим берүү процессинин жана оң, терс таасир берүүчү материалдык- мейкиндик чөйрөсү ж.б;
3. Педагогикалык шарттын структурасында ички (окуу процессинин субъектисинин жеке чөйрөсүн өнүктүрүүнү камсыздаган) жана тышкы (процессуалдык системанын калыптануу кыймылын) элементтери орун алган.
4. Тандалган педагогикалык шарттарды туура пайдалануу педагогикалык системанын функциясынын өнүгүшүн жана эффективдүүлүгүн арттырат.

Мектепке чейинки балдарды канткенде кемчиликсиз окууга даярдай алабыз, алардын татыктуу билим алышына кандай жакшы шарттарды түзүп бере алабыз? – деген суроо дайыма педагогдор үчүн актуалдуу болуп келе жатат. Психологиялык-педагогикалык адабияттардан алынган анализ боюнча төмөнкү шарттарды бөлүп кароо туура болот:

1.Мектепке баланын даярдыгын калыптандырууда активдүү формаларды жана методдорду пайдалануу.

2. Изилдөө объектисин, маселелерин багыттуу түрдө чечүүдө мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде предметтик-мейкиндик чөйрөнү уюштуруу.

3. Педагогдор менен ата-энелердин кызматташтыгын камсыздоо, форма жана методдорду биргеликте ишке ашыруу.

Мектепке баланын даярдыгын калыптандырууда активдүү окутуу формаларынын бири – оюн. В.С.Мухина оюн ойноо ишмердүүлүгү баланын психологиялык процессинин өнүгүшүнө кеңири шарт түзөөрүн белгилеген. Оюн учурунда бала предметтин ордун алмаштырууну үйрөнөт жана орун алмашкан предметке жаңыча аталышты ойлоп табат. Ошондуктан оюн көпчүлүк учурда баланын ой жүгүртүүсү, элестетүү планынын алмашуусуна жардам берет [4.282]. Ошол эле убакта В.С.Мухина балдарга оюн ойнотуу жана сюжеттик – ролдук оюнга катыштыруу башка адамдын көз карашы менен кароого, жакшы сапаттарын алууга жана өзүнүн жүрүм-турумун калыптандырууга багыттайт деген оюн билдирген [4.272].

Балдарга оюн ойнотуу менен биз алардын чоң адамдардын иш-аракеттери менен таанышуусуна, алардын мыкты сапаттарын өзүнө кабыл алуусуна, айланасындагылар менен баарлашуусуна, жакшы сапаттарды ажырата билишине жетише алабыз. Балдарды ойнотуу, көнүгүүлөр менен иштетип жатып, алардын окуу ишмердүүлүгүнүн жакшырышына өбөлгө түзө алабыз.

Е.О.Смирнова балдардын белгилерди ажыратуу көндүмүн калыптандырууда оюндардын мааниси чоң экендигин баса белгилеген. Адам баласынын психологиясында белгини ажыратуу функциясы бизди курчап турган дүйнөгө, жашоо-тиричиликке байланыштуу дайыма иштеп турат. Жаш жеткинчектин жүрүм-туруму жана психологиялык механизми кичинекей кезинен тартып калыптана баштайт, бул-кабыл алуу ишмердүүлүгүнүн активдеше баштаган мезгили болуп саналат. Баланын бизди курчап турган чөйрөгө кызыгуусу жанданып, предметке, кубулушка, окуяга, кырдаалга байланыштуу түшүнбөгөн суроолорун бере баштайт. Кандайча?, Эмнеге?, Эмне себептен?, Эмне үчүн?, кайрадан суроосуна өзү жооп издей баштайт. Балдарды ойлонууга багытталган тапшырмалар, көнүгүүлөр, баш катырмалар жана кроссворддор кызыктыра баштайт. Аң-сезиминде такталбаган, бүдөмүк, түшүнүксүз айлана-чөйрөдөгү кыймылдар акырындап балага даана, так көрүнө баштайт, реалдуулукту сезе баштайт, дүйнө таанымынын үрөндөрү пайда боло баштайт.

Мектепке чейинки баланын элестетүү ой жүгүртүүсү (окууга жакшы даярдаган учурда) жалпы билимди өздөштүрүүгө жөндөмдүү болот. Е.О.Смирнова мектепте балдар көз алдына элестетүү кубулуштун

мыйзамченемдүүлүгүн сезгенин жана көргөнүн эстеп калуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат-деген оюн билдирген. Демек, бала оюн аркылуу бала курчап турган айлана-чөйрөнү кабылдайт, ой жүгүртүүсү өнүгөт, сүйлөө речи, сезимталдыгы, эрктик реакциясы өнүгөт, өзү теңдүүлөр жана улуулар менен тил табышат, өзүнө сын көз караш менен карай алат, өзүн-өзү таанымы калыптанат. Оюн ойноо аркылуу жүрүм-туруму оң жагына өзгөрөт, окуу ишмердүүлүгү топтолот, келечекке туура багыт алалат. Баланы мектепке психологиялык жактан даярдоонун маанилүү шарттарынын бири - мектепке чейинки жаш жеткинчектерди даярдоочу окуу мекемелеринде аталган көйгөйдү чечүү максатында пайда болгон предметтик-мейкиндик чөйрөнү уюштуруу болуп саналат.

Заманбап философиялык көз караштарга таянсак, предметтик-өнүктүрүүчүлүк чөйрө-бул кабылданган маданияттын формасын өнүктүрүүчү предметтин көрүнүшү жана мазмуну. Предметтерде өткөн муундун зарылчылыгы болгон тажрыйба, билим, даам, жөндөмдүүлүк орун алган. Предмет аркылуу адам баласы өзүн-өзү тааныйт, жекечелигин сезет. Бала өзүнүн экинчи жашоосун маданий предметтен көрө алат, башка образдарга таасирленет (А.С.Выготский, Д.Б.Эльконин, В.В.Давыдов). Өзүнүн айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөр менен бала канчалык жакшы мамиледе болсо, ошончолук анын өсүү динамикасы жогорулайт, психологиялык жактан жаңы мүнөздөргө ээ болот. Чөйрөнүн тарбиялоо потенциалы көп аспектилүү башкача айтканда, баланын жашоого болгон жөндөмдүүлүгү (В.С.Библер), жашоодогу зарыл сапаттарды өнүктүрүүчү социалдык тажрыйбанын шарттары, базалык баалуулуктарга карата мамиленин калыптанышы (Л.П. Буева, Н.В.Гусева), бул- адамдын ички дүйнөсүнө чөйрөнүн таасир этиши (В.Мудрик), субъекттин муктаждыктарын канаттандыруу, ишмердүүлүгүн жогорулатуу. Ата – эне менен мугалимдин кызматташып иш алып баруусун педагог уюштурат.

Демек, чөйрө-бул социалдык жана маданий ишмердүүлүктүн талаасы, жашоо образы, социалдык тажрыйбанын бекемделиши жана откөрүп берүү чөйрөсү, маданият жана субмаданият, чыгармачылыктын өнүгүшү. Чөйрө ишмердүүлүктүн жыйынтыгы менен пайда болот, ал эми субъект аны эстетикалык, кабыл алуучулук жана башка мамилелери аркылуу аныктайт. Бала-бакчадагы тарбиялык-билим берүүчүлүк система өз ичине балдардын кеңири чөйрөдөгү кызыкчылыгын жана ишмердүүлүгүнүн формасын камтыйт.

Өнүктүрүүчүлүк чөйрөнү уйюштуруунун проектиси боюнча В.А. Петровский, С.Л.Новолевский илимий изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Аталган проектерде өнүктүрүүчүлүк чөйрөнүн психологиалык – педагогикалык гнезисин түзүү жана негизги принциптери каралат. Развивающая предметная среда: Методические рекомендации по проектированию вариативных дизайн-проектов развивающей предметной среды в детских садах и учебно-воспитательных комплексах [119].

Жогорудагы психологиялык – педагогикалык изилдоо предметтик – өнүктүрүүчүлүк чөйрөнү уюштуруу педагогикалык процесстин эффективдүүлүгүн артырат, кайталангыс элемент болуп эсептелет. Педагогдордун жана ата - энелердин көйгөйдүн маңызын балдарды мектепке даярдонун эффетивдүү формасын жана методун түшүнүүнүн негизинде биргелешип иштөөсүн уюштуруу

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде педагог ар бир үй-бүлөгө индивидуалдуу мамиле жасашы дагы зарыл талаптардан. Бул кырдаалда педагогдун уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү да өтө маанилүү. Ал ата-энелерди чогултуп, ар бир үй-бүлөнүн өзгөчүлүктөрүн такташ керек, баланын көйгөйлөрүн чечүүдө чогуу активдүү ыкмаларды иштеп чыгышы зарыл. Ата-энелердин жана педагогдордун ишиндеги эң башкы милдет- балдарды заман талабына ылайык окуу процессине даярдоо, даярдоонун жыйынтыктуу ыкмаларын иштеп чыгуу. Жогорудагы негизги милдеттерди ишке ашыруу үчүн ата-энелер менен индивидуалдуу консультацияларды, талкууларды жана баарлашууну жүргүзүү керек жана суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- баланын өз алдынчалуулугуна тоскоолдуктун жаралышы, тыюулардын көптүгү, авторитардык позициянын колдонулушу, ушулардын негизинде конфликттин келип чыгышы;
- ата-энелердин балага карата орой мамилесине, басмырлоосуна, моралдык жана физикалык зомбулуктан куткаруу;
- балдардын кызыкчылыгын кароо, балдардын көз карашы менен болуу;
- социалдык маанилүү жана жекелик сапаттардын негизинде келип чыккан маселелерди чечүү;
- баланын өзүнө ишенүүсүнө, активдүүлүгүнүн өсүшүнө, коомдук жашоого аралашуусуна өбөлгө түзүү;
- ата-эне менен педагогдун биргелешип баланы тарбиялашы ийгиликтерди жаратат, кемчиликтерди жоет.

Аталган маселелердин ойдогудай чечүү ата-энелер менен иштөөдөгү салттуу жана интерактивдүү ыкмалардын негизинде иш алып баруусунда ишке ашат. Ата-энелердин чогулушу үй-бүлө менен иш алып баруунун эң эле жайылтылган формасы болуп саналат. Бул форма ата-энелер, мугалим жана окуучулар үчүн да пайдалуу экендигин изилдөөлөр өзү тастыктап олтурат.

Ошондой эле мугалим-логопед, педагог-психолог, педагог-музыкант жана тарбиячылар дагы ата-энелер менен биргеликте иш алып баруусу баланын билим алуусуна мыкты шарттарды түзүп бере алат. Ушундан улам ата-энелердин өздөрүнүн психологиялык-педагогикалык тарбиялоодогу ролун тушундүрүү иштерин жүргүзүү керек.

Кесипкөйлөрдүн жана тарбиячылардын биргеликте кызматташуусу ата-энелердин баланы бардык этаптарда тарбияланышына, мектепке даярданышына, педагогикалык процесстердин активдүү катышуучусу катары калыптанышына алып келет. Бала-бакча менен үй-бүлөнүн педагогикалык бирге иштешүүсүнүн

негизинде келечектеги окуучунун кректүү сапаттарын калыптандырууга жетише алабыз. Баланын окууга көңүлу жоктугу, жаңы коллектвге аралаша албай жаткандыгынын себептери-үй-бүлөдөгү кырдаал жана ата-эненин берген багыттарынын кемчиликтери.

Илимий макалабыздын башында айтылгандай, баланын мектепке болгон даярдыгын калыптандыруу маселесинде жогорудагы шарттар өтө ыңгайлуу, бала жашоо шартына жалпы анализ жүргүзүүгө, жүрүм-турумун адаптациялоого, психологиялык функцияларынын көндүмдөрүнүн калыптанышына багыт алат.

Мектепке чейинки жаштагы балдарын мектепке даярдоо үй-бүлөнүн жашоосундагы маанилүү учурлардан болуп эсептелет. Ошондуктан, баланын максималдуу оң жыйынтыкка ээ болуусу үчүн ата-энелер менен ар тараптуу формаларды жана ыкмаларды өздөштүрүшүбүз керек.

**Адабияттар:**


1. Андреев, В.И. Диалектика воспитания и самовоспитания творческой личности / В.И. Андреев. - Казань: Изд-во КГУ, 2006. - 238 с
2. Васильев, Г.Г. Краткий философский словарь / А.П. Алексеев, Г.Г. Васильев; Под ред. А.П. Алексеев. - М.: РГ-Пресс, 2012. - 496 с.
3. Ожегов, С.И. Толковый словарь русского языка: Около 100 000 слов, терминов и фразеологических выражений / С.И. Ожегов; Под ред. Л.И. Скворцов. - М.: ОНИКС-ЛИТ, Мир и Образование, 2012. - 1376 с.
4. Мухина, В.С. Детская психология. – М.: Просвещение, 2008. – 272 с.
5. Найн, А.Я. Инновации в образовании. – Челябинск: ФИНО РФ, 2000. – 281 с.
6. Л.Н. Павлова / С.Л. Новоселова. – М.: Айресс-Пресс, 2007. – 119 с.
7. Полонский, В.М. Словарь по образованию и педагогике.– М.: Высш. шк. 2004. – 512 с.



***Адылбек кызы Г., Сулайманова Р.***

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унтверситети


## КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## ОСОБЕННОСТИ ПАТРИОТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

## FEATURES OF PATRIOTIC EDUCATION OF YOUNGER PUPILS


***Аннотация:*** *Илимий макалада кенже мектеп окуучуларын патриоттукка тарбиялоонун мааниси жана куррактык өзгөчөлүктөрү анализденди. Башталгыч класстын окуучуларынын патриоттук сезимдери, эмоциялык туюмдары абдан күчтүү болоору, коомдогу кубулуштарга, өлкөсүндөгү жашоосун сүйүүгө тарбиялоо үчүн эң эле ыңгайлуу мерчем болуп саналаары, ошол моментти бошко кетирбей ар бир окуучуну ар тараптуу жана кызыктуу жашоого, жакындарына кам көрүүгө, мекенин урматтоого, элдик каада-салттарды урматтоого, коллективдүү ишмердүүлүккө тартуу иштерин жүргүзүү ийгиликтүү жемишин берээри жыйынтыкталды.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *кенже мектеп окуучулары, патриоттуулук, эмоция, ата-мекен, моралдык, психологиялык, каада-салттар, музыка, оюндар, оюнчуктар, жаратылыш, эмгек, жашоо – тиричилиги.*



***Аннотация:*** *В научной статье анализируются особенности патриотического воспитания младших школьников, их возрастные особенности.*

*В статье приводятся выводы о том, что патриотические чувства, эмоциональное восприятие младших школьников ярко выражены, любовь родине, к природным явлениям является показателем их патриотической воспитанности, поэтому необходимо воспользоваться этим моментом и воспитать у каждого ученика желание разносторонне и ярко жить, заботиться о близких, уважение к Родине, уважение к обычаям и традициям, к коллективной деятельности, что несомненно, принесет свои успешные плоды.*



***Ключевые слова:*** *младшие школьники, патриотизм, эмоция, родина, моральный, психологический, обычаи, традиции, музыка, игры, игрушки, природа, труд, быт.*



***Abstract****: the article analyzes the features of Patriotic education of younger students, their age characteristics. The article provides insights about what Patriotic feelings, emotional perception of the younger students pronounced love of country, to natural phenomena is an indicator of their Patriotic education, so you need to seize the moment and nurture each student's desire versatile and bright to live, to care, respect for the Motherland, respect for customs and traditions, collective activities, which undoubtedly will bring successful results.*



***Keywords:*** *primary school children, patriotism, emotion, homeland, moral, psychological, customs, traditions, music, games, toys, nature, work, life.*


Азыркы учурдагы педагогдордун патриоттуулукка тарбиялоосунун башкы милдеттери болуп, ата мекенин сүйгөн инсанды тарбиялоо болуп эсептелет.Патриоттуулукка тарбиялоо жүз жылдар боюу ар бир коомдо элдик базалык баалуулуктарынан болуп, коомдун кызыкчылыгы үчүн кызмат кылып келет.Көптөгөн

кылымдар аралыгында жана ар кайсы коомдун өнүгүү этабында өзүнө идея жана идеология деген түшүнүктү сиңирип келет.

Патриоттуулукка тарбиялоо көп кырдуу жана өз ара элементтери байланышкан, ички туруктуу байланыштарды жана объективдүү, субъективдүү мүнөздөр камтылган, ошондой эле мазмундуу, уюшкан методикалык пландагы татаал башкарууга ээ болгон система [1.3].Патриоттуулукка тарбиялоо боюнча системанын ичинде ар түрдүү деңгээлдеги закончenемдүүлүктөр жана тартиптер, аталган системаны башкаруучу сапаттуу жана эффективдүү учет орун алат жана функцияларды аткарат. Ар кайсы курактагы тарбиялоо өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Алгач "патриоттуулук" терминине мүнөздөмө бере кетели.

Азыркы мезгилде бул түшүнүк төмөнкүчө чечмеленип жүрөт: «Патриот – бул ата мекенин сүйгөн, өз элине берилген, туулган жеринин кызыкчылыктары үчүн курмандыкка барууга жана эрдик жасоого даяр турган адам. Ивашкина Д.А. «патриот» түшүнүгүн төмөнкүдөй чечмелеген: бул «ата мекенин сүйгөн, анын бакубат жашоосу үчүн кам көргөн, ата журтуна берилген, мекенчил» инсан [4. 17].

Патриоттуулуктун көптөгөн элементтери бир эле убакта коргоочу, жаратман да, кыйратуучу да касиеттерге ээ. Маслова Т.М менен В.В. Колпачовдун изилдөөлөрүндө патриоттуулуктун төмөнкүдөй негиздери же башаттары белгиленип көрсөтүлгөн:

Табигый негиздер. Алгач патриоттуулук көчмөн элдерге мүнөздүү келип, үй-бүлө, уруу мүчөлөрүнүн ортосундагы кандаштык байланыш менен сакталып турган. Руханий-адептик негиздер. Патриоттуулук адамдарды руханий карым-катыштары жана ыймандык милдеттери (парыздар) менен бириктирип турат. Руханийлик – бул эң оболу элдин дини, идеологиясы жана маданияты. Саясий негиздер. Саясий жактан алганда патриоттуулук элдин учурдагы бийликти, башкаруу формаларын, мамлекеттин саясый түзүмүн, анын келечек багыттарын жана өнүгүү максаттарын колдошун билдирет.

Горшкова Е.А. патриоттуулукту татаал коомдук жана адептик жобо жана моралдык-психологиялык сезим деп баалаган. Ал патриоттуулук «жарандык» түшүнүгүнүн курамдык бөлүгү болуп саналат да, ата журттун кызыкчылыктарына туура келген ишмердиктен көрүнөт деп эсептеген [3.56]. Социалдык-ыймандык жобо катары патриоттуулук Ата журтту (конкреттүү тарыхый, социалдык, саясый жана маданий чөйрөнү) сактап, өнүктүрүү максатында жарандарды бириктирүүгө, алардын ынтымагын бекемдөөгө кызмат кылат. Моралдык-психологиялык сезим катары патриоттуулук мекенди жакшы көрүүдөн, анын ийгиликтери менен сыймыктануудан, кемчиликтери үчүн кыжаалат болуудан, туулган жерин коргоого даяр туруудан билинет.

Адамгерчиликсиз, демократияга каршы системаларда патриоттуулук жобосу бурмаланат: «Мекенди сүйүү учурдагы мамлекеттик-саясий тутумга берилгендик менен алмаштырылат. Андыктан башкаруучу төбөлдөрдүн кызыкчылыктарына туура келген нерселердин баары мекен үчүн пайдалуу деп эсептелип калат. Даана аңдап билинбеген бул чаташтыруу адеп-ахлакта терең карама-каршылыктарды жаратат. Мунун айынан көбүнчө бийликтин элге каршы саясатына наразы болгондор Мекенин жектеп, өз элин жаман көрүп, а түгүл ага кас да болуп калат». [7. 23]. Патриоттук сезимдер адамдын таанып билүүгө умтулуусун күчөтөт, эркин чыңдайт, ишмердикке, айрыкча Мекенге кызмат кылуу жагынан даана көрүнүүчү иш-аракеттерге даярдыгын ыкчамдатат, көздөгөнүнө жетүүдө өжөрлөнтөт.

Башталгыч класстын окуучуларынын патриоттук сезимдери, эмоциялык туюмдары абдан күчтүү болот. Андыктан алар курчап турган дүйнөнү аң сезимине кабылдаганда эң оболу сезимдер жана туюмдар (күйүмдүүлүк, боорукерлик, өз эли менен сыймыктануу, душмандарды жек көрүү сезимдери) аркылуу өткөрөт. Балдардын бул сезимдерин ар тараптан колдоп, бекемдеп, өнүктүрүү зарыл, анткени булар – патриоттуулукту тарбиялоонун биринчи кадамы. Бирок ошол эле учурда өспүрүмдөрдүн сезимдери жана эмоциялары алардын акыл-эси аркылуу аңдалып билинүүгө тийиш экендигин унутпоо керек. Атактуу педагог В. А. Сухомлинский: "Акыл жетип, жүрөк туйган, жан – дил кабыл алган чындык гана адамдын ынанымына, көз карашына, тутунган эрежесине айланат",- деп-бекеринен айткан эмес.Кыргыз педагогикасында жаш жеткинчектерди патриоттуулукка тарбиялоодо кыргыз элинин кеңири белгилүү, өзгөчө зор көлөмдүү, баатырдык эпосу "Манас" эпосунун мааниси зор.Кыргыздардын көптөгөн кылымдар бою өз билгендери менен табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн жолу менен башынан кечирген окуялар жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарып, элдин ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап, улам толуктап келе жаткан улуу мурасы, эл турмушунда мааниси, орду боюнча улуттук сыймыгы катары баалануучу чыгарма.

Кенже мектеп окуучуларына тиешелүү курактык өзгөчөлүктөрдү төмөнкүчө бөлүүгө болот:

1. Кенже мектеп окуучуларына кабылданган патриотизмдер курчап турган чөйрөдөгү адамдарды жаратылыштын жандуу өкүлдөрүн кабыл алууга аракеттенүүсүнөн турат . Аларга мындай патриоттуулук сапаттар мүнөздүү: кайгыруу, сезүү, өзүнүн татыктуулугун сезүү, өзүн курчап турган дүйнөнүн бир бөлүгү катары кабылдоо.

2. Кенже мектеп окуучуларынын курагында жогорку социалдык мотивдерди жана жагымдуу сезимдерди кабыл алуусунун күчөшү байкалат. Кенже мектеп курактагы убакта баланын эл-жери, өзүнүн Мекенин сүйүүгө болгон мүнөзү жана сезими өөрчүй баштайт. Аталган таасирлердин булагы бала өздөштүргөн элдин тилинде, элдин ырларында, музыкада, оюндарда, оюнчуктарда, мекендин жаратылышына таасирленүүдө, эмгектеринде, жашоо тиричилигинде, бала жашаган айлана-чөйрөдөгү адеп-ахлакта жана ырым-жырымдарында.

3. Берилгендик, көргөндөрүнө ыктоо, кенже мектеп окуучуларынын ишенчээктиги жана ишендирүүсү, ата-энелердин жана мугалимдердин чоң авторитети аталган маселелердин оң жагына чечилишине шарт түзөт. Кенже мектеп окуучусунун жаш өзгөчөлүгү-бул инсандык өнүгүүнүн интенсивдүү мезгили.Бул учурда бала өтө

эмоционалдуу болот.Улуу муундарга таасирленген иш-аракети баланын жүрүм-турумунан, жасаган иштеринен байкалат.Бизге белгилүү болгондой, кенже мектеп окуучуларынын патриоттуулук сезими ошол учурдагы аңдоосунан жана эмоционалдык кабатырлануусунан улам калыптана баштайт. Ошондуктан мугалимдерден балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүсү педагогикалык процессти окуп билүүсү талап кылынат. Андай болбосо, мугалим кыйын абалда калышы мүмкүн. Себеби, психологиялык мүмкүнчүлүктөрү «иш жүзүнө ашпай», андан тышкары окуучунун реалдуу жүрүм-туруму менен карама-каршы келип калышы мүмкүн [2.12].

Кенже мектеп окуучуларынын курагындагы патриоттуулукка калыптануу процессинде башкы ролду мектепке чейинки мезгилдеги кыймыл-аракеттеринин жана кабатырлануусу,тажрыйбасы ойнойт. Мектепке чейинки мезгилдеги баланын жашоосунда баланын үйү, ата-энеси, өзү жашаган айылы жана шаары, аны курчап турган чөйрө жана кичи мекени тууралуу көз карашы калыптана баштайт. В.Ф.Сухомлинский белгилегендей, «Мекенге болгон сүйүү, энеге болгон сүйүүдөн башталат.

Кенже мектеп курагына кубулушту жана коомдогу түшүнүктөрдү оңдоп билүүгө ээ боло албаган конкреттүү ой жүгүртүү мүнөздүү. Мисалы, «Ата-Мекен» деген түшүнүк алар үчүн алар жашаган чөйрө. Албетте, баланын патриоттуулук сезимин ойготуучу, тарбиялоочу жакын адамдарга сый мамиле кылуудан, бала жашаган үйүн, үйүнүн жанындагы бакчасын, бак-дарактарын, алар жайында киринген аккан сууну, өзү жардамдашкан картошканы жыйноону жана отургузууну сүйүүдөн баштоо керек. Ошол эле мезгилде патриоттуулукка тарбиялоо өз ичинен объект менен субъектин өз ара байланышына багытталган, кенже мектеп окуучусунун инсандыгына таасир берген коллективдин жана жалпы эле коомдун спецификалык процессин өз ичине камтыйт.

Патриоттуулукка тарбиялоонун өзөктүү түшүнүктөрү төмөнкүлөр:

1. Мекенди сүйүү. Кыргызстандын көп улуттуу элин сүйүү.

2. Кыргызстандын эли-жерин, жаратылышын сүйүү

3. Кыргызстандын тарыхын, каада-салтын, үрп-адатын сүйүү.

4. Кыргызстанда жашап жаткан баардык улуттардын тилин, маданиятын улуттук баалуулуктарын сыйлоо.

5. Кыргыз элинин адабиятын, макал-лакаптарын, улуттук менталитетин сыйлоо. Заманбап билим берүүдөгү патироттуулукка тарбиялоо – бул билим берүүнүн система жаратуучу компонент. Анын система жаратуучубелгилеритөмөнкүлөр:

1. Патриоттулуккатарбиялоо-бул билим берүү системасындагы образдын системаны тактоочу жана жаратуучу система.

2. Патриоттук мазмун өткөн, учурдун жана келечектин байланыштарынан турган окуянын, этаптын, доордун, ата-мекендин тарыхтын өзгөрүүсүз негизги инсандык маанини өз ичине камтыйт.

2. Патриоттуулук тарбия социалдык кыймылдын социомаданий образын калыптандырат.

3. Патриоттуулук тарбия репрезентативдик система болуп саналат.

Патриоттуулукка тарбиялоону жаңыланган баалуулук системасын шарттуу түрдө башкы сфераларга бөлүүгө болот.

1.Ички-патриоттуулук;

2.Нравалык-патриоттуулук;

3.Тарыхый-патриоттуулук;

4.Мамлекеттик-патриоттуулук.

Кенже мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун маселелерин чечүү үчүн педагог төмөнкү конкретүү максаттарды ишке ашыруусу зарыл:

1.Өткөн маданиятыбызды, жашоо-тиричилигибизди үйрөтүү, ар кайсы доордогу адамдардын тагдыры менен тааныштыруу менен кызыктырып тарбиялоо.

2.Балдарды Кыргызстандын меймандостугу, жаратылыштын кооздугун өздөрүнө көрсөтүүгө шарт түзүү.

3. Жалпы коомдун маселелерди чечүү процесстерине балдарды катыштыруу.

4. Граждандык процесс позициянын калыптанышы – учурда коомдо жашап жаткан адамдар менен тил табышуу.

Патриоттуулукка тарбиялоонун негизги максаттары болуп физикалык жана ички дүйнөсү өнүккөн инсанды тарбиялоо болуп саналат. Баланы өзүнүн өлкөсүнө жана мекенине тагдырлаш экенин түшүндүрүү. Бул максаттарга жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди аткарууга тийишпиз:

1. Өз мекенинин атуулдук милдеттерин ийгиликтүү аткарган, инсандык баалуулуктарга ээ болгон адамды тарбиялоо.

2. Өзүнүн элинин тарыхындагы ата-бабаларынын акыл-насааттарына ээ болгон баланы өстүрүү.

3. Элинин каада- салттарын, искусствосун үйрөтүү.

4. Кенже мектеп окуучуларынын терең сыйлоожана сыймыктануу сезимдерин өөрчүтүү.

Жогоруда айтылгандарга таянсак, анда кенже мектеп курак коомдогу кубулуштарга, өлкөсүндөгү жашоосун сүйүүгө тарбиялоо үчүн эң эле ыңгайлуу мерчем болуп саналат. Ошондуктан ошол моментти бошко кетирбей ар бир окуучуну ар тараптуу жана кызыктуу жашоого, жакындарына кам көргөн коллективдүү ишмердүүлүккө тартуу зарыл.Балдардын патриоттуулук сезимин өстүрүү башталгыч класстын мугалимдерини билим берүүдөгү эң башкы маселелеринен болуп кала берет.

**Адабияттар:**

1. Алиева С.А. Псиолого-педагогические предпосылки воспитания патриотизма у детей младшего школьного возраста.2007.№9.-С.17-20.
2. Гаффарова Г.И. Особенности и задачи патриотического воспитания младших школьников. Гуманитарные науки. №5 (23).2019.
3. Горшкова Е.А. Учет особенностей поведения младших школьников в процессе обучения и воспитания.2009.№1.-С. 10-15с.
4. Ивашкина Н.А. Патриотическое воспитание в начальной школе. Начальная школа. - 2007.№7.29-33с.
5. ЛуковинаА.В. Патриотическое воспитание в современной России.Педагогическая образование и наука. - 2007.№5.
6. Луковицкий В. Патриотическое воспитание.Народное образование. - 2009. №7. 212-216.
7. Маслова Т.М. Патриотическое воспитание младших школьников. Начальная школа. - 2007. №4.11-12с.

***Айдралиева А. А.***

Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына

# ПОЗДРАВЛЕНИЯ И ПОЖЕЛАНИЯ, КАК КОНЦЕПТЫ В КЫРГЫЗСКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ

## АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ КУТТУКТООЛОР ЖАНА КААЛОО-ТИЛЕКТЕР КОНЦЕПТ КАТАРЫ

## CONGRATULATION AS A CONCEPT IN KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

***Аннотация:*** *В статье рассматриваютсяпоздравления, благословение в определённых жизненных ситуациях и праздниках у кыргызов и англичан. Глубоко рассмотрены внутренние содержания исследованных поздравлений и пожеланий, где автор попыталась проанализировать и сравнить их взаимосвязь в речевых актах. Отмечены особенности благословений у кыргызов, которые могут сильно повлиять на судьбы людей.*

***Ключевые слова:*** *поздравление, концепт, речевой акт, ситуация, общение, праздники, коммуниканты, адресат, благословение, кыргызский народ, Новый Год,Рождество, здоровье, семейная жизнь, свадьба, крепость.*

***Аннотация:*** *Макалада кыргыздардын жана англичандардын турмуш шартында, майрамдарындагы куттуктоолор жана каалоолор каралды. Кептик акт менен автордун чыгармачылык изилдөөсү салыштырууусу, ички куттуктоолор менен каалоолордун турмуштагы адам турмушуна берген таасири, маңызы анализденди.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *куттуктоо, концепт, кеп маданият, кырдаал, баарлашуу, майрамдар, коммуниканттар, адресат, бата, кыргыз эл, Жаңы Жыл, Ыйсанын туулган күнү, денсоолук, үй-бүлө жашоо, чеп.*

***Resume:*** *The article discusses congratulations, blessing in certain life situations and holidays with the Kyrgyz and the British. The internal contents of the investigated congratulations and wishesare deeply examined, where the author creatively tried to investigate and compare their relationship in speech acts. The features of blessings among the Kyrgyz people, which can greatly affect the fate of people, are noted.*

***Key words:*** *congratulation, concept, speech act, situation, communication, holidays, communicants, addressee, blessing, Kyrgyz people, New Year, Christmas, health, family life, wedding, fortress.*

«Поздравление», как социально-культурное явление, в которых запечатлевается национальная специфика, национальный менталитет, входят в поле научного исследования как концепт. Особенность состоит в том, что в отличие от других концептов, «поздравление» имеет широкое коммуникативное воплощение в речевых актах.Прагматическое значение данной этикетной номинации состоит в вербальном и невербальном воплощении этических норм в человеческом общении, в том числе в речевом акте поздравления, что находит свое отражение в художественных произведениях, где органически сочетаются нарративныйи коммуникативный режим речи. Существуют свои правила, обусловленные современными способами общения с помощью техники, в частности, использование специальных знаков, символов, мультимедийных средств: картинок, музыки и т.д.

Таким образом, поздравления как концепт является актуальным в массовой культуре и имеет мощную информационную поддержку, обеспеченную современными техническими средствами.

Поздравляют с праздниками, светскими и религиозными, с радостными событиями в жизни кого-либо (женитьбой, замужеством, рождением ребенка, поступлением в вуз, окончанием вуза, получением ученой степени, какого-либо звания, продвижением по службе, с днем рождения и др.). Поздравляют друзья, знакомые, соседи, сослуживцы. Если кто-то знаком друг с другом очень поверхностно, поздравлять с чем бы то ни было нецелесообразно. До события поздравлять не принято. Можно поздравить с наступающим праздником, но не с

прошедшим праздником; что касается личных успехов – можно поздравить и спустя достаточно длительное время, если поздравляющий не мог этого сделать сразу. Воздержание от поздравления может быть понято не только как невежественность, неучтивость, но и как недоброжелательство, несогласие (например, с присуждением человеку ученой степени). Даже соперника в любви следует поздравить с женитьбой, если только это не имело скандального характера. Поздравления, как в быту, так и официальные, не должны быть длинными; в них полезно заложить добрые и оптимистические выражения. В Англии существуют много праздников, где англичане любят поздравлять друг друга и желать самое лучшее. Merry Christmas and a Happy New Year! [1].

Cordial congratulations on Victory Day – the most important and welcomed holiday!On this day of grateful and sorrowful memories please receive hottest and touching words of gratitude and down to earth bow to all those whose destinies were ruined by war.

Сердечные поздравления с Днем Победы – самым важным и долгожданным праздником! В этот день больших и грустных воспоминаний примите самые теплые и трогательные слова благодарности и низкий поклон до земли всем, чьи судьбы сломала война.

The 9thofMaywillstayinourmemoryasthedayofnationalproudforourcountryandourpeople. We sincerely wish you all strong health, peaceful sky, happiness and prosperity!

В отношении поздравлений и пожеланий английские традиции в значительной степени отличаются от кыргызских, что и следует иметь в виду. Согласно английскому речевому этикету в Англии принято поздравлять с семейными, личными праздниками: с днем рождения, бракосочетанием, победой в соревнованиях и т.п. С официальными праздниками (День матери, День рождения королевы), как правило, не поздравляют. Обменяться поздравлениями-пожеланиями можно на Рождество:- MerryChristmas! (The) Sametoyou!

В речевом этикете наиболее типичными оборотами, выражающими поздравление, являются: Поздравляю вас (тебя) с...MayIcongratulate (you) on/upon... May Icongratulateyouon/ upon? Iwishyoua happy New Year!

Английские поздравления с семейными праздниками: Happybirthday!

Many happy returns!

It's your birthday today. Congratulations!

It's your wedding anniversary. Congratulations!

My (Our) congratulations on your wedding anniversary.

Congratulations on your silver wedding/jubilee.

Английские поздравления с успешным завершением какого-либо важного дела: Сзащитойдиплома! I hear you've defended your thesis. Congratulations!

Сокончаниемшколы! You'vefinishedschool. Congratulations!

Английские поздравления с приездом: С приездом! Welcome!

Зимние праздники стремительно приближаются: улицы преображаются, даже в самых крупных торговых центрах пустеют полки, дома наполняются мандариновым и хвойным ароматами. Стремясь успеть все доделать вовремя, то есть до наступления Нового Года, некоторые забывают о том, что в США, Великобритании и других католических странах Рождество 25 декабря, а значит необходимо поздравить своих западных друзей, знакомых и партнеров по бизнесу.В канун зимних празднеств у всех возникает потребность поздравить родных и близких людей с Новым Годом и Рождеством, которые живут в англоязычной среде. И чтобы им было вдвойне приятнее хочется высказать им самые теплые и светлые пожелания на английском языке.

**Предложи** как из куба получить прямоугольный параллелепипед? (если вертикальные ребра будутне равны горизонтальным, то получится прямоугольный параллелепипед)

**Придумай** рисунки с прямоугольным параллелепипедом и кубом.

**Поделись** своими наблюдениями, где в жизни ты встречал предметы в форме куба, прямоугольного параллелепипеда)? (дома, мебель: шкафы, комоды; электробытовые приборы: телевизор, микроволновая печь).

**Применение «Кубика Блума» на уроке природоведения по теме «Атмосферные осадки, снег»:**

**Опиши:**белый, пушистый,мокрый, сухой, свежий.

**Сравни:**В отличие от дождя снегидёт глубокой осенью, зимой, ранней веснойи очень, очень редко летом.

**Предложи ассоциацию**: Грусть.

**Сделай анализ:**Снег форма атмосферных осадков, в виде белых хлопьев, состоящих из мелких кристалликов льдав виде снежинок разной формы. Считается, что одинаковых снежинок нет.

**Примени**: Можно использовать в качестве утеплителей. Плотный, слежавшийся снег применяется при строительстве снежных хижин Иглу.

**Оцени**: спасает почву от глубокого промерзания, посевы от замерзания, увлажняет почву при таянии,но при снегопаде слепит глаза, засыпает дороги.

«Кубик Блума» - это действенный прием,направленный на оценивание личностных, метапредметных и предметных достижений учеников.

Практика показывает, что прием очень нравится ученикам, они быстро осваивают технику его использования. А учителю этот прием помогает не только в активной и занимательной форме проверять знания и умения учащихся, выявлять степень предметно- эмоционального погружения детей в тему, но и развивать навыки критического мышления. Методика реализации приёма удобна тем, что не требует много времени на подготовку и проведение занятия и может использоваться на всех этапах урока в качестве рефлексии или фрагментарной проверки домашнего задания.

Также нами используется приём оценивания уровня компетенций с привлечением родителей.

**Урок чтения** (с привлечением родителей) **по теме:** «Бишкек – столица Киргызстана».

На уроке в соответствии с предоставленными рекомендациями и куррикулумом КР для начальной школы **развиваются:**

**- ключевые компетенции: информационная, самоорганизация и решение проблем, социально-коммуникативная;**

**- предметные: языковая, речевая, культуроведческая.**

***Оборудование***: Бейджи-название групп, тематические рисунки детей на А-3, карточки с заданием для каждой группы.

**Цели (ожидаемые результаты для ученика):**

**Обучающая.** 1)Знают историю города Бишкек;2)Знают значение герба, гимна, флага Кыргызстана; 3) Знают основные памятники Бишкека; 4) Знают основные места культурного отдыха в Бишкеке (музеи, театры, филармония, цирк); 5) Знают особенности природы Кыргызстана.

**Воспитывающая.** 1.Умеют дружно работать в группах. 2. Уважительно выслушивают мнения друг друга. 3. Следят за правильной посадкой. 4. Следят за порядком на парте.

В начале урока каждая группа выступает по своей теме.

1) Первыми озвучивают информацию дети, которые знают историю города Бишкек.Остальные ребята внимательно слушают, запоминают, основные моменты фиксируют письменно.По информации, которую озвучивают дети, мама Нурсултана составляет вопросы и фиксирует их письменно у себя в блокноте.

2) Затем выступает группа с темой «Гимн, Герб, Флаг».Остальные ребята внимательно слушают, запоминают, основные моменты фиксируют письменно.По информации, которую озвучивают дети, мама Нурсултана составляет вопросы и фиксирует их письменно у себя в блокноте.

3) Выступает группа с темой «Памятники Бишкека».Остальные ребята внимательно слушают, запоминают, основные моменты фиксируют письменно. По информации, которую озвучивают дети, мама Нурсултана составляет вопросы и фиксирует их письменно у себя в блокноте.

4) Выступает группа с темой «Культурные места Бишкека» (театры, филармония, цирк, музеи).Остальные ребята внимательно слушают, запоминают, основные моменты фиксируют письменно.По информации, которую озвучивают дети, мама Нурсултана составляет вопросы и фиксирует их письменно у себя в блокноте.

5) Выступает группа с темой «Природа Кыргызстана».Остальные ребята внимательно слушают, запоминают, основные моменты фиксируют письменно. По информации, которую озвучивают дети, мама Нурсултана составляет вопросы и фиксирует их письменно у себя в блокноте.

**6-ой этап урока - закрепление. Дети выполняют ниже следующие задания:**

**Прочитайте хором мужским голосом:**

Мой милый город, мой Бишкек
С тобой мы связаны судьбой,
Я благодарный человек
Я гражданин навеки твой.

**Прочитайте хором женским голосом:**

Я видел много городов
И каждый был из них хорош,
Но для себя решил без слов
Бишкека лучше не найдешь!

**Прочитайте хором детским голосом:**

Свой Лондон любит Англичанин
Афины где-то любит грек,
А я родился в Кыргызстане
И всей душой люблю Бишкек!!!

**Прочитайте хором шепотом:**

Давайте беречь
От невзгоды любой,
Наш город Бишкек
Любимый, родной!

**Прочитайте хором как старые бабушки:**

Родина - слово большое, большое!
Пусть не бывает на свете чудес,
Если сказать это слово с душою,

Глубже морей оно, выше небес.

**Спойте хором, как песню:**

Нашим самым дружным хором
Песенка поётся.
Дом, и улица, и город
Родиной зовётся!

**Покажите пантомимой:**

Мы любим Бишкек!

**Закрепление.**

1) Учитель благодарит учеников: «Спасибо всем выступившим группам. Было очень интересно и познавательно».

2) Ну а теперь давайте посмотрим, что вы запомнили. Отвечаем на вопросы, составленные мамой Нурсултана во время ваших выступлений.

3) Мама Нурсултана задает вопросы, составленные ею во время выступления детей. Создаётся непредсказуемая ситуация.

4) Дети отвечают на вопросы, совещаясь с товарищами по команде.

5) Затем учитель раздает поощрительные карточкикомандам, правильно ответившим на вопросы.

**Следующий этап урока - выставление оценок** и запись домашнего задания.

Учитель благодарит всех за работу на уроке: «Спасибо вам, ребята, за активную достойную работу на уроке. Надеюсь, вы и дальше будете расширять свои познания о родной столице. Все ребята, получившие от трех карточек и более получают сегодня за урок отметку «5», одна-две карточки – отметка «4», если вы не получили ни одной карточки – вам есть над чем работать!Спасибо нашей помощнице за приятную компанию и интересные вопросы, заданные ученикам».

Особенное удовольствие дети получают от подсчета карточек, полученных за урок и выставления оценок.Эксперимент, проведённый с использованием рассмотренных приёмов оценивания, показал позитивное их влияние.

**Литература:**


1. Воронцов А.Б. Педагогическая технология контроля и оценки учебной деятельности. – М.: Рассказовъ, 2002 – 168с.
2. Репкина А.Б., Заика Е.В. Оценка уровня сформированности учебной деятельности. - Томск: Пеленг,1993.
3. Дусавицкий А. К., КондратюкЕ. М., ТолмачеваИ. Н., ШилкуноваЗ.И. Урок в начальной школе. – Изд.:ВИТА –ПРЕСС, 2012.
4. Глухова, И.В. Безотметочное оценивание знаний учащихся в начальной школе.//Концепт. – 2012. – № 12Пинская, М. Оценивание – способ повышения эффективности обучения. – М., 2012.



***Жолдошева Р.Т.***

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети


# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН “ТООЛОР КУЛАГАНДА” РОМАНЫН ОРТО МЕКТЕПТЕ ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ РОМАНА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА “КОГДА ПАДАЮТ ГОРЫ” В СРЕДНЕЙ ШКОЛЕ

## SOME METHODS OF TEACHING CHINGIZ AITMATOV’S NOVEL “THE FALL OF THE MOUNTAINS” IN HIGH SCHOOL


***Аннотация:****макалада Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына бөлүнгөн сааттарга токтолуп, орто мектепте “Тоолор кулаганда” романын окутуунун ык-усулдары кепке алынат. Окуучуларда романга болгон кызыгууларын арттыруу маселеси көтөрүлөт да, суроого туура жооп берүүгө, баяндаган ойлорун так айтууга багыт берүүчү маселелер каралат.*

***Аннотация:****в статье, в частности, речь идет о часах, посвященных творчеству Айтматова, о методах преподавания романа “Когда падают горы” в средней школе. Рассматриваются вопросы повышения интереса учащихся к роману, четкое изложения мыслей и правильных ответов на вопросы.*

***Annotation:****in the article, in particular, we are talking about the hours devoted to the work of Aitmatov, about the methods of teaching the novel "the Fall of the mountains" in high school. Questions of increase of interest of pupils to the novel, accurate statement of thoughts and the correct answers to questions are considered.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *роман, жазуучунун чыгармаларын окутуу, ык-усулдар, өз алдынча окуу, жеке иштөө, топ менен иштөө, жуптапшып иштөө, ж. б.*

***Ключевые слова**: роман, чтение произведений писателя, методы, самостоятельное чтение, индивидуальная работа,работа в команде, работа в паре и т.д.*

***Key words:** novel, reading the works of the writer, techniques, independent reading, individual work, teamwork, work in pairs, etc.*

Ч.Айтматовдун өмүрү чыгармачылык жолун жана беш чыгармасын орто мектептин XI классында окутууга 20 саат [3, 47-б.] каралган. Орто мектептин окуучулары Ч.Айтматовдун чыгармалары, өмүр жолу, ишмердүүлүгү боюнча 5-класстан баштап тааныша башташат. Vкласста "Ак кеме" повестинен алынган "Бугу эне" (2 саат) жомогуна орун берилсе, ушул эле класста баланын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык "Атадан калган туяк" аңгемеси (3 саат)сунушталат. Аз көлөмдө болсо да балдар жазуучунун чыгармаларын окуп, анын чыгармачылыгына таандык өзгөчөлүк эмне экенинен маалымат алышып, автордук чеберчилигин бир аз болсо да өздөштүрүшөт.Ал эми окуу программасы VI класста Ч.Айтматовдун тереңирээк көңүл буруп, окуучулар жазуучунун "Биринчи мугалим" жана "Бетме-бет" повесттерин класста жана өз алдынча окуп, чыгарманын бири-биринен болгон айырмачылыгын, өздүк белгилерин жакындан билип,ар бир чыгарма үчүн бир топ маалыматтарга ээ болот. Ырас, окуу программасында алардын ар бирине 5 сааттан бөлүнүшүЧ.Айтматовдун чыгармачылыгын таанып-билүүдө бир катар маселелерди чечсе да, анын чыгармалары аркылуу үйрөнө турган бардык маселени ушул сааттарда аткарып жиберүү мүмкүн эмес. Ошондуктан адабият мугалим бул класста балдарга түшүндүрүүгө алы жетпеген, б. а. баланын жаш курагына жараша аткарууга тийиш болбогон көйгөйлөрдү кийинки класстарга жылдарганы оң. Бирокбөлүнгөн 10 сааттаделе балдар Ч.Айтматовдун чыгармаларын окуу менен бир катар маселелерди өз алдынча түшүнүүгө жетишет.

Ал эми VII класста "Эрте келген турналар" (6 саат) [3, 21-б.] окушса, VIII класста жазуучунун "Саманчынын жолу" жана "Ак кеме" повесттеринкеңири талдоого алышат. Аны тереңдетүү менен мектеп окуучусу XI класска чейин Ч.Айтматовдун өмүр жолу жана чыгармачылыгынатиешелүү адабий-эстетикалык проблемаларды орто мектептен окуп, аны класстан тышкаркы маалда өз алдынча үйрөнүп, кыргыз адабияты XX кандай өнүгүүгө ээ болгонун да баамдай алышат. Ырас, адабият мугалимдин окутуу чеберчилигине жараша балдардын адабий билими калыптана тургандыгы талашсыз чындык, бирок окуу процессинде конкреттүү көркөм чыгармаларды талдоо менен окуучулар айлана-чөйрөсүндө тааныш болуп калган нравалык түшүнүктөргө баа берүүгө жетишет.Ал эми жазуучунун кыргыз адабиятында жана дүйнөлүк көркөм чыгармачылыкта ээлеген ордун, жалпы эле адабий чыгармачылык үчүн алып келген жаңылыктарын аныктоого мугалимдин жардамы керек. Анткени, мунун баары окуу китебинде камтылбагандыктан, жалпы адамзаттын кызыкчылыгын эске алып которгон маселелеринмугалим менен бирдикте талкуулоо балдардын адабий билимин өз алдынча өнүктүрүүгө жардам берет.

Сабактын жүрүшүндө окуучулар белгилүү маалыматтарга ээ болушканы менен жазуучунун чыгармалары тууралуу жекече баасын мына ушундай өз алдынча иштөө жумуштары аркылуу толуктай алат. Ч.Айтматовдун чыгармаларын ар кыл формада түшүндүрүүгөмүмкүн болгондуктан, балдардын чыгармаларды өз алдынча үйдөн окуп, сабакта алган маалыматтарын жаңы талдоолор менен толуктап, кээ бир учурлардаокумуштуулардын ой корутундуларынатаянып жеке пикирин чыгарганы азыркы мезгилдеги адабий билим берүүнүн талаптарын толук аткаргандык болот.

Программада Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романы XI класстын окуучуларына сунушталган. Программанын талабы боюнча "Тоолор кулаганда" романын талдоо менен окуучулар азыркы мезгилге таандык рухий жана адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, эмне үчүн ушундай абалга келип калганынын маани-мазмунун-башкы каарман Саманчиндин образында, анын коомдук цивилизация, табият, адам, рух менен болгон байланышында кароо зарылдыгы көтөрүлөт. Көтөрүлгөн маселе татаал көрүнгөнү менен мында берилген тапшырманы туура жана максатуу аткаруу үчүн мугалим өзү өтө турган сабактарга чыгармачылык менен мамиле кылышы зарыл, б. а. аны ушул эле класска бөлүнгөн "Жамийла" жана "Делбирим" повесттерине, "Кылым карытар бир күн" жана "Кыямат" романдарына байланыштырганы жөндүү. Адабият мугалими программада көрсөтүлгөн талапты аткарууда сабакты уюштуруунун жол-жобосун жазуучунун философиясына карай тандоо коюлган максатты ишке ашырууда бир кыйла жеңилдик түзөт.

Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романы өз алдынча талдоого алуу мугалимге оорчулук түзө турганы анык. Ошондуктан мугалим жазуучунун чыгармаларын окуучулардын кабыл алуусу талап кылынган деңгээлге жетиши үчүн окутууну жекече уюштуруп, чыгарманы талдоо ыктарын балдардын өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө карай тандаганы оң. Бул маселенин бир жагын гана чече турганын эске алсак, адабият мугалими "Тоолор кулаганда" романында камтылган философиялык ойлорду жеткиликтүү аңдаштырууга шарт түзүүчү кырдаалды көз алдына элестетүү аркылуу алардын реалдуу турмуштук кырдаалдарга туура баа берүүсүнө тикелей катышы болуучу ой-пикирлерин калыптандырууга көмөк көрсөтүүчү каражаттарды аныктап, таалим-тарбия берүүчү окутуу формаларын тандаганы маанилүү болуп саналат. Ошондо адабият мугалиминин методикасы кыргыз адабиятын окутууда жалпыга белгилүү окутуу каражаттары менен аны сабакта уюштуруунун жолдорун колдонууда буга чейин аныкталган сабактардын өз ара байланышын түзүүчү уламалоо багытында болушу ыңгайлуу. Ырас, орто мектепте окуучунун көркөм чыгарманы өз алдынча окубагандыгы буга жолтоо болоору белгилүү болсо да, мугалим жазуучу чыгармада берген идеясын балдардын жан дүйнөсүнө жеткире алса, алардын өз алдынча изденип окуусуна шарт түзө турганын белгилей кетели.

Биздин оюбузча, сабак канчалык жаңычыл болбосун балада калыптанып калган ык-усулдардын сабакта болушун талап кылат. Экинчи жагы мугалим андай салттуу иш-аракеттерди колдонуу менен кандай татаал маселе болсо да балдардын жеңил кабыл алуусуна өбөлгө түзөт. Маселен, Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда"

романын окутууда пайдалана турган, жакшы натыйжа берчү учурлардын бири төмөнкү кырдаал болупэсептелет. Маселен, кыргыз адабияты мугалими жаңы чыгарманы, жаңы теманы өтүүдө колдонулган салттуу сөзүн: “Балдар бүгүн биз силер менен Чыңгыз Айтматовдун “Тоолор кулаганда” деген романын сабакта өтөбүз. Силер белгилүү, залкар жазуучунун чыгармаларын билесиңер. Каармандары менен таанышсыңар.Жазуучунун “Тоолор кулаганда” романы абдан кызыктуу бекен? Мында адам турмушундагы азыркы көйгөйлөр ачык жана таасирдүү берилген.Силер билесиңер, көркөм чыгармада катышкан каармандар болот,чыгармадагы бардык окуялар ошол каармандардын катышуусунда же аларга карата болгон иштердин негизинде жүрөт, силер бул чыгармадан кандай өзгөчөлүктөрдү байкай алдыңар? ж. б.

Андан соң мугалим өзү сабактын жүрүшүндө талкууга алууга зарыл болгон маселелерге өтөт. Мисалы, биз “Тоолор кулаганда” романында катышуучу негизги каармандардан Арсен Саманчин жана анын бийик тоолордо жашаган Жаабарс аттуу илбирс менен байланышына токтолдук. Анда балдар экөөнүн эки башка чөйрөдө -Арсен шаарда, Жолборс чокусу көктү тиреген бийик тоолордо жашаганына токтолушат да, алардын ортосундагы байланыштын философиясына ар бир окуучу өз алдынча баа берүүгө аракеттенишет.Балдар экөөнүн эч качан бирин-бири көрүшпөгөнүнө, бирин-бири билбей чоңоюшканына талдоо жүргүзүп келишет. Алардын көңүлүн бурган маселе чыгарманын аягында шаарда жашаган Арсен да, тоодо жашаган Жаабарс да тоодогу бир үңкүрдө бирин-бири жазданып өлгөнү. Эмне үчүн чыгарма толугу менен адам менен айбандын бир үңкүрдөгү трагедиялуу өлүмүнө арналганына карай окуучулар түрдүү формада ой жүгүртүшөт.Бул сыяктуу трагедиянын себептерин ар бир окуучу өз алдынча түшүндүргөн менен бардыгынын ою бир жерден чыккан проблема – экология маселеси экенин балдар жакшы түшүнүшөт да, негизги талдоо иштери менен талкуулоонун багытын ушул жактан алышат. Ар бир бала романда көтөрүлгөн маселени толук билип, түшүнүү үчүн романдагыар кандай окуялар пайдаланылса да, мугалим алар айтпай калган жерлерин толуктап, анан өздөрү чыгарманы толук окуп чыгууларынсунуштаса, алардын кызыгуусун аткарууга бир катар ыңгайлуу шарт түзгөндүк боло алат. Ал эми окуп чыккандар романдын абдан кызыктуу экенине токтолушуп, азыркы турмуштагы терс көрүнүштөрдү санап өтүү менен андай кубулуштарга карата өз пикирлерин айтышып сынга алышат. Проблеманы социалдык чөйрө менен байланыштырып, кароодо бир катар көйгөйлүү жагдайларга - бай адамдардын жосунсуз жоруктарына, бизнеске, алардын таасиринен улам пайда болгон сейрек кездешкен жапайы айбандарды (илбирсти) кырып-жоюуга болгон ырайымсыз иш-аракеттергесын пикирлерин билдиришип, өтө таасирдүү сүрөттөлгөн эпизоддордон көркөм да окуп беришет.

Эгерде бул романга чейин эле жазуучу тарабынан мында айтылган ойлоркөтөрүлүп, балдарга ал кайсы чыгармаларында экенине карата суроолор берилгенде окуучулар окуп чыккан чыгармаларынан мисал келтирүү аркылуу жазуучунун буга чейин өтүлгөн чыгармаларына да баа берүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Окуучулар мында берилген айрым окуяларды өз турмушунда көргөн түрдүү кырдаалдар менен байланыштырып, келечекте алардын кандай терстаасири болушу мүмкүн экенине да көптөгөн мисалдарды келтире алышат.Чыгармада баяндалган нерселер бир гана биздинжерге таандык болбостон, жалпы адамзат чече албай жаткан маселе экенин, аны аңдаштыруу аркылуу көп нерселерди талдап түшүнүүгө багыт берет. Көркөм чыгармада көтөрүлгөн маселе айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан түрдүү көйгөйлөрдү балага “жакындатып”, ар дайым аралашып, бирок сезе бербеген окуяларды таанып-билүүгө жол ача турганын да мугалим чыгарманы социалдык кызыкчылыктарга айкалыштыруу менен жеткиргени жазуучунун улуттук адабияттагы ордун аныктоого да өз салымын кошот. Албетте, ал окуучуларга өз алдынча ойлонууга убакыт берүү менен романдын адам турмушу менен канчалык катышы бар экенин да жеткиликтүү түшүндүрүүгө ыңгайлуу шарт түзөт. Анткени балдар романдын башкы каармандары Арсен Саманчин менен Жаабарс жашаган чөйрөнү көркөм чыгармада гана кездешүүчү окуя катары кабыл албастан, азыркы мезгилде жалпы адамзаттын турмушуна терең киришип кеткен көйгөй экенин мугалим өз сөзүндөтүрдүү турмуштук мисалдарды айтып берүү аркылуу толуктаганы туура болот. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында айтылганойлорду окуучуларга элестүүтүшүндүрүү максатында бир катар үзүндүнү берсе болот. Мисалы, “...алардын бири көчөдө соодасы менен ичимдик ичилчү жайлары жайнаган жана да жыты шилекейди агызган шишкебек бышчу көмүрдүн түтүнү түндөй каптаган, эл деген быкпырдай кайнаган шаарда жашачу да, экинчиси дал ошол кезде күндүн нурун сындырган бийик тоолордо, арасынан шамал өткүс арча өскөн тескейинде темедей тагы жок аппак кар алты айлай жаткан аскасы көктү көтөргөн адамдын изин көрөлек капчыгайларда өктөм өмүр өткөрчү” [1:287-б.] (287-бет). Ырас, сабакта балдардын өздөштүрүүсүнө карап жана талкууга алынган маселени туура жана жеткиликтүү жеткирүү үчүн башка үзүндүлөрдү деле алсак болот.Бул сыяктуу чакан үзүндүнү окуучуларга сунуштоонун артыкчылыгы мугалим аны менен шаарда жашаган ким, тоодо жашаган эмне экендигин окуучуларгабилдире алабыз. Алды менен айтылуучу маселени тактап, анан аны түрдүү кырдаалдар менен бышыктап, балдар өз пикирин билдирген соң кайта аны чыгарма менен байланыштыруу окуучуларды адабий чыгарма турмушта кандай милдет аткаруусу мүмкүн экенин да ачып бере алат.Андан ары мугалим окуучулардын көңүлүн Арсен жашаган шаар жана Жаабарс жашаган тоонун сүрөттөлүшүнө буруп, эмне үчүн шаар “соода менен ичимдик”,”шишкебектин түтүнү түндөй каптаган” делип, анын терс жактарын сүрөттөөгө басым койсо окуучулар андан азыркы мезгилде солгундап бара жаткан жаратылышты коргоо маселеси көтөрүлөт. Жаабарс жашаган тоонун башкача сүрөттөлгөндүгүн окуучулардан сурайт, жооптордун угат, тыянак чыгарат. Бул окуу процессинде балдар менен талдоо иштерин бир багытка буруу багытында да маанилүү кызмат аткара алат. Андан окуучуларда романга болгон кызыгууларын артыруу маселеси көтөрүлөт да, бала шаардын, тоонун турмушун, автор тарабынан сүрөттөлүшүн өз алдынча айтып берүү аракетинде өз алдынча бир катар иш-чараларды аткарса, ал жазуучу романда эмнени айтып жаткандыгын билүүгө тийиш маселелердин айланасында

болгон талаш-тартышта ачылып берилет.Андан окуучуну романды окуп чыгууга кызыктыруунун ар кандай ыкмалары аткарылып, алар балдарда кызыгууну көбөйтүүгө, суроого туура жооп берүүгө, баяндаган ойлорун так айтууга багыт берүүчү маселелер менен өркүндөтүлөт.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч.Чыгармаларынын жыйнагы:6-том. - Бишкек, - 2009. - 572 б.
2. Асаналиев К. Адабий айкаш : эскерме баян. – Б., - 2008. - 312-б.
3. Кыргыз адабиятынын программасы. Түзгөндөр: Байгазиев С., Муратов А., Абдухамидова Б., Акматов К. - Б.: - 2018. - 54-б.
4. Муратов А.Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. - Б.: Турар 2013. - 554-б.

***Исраилова Д.А.***

Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

## АНТОНИМДЕРДИ ОКУТУУДАГЫ КЫРГЫЗ МАКАЛДАРЫНЫН ОРДУ

## РОЛЬ КЫРГЫЗСКИХ ПОСЛОВИЦАХ В ОБУЧЕНИЕ АНТОНИМОВ

## ANTONYMS VALUE IN KYRGYZ PROVERBS

***Аннотация:*** *Бул макалада макалдардагы карама-каршы маанилер жана алардын берилүү жолдору жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *антонимдер, макалдар, карама-каршылык,кубулуш.*

***Аннотация:*** *В данной статье будут описаны значение антонимов и их использование в кыргызских пословицах*

***Ключевые слова:*** *антонимы, пословицы, протиречие, явление.*

***Annotation:*** *This article will describe the importance of antonyms and their use in the Kyrgyz proverbs.*

***Key words:*** *antonyms, proverbs, spoken language, phenomenon.*

Кыргыз макалдарында карама-каршы маанилердин берилиш жолдору ар түрдүү. Карама-каршы маанилердин мындай ар түрдүү жолдор менен ишке ашырылышы бири-биринен айырмаланган стилистикалык өзгөчөлүктөрдү жаратпай койбойт. Алардын бири катары макалдардын грамматикалык түзүлүшүнүн акыркы чектеринде жайгашкан антонимдерди көрсөтүүгө болот. Бул учурларда антонимдер макалдардагы ойду жыйынтыктоо, корутундулоо функциясын аткарат:

1. Жакшы болуу - аста - аста, жаман болуу бир паста.
2. Казына - казына эмес, эл - казына.
3. Кандан ажырасаң да, калктан ажыраба.
4. Сагызган сактыгынан өлбөйт, суктугунан өлөт.

Мисалдардыгы: аста – аста - бир паста, казына эмес-казына, ажырасаң да - ажыраба, өлбөйт - өлөт антонимдери грамматикалык ар кыл формаларда колдонулду. Антонимдер аркылуу берилген карама-каршы маанилер макалдарга жыйынтыктоо, бүтүм чыгаруу мүнөздөрүн киргизип турат. Мындай өзгөчөлүк макалдардын мазмундук табияты менен шартталган. Негизинен макал табияты турмуштук тажрыйбалардан алынган жыйынтыктарды көрсөтүү болуп саналгандыктан, дал ушул жыйынтыктарды эрежелөө, жалпылоо мүмкүнчүлүктөрү антонимдердин үлүшүнө да туура келип, алар мындай шартта ийкемдүү да, ыктуу да колдонулары байкалат. Эң башкысы, макалдардагы карама-каршы маанилер аркылуу туюндурулган ой тике, өтмө, же образдуу формаларда чагылдырылып, кандайдыр бир фактылык көрсөткүчтөргө ээ болуп турат.

1) Макалдагы иштин кабыл алынышы, аткарылыш мүнөзү образдуу туюндурулуп, карама-каршы маанидеги нагыз антонимдер мисалга тартылат, факты катары көрсөтүлөт, алар салыштырылат: Көз - коркок, кол баатыр.

2) Макалдагы көрсөтүлүп жаткан процесс далилденген чындык катары берилет да, ал чындык карама-каршы маанилер аркылуу ырасталат:

Жакшы болуу - аста - аста, жаман болуу бир - паста.

3) Объективдүү чындыктагы процесс негизге алынат да, ал карама - каршы маанилер менен так салыштырылат, турмуш чындыгы катары көрсөтүлөт: Алаарга - алтоо аз, берээрге - бешөө көп.

4) Нерселер, кыймылдар, көрүнүштөр негизге алынат да, алардын турмуштук көрсөткүчтөрү карама-каршы маанилер аркылуу ырасталат, танылат, төгүндөлөт, же жокко чыгарылат:

Сагызган сактыгынан өлбөйт, суктугунан өлөт.

5) Макалдардагы ойдун карама-каршы маанилер аркылуу жыйынтыкталышы салыштыруучулук, теңештирүүчүлүк мүнөздү киргизүү менен образдуу аргументтүүлүктү камсыздайт:

Көз - коркок, кол – баатыр.

Макалда туюндурулган ойду башка тилдик каражаттар аркылуу берүүгө болбойт. Ошон үчүн макалдарда колдонулган антонимдер туруктуу жана зарыл тилдик каражаттар болуп саналат. Муну антонимдер катышкан макалдардан ачык байкоого болот:

1. Адам аласы - ичинде, мал аласы - сыртында.
2. Жардылык жаман эмес, жалкоолук жаман.

Маселен, жакшыдан жаман туулса - чыгаша, жамандан жакшы туулса - киреше деген бир макалды шарттуу түрдө, Адамдан жаман туулса – чыгаша, адамдан жакшы туулса - киреше деп, жакшыдан, жамандан нагыз антонимдеринин ордуна адамдан, адамдан лексемаларын колдонсок, чынында, өзгөртүлгөн варианттарынын грамматикалык түзүлүшү өз ыраттуулугунан бузулган жок, тиешелүү макалдык мазмун да сакталды. Бирок жакшыдан жаман туулса - чыгаша, жамандан жакшы туулса – киреше макалындагы туюундурулган ой жоголду, анткени бул макалда жакшы адамдан жана жаман адамдан туулган бала жөнүндөгү уникалдуу ой камтылбай калды. Ошон үчүн жакшыдан - жамандан антонимдик катыштары зарыл каражат катары пайдаланылды.

Антонимдердин табиятынын татаалдыгынан улам, карама-каршы маанилердин берилиш жолдору ар кыл экендигин көрүүгө болот. Айрыкча, толук маанилүү эмес жана контексттик антонимдердин карама-каршы маанилерди туюндуруудагы чекти ажыратууда кыйынчылык пайда болбой койбойт. Карама-каршы маанилерди билдирүүнүн бул эки түрүнүн ортосунда айырмачылыктардын болушу - мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Өз алдынча турганда карама-каршы маанилери ачык билдирилбеген, бирок аларда каршы маанилер байкалып турган сөз катарлары бар экендиги; макал тутумунда мындай сөз катарларынан карама-каршы маанилери даана, так сезилиши, айрымдарынын нагыз антонимдерден айырмасы жоктой берилиши; өз алдынча турганда карама-каршы маанилерге таптакыр ээ болбогон сөздөр, бирок макал тутумунда каршы маанилерде колдонулгандыгы; макал тутумунда толук эмес антонимдер менен контексттик антонимдердин жаралыш өбөлгө-себептериндеги жана стилистикалык колдонулушундагы айрым өзгөчөлүктөрдүн болушу – толук эмес жана контексттик антонимдер деп бөлүүгө болгон жүйөөлүү себептер болуп саналат.

Макалдардагы негизги объектилердин бири – адам болуп саналат. Ошондуктан макалдарда анын карама-каршы сапаттары мисалга алынып таразаланат. Мындай шартта, эки башка, т.а., өз ара каршы турган сапаттык көрсөткүчтөр да карама-каршы маанилер менен б., антонимдер аркылуу берилет:

Жакшы киши ооруса, коноктон келгендей,
жаман киши ооруса, көрдөн келгендей.

Бул мисалдагы объект катары алынган киши сөзү кайталанып колдонулганы менен, маңызында ал бир киши эмес, эки башка киши. Аны эки башка киши катары көрсөткөн жакшы жана жаман антитезалары: жакшы киши, жаман киши. Жакшы, жаман антитезалары макал тутумунда карама-каршы маанилерди билдирүү менен чектелбестен, бир объектти эки башка каршы сапаттагы объектке айландыруу функциясын аткарды.

Кээ бир макалдарда бир нерсенин өзүн ага тиешелүү болгон экинчи бир нерсе, көрүнүш, кубулуш, кыймыл менен, же такыр башка нерсе аркылуу жокко чыгаруу максаты көздөлөт. Жокко чыгарууда аныктоо, тактоо, бөлүп көрсөтүү милдеттери коюлат. Мындай кырдаалда коюлган нерсе менен ага тиешелүү болгон нерсенин (кубулуштун, көрүнүштүн, абалдын ж.б.), же башка бир нерсенин ортосунда карама-каршылык пайда болот. Мына ошол пайда болгон карама-каршылыктар жокко чыгаруу мүнөзүндө ишке ашырылат:

1. Сулуу сулуу эмес, сүйгөн – сулуу.
2. Казына казына эмес, эл – казына.

Бул макалдардын өзгөчөлүгү – артыкчылыкты белгилөө: сүйгөн - сулуу, эл - казына. Биринчи макалда коюлган маселе – сулуу, сулуу эмес болуп жокко чыгарылып, ага мүнөздүү болгон абал - сүйгөн биринчи орунга коюлуп, ага басым жасалды, аны өзгөчө белгилөө милдети–сүйгөн сулуу максат кылынды. Экинчи макалда коюлган маселенин – казынанын өзү казына эмес болуп жокко чыгарылып, ага тең катар коюлган башка нерсе – эл - казына аталып басым жасалды. Натыйжада макалдарда коюлган маселелер жокко чыгарылып, алар кайрадан башкача өңүттө бар болуп аныкталып, такталып, бөлүнүп көрсөтүлүп карама-каршылыктарды жаратты.

Айрым макалдарда эки башка нерсе, кубулуш, көрүнүш ж.б. карама-каршы маанилерде колдонулат да, алардын кыймылы башкы орунга чыгат. Биринин кыймылы жокко чыгарылса, экинчисиники анын аныктыгын көрсөтөт:

Жамандыкты жамандык тазалабайт,
жакшылык тазалайт.

Мындай уюшулгандык макалдарда колдонулган карама-каршы маанилердин берилүү жолдору ар түрдүү экендигин айгинелейт.Табиятынан карама-каршы болбогон нерселер, кубулуштар, кыймылдар макалдарда колдонулуп, алардын карама-каршы белгилери көрсөтүлөт:.

Ат арытмак – арзан, журт арытмак – кымбат.

Биринчи макалдагы аркандын, сөздүн лексемалары бири-бирине каршы маанилерде турган жок, бирок макалда алардын белгилери (узуну, кыскасы) негизги тилдик каражатка айланып, аларга логикалык басым жасалды. Ал логикалык басым, ал белгилердин артыкчылыктарын көрсөтүп, карама-каршы коюу маанисинде ишке ашырылды.

Бир эле нерсенин эки башка белгилери көрсөтүлүп, ал белгилер бири-бирине карама-каршы маанилерде колдонулат:

Акмак иттен илгери, кишиден кийин.

Макалдагы: илгери – кийин антитезалары макал тутумунда семантика-стилистикалык бөтөнчө ыкмада жаралды. Анткени бир эле нерсенин (акмактын) табияты эки башка (илгери, кийин) белгилер аркылуу мүнөздөлгөнү менен, ал эки башка белги бир эле белги болуп саналат, тагыраак айтканда, иттен илгери деген түшүнүктүн өзү кишиден кийин деген түшүнүктү билдирет. Бул жагынан алганда, иттен илгери сөз айкашы менен кишиден кийин сөз айкашынын ички маани-маңызы, б.а., синтаксистик семантикасы өз ара синонимдеш.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз макалдарынын айтылышындагы көркөмдүүлүктү, образдуулукту берип турган антонимдер макалды макалдык деңгээлин жогорулатууда чоң роль ойнойт.

**Адабияттар:**

1. Дунканаев А.Т. Макалдын семантикалык-структурасына жалпы мүнөздөмө // Кыргыз тили жана адабияты журналы. – Каракол. 2007.
2. Усупбеков Ш. Кыргыз макал-лакаптары. 1982.- Ф. Кыргызстан
3. Ибрагимов М. Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү. – Карабалта. 2005.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек. 2010.
6. Азыркы кыргыз адабий тили, 2009, 146.

***Кудайбергенова З.С., Назарбекова Б.***

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПАЙДА БОЛУУ ТАРЫХЫНАН

## ИСТОРИИ ФОРМИРОВАНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

## HISTORY OF THE FORMATION OF THE KYRGYZ LANGUAGE

***Аннотация.*** *Илимий макалада кыргыз тилинин тарыхынын байыркы кылымдан тартып, ушул кезге чейинки жазган жазуусу, тилинин өзгөрүүлөргө учурашы, калыптанышы каралды.Кыргыз тили басып өткөн жолунда рун, уйгур, араб, латын жана кирил жазмаларын пайдаланып, ал тилдер аркылуу баалуу мурастар жазылып калгандыгы ачыкталып, учурда бизге аларды окуу өтө кыйынчылыкты жаратып жаткандыгы жыйынтыкталды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тил, кылым, транскрипция, тарых, каганат, архив, улут, маалымат, таш эстеликтери, этнография.*

***Аннотация***. *В научной статье рассматривается формирование, хронология и история кыргызского языка, кыргызской письменности с древних веков до нашего дня.Были выводы о том, что в развитии кыргызского языка народ использовали рунические, уйгурские, арабские, латинские алфавиты, с этими письменностями сохранились наши ценные исторические материалы и современном этапе они нуждаются в исследовании.*

***Ключевые слова:*** *язык, век, транскрипция, история, каганство, архив, нация, информация, каменные памятники, этнография.*

***Annotation***. *The scientific article examines the formation, chronology and history of the Kyrgyz language and Kyrgyz writing from ancient centuries to the present day. There were conclusion that the people used the runic, Uyghur, Arabic, Latin alphabets in the development of the Kyrgyz language, our valuable historical materials were preserved with these scripts and they need to be studied at the present stage.*

***Key words:*** *language, century, transcription, history, kaganism, archive, nation, information, stone monuments, ethnography.*

Кыргыз тилинин тарыхы тууралуу алгачкы маалыматтар Кытай жылнаамаларына таандык. Кытайдын улуу тарыхчысы Сыма Цяндын «Тарыхый жылнаамалары» аттуу эмгегинен алгачкы жолу “кыргыз” деген терминдин кездешиши тарыхыбызды тастыктоодо зор мааниге ээ.Анда 201 жылдагы Гэгунь деген терминдин транскрипциясы кыргыз дегендибилдиргендиги аныкталган. Ал эми биздин доорго чейин жашап өткөн кытай элинин чыгаан тарыхчысы Бань Гу «Улуу Хандардын тарыхынан» деген эмгегинде биздин доорго чейинки III кылымдын экинчи жарымындагы окуялар тууралуу баянында кыргыздар гянь-гунь деген ат менен эске салынаарын баса белгилеген.

Жогорудагы аргументтуу, фактылык илимий эмгектерге, тарыхый, этнографиялык булактарга таянуу менен орус окумуштуулары кыргыздардын тилине, тарыхына байланыштуу илимий эмгектерин жаратышты. Орус окумуштуусу Василий Владимирович Бартольд: «Орто Азиядагы эн байыркы калк бул кыргыздар, тарыхта мынча аты эрте угулган башка элдер жок»- деп баса белгилейт[3.67].Ал эмиБатманов Игорь Алексеевич “Принципы орфографии киргизского языка” деген макаласында “Я уверен в том, что разговорный кыргызский язык имеет отношение к языку енисейских надгробных надписей” –деп енисейдеги таш эстеликтердин жазуусу кыргыздарга таандык экенин тастыктаган жана К.К.Юдахиндин сөздүгүнөн бир нече мисалдарды келтирген [2.145].

С.Е.Малов болсо “Труды по древнетюркской лексике” аттуу эмгегинде “Я же думаю, что Яглахар хан – киргизский сановник или князек, титулы, которго здесь в эпитафии и перечисляются. Других предположений я сам не делаю, но с благадарностью ими воспользуюсь от историков” – деген чечимге келген [5.97].

Тарыхыбыздан белгилүү болгондой ал учурда тактап айтканда, V-VI кылымдарда түрк каганатында хакас, шор, кумык, карлук, тардуш сыяктуу уруулар, анын ичинде кыргыздар бардыгы биригип, байыркы орток түрк тилдеринде пикир алышып, рун алфавитин пайдаланып келишкен.Тарыхчы Тынчтыкбек Чоротегин V-VII кылымдагы жазууларды “руна жазуусу” же “байыркы түрк жазуусу” деп атаган. Рун алфавити менен жазылган тексттер Орхон-Енисейдеги мүрзөлөргө коюлган таш эстеликтерден кездешет. Ал эстеликтерде адабиятчы А.Абдыразаков белгилегендей: рун жазмасында түрк урууларынын башчылары Билге Каганга, Илтеришке, Ынанчу Чурга, Тонукукка жана Барсбекке арналган тексттер, жоктоо, арман ырлары жана баатырдык дастандар жазылган [1].

VII-VIII кылымдарда Түрк каганатындагы уруулардын ортосунда бийликке умтулуу, кагандыкты ээлөө максатында уруулар ортосунда салгылашуулар болуп келгендиги тарыхтан бизге белгилүү. Жыйынтыгында, 840-жылдары уйгур каганаты орноп, түрк уруулары рун жазмасынан уйгур тамгасына өтүүгө аргасыз болушат.

VII-XIVкылымдар аралыгында уйгур тамгасында жазылган түрк эстеликтери Чыгыш Туркистандан табылган.Азыркыга чейин түрк элдеринин орток мурастары болгон “Огуз Наме, Ж.Баласагындын “Кут алчу билим” поэмасы, Хорезмдин “Махмат наама” аттуу чыгармаларынын уйгур арибинде жазылган көчүрмөлөрү азыр да архивдерде сакталуу болуп турат. Түрк элдери менен бирге кыргыздар да баба түрк тилин жана уйгур тамгасын пайдаланган.

Орто Азия калктарына араб жазуусу ислам дининин келиши менен жайылтыла баштады. XV кылымдын башында XIV кылымдын аягында арабдар ыйык китеп болгон куранды башка бир да тилге которулбасын, калың калк араб арибинде гана жазсын, окусун деген саясатын күчөттү. Уйгур ариби менен күн көрүп келген түрк элдери уйгур жазмасын калтырып, араб жазуусуна өтүүгө мажбур болушту.Мына ошол доордон тартып, Октябрь Революциясына чейинки мезгилде кыргыздар орток түрк тилинде сүйлөшүп,араб ариби менен жазышты.Тагыраак айтканда, кыргыз эли миң жылдан ашык убакыт ичиндеараб арибинде жазылган көптөгөн иш кагаздарды, тарыхый даректерди, санжыраларды, ыр түрүндөгү чыгармаларды бизге мураска калтырды.Атап өтсөк: Молдо Кылычтын “Зилзала” поэмасы, И.Арабаевди “Төтө окуу”, Осмоналы Сыдык уулунун “Мухтасар-тарых- и-кыргызия”, “Тарых и кыргыза-Шадмания” деген эмгектери араб тамгасында жазылган. Мезгилдер өтүп, араб тилинде жазуу жана окуу татаалдыкты жаратkандыгы, ал түрк тилдеринин грамматикалык негиздерине жооп бере албай калгандыгы айтыла баштады.

1926-жылкы Бакудагы Түркологиялык конгрессте бул маселе козголуп, латын ариби сунушталып, конгресс тарабынан жактырылып, латын тамгасы кабыл алынат.

1927-жылы бардык иш-кагаздар, окуу китептери латын арибине өтөт.

Кыргыз улутунун тарыхында дагы бир чоң бурулушка алып келүүчү жагдай пайда болду. Ал –Орто Азия чөлкөмүндө жашаган элдердин орустар менен болгон саясий, маданий жана экономикалык байланышы. Аталган кырдаал жаңыдан латын алфавитин өздөштүрүп, сабатсыздыгын жоюп келе жаткан кыргыз журтункайра орус алфавитин кабыл алууга милдеттендирди.

1940-жылы декабрда Кыргыз ССР жогорку Советинин кезексиз чакырылган сессиясында орус жазуусуна негизделген жаңы кыргыз алфавитинин долбоору сунушталып, жактырылды. Ошол мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин биз орус алфавтин пайдаланып келебиз.

1989-жылы кыргыз тилине мамлекеттик тил статусу ыйгарылды. Бул мыйзам элдин маанайын көтөрүп, шыктантып, жигердентип, жаңы заманга, жакшы турмушка үмүтүн арттырды.

Биз кыргыз тилинин пайда болушунан тартып, ушул кезге чейинки өсүп-өнүгүшүнүн хронологиясын анализдеп олтуруп, элибиз бүгүнкү күнгө чейин беш түрлүү алфавитти пайдаланса дагы өз эне тилин жоготпой бизге чейин сактап келгендигине күбө болдук. Элибиздин тарыхый басып өткөн жолунда Рун, уйгур, араб, латын жана кирил алфавиттерине дуушарболушу улутубуздун өсүп-өнүгүшүнө кандай таасирин берди деген суроо жаралбай койбойт. Албетте, андан биз зыяндан башка пайда тапкан жокпуз.

III кылымдагы кыргыздын тарыхын, маданиятын, адабиятын, кол өнөрчүлүгүн, деги эле баалуу маалыматтарын жөн эле кой, кечээги латын алфавитинде жазылган мурастарыбызды окуй албай кыйналуудабыз. Ушундан улам, жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармасындагы “маңкурт” деген тергининин төркүнү да ушунда жатабы? Кечээги чек араларыбыздын такталбай, конфликттерди жаратып жаткан деморкация демилитация маселелеринин себептери да ушундабы? деген бүдөмүк суроолор да ойго келет.

Азыркы заманбап кыргыздар бир эле учурда үч башка алфавитти колдонууда. Биздин өлкөдө 1940-жылы кабыл алынган орус алфавити пайдаланылат. Кытай, Пакистан жана араб өлкөлөрүндө жашаган кыргыздар араб алфавитинде жазып, пикир алышат , ал эми Түркиядагы кыргыздар латын тамгасында жазышат.

Учурда кайрадан латын алфавитине өтүү маселеси баш багып, элди ойго салууда. Мүмкүн бул маселе тилчилер тарабынанбайыркы түрк орток, тектеш элдерге түшүнүктүү алфавит түзүп, бир туугандык мамилебизди өркүндөтүү багытында козголгондур. Бирок, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет дегендей, азыркы биздин элдин социалдык, материалдык, моралдык абалы буга даяр эмес экендигин айтпаса да түшүнүктүү. Муну ишке ашыруу үчүн атайын адистер, чоң – чоң каражаттар, талбаган эмгек керек. Ошондуктан бизге латын алфавтине өтүү дагы да болсо эртерээк деген ойду айткыбыз келет.

Биз жогоруда бекеринен улуу Кытай жылнаамаларына, кытай илимпоздорунун пикирлерине кайрылган жокпуз. Алардын иероглифтери пайда болгондон тартып, ушул күнгө дейре бир дагы өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Байыркы кылымдарда кайсы тилде пикир алышып, кандай иероглифтерди колдонсо, азыр дагы

ошол жазмасында, ошол эле тилинде пикир алышып, карт тарыхын, маданиятын, адабиятын, илим-билимин, каада-салтын муундан-муунга өткөрүп келе жатышат. Болгону иероглифтеринин саны бүгүнкү күндө беш миңге жетти. Мына, Улуу элдин улуулугу да, акылдуулугу да, жетишкендиги да ушунда! Нечендеген кылымдар бою өзгөрүүсүз келе жаткан тилдин баркы, кытай элин көзү ачык Ванга айтып кеткендей, дүйнөлүк династияга ээ болуусуна жеткирди.

Баяндамамдын жыйынтыгында айтаарым, соңку жылдарда кыргыз тилинин кадыры кандайдыр бир деңгээлде көтөрүлгөндүгү байкалат, т.а. жаштарыбыздын тилге кызыгуусу артып, теле-радиоберүүлөрдүн көпчүлүк бөлүгү мамлекеттик тилде берилип жаткандыгы, иш-кагаздарды кыргыз тилине которуу аракеттери болуп жаткандыгы көңүлдү көтөрөт.Отуз жыл ичинде бир топ аракеттер жасалды. Ийгиликтүү ишке ашкан эмгектер оң жемишин берүүдө. Ошондой болсо да, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө карата айрым бир сунуштарыбызды айта кетели:

1. Бары бала-бакчадан башталат дегендей, бала-бакчаларда кыргыз тайпаларын көбөйтүү зарыл.
2. Мектептеги башталгыч мектептерде кыргыз класстарын көбөйтүү.
3. Учурда мектеп бүтүрүүчүлөрүнө жана жогорку окуу жайларда мамлекеттик тилден сынак тапшыруу боюнча чечимдер иштелип чыкса да ишке ашпай келе жатат, ушуга көңүл бурулса жакшы болмок.
4. Эстетикалык багыттагы окуу китептерин кыргыз тилине которуу иштерин жүргүзүү
5. Теле, радио берүүлөргө кабыл алууда адистерди туура тандоо.
6. Кыргыз тили жана адабияты сабагын окуткан педагогдордун маянасын көтөрүү.

Кыргыз тили – кыргыз улутунун гана эмес, кыргыз мамлекетинин эне тили. Кылымдарды карыткан, мамлекет куруп жашап келе жатканына бир нече миң жыл болгон байыркы кыргыз элинин тили дүйнөдөгү бай жана кылымдарды карыткан тилдердин бири экендиги анын өз жазуусу болгондугунан эле көрүнүп турбайбы. Тилибиз дагы да изилдөөлөргө, толуктоолорго, урматтоого, сыйга муктаж.

Себеби, элдин тарыхы канчалык узак болгон сайын ар кандай илимий концепциялардын, гипотезалардын жаралашы илимдеги законченемдүү көрүнүш.

**Адабияттар:**


1. Абдразаков А. Орхо-Енисей таш эстеликтери. Ф.1982
2. Батманов И.А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. 1959.
3. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана.-Б.,1996.
4. Валиханов Ч.Ч. Очерки Джунгарии// Записки императорского.1.-СПб., 1861.
5. С.Е.Малов. “Труды по древнетюркской лексике” аттуу. Труды Московского инстиута востоковедения. 1947. №4.97-б.
6. Назаров Ф. Записки о некоторых народах и землях средней части Азии Филиппа Назарова Отдельного Сибирского корпуса Переводчика, посланного в Коканд в 1813 и1813 годах.-Спб.,1812.
7. Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. - Ч.V. Наречие дикокаменных киргизов.-СПб., 1885.



***Кулуева С.С., Гудимова А.Н., Кубатова Б.***

Кыргызский национальный университет им.Ж. Баласагына


# ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ – ОДИН ИЗ ФАКТОРОВ РАЗВИТИЯ МОТИВАЦИИ УЧЕНИЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

## ИНТЕРАКТИВДИК ЫКМАЛАР - БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУ МОТИВАЦИЯСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ФАКТОРЛОРУНУН БИРИ КАТАРЫ

## INTERACTIVE METHODS - ONE OF THE FACTORS OF DEVELOPMENT OF MOTIVATION OF TEACHING OF PRIMARY SCHOOLCHILDREN


***Аннотация:*** *В статье рассматриваются некоторые методы интерактивного обучения, способствующие развитию мотивации учения младших школьников при реализации Госстандартов для начального образования КР.*



***Ключевые слова:*** *интерактивные методы обучения, компетенции, мотивация учения, игровые методы, метод проектов.*



***Аннотация:*** *Статьяда Мамлекеттик билим берүү стандартынишке ашырууда башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү интерактивдик окутуунун кээ бир ыкмалары каралат.*



***Түйүндүү сөздөр:****окутуунун интерактивдик ыкмалары, компетенциялар, окуу мотивациясы, оюн ыкмалары, долбоор ыкмалары.*



***Annotation:*** *The article considers some interactive teaching methods that contribute to the development of motivation for teaching of primary schoolchildren in the implementation of state standards for primary education in the Kyrgyz Republic.*



***Key words:*** *interactive teaching methods, competencies, learning motivation, game methods, project method.*

Проблемы развития мотивации учения младших школьников не являются новыми, но в условиях перехода на госстандарты нового поколения они приобретают особый смысл.Так как в соответствии с Государственным образовательным стандартом начального общего образования Кыргызской Республики [1], нацеливающим школы на конечный результаткардинально изменились цель и мотивация учебной деятельности учеников младших классов.В создавшихся условиях целью обучения в начальной школе стало формирование трёх ключевых(информационная, социально-коммуникативная и «самоорганизация и разрешение проблем») и семи предметных компетенций.

Например, по математике ключевые компетенции выглядят следующим образом:

- «**Информационнаякомпетентность** направлена на то, чтобы ученик четко для себя представлял, что и как он изучает сегодня, на следующих занятиях и каким образом он сможет использовать полученные знания в жизни. Изучение математических терминов, понятий, отработка вычислительных навыков через решение задач, выражений, геометрические задачи, задачи и выражения с величинами, задания с лишними данными, нестандартные и логические задания требуют не только знания математики и арифметики, но и практической смекалки, которые ему пригодятся в определенной жизненной ситуации.
- **Социально-коммуникативная компетентность** направлена наиспользование коммуникативных приемов на уроках математики, что подготавливает ученика к реализации себя в социуме. Она обеспечивает взаимосвязь учеников во время урока и осуществляется через организацию работы в парах, в малых группах и т.д.
- **Компетентность «Самоорганизация и разрешение пробле**м» создаёт условия для овладение учеником способами деятельности, которые ему пригодятся в определенной жизненной ситуации, даёт возможность формировать самостоятельность ученика при организации своей деятельности в классе и дома» [1, с.8].

Предметные компетентности на уроках математикис учетом особенностей начального образования обеспечивают учащимся:

1. осознанное восприятие нового материала (термины/ понятия) и практическое применение его, умение записывать математические символы при помощи элементов;
2. умение проводить вычисления, включая округление и оценку результатов действий, использовать для подсчетов известные формулы;
3. умение извлечь и проинтерпретировать информацию, представленную в различной форме (таблиц, схем и др.);
4. умение вычислять длины, площади и объемы реальных объектов при решении практических задач;
5. возможность самостоятельно осуществлять деятельность учения, ставить учебные цели, искать и использовать необходимые средства и способы достижения результатов;
6. умение анализировать приобретённые математические навыки, условия развития личности и её самореализации на основе «умения учиться» и сотрудничать с взрослыми и сверстниками;
7. умение связывать математические навыки с повседневной жизнью, контролировать и оценивать учебную деятельность и её результаты». [1, с.7].

Следовательно ученики должны быть мотивированы на процесс формирования этих компетенций, составляющим компонентом которых является мотивация учения. То есть перед начальной школой стоит задача развивать мотивацию формирования как ключевых, так и предметных компетенций. На рис. 1 на основании модели, предложенной С.С.Кулуевой [2], представлен мотивационно-смысловой компонент учебной деятельности учеников младших классов при усвоении предмета «Математика». Точно также будет выглядеть мотивационно-смысловой компонент учебной деятельности учеников младших классов по любомупредмету, изучаемому в начальной школе. То есть, госстандартами НОО нового поколения субъекты учебного процесса ориентированы как на компетенции, так и опосредованно на формирование мотивации.




Рис. 1. Мотивационно-смысловой компонент учебной деятельности учеников младших классовчерез предметные компетенции при усвоении предмета «Математика».

Поэтому в сегодняшних условиях в процесс обучения в начальной школенеобходимо внедрять такие методы, способы, приёмы, возможностями которых можно формировать указанные выше компетенции и их составляющий компонент мотивацию учения. Повышать уровень мотивации учения у учеников младших классов следует через развитие интереса к учебной деятельности. Для этого, на наш взгляд, больше всего подходят  интерактивные методы, основанные на реализации деятельностного подхода, позволяющего научить детей делать. Этот подход нацеливает учеников на приоритет самостоятельной работы, при выполнении которой ученик сам осознанно выбирает компоненты познавательной деятельности, направляет и контролирует их. При этом деятельность оказывается желаемой и интересной, что повышает мотивацию её выполнения. Когда ученик сам выбирает содержание выполнения учебной деятельности, тогда оно мотивируется и усваивается более прочно.

Использование деятельностного подхода и интерактивных методов обучения способствует активизацииучащихся через диалоговое общение, а общеизвестно, что понятия активизация и мотивация тесно взаимосвязаны[3].

Среди основныхинтерактивных методов особо выделяются:

- творческие задания;
- работа в малых группах;
- обучающие игры (ролевые игры, имитации, деловые игры и образовательные игры);
- учебные проекты и другие внеаудиторные методы обучения (соревнования, интервью, фильмы, спектакли, выставки) и многие другие.

